84Кы1
Б 82

...кор
...орбугулов

# АЛТЫН БЕШИК



84Кы1
Б-82

КОЧКОР
БОРБУГУЛОВ

# АЛТЫН БЕШИК

ЗАДИБАИ МЕРГЕН

АҢГЕМЕЛЕР, НОВЕЛЛАЛАР.

ТАМАШАЛАР

ЫРЛАР

АЗИЛДЕР

ИНТЕРВЬЮ

ПУБЛИЦИСТИКА

САНЖЫРА

АНЕКДОТТОР

КЫЗЫКТАР

...К-ЯНГАКСКАЯ
...ская библиотека
43765

Жалал-Абад-94.



*Бул китебими Молдалы болуштун кызы, Абдыкадырдын келини апам БУРГАНдын элесине багыштаймын.*

Берсе дагы берекелүү ийгилик,
Тургум келбейт мен бирөөгө жүгүнүп.
Эркиндиктин канаты го чиркин жан,
Туткундалып калбасын дейм ширүүлүк.

## АВТОР ТЕРМЕТКЕН «АЛТЫН БЕШИК»

Ночкор Борбугулов профессионал журналист, анын ысымы баарыбызга белгилүү. Ал чыгармачыл майданында жемиштүү эмгектенип келе жаткандардын бири. Эки китеби чыккан. Андан тышкары республикалык газета-журналдарга, китеп жыйнактарга аңгемелери, ырлары, повесттен, поэмадан үзүндүлөр басылып турат. Кыргыздын көрүнүктүү жазуучуларынан, искусство адамдарынан көп жылдар бою интервьюларды алып, газетага жарыялап турганын окуганбыз. Кадыралынын тамашалары «Чалкан» журналына көп жолу чыгып, орусчасы «Крокодилге» басылган. Анын чыгармалары көп тилдерге которулуп, чет элдин окурмандарына да тартууланган.

Кочкор Борбугуловдун өмүр таржымалынан да бир аз тааныштырып кетүүгө туура келет. Жогоруда аны профессионал журналист дедик, себеби биринчи макаласы алтынчы класста окуп жүргөндө Республикалык балдар газетасына жарыяланып, ошондон баштап, орто мектепти бүткөнгө чейин жазгандары газеталарга тынымсыз чыгып турган. Онду бүтүп, ошол эле жылы Кыргызстан мамлекеттик Университетинде Кыргызстанда биринчи ачылган журналист бөлүмүнө кирет. Ошентип, ал журналистти биринчи бүтүрүүчүлөрдүн летописине жазылып калды. Адегенде Ош областтык газетадан иштей баштайт. Андан жыл айланбай Республикалык радиотелеге кабарчы болуп өтүп, алтт жыл эмгектенет. Анан борборубузда «Мугалимдер газетасында» иштеп, көп жылдар бою балдар газетасында адабият жана искусство бөлүмүн башкарып, кыргыздын көрүнүктүү чыгармачыл адамдары менен алакалаш болот. Жалал-Абад областтык газетасынын редакторунун орунбасары, «Арстанбап ааламы» газетасынын башкы редактору болгон. Ушу тапта Жалал-Абад областтык мамлекеттик сыр сактоо бөлүмүнүн башчысы жана область боюнча Республикалык газеталарынын биринин ка-

барчысы болуп иштейт. Демек, бул автордун өмүр баяны айтып турат, өмүр бою журналисттик өнөр менен алпурушуп, кайнаган турмуштун чордонунда жүргөн. Журналисттик адистигинин бир мисалы 1980-жылы очерктер жыйнагынын китебин чыгарган. Анын чыгышын жолдоп, пикирди да мен жазып берген элем. Китепте кыргыз элинин эмгек каармандарынын портирети тартылган. Ал кыргыз очерк жанрынын тарыхына кирип калды. Айталы, ушул китепте «Задибай мерген» повестинен үзүндү бар. Мергенчи турмушта болгон адам, сексен жаштан өтүп жашаган. Автор ал киши менен көп жылдар бою катташ, пикирлеш болуп, кызыктуу окуяларын өзүнөн жана элден уккан. Ошентип, чындыктан алынып жазгандары кызыктырбай койбойт. Бул китепке кирген ырлары ар түрдүү темаларга бөлүнгөн. Алардын ичинде «Арноо», «Жоктоо» деген циклдери көңүл бурдурат. Саякат жөнүндөгү поэмасын окуп, жер керемети ааламынын арасына аралашып кетесиң. Ал эми «Кыз ала качуу» деген поэмасы чындыктан алынган. Бирок көркөм иштелген. «Кадыралынын тамашалары» — бул жогоруда айтылгандай басма сөзгө көп чыккан. Аны кайра иштеп, китепке үргүлжө берген. Бирок ага автордун чыгармачылык менен өзү кошкон азилдери да бар. Кадыралы айылында жашаган куудул адам болгон. Шаршендей, Куйручуктай эле күлдүргүч, куйкум сөздүү, турмуштун терс көрүнүштөрүн дароо сезе билген акылдуу инсан экен.

Азыр баарыбызга белгилүү калк китеп окушка анча куштарланбай, кара оокаттын камын, кара курсагынын кайгысын тартып калды. Күтүлбөгөн кымбатчылык, кендирди кескен жокчулук, кыскасы заманабыздын каатчылыгы элдин мүнөзүн башка жакка буруп жибербедиби. Ошондуктан китепке мурдагыдай эле бир чыгарманы сулкуйтуп берип койсо окулбасы мүмкүн. Автор ушул жагын эске алган да, повести же жалаң эле ыр-поэма менен толтуруп койбой, ар түрдүү жанрдан киргизүү менен уткан. Анткени: бирөө ыр же кара сөз, бирөө тамаша, азил, дагы бирөө санжыра же публицистика окуйт. Ошон үчүн бул китепте ушулардын баары бар. Азыркы учурга ылайыкташтырылган окумалдуу китеп болот деп ойлоймун. Автордун окурмандардын кызыкчылыгын көздөгөнү ушундан байкалат, ар түрдүү булактардан топтоп анекдотторду жана дүйнөдөгү түркүн кызыктардан кошуп койгон. Эмнеси болсо да китеп окурмандардын табитине ылайык изденген. Максат китеп чыгаруу эмес, каатчылык элди мүгдүрөтүп турганда бир аз көңүл көтөрүп, башка бир кызыка алаксытууга аракет кылган десе да болот. Болбосо повесттерин, поэмаларын же бүт интервьюларын киргизип ал-

байт беле. Аман болсо аларын да чыгарып, элге тартуулаар.

Мен Кочкор Борбутуловду жакшы билемин. Замандашыбыз, каламдашыбыз. Ал басмаларга сейрек кайрылат. Жазары менен эле чыгарышка көтөрүп чуркап келе койбойт. Өзү иштеген газетага да дембе-дем баса бергенди жаман көрөт. Жазгандары көңүлгө жагып, окуяны беришке да, сөзгө да өзүнүн бөтөнчөлүгү бар. Эми мынабу силерге сунуш кылып отурган «Алтын бешик» китеби окурмандардын табитине жагат го деп ойлоймун.

**Кудайберген ЖУМАНАЗАРОВ,**
**жазуучу.**

# ЗАДИБАЙ МЕРГЕН



Кылдат өнөрдүн бири мергенчилик. Бирок мунун опурталдуу жактары көп. Ар кандай алай-дүлөй бороон-чапкындуу күндөргө, күтүлбөгөн кокус окуяларга туш келип, мерген деген аска-зоонун бетинде жүрүп, кезинде кайберен менен жарышат. Тоолор анын үйү болуп калат. Ушул кыл өнөрдү адистеп алган адам айлакерликке, эпчилдик менен шамдагайлыкка чапсаң жана өтө сергек, кыраакы. Андан калса мерген ооздон-оозго айтылып элдик киши болуп калат. Анткени анын өнөрү адамдарга тартуу катары жаралган өңдүү. Көп жомоктордон угуп жүргөн мергенчилердин легендасы да ошондой. Калкы кадырлап, а мерген болсо тапкан-ташыганы менен айылын камсыз кылчу.

Мен да бала чагымдан тартып, бир мергендин даңазасын угуп жүргөм. Ал жөнүндө айтышса жомоктордон укканымдан, китептерден окуганыман кем калышпайт. Ошол мерген Матан уулу Задибай эле.

Задибайды аңыз кылып айтышканы эс тартканымдан тартып эле кулагыма сиңип калган. Өзүн көрбөсөм да аны атам замандагы мергенчилерге окшоттуруп алып, түркүн-түркүн элестетем. Түшүмө да кирет. Бир кийиктин изине түшүп алып баратканы, кулжаны мээлеп турганы, аркардын артынан шамалдай учканы көрүнөт. Чын эле эртеси Задибай мерген жөнүндө угуп калам.

— Задибай карышкыр кармап алыптыр, бир аюуну айдап келиптир, кой короого кол салган илбирсти издеп жүрөт экен,— деп калышат.

Ошентип Задибай менин балалык кыялымдын наристе сезимимдин каарманына айланган. Көрө албайм, анткени ал алыс, тоодо жашайт, тоодо болгондо да атчан бир күндүк жол. А мен бала чакта Задибайдын

тоосуна машина бармак түгүл, биздин айылга да келе элек болуучу.

Задибай учурап калды, Задибай бара жатыптыр дегендерге бир сукташам дейсиң, тим эле бу дүйнөдө ушул адамдан өткөн бактылуу жоктой сезилет мага. Эмнеге мен жолукпайм, ка-ап, ушинтип өкүнөм.

Күндөр менен айлар, анан жылдар закымдап өтө берип, ан сайын Задибайдан алыс калдым. Бирок үмүтүм үзүлбөйт. Көөдөнүмдүн тереңинде, дилимде ага жолукчудай болуп жүрө бердим. Мына ошентип жүрүп отуз жылдан ашык өмүр өтүп кетиптир.

Бир жолу бир кокустук болду. Аз-аз жерден ага жолугуп кала жаздадым. Бирок Жалал-Абаддан шашылыш чыгып бара жатат элем. Биздин айылдык Тажибай аке учурап калып, Задибай мергенди ыраактан көрсөттү. Иштин оң келбегенин карабайсыңбы, өкүнүчүм ичимде кайнап, арманда калып жүрө бердим. Саламдашып эле койгонумда не, мен мерген менен баарлашып, чынжырланган окуяларын угуп, кулагымдын моокумун кандырышым керек эле да.

...Бар -а дедим да, бардык ишимди токтотуп коюп, атайын чыгынып ошол жакты көздөй сапар тарттым. Самолет менен Жалал-Абадка түшкөндөн кийин, айылыма барып, анан өзүбүздүн жайлоодон өтүп, ал жашаган тоого жеткиче кыйла жердин кыйырын бастым. Жолдугата жер аттарын санап бергеним да кызык көрүнүп турат. Кыз-Көл, Ак-Тоок, Кедей, Зын-Жылга, Ийри-Жылга, Бел-Көл, Жылдыз-Көл, Кара-Кыр, Кашка-Суу-мына ушу тоо-токойлорду аралап отуруп Жаз-Көчүүгө келдик. Буер Задибай мергендин мекени. Тегереги кырка тоолор менен курчалып, ортосунан Күрөбөс дайрасы как жарып өтөт. Кыркалакей тоолордун ары жагында чокулары аркайган зоолордун карааны. Задибай жашаган жердин батыш тарабындагы кызыл аскалар мергенчинин үйү менен маңдайлаш турат. Кайберендердин баскан издери ушул аскалардан башталат.

Ушу Задибай өмүр сүргөн тоолордун ортосуна отурукташкан чакан айыл отуз-кырк үйгө жетээр. Дайранын ал өйүзү менен бул өйүзүнө түшкөн тамдар.

Жаз-Көчүү. Ушинтип айтылып калганындай бар. Зангилардан көчкү жүрүп турат. Узун жылгалардан, кокту-колоттордон, шагылдуу аскалардан, тоо кырка-

ларынын бош жерлеринен айрыкча ала-шалбыртта тыным болбой кар сүрүлүп, таш оодарылып, кум куюлат. Бирок адамдар кыраакы, сергек, бул жерде жашагандар тамдарын кылдат жерге салышкан. «Жети өлчөп, бир кесип» кымындай таш жетпес буйгага, ойдуңга, өргө, же дайранын коопсуз жерлерине отурукташкан. Задибайдын үйү болсо жантайма беттин этегиндеги түздө: Чакан чарбагы бар. Биз барганда бышып турган жүгөрүнүн арасынан чыкты.

Мен көптөн эңсеп жүргөн, кыялданган, элесимден кетпеген чыныгы каарман болуп орношуп алган, дилимде шаңданган адам мына ушу Матандын уулу Задибай эмес беле.

Ырас айтышат «Баатырдын атын алыстан ук, жаныңа келсең бир киши» дешип. Ушул кыл мерген Задибай чакан бойлуу, буурул сакал, чыйрак адам экен. Шамдагай, жүгүрүп кете тургансып көрүнөт. Учурга серп салып, андап, сак бүркүттөй айбат карап, сөзгө бүт ынтаасы менен берилип, көңүлү шат жана шайыр.

Ал баштан өткөн окуяларын айтканда апыртама мергенчилерге окшоп кошпой, зериктирип чоюп ийбей болгонун кана көз алдыңа элестетип коёт. Өзү жайбаракат, санжаптап сүйлөгөн адам.

Ошентип таанышуу башталгандан кийин мерген менен ыпак Токон балбан бүркүтүн көрөлү деп калды. Баарыбыз бешайбандан сыртка жапырт чыгып, Задибай мерген бүркүтүн асыраган тамга кирип, көпкө чейин буйдалып, ал бүркүттүн «өз тили» менен сүйлөшүп жатканы угулуп турду. Бир топтон кийин колуна кондуруп алып чыкты.

— Азыр үч жаштагы барчын, — деди.

Тоо бүркүтүнүн айбаты, кере кулач канаттары, арсайган тырмактары, каардуу караган көздөрү — мына ушундай чыныгы тоо бүркүтүн биринчи жолу көрүшүм. Ыраса табына келип турган экен, кылактап эки жагын каранып, көзүнө урунганга ормоюп сарасап салып, комдонуп тиктеп калат. Ийри тумшугун жанып-жанып, канаттарын кагынып шаңшыйт. Чоктой кызарган көздөрүнө даап карай албайсың. Барчын баралынын айбаты жанына жолотпой, ансыз да жакын баралбай өзүбүз эле этият, эгер колдон чыгып кетсе тике кол салчудай чочулап турдук. А Задибай мерген болсо бизди карап күлүп коюп, пө-пөпөлөп бүркүттү кылактатат.

— Силердин сесиңерди албай тууруна кондуруп койоюн деп кайра тамга алып кирип кетти. Иш оңдой берди болуп, жаныбызда жүргөн Эгемназар аны ээси менен кошо сүрөткө тартып алды.

Аны балапан кезинде асканын боорунан кантип алганын айтып берди. О бул окуяны баяндап отурса көп, адис мергендин башынан өткөндөрүнөн кайсынысын айтууга чама жетпейт., Бир эле жолу аңчылыкка чыкканын жазуунун өзү чоң китеп болоор. Уучулуктун кызыкчылыгы ушунча узак.

Ал топ-тобу менен аюуларды атканын, жөн эле кармап келгенин, капканга түшүргөнүн, өз ара урушканын көргөнүн, ок жеген аюунун мерген менен кармашканын, жарадар кийиктин утуру кар жеп коюп качып бараткандын, бирөө кароол болуп түнөгүн үйүрү менен кайтарып отурганын, сыртынан багып жүрүп утуру картайганын атып алып турганын, текелердин сүзүшүп чатакташканын, кулжалардын оюнун, илбирстин баатырдыгын, карышкырдын көк жалдыгын.... Ушул өңдүү тоо жомокторун күнү-түнү менен отуруп айтып бербедиби. Анын кайсынысын баяндап берсем, кайсынысын айтып үлгүрөм... Адис мергендин кызык аңгемелерин угуп, балалык чагымдан элестетип жүргөнүмдөй бар экенине купулум толду. Эл арасында азыркы легендага айланып кеткени ушундан турбайбы. Бүтпөгөн жомок дегендей мен азыр Задибай мергендин учу-кыйрына жетпеген аңчылыгынын бирине да токтолбой, адегенде башка бир окуяларынан айтып берүүнү чечтим. Көрсө, өз өнөрүнөн башка да көп иштерди жасаган экен. Бирок башта анын өзү жөнүндө таржымалынан бир-эки ооз айтып коюшубуз эп.

Задибай мерген 1917-жылдарда бала чагынан тартып эле адегенде тузак тартып, капкан сала баштайт.

Торгой уста деген кишинин баласы Маткерим мергенчи болот. Задибайдын бир тууган агасы Баймурат аны менен кучакташкан дос болот. Мергенчиликти бала Задибай Маткеримден үйрөнүп калат.

Согуштун кыйын кезеңинде Задибайдын мергенчилик өнөрү өкмөткө да, өзү жашаган айылга да көп пайда келтирет. Ал атайын уруксат менен калтырылып, сан жетпеген баалуу терилерди өткөрүп, эт тапшырып турат. Мергенчинин аркасы менен бир айыл эл жаша-

ды. Ошентип ал айылдын кадырман мергенчиси болуп оозго кирген.

— Азыр болсо кайберендерди сактоо, көбөйтүү ураа-ны коюлган, — дейт, ал, — аңчылыкка күзүндө гана уруксат берилет. Себеби: жаз, жай учуру тоо кайберен-деринин төл мезгили болот. Ал мезгилде ага кол сал-ган убал жана жоопко тартылат.

Задибай мерген азайып бара жаткан жаныбарлар-дын тукумун жатка билет. Ал түгүл өзүнүн буту тий-ген, көзү жеткен жерлерде канча бар экенин айтса таң каласың. Бүдүр мүйүз, бир ак темгили бар, он бир жаш кара теке, айрык куйрук, оң жамбашынын жүнү күй-гөн, кароолчу кийик деп отурса өзү да кайберенге ок-шоп кетет.

Эми биз Задибай мергендин аңчылык жомогун коё туруп, андан башка окуяларынан айталы мурда.

## «ЗАДИБАЙ ТОСКОН» ТОО ЖАКТА

Күз. Күүгүм ченде бир топ атчандар келишип, мер-гендин үйүнө түшүштү. Дайыма мейман күтүп көнүп калган үй-бүлө аларды урмат менен тосуп алышты. Ушу кезде Күрөбөс менен Чал-Жайлоодо малчылар толо болуучу. Ошоякка өткөндөр чарчап-чаалыкканда түнөшүп, Тогуз-Торо багытына сапар алгандар да Жаз-Көчүү аркылуу өтүшүп, Задибайдыкына кайрылышат. Бирок бул меймандар андай болуп чыккан жок. Атайы келишкен. Арасында өзүнүн теңтуштары бар.

— Биздин келгенибиз, — деп кеп баштады, улуусу — сиздин мергенчилигиңиздин кызыгына батсак. Алар-дын максатын Задибай мерген түшүндү.

— Чыдай албайсыңар го, мергенчилик кызык көрүн-гөнү менен азабы көп.

— Кандай болсо да чымырканабыз.

— Андай болсо макул. Чыдаганга чыгармай, келе колду бергиле!

Эртеси тоону көздөй бет алышты. «Задибай тоскон» жерге жетишти. Адис мергенчинин атынан эл ушинтип айтышат. Бир нече жанаша тоонун этеги ушул тоом-дон биригип, ортосунан жалгыз аяк жол өтөт. Катар тоолорду мекендеген кайберендердин мындан башка

жолу жок. Задибай мерген ушул жерден кана кутуп алчу. Ошондуктан «Задибай тоскон» деп аталып калган.

Чыдайбыз дегендер илкип кыйналышып, бирок сыр билгизбей жүрүп отурушту. Өздөрү атайылап келишип, суранышпады беле. Дасыккан мерген өңүттү Кара-Дөбөнү көздөй бурду.

Ал жерге жеткенде кечкирип, тынып, түнөп калышты. Эми таң атып, арызып келгендерге мергенчилик өнөрүн көрсөтмөк. Ал билбеген аска-зоо, буту тийбеген кыр-жон, аралабаган кокту-колот бар бекен? Жок. Мурда катып кеткен бараңын бир үңкүрдөн алып чыкты. Коштоочуларга аттарды аркандап байлап турган бутактардан бери көрсөтүп берди.

Тиги жерден аюу өтөт, мынабу өңүрдөн илбирс качкан, текенин кароол тумшугу, — деп жолдугата таанытырып отурган.

— Эми мына, мергенчиликтин уусун көрөсүңөр, — деп шыдыр жол тартканда алдынан аттын туяктарынын изин байкай калды. Аң-таң болуп, башын кашылап, үңүлө караган жерден көзүн алып, жогору дөбөгө серп салды.

—Жолоочунун жолу эмес, бул жакка келчү мергенни жок, эмнеси болсо да соо киши эмес, — деп өрүш алып басты. Арыдагы булакта шектүү киши өргүп жатканын бoолгогон. Чын эле жалы төгүлгөн, сымбаты сындуу келишкен бир жорго аса байланып, олбурлуу киши уктап жатат.

— Ой, тур? Былк эткен жок. Аябай чарчап сулк жыгылган экен.

— Тур, сен кимсиң?

Чочуп ойгонуп, ордунан шарт тура калды. Өңү же түшү экенин билбей, делбе болуп, мылтыкчан турган мергенди карап, аң-таң. Бир аздан кийин эсине келди окшойт.

— А, мен... жөн эле.

— Жок, сен жөн эле эмессиң.

— Анан аны кантип билдиңиз? Задибай мерген ууру экенин жаза кетирбей билди.

— Бул адам буту эмес, куштун канаты жетпеген бул жерде сага эмне бар? Болду, болбоду ушул жоргону бир жерден алып качкансың. Бейтааныш адам кашайып таңды.

— Эгер ууру болсоң, атты таштап кете бер, биз

ээсин таап беребиз, сага кылган жакшылыгыбыз болот, — деп да көрдү. Бирок ал көнгөн жок.

— Ууру эмесмин деп карганды.

— Эң акыркы сөз, чынын айт, анда сага жеңилдик болот,— дешти.

— Ууру эмесмин, — деп өжөрлөндү.

Уучулардын эми кызыкка бата турган тамашасы токтоп, шектүү адамдын аныкына жетиш үчүн, кайра алып жөнөштү. Мындан башка жол жок эле.

Жанагы адам бир убакта качып жөнөдү. Көрсө жоргосуна ишенген экен качып кетем деп. Байкап турушса узап баратат. Задибай мерген жандатып ок атып токтотту. Тергөөгө алып келишсе ууру болуп чыкты. Бул киши жоргону Тогуз-Тородон алып качып, күндүз ээн тоодо жан сактап турган экен. Анан түн катып изин жашырчу жакка кире качмак. Жер ооштуруп алгандан кийин уурунун кармалаарын ким билет эле?

## МЕРГЕН ЖАПКАК МЕНЕН БАРА ЖАТАТ

Жаз-Көчүү тоонун арасында болуп, мында чакан айыл качан, кантип отурукташып калганын эч ким айтып бералбайт. Жаан-чачындуу жаз учуру да эч нерсе эмес, эптеп жөө-жалаңдап, кыялап катташса да болот. Кышында кыйын. Кар оор түшөт. Андан калса жолдун алыстыгычы.

1969-жылы оор кышта Жаз-Көчүүдө кардын тереңдиги сегиз метрге жетиптир.

Бир нече күн катары менен коңшулар биринин жүзүн бири көрүшпөй калышты. Ушундай күндөрдө Задибай мергендин коңшусу Капар үйүнө кирип келди. Задибай чочуп кетти, себеби экөө бир аз таарынышып, көптөн бери сүйлөшпөй жүрүшкөн. Ошол үчүн таң калып отурат.

— Мерген,— деди Капар,— менин келген себебим, Шарапат кыйналып жатат. Мукактанып, миң мертебе кечирим сураганы окулуп турду. Капардын аялынын боюнда бар эле, айы-күнүнө жетип төрөй албай жатканын Задибай түшүндү. Ордунан чапчаң тура калып, анан ойго батты.

— Жардам күтүп, жалынат, эмне кыларды билбейм, башым катат. Капар өзүн жоготуп, жүдөө.

Бир айласын тапчы деп чөгөлөп турган адамдын ысык жүзүнө мергендин ыйжданы чыдабай етти. Алдыдагы кыйынчылыктар элестеп башына сансыз санаалар келди. Азыр доктур чакыруудан башка айла жок экенине экөө тең түшүнүшүп турушту.

Жол жок. Кар оор. Кызыл-Үңкүргө кетчү кыя жолду борошо уруп, ортодо аска-зоокалар, дарыя бар. А эгер Ак-Тоок жака салса болоор эле, бирок алыс, атчан эле бир күндүк жол, а жөө жетиш кайда азыркы убакта.

Ар ким ар жерде ойго батып, үйдүн ичи тынчып калды. Задибай мергендин көзүнө бир жыгылып, бир туруп, адашып кетип, кайра өңүтүн таап жалгыз эрбеңдеп баратканы өзүнө-өзү элестеди.

— Эми Шарапатты кырсыкка чалып алгандан көрө жөнөөнүн камын көрсөмбү деп турам. Өзү да арык неме эле чыдап тура алаар бекен. Эптеп токой чарбасынын канторуна жетсем, мээнетим кайтаар бекен.

— Айланайын мергеним, сенден башка арга жок,— деп Капар көзүнө жаш алды.

Задибай мерген керек-жарагын камданды. Керек-жарагы эле жапкак менен мылтыгы. Карбаластап атып шашылыш жолго чыкты. Мындан кыйын да кокустуктан аман калбады беле. Ал ушинтип ичинен дем байлады. Ал мындай болгон..

## ЗАҢГИДЕН УЧУУ

Кышын-жайын башынан мөңгү кетпеген заңгыраган заңгинин чокусунда жүрүшкөн. Мергенчинин кызыгына батканы келгендер көп эле. Өз туугандарынан да Сакебай, Жоробай, Атабай бар. Катуу чабуулга өткөн өңдүү Задибай мерген алдыда, жүгүргөнү көзгө илээшпей зуулдап шамалдай кетип бараткан. Ээрчигендер караанына жетпей өз жаналакети менен жүрүшөт.

Заңгинин кырында бараткан Задибай мерген бир убакта эле көз боочудай жок болуп кетти. Артындагылар колунан жулдургандай туруп калышты. Задибай «кайып» болуп кеткен жерге барып карашса көргөн көзгө ишенич болбойт, кар сүрүлүп заңгинин түбүнө шуңгуп кеткен. Ал жаза басып алганбы, же кар көлкүп бошоп турганбы же көчкү жүргөнбү билүү кыйын. Туугандарынын бирөө «айрылыпбыз» деп эле бакырып жиберди.

— Күнүң бүтө турган жериң ушер беле?... Улуусу аларды жемелеп акыл токтотту.

— Болор иш болду, зоонун башында туруп өкүргөндөн пайда жок. Эми сөөгүн алып чыгуунун камын ойлойлу. Бул жерден учкан жан эмес, таш да соо калбас.

Алыстан айланып отурушуп, эптеп дайранын боюна түшүштү. Азап-дозок менен жээктеп, заңгиден сүрүлгөн кардын көчүн болжол кылып келишти. Ушул учурда Задибай мерген....

Бут алдындагы кар жылганда Задибай мерген жыгылып түшкөн. Журт ордундай калың муз аралаш кар көчкү заңги ылдый шыркыраган. Жазмышта жомокко окшош, ишенимсиз да окуялар боло берет экен, тир шумдукту кара, заңгиден учкан пенде анын үстүндө жылып келе берген. Бир эсе күлкү келерлик кеп, талпакка жатып алып жылгаяк тепкендей эле болгон. Иши кылып Задибай мерген жыгылгандан кийинкисин билбейт. Үрүлбарал эсине келгенде о дүйнөдөмүн го деп божомол кылат. Кайра эси ооп кетет. Бир убакта түш көргөнсүп, зыркыраган денеси оорлошот. Эптеп көзүн ачса, канга батып калган. Дагы эси оойт. Көп убакыт өткөндөн кийин кар көчкүнү тырмалап, илээ менен араң жамбаштап отурат. Тирүү калганына көзү жетип, бирок каери эмне болгонун, кан каяктан чыгып жатканын ажырата албайт. Көчкүдө белинен батып, делдиреп отурганда, издегендер чуру-чуу түшүп келип калышты. Каруулуурагы атка өңөрүп, кайгы менен айылды көздөй аттын оозун коё беришет. Баарын даярдап турсун үчүн күчтүү ат менен бирөөнү алдыга чаптырып жиберишет. Ошентип Задибай мергенди алып келе жаткандар аны кантип көмүү жөнүндө, кайсы жактарга ат чаптырып кабар жиберүү, мылтыгын жана атын керезге калтырууну кеңешип жүрүп отурушат.

Жабыр тарткан мерген баарын угуп, түшүнүп, бирок сүйлөй албайт. «Мен өлбөймүн» дегенге дарманы келбейт.

«Алмамбеттин үңкүрүнө» келгенде бир аз тыныгышып, «Кайракта» «сөөктү» утурлап тосуп чыгышты. Кыргызбай акеси Задибайды көрүп тирүү турбайбы деп чочуп кетет. Ушуга чейин бирөөнүн оозунан адам болуп кетээр деген сөз чыккан эмес, бир колу үмүтүн үзүп коюшкан. Задибай мергендин адам болбосун ишен-

43765
КОК-ЯНГАКСКАЯ
городская библиотека

дирген ал учуп түшкөн бийик заңги эле. Анын түбүндө жүргөн адамды ошол заңгинин чокусунан караса чымчыктай эле карааны көрүнөт. Ошондуктан учкан адамдын түрүү калышына даба жок эле.

Айылга келишкенде качан эле боз үй тигилип, сөөктү кана күтүп калышкан экен. Чабармандын мурда жеткирген кабары ошондой болучу.

Азыр Задибай мерген шумдуктуу окуяны сөз кылганда тирүү калганымын бир айласы менин жеңилдигим менен эпчилдигим болду дейт. Жалкоо болгонумда балким жашабай калмакмын, сүрүлгөн кардын үстүнө түшүп калып, алдына сүңгүп чөгүп кетпей, уча тургандай өйдөгө умтулуп, көчкү менен кошо жүрүп отурган окшойм Өзү ушинтип боолгойт. Азыр ал жер «Задибай учкан зоо» деп аталат.

## КАЙРАДАН ЖАПКАКЧАН АДАМ ЖӨНҮНДӨ

...Азыр ээн жолдо баратып, ал ушул окуяны кайра башынан элестетип чыкты.

Сапар улана берди. Бир саат, эки саат, үч саат... өттү. Жол түгөнбөйт. Түпсүз тунарган кар. Токойго туш келет, жылгага түшүп кетет. Аскалар, зоолор... Эми дайранын бою менен баратат. Бут оорлошуп, салмактанып, утуру убакыт өткөн сайын талыкшыганы сезилет. «Жок-жок, мен жолдо калышым мүмкүн эмес, анда коркунуч туулат, мага да, төрөй албай жаткан Шарапатка да. Задибай жолдо кайыгып калыптыр десе, анда мергенчилигим кайсы». Ал ушинтип өзү менен өзү сүйлөшүп баратат.

Чымыркануу кана жеңишке жеткирээрин көп жолу башынан өткөргөн. Утуру кайрат жыйнап, эми эч нерсени ойлобой, жалаң гана талбай басуу менен алек болуп, жүрүшүн катуулатат. Атайылап ошентет.

Күүгүм кирди. Дайра бойлоп, эки жагы тоолор.. Дүпүйгөн бадалдардын карааны. Суунун агымы ого бетер сүрдүү күрүлдөп, бирок ал кандай да болсо болжогон жерге жетүүнү көздөйт. Кызыл-Үңкүргө чейин дагы алыс.

Мына ушул бара жаткан жол күндүзү жүрүү да коогалуу. Капылеттен карышкыр чыга калышы, илбирстин бет келиши, аюунун бакырганы угулушу мүмкүн.

Булардын баары мерген үчүн коркунучтуу эмес, бул жагынан камырабайт. Қараңгыда чарчап, арасат каламбы деп гана санаа тартат. Андан калса жапкакчан. Аны чечип коюп бир шилтем басууга мүмкүн эмес. Кептин баары кардын тереңдигинде болуп жатпайбы.

Акыры кыйындыкты жеңип, көзгө сайса көрүнгүс түндө түз эле токой чарбасынын директорунун үйүнө кирип барды. Үйдөгүлөр Жаз-Көчүүдөн келгенине ишенишкен жок. Төмөн жактан келип, кексе мергенчи бизди тамашага салып жатат деп ойлошту бир алдын. Бирок окуянын чындыгын уккандан кийин директор экөө конторго барышты. Директор бурама телефон менен алек боло баштады.

— Алло, а-ал-о, Базар-Қоргон, Жалал-Абад!

Ка[illegible]алык кыйкырган менен гудок дуулдап, байланыш жакшы угулбай жаттты. Үзүлүп жооп болуп калган учурда:— Қаер болсо да мейли, Ош, Фрунзе, — деп бакырып калат.

— Тез жардам, вертолет менен тез жардам керек!

Ушинтип убараланып, сүйлөшө албай жатты. Бир жерге илине түштү окшойт, ал жактан сураштырып кирди. Байланыш кайра үзүлүп эми телефонистка чырылдатат утуру.

Төрөй албай жаткан аялдын адресин алуу башталды. Жаз-Көчүүнүн кайсы багытта экенин, географиялык ордун, күн батыш, күн чыгыш, түндүк, түштүгүн — айтор, белгилерин тактап, анан кабарга келген кишинин аты жөнү быякта турсун, өңү-түсүн сураштырды.

— Ө-өх!— деди директор кычыраган кыш болсо да көлшал булоолонгон терин аарчып.

— Бир вертолет чакырыш үчүн жарым түн убара болупбуз,— деди саатына карап, — Эми көз жарчу аял аман болгой эле десеңиз.

—Мен да камтамамын,— деди Задибай мерген. Директор кейип сүйлөдү.

— Алыс жердин ушунусу жаман да. Же телефон угулса эмне?... Анча убакыт өтпөй эле кайра телефон шыңгырап жооп болуп калды. Жерге жарык кирээри менен вертолет жөнөй турганы, азыр врачтар даярданып жатканы белгилүү болду. Эгер адам бара алса вертолет коно турган үйдүн тегерегине кызыл чүпүрөк илип койгон белгиси болсо жакшы болор эле дегени кошо айтылган.

Задибай мерген бир уктап алып, кайра жөнөп, айылга келсе Шарапатты аман-эсен алып кетишкен экен.

## АТАЙЫН ЧЕЧИМ МЕНЕН СОГУШТАН КАЛТЫРЫЛГАН

Согуш маалы ар бир адамдын башына түшкөн түйшүктүү күндөр болду. Бардык адамдын көңүлү майданда салгылашып жаткан жоокерлерге бурулду. Жаз-Көчүүлүктөр да калк катары колунан келгенин, тапкан-ташыганын берип турушту. Задибай мерген болсо уучулугун күчөттү. Бир күнү аны аскер комиссариатына чакыртышты да атайын чечим менен согуштан калтырылып, өкмөт андан көп нерселерди талап кылды. Тери, эт, май. Мерген үйүнө түнөбөй аңчылык менен жүрүп, атып алганын чып-чыргасы менен коротпой живсырьего тапшырат. Аюу колго түшсө, терисин, этин, майын бөлөк-бөлөк капарлап жөнөтөт. Карышкыр, илбирс, түлкү, суусардын терисин атка жүктөп өз колу менен өткөрүп келет. Мылтык, ок-дарылар менен камсыз болуп, кайра тоону көздөй чабытка чыгат.

Бир күнү Задибайдын үйүнө райондон атайын комиссия келди. «Согуш үчүн көп тери, май, эт керек»— дешти. Демек, мерген эми чыныгы өнөрүн көрсөтүшү керек.

— Болуптур, — деди Задибай, — короодо малым болгондо аны да майдандан аябайт элем, баары түгөнгөн. А эми тоолордо жашаган андарга ачуумду чыгарайын. Алар өлүм менен өмүргө шерик болуп, кан төгүп жаткан жоокерлерден айлансын. Бардыгы жеңиш үчүн!

Задибай душман менен бетме-бет келе түшкөндөй каардапып, толуп турган курагы ого бетер сүрүнө келип, мурутун серпип, өзү мекендеген улуу тоолорго тике карады. Мылтыгын, ок-дарысын алып, жардап тургандарга кайрылды:

— Кана, мен аткан андарды бийик зоолордун түптөрүнөн көтөрүп чыга тургандар жүргүлө!

Жыйын кейий түштү:

— А кайран жигиттер, шер баатырлар, канкор фашист менен кырчылдашып салгылашта жүрүшпөйбү. Антсе да барабыз.

Арадан улакка чапчаң, эңишке бышык, али да сөөгүнүн каруусу кайта элек абышкалар, өктөм, оттонсуудан кайра тартпаган балдар чыгышты. Мөгдөгөн аксакалдар, эптеп басып жүргөн кемпирлер ак батасын беришти.

— Оомийин, душмандын туусу кыйрасын, Задибайды кудай колдосун. Балдарыбыз жеңиш менен келишке кыл мергендин олжосу мол болсун. Ак жол!

Задибай жоош чобур атына минди. Октолгон мылтыгын өңөрүп, артын катарлай бастырышкан адамдар улуу тоого жүрүш жасады. Кыл мерген ат чабым аралыкта узап барат. Көйкөлгөн көк шиберлерди аралап, шылдыраган тунук булак сууларын кечип, кумсарган заңги тоолордун этеги менен кыйып өтүштү. Борчук таштардын кыраңдарына сербейип чыккан майда бадалдар түгөнүп, тереңдеген сайын төбө жак гана көрүнүп калды. Келе жаткандар Задибайдан көзүн алышпайт. Мерген токтоп, же өңүт алып калса эле бүттү дей бер, тоо жаныбарларынын оңкосунан кеткени. Мылтык сунуп, мелжегенине көз илешпей калат. Эгер бир тобу туш келсе болду, чымчыктай терет.

Задибай кароолго албай атат дешип да, аңыз кылып жүрүшөт. Ал тим эле кыл мергенчилигинен тараган сөз.

Төөдөй чөккөн мөңгүлүү зоонун түбүнө келгенде аттан түштү.

— Кичине эс алгыла. Суунун да акыркысы ушу. Анан эки үч күн булак бар жерге түшпөй калышыбыз мүмкүн.

Задибай баарын өзүнө чакырып алып, маңдайлашып турган кырка зоонун боорундагы талпактай тектир жерди көрсөттү.

— Көрдүңөрбү, анын кыр айланмасындагы борчук таштардын ары жак бетинде азыр кийиктер жуушап жатат. Ал бир көзүн жумуп күндү карап, убакытты боологондой болду.

— Азыр экиге бөлүнөбүз. Бир тобуң мына бул шагыл жылга менен жүрүп олтурасыңар, сол жак бетте бүкүрү өскөн арча бар, ошого чыгып барсаңар дал кийиктердин үстүндө болуп каласыңар. Ар жагын мен айтпайын, силер сурабагыла.

Андан кийин тоосунун сырын жакшы билген мерген эми өз жардамчыларына буйрук бере баштады. Ар ким тиешелүү тапшырмасын алып, калгандарына кы-

зыкка баткыла деп, ушул жерге калтырып, өзү тектирченин өйдөңкү ныптасына чыгып, күтүп турду. Кайберендерди үркүтчүлөрдүн жеткен болжолу болду окшойт. Задибай чөгөлөп отура калып, тектир жакка мылтыгын сунду. Аңгыча бир килейген аркайган мүйүздүү кара теке чыгып, эшик төрдөй жерге секирди эле, мылтыктын үнү дүңгүрөй түштү. Текенин аягы тектирге тийбей ок жеген экен, күп этип түшүп, кайра бир оодарылайын дегенде ылдый сүрүлдү. Эми экөө кабат чыга калып, алар да кара текедей эле окко жолукту. Дүбүрттөгөн үндөр угулуп, кош-кошу менен тектирге боюн таштай беришти. Мылтыктын үнү басылбай, Задибай отура, тура, чөгөлөй, кырынан боло калып, октун ылдамдыгын кызытты. Кийиктер бет ылдый күргүчтөп сүрүлүп жатты.

Бери жакта карап тургандар, өз көздөрүнө өздөрү ишенишпей кинодо жүргөндөй болушту. Кичинекейинен угушуп, мергендин маштыгына дардысар болуп жүргөндөр, мына эми Задибайдын өнөрүн көрүшүп, аң-таң болушту.

Бул күнү сцена ушуну менен эле бүткөн жок. Задибай багытын башка жакка буруп, жолдо бара жатып, эки аюуну атып, дагы болжол кылган жеринен аңдарды боо түшүрдү. Анын бир огу экөөнү жыга атканын өз көздөрү менен көрүштү.

Кошо келгендер олжону ташып кетүүнүн камын көрө башташты. Задибай болсо жардамчыларынан эки-үчөөнү алып, кечке жуук ары жүрүп кетти. Аны кайсы күнү болсо да мергенчинин элге белгилүү «үйүнөн» таба турган болушту. Үйү дегендей ал там салып коюптурбу? Жок, даңдыр кейпиндеги муздак үңкүр.

Беркилери олжону Армиянын фондусуна жөнөтүп жиберишип, эки-үч күндөн кийин Задибайды табышты. Карышкыр, элик, илбирс, кулжа-мына ушулардын баары майданга жөнөтүлүп жатты. Кыл мерген болсо табына келип, зоолордон зоолорго ашып, макулуктарга согуштун ачуусун чыгарды.

## МОЙНУНДА АГЫ БАР КҮРӨҢ АЮУ

Бир асканын түгөнүшүндө бара жатса, дардайган чоң аюу эки баласы менен карп-курп чыга түштү. Алар качууга ылаажы таба албай калышты. Аюу эки «ко-

лун» бооруна алып, жүгүнүп, мамалактары да аны туурашты. Задибай аң-таң боло түштү. Ушул убакка чейин кырктан ашык аюу атып, мындай жорукка жолуккан жок эле. Ою эки анжы боло түштү. Салам берип кечирим сурап жатабы, же жансоогалап жалынганыбы?

Ушул окуя азыркыга чейин Задибайды таң калтырат.

Мерген узак уусун аяктайын деп Чал-Жайлоодон кайтып, Ырдыкта келе жатса мойнундагы агы бар күрөң аюу асканы көздөй күржүңдөп качып жөнөдү.

— Тетигини карагылачы?

Аңгыча аюу аскага тырмышып чыга баштады. Задибай «28-чачма» менен атайын деп барып, кайра кызыгын көргөнү туруп калды. Аюу чыгып бара жатып эле карайкы жерге барганда жок болуп кетти.

— Ата көрү,— деди Задибай, — тээ карайыңкы үңкүрдүн оозу турбайбы, байкабай калыптырмын. Жүргүлө кармап келели.

Жайлоодон кошо келе жаткандардын бири Мамаш аксакалдын ачуусу келе түшүп бак-бак этти.

— Ал эмне кашкулакпы же үйдөгү багып койгон торпогуңбу, кармап келгендей. Маканбай, Чодубай, Карабай, Эсеналылар бар эле. Алар да кошо барыштан чочулашты.

Задибайды ээрчип көп эле адамдар ууга кошо чыгышкан. Бирок эчкимиси аягына чейин чыдаган эмес. Акырында ал өзү жалгыз калган учурлары көп эле болгон. Мерген жалгыздыкка көнгөн. Кайра ошонусу жакшы. Сая түшкөн изден жаңылбай жүрүп олтурганга оң. А эгер жанында бирөө болсо, алаксып же опурталдуу жерге серейтип жалгыз таштап кете албайт. Дайыма эле андай да боло бербейт. Кээде жандоочулардын пайдасы чоң. Иши кылып мергенчиликтин жолу ар кырдуу. Ууга жараша болот.

Мына азыр асканын боорундагы үңкүргө кирип кеткен аюуга Задибай менен кошо барышка эч ким даай албай турат.

— Ээ жүрөгү жоктор, — деп тамашалады. — Кызык көрөбүз дейсиңер, кызык ошол үңкүргө кирген аюу менен кармашканда. Мерген ушintти да аскага чыгуу үчүн жеңилдене баштады.

— Андай шумдугуңду койсоңчу. Же аюу сыртта болсо да эмне. Ал жактан күм-жам болосуң. Өлүгүңдү

кантип алып кетебиз, — деди Мамаш аксакал. Ошол жерде тургандардын бардыгы эле анын үңкүргө чыгышына каршы турушту.

Бирок кыл мергенди ким токтото алат. Мүмкүн бул окуя ал үчүн эч кандай кеп эместир. Мындай коркунучтуу окуялар башынан көп эле өткөнү талашсыз да.

Задибай мерген асканы көздөй басты. Аюу кеткен жол менен тырмышып чыга баштады. Карап тургандар Задибайды күштай жеңил гана чыгып бара жатканына таң кылышты. Жаздым, болобу, — деп чочулашкан эле. Бирок ал тез жылып бара жатат. Аны-мына дегиче аюу кирип кеткен карайкыга жетти.

Эңкейип түндүктөй оюктун оозунан караса үңкүрдүн ичинен эч нерсе көрүнбөйт, же үн чыкпайт. Бая аюуну көргөн көзүнө ишенбей кайда житип кеткен деп таң калып байкоо жүргүзүп көпкө чейин олтурду. Тереңдеги караңгылыкка көзү каныгып калгандан кийин туюктан бир нерсенин серек дегенин байкады. Эмне экенин ажырата албай, аюунун кулагы же тумшугу экенин билбей, тобокел менен атып жиберди. Дым. Дагы атты. Анан шороктогон үн пайда болду, кайра тынчый түштү. Мерген биринчи атканда айкырып келип кол салган аюуну элестеткен эле. Аюу аябай өлөрман жана кекчил келет. Эгер чала жарадар болсо ал өзүнүн душманын билип калса кайра кайрылып кол салат. Эч аянбайт. Оозуна же чеңгээлине туура келеби, мыжыгып таштагысы келет. Адам качканда да артынан кууп көрөт. Ошон үчүн Задибай мерген азыр даяр турган. Бирок, эч нерсе жок, дагы атты. Эмнеси болсо да күм-жам болдуң го,— деп тереңден көрүнөр көрүнбөс турган караанды көздөй басты. Бир убакта сунуп бара жаткан мылтыгынын оозу урунду. Аюу арты менен турган экен, диртилдеп алды көздөй ыктайт. Мерген колу тийген жеринен чеңгелдеп оозду көздөй тартты. Күч тең келип көпкө чейин кыйналышты. Задибай мерген өжөрлөнүп, жерди чиренип тээп, артка жүткүндү. Аюу акырын жыла баштады. Ошентип, жылдырып олтурду. Эптеп тердеп-тепчип сүйрөп чыкса, аюу качан эле чала жан болуп калыптыр.

Сыртта күтүп тургандар Задибайдан түңүлүп, кайра үмүт кылышып, кокустан аюу үңкүрдөн атып чыга калса дешип далдоодо паанектеп олтурушкан.

Аюунун окуясынан кийин жолдо жүрүп келе жатышты. Мергенди мактоого алышты. Бирок мындай мактоо Задибай мерген үчүн жаңылык эмес. Элдин сөзүнө көнгөн. Аны чарчап-чаалыкпаган адамга, алптын алы жеткис дөөгө теңесе дале элес алып койбойт. Сынында тура берет. Азыр эле аюуну кантип алып чыкканын кеп кылып келе жатышса да, серп салып койбой тээ аска зоолордун кырандарына, жылгалардын учуна көз жиберет.

## КАРЫШКЫР КҮЧӨГӨН МААЛДА

Жайлоонун толуп турган убагы көңүлдү сергитет. Белес толо жайнаган ар түркүн гүлдөрдүн жыты кумарды кандырат. Көрүнүшкө маашырлап жол жүргөндөр Задибайдын аңгемесин куруп келе жатышат. Эми карышкырды кармаган окуясына өтүштү.

...Ал мындай болгон эле. Жайкысын малчылардын баары Чал-Жайлоо, Күрөбөс, Ак-Суу, Байбиче, Жошо деген жайлоолорго чыгышат. Төрт түлүк малга жайлоонун көркү ого бетер жарашып калат.

Бирок карышкыр күчөп, элдин шаштысы кетти. Көз жазгырбай кол салат. Ал түгүл жалгыз-жарым адам жүрүү коркунучтуу. Жортуулда шаңшып жүргөн карышкыр жолугуп калышы эч нерсе эмес. Алар топ-тобу менен жүрүшчү болду. Мылтыктын үнүнөн да коркпой караңгыда короого чабуул коёт. Көп койду аралап өтсө болду. Кекиртектеп же кардын жара тартып кырып таштайт. Бул шумурай качканда да жөн качпай бир койду тиштеп жонуна серпип таштап ала кеткеничи. Эгер жайылып жүргөн койго туш келсе бүттү дей бер, бирөө да колго тийбейт. Баарын ээн жерге айдап барып, өз билгендерин кылышат. Жетишип калышса ийинине ташып түгөтөт.

Ошентип, согуштун каары туш тараптан кырсык алып келди, ачыккан карышкырлар көбөйүп, колундагы малды сак-сактабаса, карандай отуруп калат. Кээде бир эле короодон кетпейт. Күн сайын аңдып, түнкүсүн тегеректеп жүрө беришет. Тиштерин шакылдатып, иттерге чуу салат. Иттер да алардын түрүнөн коркот бейм, алыска чейин анча даап кууп бара албай, кайра кыңшылап артына качат. Эгер жалгыз ит карышкырдын ортосуна түшүп калса, алар адамдын өчүн ошол

иттен алышат. Таза кыйнап, тиштеп, эзип таштайт. Ушундай кыйын күндөрдө колхоздун коюн баккан Көчөр аксакалдын тынчы кетти.

Карышкыр өчүгүп калган окшобойбу, короосуна кол салып, түндөсү кетпейт. Эми буларды таап, атып жок кылбаса башка арга жок. Болбосо аягына чыгышат. Көчөр аксакал чыгынып Задибайга келди.

— Мерген менде тынчтык жок. Бөрүлөр койлорду кырып бүтө турган болду. Өчүмү алып бербесеңиз болбойт.

Задибайдын мергенчилиги элге даңаза болуп калгандан бери мындай кайрылгандар көбөйдү. Ошолордун бири Көчөр аксакал болуучу.

— Тынчтык убакта бул шумпай бөрүлөрдүн мынчалык көп жүргөнүн көргөн жок элем. Каатчылык кезде күчөп кетишти. Тим эле так маңдайыңда туруп качпайт, — деди.

Задибай мерген айткан күнү Көчөр аксакалдыкына келди. Аны кубанып тосуп, салт боюнча меймандады. Мерген карышкырлардын өңүтүн териштире баштады.

— Сенин короону пайлаган көп бөрү экен. Мага да көп тери түшө турган болду. Бирок аларды тобу менен колго түшүрүү үчүн бир топ аракет керек.

Задибай мерген карышкырлардын жүргөн жерлерин иликтеп, утуру Көчөр аксакалдан сурап тактоо жүргүздү. Анын алган маалыматы боюнча Көчөр аксакалдын короосуна кол салган карышкырлардын жорткон жолун билет эле. Булар түнкүсүн бир жол менен гана өтүшөт. Бирок, алар каттаган жолдордун баш-аягы узак, Кара-Кырдын кыры менен жайлоону көздөй ашат. А кышкысын Кара-Кырдан эңкейип, Кожон-Сейпилден өтүп, Кара-Ингендин жолу менен Ачы тарапка ооп кетет.

Задибай мерген тоодо туулуп, тоодо торолуп ар кандай токой жаныбарларынын турмушун жакшы билет. Адеп көргөнү дүйүмү түркүн бак-дарактар, кулагы менен укканы миң кубулжутуп сайраган куштардын үндөрү болду. Чү коюп чуркаган чагынан тунук сууларды бойлоп, көлдөрдө чабак уруп, сыйда теректерге, талдарга, алмаларга, жаңактарга чыгып көндү. Айрыкча жаңак бышкан маал кызуу мезгил болот. Ар ким алы жетишинче күбүп алып, тиричилигине керектешет. Чагып жешип, же маңызынан май чыгарып алышат. Согуш убагында жаңак кулазык болду. Жаратылыш тар-

туулган ырыскы тамакка жарады. Маңызына кошуп, таруу талкан менен аралаштрып жанчып, же майын сыгып алган сыкмалын балдар жешет. Токойдогулар гана эмес, жаңактын сырын билген көп айыл адамдары атайын барышып, кепсен дешип, өзүлөрү да жерден терип алышып, болбосо токой ээсинен бир-эки түп сурап кагып кетишчү. Ушундай маалда жаңакка чыга турган чыйрак балдарды издеп калышат. Бул баарынын эле колунан келе бербейт. Эпчил, шамдагай, коркпой турганы гана ноода жаңактарга жармашып, шактарын ыргап, же кыккыч менен жерге жабыратып күбүйт. Этияттанбаса кокус болуп калыш эч нерсе эмес. Жаңактын бутактары морт болот. Бут менен басса, же колу менен алмашып жүргөн жыгач сынып бийиктен кулап түшсө не болору белгилүү да. Бирок айылдагы балдардын ичинен Задибай буга маш. Биринен-бирине кыдырып, жайнатып ыргайт.

Задибай токойдогу базар курган куштарды билгени чындай турсун аларды туурап сайрайт. Булбул, чакчыгай, сүтак менен үн алышып, кайсы кушту тууpаса да тапатак окшоштура алат.

Мергенчиликти да тузак салуудан баштады. Куш таптап адегенде чымчыкка, бара-бара чоң куштарга салып үйрөндү. Капкан менен суур, кашкулак кармачу болду. Кийин-кийин бөлтүрүктөрдү ийининен алып чыгуу ыгын тапты. Ошондуктан карышкыр кандай кашабаң экенин Задибайдан жакшы билген эч ким жок. Карышкырдан ашкан баатыр болбосо керек, көк жал дегендей эле бар. Капканга түшүп калса, чапкан бутун капкандын жаагынын жанынан тиши менен кажып кыркып таштап, өкүрөңдөп аксап кете берет. Эгер тирүү бойдон терисин сыйрып алса өлөрмандыгын кара, бир силкинип албай, жылаңач коё берсе соксоюп олтурган боюнча өлөт.

Задибай карышкырдын короого кол салганын көп көргөн. Айылга жакын оттоп жүргөн койлорго тие турган болсо эң алды кароол коюшат. Бирөө бийик чокуга чыгат. Кээде эки чокуга эки карышкыр кароолдо турат. Анын башчысы баштап, жайылып жүргөн койлорго жөнөйт. Алар утуру кароолдо турганын карап коюп бара беришет. Күзөтчү жактан кичинекей эле шек туулса болду, демек, адамдар бар, анда амал таап жашынышат.

## БАЯНЖАБЫР

Задибай мергендин карышкыр менен бет-мандай келип калган учурлары да болгон. Бирок кашабаң ага кол салышка даай албайт. Мылтыгынанбы же мергенчи экенин сезгендей оропара чыга калган жерден эле куйругун кыса качат. Болбосо башкаларга жолукса байкаштырып көрөт. Ачыккан карышкыр тайманбай кол салуудан кайра тартпайт. Ошон үчүн Задибайга окшогон гана адам карышкыр менен кармашууга чыкпаса, кимдин жүрөгү даайт. Көчөр аксакал да адис мергенге келип отурганы ушундан улам.

Задибай мерген Көчөр аксакалдыкына эки-үч күн түнөп, карышкырлар кайсы жактан келип, каякка кете турган багытына байкоо салды. Кашабаңдар жортуулга чыккандыгын сезген иттер дүрбөлөңгө түшүп, утуру кой короого жакындаган сайын ажылдашып үндөрү күчөйт. Карышкырлар кээде иттерге аралаша калып, кайра жок болушуп түн оогондо тиштерин шакылдатышып, дагы дареги билинбей бир топтон кийин алыс жактан улуган үндөрү угулуп калат.

Душмандын изин чалгындаган өңдүү Задибай бүтүмүн чыгарды.

— Бөрүлөр силер отурган Көк-Жондун ылдый жагынан келишет экен, кайра эле ошол жолу менен кетишет. Турагы алыс эмес, менин байкоомдо Көк-Жарда үңкүрү бардай көрүнөт.

Мергендин байкоосу туура болуп чыкты. Үй жайып жүргөндөр да Көк-Жардан карышкырлар чыгып, Кара-Таш менен өткөнүн көрүшкөн. Көк-Жар адам барууга ыңгайсыз жерде. Алды сай, үстү жагы занги. Эки капталы чычкандын мурду өтө алгыс чытырман. Көк-Жар дегендей жалаң көгөргөн борчук таштардан турат. Карап турган адамга сүрдүү көрүнөт. Жок издегендердин айтуусуна караганда көз ирме-шара болгондо, карышкырлар көрүнүп, кээде түнкүсүн улушат. Задибай мерген Көк-Жардын маңдай жак бетиндеги жаңак токоюнун арасында жүрүп иликтей баштады. Түн киргенде үйүнө кайтып, таң азандан карышкырлар жортуулунан кайтаар убактан мурун келип аңдыйт. Алардын олжо издеп чыккан маалы, жүргөн жолдору белгилүү болду. Эң алды көк жал карышкыр жол баштайт экен. Калгандары анын артынан калбай ээрчишип, далдоо менен

жүрүшөт. Кээ бир жерлерден сойлоп, секирип өтүшүп, шаңшып катуу кетишет. Шек боло калганда жыт алышып, токтоп тыңшап, тунжурап тынчтык боло түшөт.

«Эми колго түштүн»—деп койду мерген ичинен. Бирок алдыда кыйындык турду. Көк жалды атып алса болот. Анткени менен калгандары кутулуп кетет. Карышкыр кармап жүргөн капканын салса, бирок ошол маалда атып албаса бутун кажып чыгып кетет. Андан башка арга табылбады. Иниси Атабайды ээрчитип алып, саар менен карышкырлар кайтаардан мурун жаңак токоюнунун арасындагы эки ача алманын түбүнө капкан бекитти. Капкан көк жалды чапканда, Задибай мерген дагы бир эки карышкырларды атышка үлгүрүп калмакчы. Атабай да бирөөнү сулата койсо ажеп эмес. Экөө өңгүттө жанаша жатып, караган чердин арасынан капканды чынжырына чейин жаап коюшкан жакта көздөрү. Токой ичин жарык аралап, бак-дарактар шуудурап, шамал ыргайт. Мелүүн салкын уйкуну таратып, көөдөндү сергитет. Шатыраган добуш угулуп, кашабандардын келе жатканы байкалды. Утуру жакындаган сайын айлана сүрдүү көрүнүп, жүрөктөр дүкүлдөп согот. Али алдыда эмне болоору даркүмөн. Карышкырлар бир аяк жол менен келе жатышат. Жүрүштөрү катуу. Бир убакта Задибай мерген алыстан көрүп жүргөн көк жал чыкты. Тумшугу менен жер жыттап коюп, оозун аңырдай ачып, тиштери арсайып, көздөрү пияладай айланат. Атабайга жырткычтардын пири Баян жабырдай эле көрүндү. Көзүн жуумп жиберип, кайра ачып абдан жакындан көрө баштады. Артындагылар башчысынан калбай ээрчишип, шаңшып келе жатышты. Көк жал капыстан эле тык токтой калып, анан алманын ачасынан секирбей, көз ачып жумганча чыңк ылдый ыргыды. Калгандары да аны туурап, заматта көздөн кайым болушту. Задибай мерген колунан жулдургандай туруп калды.

— Кексе көк жал жыт алып калды,— деди инисине, Эми булар жолун өзгөртөт. Көп күнгө чейин көрүнүшпөйт.

Мындан кийин Задибай мерген карышкырлар каяктан жол салаарын иликтей баштады. Эми мергенчи туугандарын ээрчитип аңдышка чыкты. Мурда Атабай менен барганын угуп калышканда алар бир топ таарынышкан.

— Мергенчиликти бизден үйрөндүң эле го,— дешти.

— Көп адам тоскоол болот.

— Анда өзүң эле барбайсыңбы? Корккоnуңан Атабайды кошуп алган экенсиң, Задибай — деди, азилдешип жүргөн айылдык бир адам.

— Мен го ээн токойдо карышкыр менен кармашканы жүрдүм, Мамырдын көк текеси ошондой жерде карпакурпа чыга калса, ушул дардайган көрүнүшүң менен «апа-а» деп бакырып качат элең,— деди Задибай.

Задибайдын мергенчи туугандарынын айткандарынча бар. Алар четтен эле мергенчи. Задибайды үйрөтүшкөнү да чын. Бирок, улуусу уунун артынан түшпөй кээде гана чыгып калды. Атабай эми машыгып, Задибайга теңелем деп жүрөт. Ошентип, Задибайдын туугандары Жоробай, Сакебай, Мукаш эл арасына белгилүү эле мергенчилерден. Уруу сүрүштүргөндөр Шаки уруусуна мергенчилик кесип болуп калды дешет.

## КЫРГЫН

Задибай мерген кайра пайлап жүрүп, карышкырлардын жаңы жолун тапты. Алардын эмки багыты тескери экен. Көчөр аксакалдын короосуна келе турган жолду баштагыдан узартышкан. Булардын да адамдардай эле амалкөйлүгүн кара.

Эми Бөөн-Токойго кирип бара жаткандагы имерилиштен тосо турган болушту. Задибай капканды кадуу жерге жик чыгарбай коюп, тегерек туюкка паанектешип, ар кимиси өңүттө сак турушуп, карышкырлардын өтүшүн күтүштү. Мурда Задибай мерген ок чыгармайынча, башкалары атышпайт. Кашабаң көрүнгөндө канча чыдамы кетсе да атууга укугу жок, кароолго алып тура беришет.

Бир убакта карышкырлардын келе жатканын көрүштү. Баары жер менен жер болуп жатышты. Үстүлөрүнө чөп, жалбырак жаап алышкан. Көк жал дагы алдыда. Күтпөгөндөй токтоп калышты. Бирок, капкан бут алдында турду. Эки жакты аңдагандай түрлөрү бар. Бири көк жалдан өтө басты эле, капкан чак дей түштү. Задибай мерген көз ирмем убакыт өткөрбөй, көк жалды атып калды. Беркилердин огу да чыркырады. Чаң-тополоң түшүп, ок жегени оңкосунан кетип, жаза тийип

калгандары качып кетишти. Капканга түшкөнү катуу булкунганда чынжыр байланган карт жаңакка ороло чабылып, бирок дароо эле оозу бутуна жетип, кажып кирсе болобу. Задибай аны торойто атты.

Көк жал капканга түшкөн карышкырга ыктап келип жан берген. Ок как башка тийген экен, кан жайылып, бычактай тиштери, тырмактары арсайып, көк тарам жүндөрү бириндеп, көзү жумулбай жатат.

## ТӨКМӨ ЫРЧЫ

Задибай мерген менен жакындан ынак болуп, бирок баарын угуп көрө электигиме таң каламын. Сурайм, айтып берет, күн-түн да аңгемелешебиз, бирок бүтпөйт. Ал баарын баяндап бергендей болот, кайра эле ал жөнүндө башка бирөөдөн башка окуясын угуп калам.

— А Задибай аке,— дейм, — Эргеш там жөнүндө айтпабсыз го. Ал жерде чокмор калтак менен эле жүздөгөн эликтерди боо түшүргөн турбайсызбы?

Ал кайра мага таң калат.

— Айткан жок белем, эсиме келбесе керек, айткандай болгонсудум эле го. А жок, аны сага ким айтты?

— Кошунаңыз Токтосун айтты.

Көрсө, кимге кайсыны айтканын унутуп калат турбайбы. Мен бирөөлөрдөн укканымы таарынган болуп сурасам, чын эле кайсынысын кимге эмне дегенин аралаштырып алганы чын.

Мен ойлойм, ушул убака чейин канча оңко тургузганынын эсебин билбей калса, өзүнүн эсинде калганы эсеби боюнча 52 аюу атса, илбирс жана карышкырларга кыргын салса ар бир окуясы көңүлдө кала бербейт да. Анткени, мен баарын уктум десем эле, башка бирөөлөр кызыктуу окуяларын айтып берет. Ошентип, мергенчи жөнүндө аңыз кептин аягы бүтпөй койду. Кызыгы эле аны менен канча жылдан бери таанышмын, сырдашмын, канча жаш айрыма болуп, небере менен чоң атадай болсок дагы сый гана тамашалашып да көнүп калдык. Мен алыстан издеп барам, ал кубанып тосуп алат. Экөөбүз тең сагынышып калабыз. Кучакташып көрүшүп, бир кумардан чыгабыз, анан түз эле жакын арадагы жаңылыктардан сурашып, маегибиз уланып кетет.

Жайкы күндөрдүн биринде дагы издеп барып калдым. Анын тамына жакындаганда Күрөбөс дарыясынын боюнда мага тааныш бир бай түп тал бар. Бир топ адамдар сейил куруп отурушуптур.

— О, Задибайдын досу келди,— дешип, дүрбөп турушуп мени тосуп алышты. Анткени, көңүлүбүз жакын болуп кеткенинен баары досу деп билишет жана ошонтип айтканына көнүп калгам. Бул сөз мага да жагымдуу учурап, өзүм да каниет алып калам.

Менден улам Задибай жөнүндө аңгеме башталды. Ар ким билгенин айтып калгысы келет.

Анын жашырын сыры дале жок, мени билип алсын дешет, экинчиден ал тууралуу уккан укпаганым менен иши жок, жазып алсын дешет. Мен баарын түшүнөм, аларга ыраазылыгымы сездирип кайра тактап сурап кирем.

Сөз ар кандай, ар ким билгенин айтат. Бир туруп мергендин туугандары жана Задибай үйрөткөн кишилери жөнүндө болду. Мен да кызыгып блокнотума Жумаш, Атабай, Атабек, Шанаң, Чоңмурун, Жумабай деп жазып алдым. Булардын баары кыл мерген болбосо да, Задибайга жардамчы болушуп же өзүнчө уучулуктун кесибин аркалашып, бирок мергенчилер. — Бул балчы, Задибай экөө аңчылыкка көп чыгат, ал жөнүндө ыр да чыгарган, — деп тааныштырып калышты. Аты жөнүн сурасам Орозалиев Мурзабек экен. Кандай ыр чыгарганына кызыктым. Ал сөздү алыстан баштады:

...Мен аны менен көп эле жолу ууга чыктым. Сексенге чыккаңы менен жөө теңелип басалбайсың, таң калам, шамалдай кетет. Не жетсем, акактап калганым билип, алыс барып күтүп турат. Анысынан да мунусу кызык. Бир жолу кайдан экенин билбейм, ушу сексенге чыгып калганда эле, бир топ адам келди. Анын арасында бир орус бар экен, ошолордун начальниги окшойт кейпи, ал дагы мергендин даңазасын угуп кызыгып келген. Задибайды көрүп эле айнып калса болобу:

— Какой он мерген, шутите вы со мной, старик еще, — деп бирар кыргызча аралаштырып нааразы болуп калды. Тоого да баргысы келген жок.

Бирок эртеси кошо жөнөдү. Кудай бетин салбасын Задибай мерген тоонун, зоонун бети менен шамалдай учуп бараткаңын көрүп өз көзүнө өзү ишенген жок. Ал орус чуркамак кайда, чокунуп эле отуруп калды. «Я

дурак ошибся» дейт кийин, кийиктин этинен шишкабак жеп жатып, кечирим сурады, орус эмеспи.

Апей, мен башка сөзгө түшүп кеткен турбаймынбы. Дагы бир күнү Задибай менен ууга жөнөп калдык. Жеталбай бара жатам, Жинди-Суудан өткөндөн кийин эле, кеттик деп кайра артына салды. Аң--таң болуп турсам өзү айтып калды. — Күн жаайт, узап кетипбиз, тезирээк үйгө жетип алалы.

Мен таң калдым, күн чайыттай ачык, түш болоюн деп калган. Чынын айтсам эч ишене бербедим. Ар нерсе ойума кетти, мени тамашалап жатат го, же үйүндө бир зарыл ишин унутуп калган. Арга барбы, кайра артынан ээрчип жете албай келатам. Басышын ого бетер замдатып калды. Мурду менен абаны искеп, жыт алганынан ишенип да калдым, анткени ал киши мени тамашалабайт эле да, өмүрүндө жалган айтканын билбейм.

Кайра айылга жетишке бир саат калганда тоолордун башында токумдай булут пайда болду да, заматта түрмөктөлүп кара булуттар сүрүлүп асмандын бетин каптап, жамгыр жаай баштаса болобу. Оюма кетти, бу киши барометр эле болуп калган экен деп. Бороон жүрүп, көз ачырбай шыбап берди, мергеним жел жетпеген желмаяндай келатат, утуру мени күтүп токтоп, жакындаганда жүрүп берип, көлшал болуп кирип келдик.

Өзүм дале чала-була жамактап ийчү өнөрүм бар эле, бирок бу сапар кантип төгүп ийгеними билбей калыппын:

Буурул тартып баш жагы,
Бубак тартып каш жагы,
Карыганда Задике,
Катуу чыга баштады.

Жаш адам жетпей артынан,
Тарсылдап тың басканы.
Сексенге чыгып калса да,
Даңкан урат таскагы.

Таамай мылтык атканың,
Үнү чыгат асканын.
Карыганда Задике,
Кайратыңан кайтпадың.

Ушул жашка чыккыча,
Оорудум деп жатпадың.
Айта берсин ырчылар,
Сизге арнаган дастаныи.

Задибай жөнүндөгү аңыз кеп ырчылардын кулагына жетти. Алар кыл мергенди көрсөм деп эңсеп калышты. Атүгүл атагы катуу чыгып келаткан Таирбек төкмө да бир учурашууну көксөп жүрүптүр. Муну Задибай мергенге айтып келишти. Ал минтип ырдаптыр:

Задибайдын атагын
Аңыз кылып эл айтат.
Жомокто да мындай мерген,
Болгон эмес деп айтат.
Барып көрөм акыры,
Анығын анын мен байкап.
Бирок чындык укканым,
Эл айтса эле эп айтат.

Жаз-Көчүүдө Задибай,
Мен Барпыдан боломун.
Бала ырчымын башынан,
Барпыдан алган соболум.
Барып көрсөм деп ойлойм,
Задибайдын тоолорун.
Төгүп ырдап берсем дейм,
Ашынган мерген жомогун.

Таирбек төкмөнү Задибай да угуп жүргөн. Бирок экөө көрүшө элек. Өзүнөн мурун ыры жетип, дилине жакын санап калды. Адагы эңсеп, төкмөнүн чачырап ырдаганын өз көзү менен көргүсү келди. Ошентип, экөө эки жакта биринин даңазасын бири угуп жүрүштү.

Тагдырды кара, Ачыда бир атактуу киши той берип мен да барып калдым эле. Кечирээк келгендиктен башталыш күндөгү улакты, эңишти көрбөй калдым. Бушайман болгонум Задибай мерген да, Таирбек төкмө да бар экен. Задибай мерген улакты катуу чаап, эл көзүнө бир көрүнүптүр, тим эле таарпа менен айтышат. Кудай акы,

анын улакчы экенин өзү да айткан эмес, мен да сурабапмын. Чоң торпокту топтон суурул чыгып, чоң кара аты менен айлантып, паттага дал апарып таштап коюптур.

Эмнеси болсо да эки атактуу адамдын ушу жерде болуп калганы мени таң калтырды. Эми сөз оролу ошондо...

# АҢГЕМЕЛЕР, НОВЕЛЛАЛАР

## БАЛАКА

Анда менин бала чагым...Өзөндөгү тунук булактын көзүнөн көөрөгө суу көтөрүп келсем, атам эшиктин алдында көчөт отургуза турган чуңкур казып жатыптыр.

— Апей, ата азыр күз эмесни, — дедим таң калып.

— Жаңакты күздө отургузат.

Атам ушинтип, мени сарайдагы көчөттү алып келүүгө жумшады. Караңгы бурчта кичинекей чыбыктын түбү ным топуракка бастырылып турган экен. Тартканда майда тамырларына доо кетпесин деп салааларым менен топурактын арасын ачып, көчөттү көтөрүп келдим. Бул ишке бир топ каныгып калгам. Эшигибиздин алды толо бак болуучу. Көбү мен эс тарткандан кийин эле өстүрүлгөн. Көчөт отургузганда чыбыкты дайыма мен кармап турам. Алып келишти, жерди казышты жана көчөттүн тегерегин топурак менен көмүштү атам өзү бүтүрөт.

Корообуздагы бак: өрүк, алма, алча, кыркалекей өскөн теректер. Арасында сегиз түп гилас да бар. Булардын канча экенин мен так билем. Анткени бекер убакта четинен түшүп санап кирем. Бул өнөкөт жыл сайын бир канча жолу кайталанат.

А жаңак жок болуучу. Андан калса анын эмне кереги бар. Үйүбүз Арстанбаптын өзүндө болгондуктан тегерегибиз бүт бойдон эле толгон токой жаңактарына жыш ыкшалган.

Күз чын эле «ак төөнүн карды жарылган» убак болот. Жер жайнап жаңак, үй деле толуп кетчү. Бирок үйүбүзгө тандап терип келчүбүз. Мунун түрү да көп, бышканда каңырты, чукума деп негизинен эки сортко

бөлүнүп — торгоймо, куш тумшук, төө жаңак делип айтыла берет.

Токойдун арасында өскөндүктөнбү же кичинемде жей берип көңүлүмө тийгендиктенби жаңактын мен үчүн баркы дале жок. Ошондуктан атам көчөтүн отургузуп жатканда анчейин жактырган эмесмин.

— Ата, мунун эмне кереги бар? Те-тигилер дале жетет го.— деп бет маңдайдагы токойду колум менен жаңсап көрсөттүм.

— Ап, балам... Атам ушинтип, анан андан ары сөз сүйлөбөй эле, мен кармап турган көчөттүн түбүн көөмп бүттү.

Жаңак бактардын арасында эмес, андан бери эшиктин алдына жакын обочо жерге тигилди. Бир эле түп.

— Ата, эмне үчүн бирөө эле?— дедим. Атам ал жакка бир ирет көз жиберип алып «ошол болот, балам», деп койду.

— Ата, мынабу токойдогу жаңактарды адам өстүргөнбү? Мен ушинтип сурап алып өзүмө-өзүм таң калдым. Чын эле буларды ким тиккенин билбейт экем. Аны азыр атама суроо бергеним мен байкап отурам. Андан калса жаңактын көптүгүнө көз жетпейт. Токойдон токой уланып, Арстанбаптын баш-аягы жок. Адыр-белести аралап чыгып түгөтө албайсың. Мейкинден-мейкинге созулуп чен жепейт. Менин сурай койгонум да ырас болуптур. Жаңакты кадимки эле учуп жүргөн каргалар эгет турбайбы. Кызык, алар тумшугу менен жаңакты көтөрүп алып, алыс-алыс канаты жеткен жерге чейин учуп барып, катуу тырмагы менен жерди чукуп казып, анан жаңакты тоголотуп көөмп коёт экен. Мен муну кайдан билейин. Ошондо бардыгын атам айтып бербедиби. Эгер бир түп көчөттү атам отургузбаганда бул суроо башыма келбейт эле.

— Азыр бош жерлерге адамдар өздөрү жаңак өстүрө баштады,— деп койду атам. Менде дагы суроолор пайда боло берди.

— Биз жаңактын көчөтүн отургуздук, а каргалар жаңактын өзүн эле ташып барып көөмп коёт экен. Эки түрү тең бирдей эле өсөбү же айрымасы барбы?

Атам аны шашпай түшүндүрө баштады... Айрымасы көмгөнү бир ар жылда жер жарып чыгат Өңгүчө жаңактын сапатына жараша убакыт кетет. Ал биз отургузган чыбыкка он жылда зорго теңелет. А он беш, отуз

жылдарда барып балака болот. Демек биздин тиккенибиз андан бир топ мурда балакалайт. Бирок кандай балака болсун он жылдан ашык убакыт болбой жакшы мөмөлөбөйт. А эртерээк болук түшүм берип калса, анда ал начары.

Жаңактын узакта жетилип, көптөн кийин түшүм бере баштаганынын себеби, ал эчен жылдарды арытып, кылымдар бою жашайт. А балакасы болсо элүү-жүз жылдарда барып анан бай түп жаңакка айланат...

Атам ушуларды айтканда көз алдыма Арстанбап токоюунун зор карааны кайрадан тутулду. Ар бир кайкалаган жаңактардын сүрү кылымдар бою жашап келе жаткандыгын күбөлөндүрүп турат. Кучак жеткис бай түптөрү табышмактуу менменсинет. Мага карт жаңактар кексе адамдарга окшошуп кетет. Бир түптүн өзүндө эле он ачага бөлүнгөндөрү бар. Муну жергиликтүү эл беш айрык... он айрык деп санашат. А эгер жыл түшүмдүү келип калса, сонунду ошондо көрүп ал. Кылда чокусуна чыгып ыргап, каккычтап күбүп кумардан чыгасың. Кызылдай жаңактар мондүрдөй жаап, жер жайнап калат. Анан терип түгөтүп көр. Арстанбап токою мына ушундай жомокко окшошуп кетет.

* * *

Атам ошол чырпыкты отургузуп, анан мага жаңактын тарыхын айтып бергенден бери көп-көп жылдар өттү. Атам эбак, мен айылда жүргөндө эле дүйнөдөн кайткан. Бирок бала чагымдан, анын ичинен атамдын бар кезиндегиден такыр унутулбай эсимде калганынын тирүү күбөсү ушул балака.

Чынын айтсам бул жаңактын кандай жетилгенин байкаган жокмун. Абдан жай өстү. Качан гана сөйкөлөгөндө бир билдик. Ошондо баарыбыз быйыл мөмө алат экен дедик. Жаңактын гүл ачкан белгиси ушул сөйкө байлаган убагы болот. Балаканын бутактарын жаап турган ар бир жалбырактын түбүнө илеп формасында өнүп чыккан уруктар сөйкөдөй илинип калат, анан мезгили жеткенде күбүлүп түшүп, жалбырактын түбүнөн мөмө байлайт.

Ошентип атамдын балакасы түшүм бере баштады. Жаңак каңырты экен. Анткени атам өзү атайы ушундайын тандаган да. Кандай мөмө берерин жаңакты карап туруп эле билчү, мен ушунусун үйрөнбөй калыпмын. Баягы көп суроонун ичинде сурап калсам болмок деп өкүнүп жүрөм.

Балака эшиктин алдындагы бактан алейне бөлүнүп турат. Жалгыз түп. Көзүбүзгө абдан жарашыктуу көрүнөт. Баарыбыз «Атамдын балакасы» деп коёбуз. Жылдын төрт мезгилинде ар башка өзгөрүп турат. Жазгысын денелери бошоп, анан кабыктары чыйралып, бутактарынын ар жеринен бүртүп, жалбырактарынын уңгусу ийнелеп чыга баштайт.

Жайында бою оорлошуп, жалбырак желге жеңил дилдиреп, шамал жүрсө катуу ыргалып, чайпалып жайкалат. Барган сайын чартактаган шактары ийилип, жалбырактары кудум кулакка сөйкө таккандай гүлдөө дооруна кирет. Анан көк угуту өнүп, тоголок жаңакка айланып, күн өткөн сайын чоңоё берет. Күзгүсүн жалбырактардын арасынан дондолой жаңактар шынаарлап бышып жеткенде сыртындагы көк кабыгы жарылып, же кургап калганда кызылдай жаңак бөлүнүп, топ-топ этип жерге түшөт.

Күз аяктаганда жалаң гана сары бариктери дирилдеп, шамалдын агымында сабынан үзүлүп бириндеп учуп турат.

Кышкысын көк-күрөң тартып, балаканын денеси бутактары менен гана калат.

Мезгилдин ар кандай учурунда топтошуп учуп келген канаттуулар да конуп өтөт. Кээде бутактарында кыркалекей тизилишип, жарашып калышат.

А мен үчүн жылдын бардыгы бирдей. Балаканы көргөндө атам гана көз алдыма элестейт. Алыс жактарда саякаттап жүрсөм да балака кылт этип оюма түшсө атамы кошо эстеймин. Ошондон улам муну эстелик үчүн өстүргөнбү деген ой да келет.

Мен азыр улгайып калдым. Шаарда жашаймын. Бирок ошол атамдын балакасын эч унутпаймын. Айылга барганда «Атамдын балакасынан» дешип чемоданыма жаңак салып коюшат. А эгер бир ар жыл катташа албай калсам «Атамдын балакасынын жаңагынан» ооз тийип кой дешип посылка жиберишет.

* *
*

Мен дагы жакындан бери кийин балдарым эскерип жүрсүн деп балака өстүрсөмбү деген ойго келип калдым.

# ОН—АЙРЫК ЖАҢАК

Акгүл шаарда, Канат болсо айылда жашайт. Болгондо да жаңак токоюнун арасында. Жашаган үйү даңазалуу Арстанбап менен Кара-Алманын орто чениңде. Өзү да ушундай жерде жашагандыгына аябай сыймыктанат. Али мектепке жашы жете элек болгону менен ал атасын ээрчип, көп жерлерге барып кайтты.

— Мектепке баргыча мени менен кошо жүрүп, көп жерди көрүп ал уулум, быйыл окуп каласың, анан каникул убагынан башка учурда чыга албайсың — деген атасы. Ошондуктан атасы бир жакка жөнөй туран болсо Канат да өзүнүн камылгасын көрө баштайт.

Бул сапар алар Алма-Ата, Бишкекке чейин келишип, Бишкектен абасынын кызы Акгүлдү алып, үйлөрүн карай жол тартышты. Акгүлдүн бул жакка биринчи жолу келе жатышы. Самолеттон түшкөндөн кийин Кадууга чейин машина менен, андан ары Он-Айрыкка атчан жөнөшө турган болушту.

Канаттын атасы чабдар күлүккө Акгүлдү учкаштырып, Канат тору бышты на алкынта минди. Жаңак токоюна кирип келгенде, аны кызыктырган жаңактардын ажайып көрүнүшү, чартактаган бутактарынын ар түрдүүлүгү болду.

Алар эми токой арасындагы чакан кыштакта. Ал атайылап кол менен жасап койгондой кооз. Жаңактар шактарын ыргап, токой арасындагы бадалдар шыбырашып сүйлөшкөнсүйт. Үйдөн-үйгө кирип чыккан балдар, отун-суусун, мал-тегесин тескеп жүрүшкөн адамдар. Борсулдап үргөн күчүк, мөөрөгөн музоо, маараган козу-улактар Акгүлдү аябай суктандырды. Канаттын үйү бай түп жанактын түбүндө эле болгондо да Он—Айрык жаңактын жанында экен. Акгүл ушуга аябай таң кала баштады.

— Канат, бул укмуштуу жаңак го?— деди ал ашыга.

Канат Акгүлдүн ушул жаңакка аябай таң калаарын билген. Аны үйүнө барганда айтып да берген, а бирок, Акгүл анчалык таңазар алган эмес.

Бул жаңак өзү чын эле укмуштуу. Түбү бир да, анан өйдөөрөктөн он айрыкка бөлүнүп, анын ар бири эле өзүнчө бир түп жаңактардан турат. Ушул жаңактын кайсы кылымдардан бери жашап келаткандыгына эч кимдин эсеби жетпейт. Айтылуу Арстанбап менен Кара-Алманын бир жеринен да мындай сыйкырдуу жаңак жолукпайт. Мындай жаңакты көрбөгөнүн адистер да ырастайт. «Жаңактардын падышасы ушул», — дешет алар.

Акгүл эртеси анын жанына келип, тегеренип карап жүрдү. Жаңак кечегисине караганда дагы башкача көрүнүп, жашыл тартып, күн нуруна кулпуруп турду. Он жаңакты киндиктеп турган түбүн кучагы менен ченеп чыкты эле, он алтыдан ашып кетти.

— Эми түшүндүм,— деди ал. Силердинн айылыңар эмне үчүн ушинтип аталат десе...Көрсө, жер аттары бекеринен коюлбайт тура!

# БАГБАН

Айыл арасы дайыма жаңылыкка кулак түрүп турат. Ал түгүл чоочун бирөө пайда боло калса дароо байкашып, анын ким экенин, эмне үчүн келгенин изилдей башташат да, аныгына жетишмейинче жөн жатышпайт. Мурда ошол адам тууралуу бирөөлөрдөн уккандарына божомолдоо жүргүзүшүп, өздөрү да анча-мынча кошумчалашып, айтылган сөз биринен-бирине өтүп өзгөрүп, акырына жеткиче бир топ созулуп кетет. Дегинкиси чоочун адамды өз көзү менен көрүп, оозмо-ооз сүйлөшмөйүнчө ар кандай божомолдоолор жүрө берет:

Мамытбек деген кишинин чакан айылга келиши да ушундай болду. Андан калса ал үй-бүлөсү менен көчүп келип, конуш жай таап отурукташкан. Эң кызыгы мурда бирөө-жарымы көрбөптүр. Ошондуктан чоочун адам жөнүндө эл арасында ар кандай сөз жүрүп жатты. Укканга караганда убактылуу жашап туруп, кайра көчүп кетет имиш. Иши кылып, эл топтолгон жерде сөз Мамытбек тууралуу.

43165
КОК-ЯНГАКСКАЯ
говзгкая библиотека

Эл сөз кылып жаткан Мамытбек өзү айыл аралап, эл менен тааныша баштады. Коңшу-колондору менен бат эле коюн-колтук алышып, жаңы мейманды чакырып кою салт боюнча үйлөрүнө коноктошуп же өрлүктөшүп турушту. Күн өткөн сайын анын ким экендиги, кайдан келгендиги жөнүндө сөз азайып, айылдагылар өз кишиси сыяктуу сезип калышты.

Албетте, Мамытбек үчүн бул кыштак анча тааныш эмес эле. Бирок баары эле көзүнө жылуу учурап, айлана-тегерекке кунт коюп, жөө аралап жүргөн күндөрү болду. Чакан айылдын кереметти күздүн жарашыгына ажарланып турган. Берекелүү мол түшүмдүн кирелери кырмандарга толуп, токчулуктун деми уруп турат. Талааларда, сарайларда кере жыйылган үймөк чөптөр. Элдин жашоосу жакшы экени бардык жагынан байкалып, аны күздүн берекеси ого бетер көркүнө чыгарган.

Айыл кенен түзгө жайгашып, тегереги адыр-белестер менен курчалган. Мамытбек кара топурактуу жердин асылдуулугуна ыраазы болду. Бир ууч топуракты жыттап көрдү. Көпкө чейин алаканында экчеп, кайра этияттык менен ордуна чачып койду. Анан айланага көз чаптырып, көңүлүндө бир нерсени издеп жаткандай. Анча-мынча өсүп турган тал-теректерге көңүл бурду.

Секидеги үйүнүн алдында отурган балдакчан Алтымыш Мамытбектин ушунусуна көңүл буруп, бул адам эмне үчүн өзүнчө эле убаралангып жатканына бир чети таң калып, ордунан жер таянып турду да балдагы менен Мамытбекти көздөй басты.

— Асалло-м-малейкум !

Мамытбек алик алып, экөө кол силкишип көрүштү.

— Жаңы мейман жердин асылдуулугун текшерип жатасыз го.

— Туура айтасыз, топурагыңар асыл экен. Бардыгын өстүрсө болгудай.

Бир-эки эле жаш айырмасы чыкпаса, экөөнүн курагы бирдей болуучу. Алтымыш согуштун катышуучусу. Оор жумуш колунан келбейт. Жеңил-желпи ишти буйдамга келтирбей аткарат. Тездиги, чапчандыгын карап турган адамды таң калтырат. Эгер эки буту соо болсобу тоону томкоруп, ойду омкоруп коймок экен. Ошонусуна карыялар кейишип:

— Түбүң түшкөн согуш нени кана кылбадың, болбо-

со Алтымыштай алптарды майып кылганын карабайсыңбы?— дешет.

Анан майдандан кайтпай калган айылдагы балдарды эскерип өтүшөт. Арасынан бирөө чыгып, кайгыга батып кеткендерди жемелеген болот.

— О, койсоңорчу, ал азаматтар курман болбой, Алтымышка окшогондор жарадарланбай жеңиш келмек беле. Согуш деген согуш да. Бул сөзгө кулак түрүп калгандар ырас дегендей унчукпай калышат.

Мамытбек менен Алтымыш көпкө чейин маектешип отурушту. Кептин башы топурактын асылдуулугу жөн үндө болуп, Мамытбек өз пикирин айтты.

— Жердин көркү бак-дарак Алтымыш, ушундай күз мезгилинде мөмөлөр ийилип турса бала-чакага жакшы. Мына элиңер сонун, жериңер асыл, а бирок бак-даракка көңүл бурбаганыңар түзүк эмес. Кыштактагы карыялар колго алышкан эмес экен.

Адыр-түздөрдүн бак-дараксыз турганын, арык жээк теринде гана анча-мынча тал-теректер өскөнүн айтты. Олуттуу кеп-кеңешти угуп Алтымыш ойлонуп калды.

— Чын, чын мен да анча элес албагамын. Мурдагы жылы сөз болуп барып кайра токтоп калган.

Мамытбек чакан кыштактын бак-дараксыз турганын чеки сезип, бирок өзүнүн оюн Алтымыштан башка эчкимге билдирбей, ичинен бушайман тартып, келерки жылдын жазынын келишин күтөт. Кыштакты кыдырып, көз менен божомол жүргүзүп, суу башаттарына көңүл бурат. Ал эң алгач өзүнүн эшик алдына бак өстүрүп көрөйүн деп чечти. Башка бирөөлөргө анткиле-минткиле десем кайдагы бир келген адам барбалээни баштады деп жүрүшпөсүн деген ойдо.

Мамытбек бир жолу Алтымыштын жакшы пикирин угуп, өз ичинен кубанды. Ал эгер жол-жобосун үйрөнүп алса бак өстүрө турганын айтып, Мамытбекти эмне дээр экен деген.

— Мейли,— деди Мамытбек,— көчөтүн өзүм тандап, алып келип берейин. Биринчи жылы короонун боор жак четине отургуз. Аман болсок кийин дагы уланта бересиң

— Ырас сөз, адегенден элс бардыгына көчөт отургузуп алайын деп ойлопмун. Сиз айткандай мурда үйрөнүп көнүп, анан көбөйтпөймүнбү.

— Маселе, анда да эмес, жакшылап карашта. Те-

терегин тосуу, арык тартып, убагында суу жиберип, ар бир түптүн өсүшүнө байкоо жүргүзүү зарыл.

Мамытбек мындан башка да багбанчылыктан аңгеме салды: — Айылды ажарына чыгаруу үчүн ар кандай даракты өстүрүп коё берсе болот. А бирок мээнет кылганга жараша мөмөлүүсүн асыраганга не жетсин, — деди Алтымышты ынандырып.

Мамытбек эл менен камыр-жумур болуп, күн өткөн сайын жаңы келгени билинбей, аны баардыгы өз кишидей көрүп калышты. Жөнөкөй, сыпайы, калыс адам экендиги айтыла баштады. Ал багбанчылык менен кесип кылып келе жатканын билишти. Ошондон улам көбү жакшы жөрөлгөнү күтүп. ого бетер ызааттап калышты. Бирок эл арасында терс сүйлөөчүлөр болбой коймок беле.

— О койчу, багбан болсо эле айылыбыз алма, өрүккө тунуп калмак беле.

Бак-дарак деген жыйырма-отуз жылда анан барып мөмө берет дешкендер да болушту.

Ушундай сөздөр Мамытбектин өзүнө да жетпей койгон жок. Бирок башынан көптү өткөргөн адам аларды элес албады. Адистигинин артынан түшүүнүн жана болжолун чектеп, иштин боло турган жагын көздөдү.

Кыштактын төр жагында Чоң-Күнгөй. Ал айылдын этегинен заңкайып көрүнөт. Тоо дейин десең ага чамалап жетпейт. Адыр дейин десең, тоо сыяктуу кырланып айбаттуу сүр көрсөтүп, жан-боор тартып. андан ары тикеленип кетет. Туу чокусу кырланып, жондонуп тоолорго барып туташат да оң жак оодарылышы ойдуң. Ал эми сол жак колтугу жылга болуп, бирок аны Узун-Колот деп аташат. Мына ушул оң жактагы ойдуңду Ой-Алча дешет. Алчага караганда караган жыштык кылып Чоң-Күнгөйдүн капталында майда бадалдар, бирин-экин мөмө бере турган бак өсүп, бирок түбү менен кыркылып кеткен. Ой-Алча тарабынын түзүнөн башталган боордо сейрек камыштар өсөт. Чоң-Күнгөйдүн ушул Ой-Алча жагындагы кыр жонунун оодарылышында билинээр билинбес суу жылжып чыгып. камышы бар жерге келип сиңип жок болуп кетет.

Чоң-Күңгөй өзү болсо күзүндө саргайып, жазында гана бир көгөрүп алат. Айыл боюнча байчечекей биринчи ушул жерге чыгат. Балдар кар кете электе байчечекей тергени келишет. Күндүн нурлары да эң алгач каптап, кар

жаз алды менен кетип, баарынан мурун ушул бетке малдарын жайышат. Ошондуктан чөп жакшы өсө албай тебеленип, күздө куурап, комсоо тартып, эки капталындагы Узун-Колот менен Ой-Алчадан болсо чөп буралып боо түшөт.

Мамытбек да ушул кыштакка биринчи эле бет алганда алыстан-алыстан анын көзүнө Чоң-Күңгөй урунган. Дүпүйгөн дарактын карааны болбогондуктан таштактуу адыр деп ойлогон. Бирок ага кийин дале назар салып, бирде-бирөөдөн сурап же барып көргөн эмес. Жогору Карынген айылына өтүп бара жатып Ой-Алчага келгенде камыштуу жерди көзү чалып, ат бастырып барып, жылжып аккан суунун тамчыларын байкап калды. Сапарын улантууга шашылган жок. Атын жашаңга тушап коюп, өзү өрдү таянып жөнөдү. Суу Чоң-Күнгөйдүн кыр жонунун оодарылышындагы чөп баскан караганчердин арасынан жайылып чыга тургандыгын аныктады. Анан утуру сарыгып, барган сайын азайып жок болуп кетет.

Ал эртеси таң-азандан ошол жерге чыкты. Суу жайылган жерди тегеретип, кетмен чаап көрдү. Кайра-кайра айланып, долбоор түзүп, көзү менен болжолдоп бир топко ойлонуп отурду. Төрт кулачтай жерден тамчылап гана суу сарыгып чыкканын изилдеп, бардыгын кошуп арык тарта баштады. Күчүнүн жетишинче терең казып келечегин байкаштырды.

Бул күнү жумушум бүттү деп Алтымыштын үйүнө келип түштү. Болжолунда эч болбосо билектей суу чыгарын айтты.

— Аны этекке түшүрүш керекпи, — деп сурады Алтымыш.

— Жо, аны Чоң-Күңгөйдүн өзүнө пайдалануу жакшы. Сууну бириктирип кыр-жон менен кырчоо сыяктуу арык тартса Чоң-Күңгөйдүн чокусунап жүз метрдей ылдыйга туура келет. Анан пружина сыяктуу айлантып, кол арыктарды этеке улап өткөрүп, арыктын кырларына көчөт отургузса, он жылдардан кийин мөмөсүн ооз тийип калабыз.

Мамытбектин жаз жарышы Чоң-Күңгөйдүн чокусунан башталды. Ал эртели-кеч ошол жерден көрүнөт. Түштөн кийин өзү жалгыз эмес, Алтымыштын баласы сабактан чыгып барып жардам берет. Кээде эки ат байланып калат. Көрсө, Алтымыш да келип, колу менен

болбосо сөзү менен дем берип, айран, жарма жеткирет. Эс алышканда андан-мындан кеп козгошуп отурушат.

Мамытбек тынбай караган-шакты түбү менен омкоруп, чөптү тазалап, суунун нугун издейт. Алтымыштын баласы Тыныч иштемчилдигин көрсөтүп, мен эле бүтүрө коём деп турат.

— Булак болуп эле оргуп чыга калса ээ аке?

— Чыкпаса, дале ушу суу жетишет.

Тыныч эс ала калганда кайра сурайт;

— Аба дейм, бу Чоң-Күңгөйгө бак өстүрүп алсак атагыбыз далайга кетет го дейм.

— О анда сенин мектебиңде чоң сөз болот.

— Сизди чакырттырып алып сүйлөттүрөт элек.

Тыныч Мамытбектин жардамчысы болуп калганына аябай сыймыктанат. Көзүнө көкөлөп өскөн бак-дарактар, ак, кызыл алмалар, эзилип бышкан өрүк, кайналы, шабдалылар элестейт. Ушундай болобу деп атасынан сурайт. Атасы аны ишендирет.

— Ал кезде сен чоң кызматта иштейсиң, анан Чоң-Күңгөйгө бак өстүрүүнү ачкандардын бири менмин деп айта жүрөсүң.

— Ата дейм, алма канча жылда мөмө алат, өрүкчү?

— Аны Мамытбек абаңдан сура.

Атасы жооп бере албай калганда эртеси Мамытбектен сурайт.

Ал бардыгын шашпай, жай түшүндүрүп берет.

Мамытбек көп мээнет менен сууну биринчи нукка салып алды. Андан кийин өзү айткандай кол арык казып, Чоң-Күңгөйдүн чокусунан курчоо салып өтүп, кайра ар бир арыкты жаа сыяктуу айлантып буруп утуру төмөндөтө отуз чактыдай кол арык казды. Эми Тыныч экөө көчөт отургузуша башташты. Бирок буга келгенде жардамчылар көбөйүп кетишти. Тыныч менен бир окугандар күн сайын келишип, Мамытбек көрсөтүп берген ишти бүткөрүшөт. Катар көчөттөрдүн жарашып калганына өздөрү сукташышат.

— Мөмө байлаганда укмуш эле болуп калат ээ.

Ушинтип кудундашып кобурашат. Төмөндө көмөктөшүп жүргөн Алтымыш:

— Балдарым!— деп үн салат, — мунун ыракатын өзүңөр көрөсүңөр. Мамытбек абаңар экөөбүз анда карып, гөргө кыйшайып калабыз.

— Көрүнгөн тоонун ыраагы жок, эми эле болуп калат, кандай жетилгени байкалбай, убакыт деген ушундай жалганчы болот деп,—Мамытбек анын сөзүн оңдойт.

Күн өткөн сайын иш аяктап, ар түрдүү көчөттөр олтургузулду. Балдар багбандын айтуусу боюнча бак-дарактардын көп сортторун билип алышты.

Алтымыштын жан маңдайында да алмалардын көчөттөрү пайда болду. Мамытбек болсо өз короосун камсыз кылып, долонону кыймакчы болгон Сыдыктын эшигинин алдында да, андан эки үй кийин турган Мурзабай абышканын короосуна да жаңылык алып келди. Айрымдары кечигип калышып, кийинки жылга камынышып, анан мурда бак отургузгандарын көрөлүчү деп ичинен байкоого алып жүргөндөрү да бар.

Эмнеси болсо да Мамытбектин багбанчылыгы аларды дүрбөтүп кыштакка жаңылык алып келди. Эшик алдыларындагы көчөттөр анчалык элес алдырбайт беле, тетиги айылдын этегинен эле көрүнгөн Чоң-Күнгөй кыштактагыларды козгоп койду. Бу кандай жорук болду дешип, убакыт таап чыгып барып кыдырып да көрүштү. Жол баштап көрсөтүп жүргөн Тыныч дегеле болбойт.

— Жүргүлө эми суунун чыккан жерине алып барайын, жакын эле, ушунчалык болду көрүп кеткиле.

Алар Чоң-Күңгөйдүн капталында ушундай суу бар экенине таң калып, бирде-бирөө элес албаганына, аны бейтааныш адам байкаганына ыраазы.

Кыштактагылар Мамытбектин иштемчилдигине, андан да көзү жеткендигине баа беришип, багбанчылыкты байырлаган мээнеткеч кишини барктап калышты.

Экинчи жаздын келиши Мамытбек багбанчынын жемиштүү жылы болду. Былтыркы чала калган жерлерди дүпүйтүп, айылдагылардын алгачкы ишке урунганы көчөт олтургузуудан башталып, жаңылык кирип адамдар шагы ийилген мөмөлөрдү элестешет. Карыялар болсо бак-дарак өстүрүүгө көздөрү жетип келсе дагы чыгынышпайт. Эч дегенде жол-жобосун айтып баш көз болушуп, колго алынбай калганына өздөрүн күнөөлүүдөй сезип калышты. Эми мына чоочун багбандын өнөрүнө кубанышып, жер көгөрсө, эл көгөрөт дешип Мамытбекти макташат.

— Бош жаткан жерлерге чыбык сайгыла, бардыгы тең өсүп калсын.

Ушинтип бала-бакыра, келин-кезектерге кеңеш беришет.

Алыстан комсоо көрүнгөн Чоң-Күңгөйдүн түрү өзгөрдү. Жаш көчөттөр каптап, жашыл тартты. Тыныч күн сайын ал жакты кайрылып карап албаса көксөөсү суубайт. Мектепке демдүү барып, өзүн башкача сезип, батымдуу сүйлөйт. Мурдагыга караганда балдар да сый маектешип, Мамытбек багбанга кантип жардамчы болуп калганын сурап калышат.

— Бир күнү атам колума кетмен-күрөк берип, те, Чоң-Күңгөйгө чыксаң Мамытбек абаң суу чыгарып жүрөт, жардамдашып кел.— деди.

Тыныч багбанга жардамчы болуп калган сөзүн ушундан баштап, анан кандай жумуштарды аткарганын айтып берет. Угуп турган балдар буга суктанышып, өздөрү кошулуп калбаганына ичинен өкүнүшөт. Тынычты алар «багбан бала»: же «кичинекей багбан» деп аташчу болду. Акжигит агай «Мичуринчи» — деп эркелетип коёт.

Тыныч үйүндө жок болсо эле Мамытбек абасыныкында болот. Чу коюп барып, сабактарын да андан даярдап, эртеси ошондон ары мектепке кете берет. Ал үчүн эки үйдүн айрымасы жок болуп калды.

Мамытбектин багбанчылыгын ар кимге божурап айтып, сөзү жеткиче мактап, аны менен абдан сыймыктанат.

Башка жактан келген бейтаныш багбандын баркы ашып, улуу-кичүү урматтап көзгө ыманы ысык көрүнүп калды. Мамытбек анысына марданбай, кыштактын келечеги көз алдына келип, дагы деле чек коюп, кайсы жерге эмне өстүрсө боло тургандыгын иликтеп жүрөт. Кайда барса Тыныч кошо, багбанга окшоп көчөттөрдү имерилип карап, кандай жетилип жатканына сарасап салат. Мамытбек абасынан үйрөнүп алгандарын кайталап арыктын кере таштап, арык жээктеп, өр таянып багбанчылыктын кумарына батат.

Жыл өткөн сайын Тыныч'тын классы да жогорулап, Мамытбек багбан аны менен чоң адамга мамиле кылгандай олуттуу сүйлөшө турган болду. Бир аз жылда ал да онунчуну бүтүп, эңсеп жүргөн жагына сапар алаар, багбан ушуну эстеп алып ичи ачышат. Кыйынчылыкта бирге болгондой, биринчи чырпыктарды сая баштаганда Тыныч кол, бут болуп, көп иштерди бүткөрүш-

пөдү беле, ата-баладай жыты сиңишип, бирине-бири калканыч болуп калган өңдүү. Ушуга чейин Тынычтын кайсы жакка барып окуурун өзүнөн да, атасынан да сурабаптыр. Жүрөгүн өйүгөн ой менен Алтымыштын үйүн көздөй басып, жолгата санаага батты.
Бирок ички сезим эмнени тээп чыгып, кандай алекке салып атканын ал өзүнө-өзү түшүнгөн жок.

Багбан келгенде Тыныч атасы экөө жерге таш кынап жүрүшкөн. Аны утурлап тосуп алышып, дагы бир ирет Чоң-Күңгөй жакты карап турушту.

— Көчөттөр өсүп жатат, карабайсыңарбы караанын, — деди Алтымыш. Тыныч Чоң-Күңгөйдөн көзүн албайт. Мамытбек көңүлдүү Алтымышка кайрылды:

— Буларды го Тыныч экөөбүз баштадык дейли, ал эми уулуңдун кийин кайсы окууга бараарын сурабапмын.

— Тыныч өзү айтсын.

— Мен, — деди ал, — багбан абамдын жолун жолдоп эле токойчунун окуусуна барайын.

Бул күтүлбөгөн жоопке экөө тең таң кала түшүштү. Анан туура дегендей башын ийкешип, аталык сезим менен карашты. Мамытбек тамашалап:

—Мен иниститутту бүткөн эмесмин да,— деди.

Ушинтип азилдеп сүйлөп, абдан ыраазы болуп, Тынычты жонунан таптап, мойнунан кучактап Чоң-Күңгөйдү бет алып, колу менен жайкап көрсөттү.

— Те-тигине чырпыктар чынар болуп өсүп жатат, сенин балалыгың да ошондой...

# АКЫРКЫ ЖОЛУ

Эне бүгүн эң акыркы жолу барды. Бул жетимиш алты жыл жашаган өмүрүндөгү биринчи эрдик эле. Көк-Арт дайрасы чамынып агып жаткан. Толкун ашып, кайра нукту көздөй тартыла түшөт. Суунун эпкини, эненин бутуна чабылат. Дайыма ушундай. Эне дайраны карап тура берет. Дайранын шабылдаган добушу аны сергитип, алсыраган денесине дем берди. Кубанычтын көрөңгөсү козголду. Башка күндөгүдөй көңүлү чөгүнкү да болгон жок. Азыр дайраны сүрдүү карап турат.

Күркүрөп капчыгайды жарып чыккан дайра толкуп-ташып, миң түркүн түрмөктөлүп эненин алдынан өтөт. Секелек кезиндеги ойноок курагынын доорун ушул жерден узаткан. Азыр аны эстеген жок.

Дайраны карап турат. Аркы өйүзү жар. Бер жак оодарылышындагы чыңк өйдө кеткен машина жол туура Кыз-Көл айылына алып барат. Эне ал жол менен көп ирет каттаган. Азыр аны эстеген жок.

Дайра чамынып агып жатат. Эне кылактаган 16 жаштагы бураң кезин ушул жерде өткөргөн. Далай жолу толкунга аралашып, далай жолу аркы өйүзгө сүзүп чыккан. Дайранын түбүнө чач мончогун жоготкон. Азыр аны эстеген жок.

Бул сапар акыркы жолу эне сүрдүү турду. Мурдатыдай шашпай жүрүп, таштарды тизген да жок. Дайраны жээктеп, серүүндөп баскан да жок. Эне азыр баарын унутту.

Уулун гана эстеди. Бирок, баласынын торолгон жерин көргөндө баштагыдай жашыган да жок. Азыр кайраттуу, демдүү.

— Акыркы жолу — деди, ичинен, дайра кош бол! Уулун эстеди.

— Акыркы жолу — деди, дагы ичинен — Уулум кош бол! Кош бол. Кош бол. Кош бол. Кош бол. Кош бол.„

Дайра чамынып агып жатат. Эне уулун эстеди.

— Ыраазымын, — деди ичинен. Кош бол дегенин унутуп калды. «Ыраазымын уулум». Эненин көңүлү чайыттай ачыла түштү. Бүткөн боюн бир сезим бийлеп алды. Өзүп абдан жакшы сезип турду.

— Ыраазымын — деди, эң акыркы жолу. Мүмкүн эне ушунча жашаган өмүрүндө мынчалык ыраазы болбосо керек.

Үйүнө карай жөнөдү. Кумдарга түшкөн издери чубалжып кала берди. Дайра кала берди. Баары кала берди.

— О-ү-деди, — жолдо жолуккан аял, — жакшы бо луп калган турбайсызбы? Эне башын ийкеди.

— Ботом, жакшы болуп калыптыр, кечээ эле нары кетип, бери келип атат эле,— деген үн эненин кулагына шак дей түштү.

Эне үйүнө кирди да уулунун сүрөтүнө карады. Бул акыркы жолу эле. Төшөгүнө барып жатты. Бул да ак-

ыркы жолу эле. Уулун эстеди. Бул акыркы жолу эле. Көзүн чоң-чоң, бар-р ачып алды да кете берди..

— Байкуш — дешти, көмгөнү келгендер, — канчадан бери ооруду. Аябай кыйналды. Андан көрө ырас болду.

— Ботом, — кечээги аял ушинтип айтты, — кыйгырдай болуп баягы барып жүрчү дайра жактан келе жатат эле.

— Оңолуп кеткен экен дедик эле,— деди беркиси.

— Байкуш — дешти акыркы жолу.

Бирок, эне эң акыркы жолу уулуна чексиз ыраазы болуп кеткенин алар билишкен жок.

Акыркы жолу мүрзөгө алып жөнөштү.

— Бактылуу экен — деди, бирөө сөөктү жашырышып кайра келе жатышканда. Уулу баатыр болуп курман болгон ким бар? Андайлар аз да.

— Кап... де, согуш болбогондо уулу азыр өкүрүп турбайт беле?!

— Э. кызык экенсиң — деди, дагы бирөө — жеңиштк ошолор алып келди да. Эр азаматтар курман болбой да согуш болобу!

— Бактылуу экен — дешти, кайра баары.

Бул акыркы жолу эмес болуучу.

# ТУУЛГАН ЖЕРДИН ТОПУРАГЫ

Уюган түн. Айлана жым-жырт. Табыйгат түн караңгысына баш ийгенсип, керилген кең дүйнө уйкуга магдырап, ныксырагансыйт. Кээде гана үйдүн үзүгүндөй булуттардын арасынан калпыс көрүнө калган жылдыз жылт-жылт этип түн койнуна жарык шоола жибере коюп, алыстан-алыстан өчүп жанган чырактай бүлбүлдөйт. Ал эми аркайган аска тоолор да даана көрүнбөй, элес-булас караандайт. Ар бир кааранды көз талыганча телмире тиктесең да ачык таанылбай, түн караңгысы көздүн жоосун алат.

Бирок, аалам тынчтыгын түн катып, жол жүргөн Алым карыя экөөбүз гана бузгансыйбыз. Алым карыя ээрге кыйшая жайылып олтуруп, ат тизгинин эркин коё берип, жолката акырын гана сүйлөй жүрүп олтурду. Бирок, ал ар бир айткан окуянын аягына чыкканда, «Өх!» деп, үнүн созо катуу үшкүрүп, оор дем алат.

Азыр гана карыянын бүткүл мүнөзү мага өзгөргөндөй сезилет. Мен булардын үйүнө көп барар элем. Андан калса Баатыр экөөбүз өтө ынак болуп кеттик. Үйүбүз алыс болгону менен күнүгө дикилдеп жетчүмүн. Же Баатыр өзү келет. Ордо атып, топ ойноп чарчаганда үйгө да келбей түнөп калар элем. Эртеси келгенде үйдөгүлөрдөн жеме уккан күндөрүм да болду. Бирок, бара-бара эки үйдүн айырмасы болбой калды. Экөөбүз эч ажырашпайбыз. Ал түгүл чанда барбай калсам, Баатырдын атасы, ушул Алым карыя атайын чакыртып алчу. Мени абдан жакшы көрөр эле.

Анын оозунан көп жомокторду угуп, чын ынтаа менен ар бир нерсени сурай берчүмүн.

Алым 70 жашты кучактап калса дагы шамдагай, шайыр, эмгекчил киши. Бети бырыгыр тырышып, жайкалган куудай сакалдары жабалактап, чачында бир тал да карасы жок. Айрыкча, балдарга ынак. Кээлерин нукуп, чымчылап же колунан кыса кармап ойнойт. Анын сырын билгендер жакындаса эле качып жөнөйт. А мага андай мамиле кылчу эмес. Жөн гана мени чоң киши сыяктуу сезип, кайдигер аңгемелешет. Эмне үчүн андай экенин алиге чейин түшүнбөдүм. Бирок, өзү жөнүндө эч нерсени айтчу эмес.

А азыр, жалаң гана башынан өткөндөрүн кеп кылып бара жатат. Ар бир окуясы менин делебемди козгоп, учкул кыялга малкытып, алда кандай эргитет, көп нерселерди уга элек экендигимди эми байкадым. Биринен сала бири аянычтуу.

Албетте, Алым карыянын айткандарынын баары өт көн замандын каардуу кабарлары. Анын баскан жолунун ар бир кадамы өзүнчө эле бир татаал тарых. Ошондуктан, эски замандын элестерин эске салганда, көз алдына күнү бүгүнкүдөй элестеп, аргасыздан оор улутунууга мажбур да. Андан калса, ар бир айткан окуясы эле, укканга укмуш аңгеме, чубалжыган жомок.

Ал эми карыянын айткандарын зор ынтаа менен угуудамын. Алым карыя дагы да бир кызыкты айтчуудай комдонуп коюп, ат тизгинин ондой кармап, адаттагыдай олбуй-солбуй теминип, «Чу» деп койду. Жол улана берди...

...,Ошентип, балам кач-кач убагы кыргыз элинин башына түшкөн мүшкүл иш болду. Көпчүлүгүбүз ашуу ашып, бел басып далай жол жүрүп олтуруп, Кытайга

оол кеттик. А мен да аялым экөөбүз, үч балабыз менен Син-Суду деген сүткорго жалданып, иштеп калдык. Андан далай жолу кордук көрүп, кедейлерге тиешелүү энчибизди алдык. Көп жолу ачка калдык. Күндөрдүн биринде аялым катуу ооруп жыгылды. Анын себеби: арып-чарчап жол жүрүп, ары ачкачылык болуп, өлбөс оокаттын түйшүгүнөн болду го. Бирок, күн сайын оңолуунун ордуна, алы кетип, начарлай берди. Алсыз сүйлөп, эти катып сөөгү гана калды.

Бир күнү жумуштан келсем, бети жаман жоолугу менен жабылуу бойдон сулк жатат. Акырын гана бетин ачсам, көзү ачык. Көпкө чейин телмире тиктеп туруп калдым эле, бирок ал кирпигин ирмеген жок...

Тагдырга таарынган менен арга барбы? Эптеп-септеп жер алдына жашырдык.

Аялымдын өзүнүн алып жүргөн бир аз буунчак — түйүнчөктөрү болор эле. Ошонун арасынан дагы бир кичинекей түйүнчөк чыкты. Айтор, бир нерсе бар. Шашып карай салсам бир ууч гана топурак. Мына кызык. Бул эмне. Көрсө биз элибизден Кытайга келээрде, ошол жерден түйүп алган экен. Кез-кез бир нерсесин жыттап коюп жүрөр эле. Бирок мен ага назар салчу эмесмин. Ошол, ушул туулган жердин топурагы экен. Андан кийин аны мен катып жүрдүм. Ал азыр да бар. Аялыман калган белек ошол болду...

Алым карыя өзүнөн-өзү жашып бара жатканын мага билдирбес үчүн, үнүн жасап: «Э балам, туулган жердин топурагы алтын турбайбы»— деп калп эле какырынып койду.

# КАДЫРАЛЫНЫН ТАМАШАЛАРЫ

Беккулов Кадыралы Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Ак-Тоок кыштагында туулган. Ал балалыгынан жетим калып, бир тууган агасынын үйүндө чоңойгон. Кичинекейинен тирикарак, чыйрак бала болуп, шумдук, куулук менен чоң кишилерди да сөзгө оттой түшүрүп жүргөн. Колунда барлардын малын бага коюп, көпөс орустун үйүн карай коюп Шаршеңге окшоп алардын сазайын берип келген. Ал жүргөн жерден чуу чыгып турган. Уурулук же адамды келекелөө эмес, куу-

лук-шумдук жагынан баарына дайын болгон. Жетилгенде колхоздо иштеп, айылга биринчи комбайынчы болуп, анан активке илешип иштей баштаганда уруш чыгып кетип, биринчилерден чакырылып, майданга аттанып кете берет.

Согуш ортолоп калганда жарадар болуп үйүнө кайтат. Бир колунан ажырап келет. Колхоздо ферма башчысы, текшерүү комиссиясынын төрагасы болуп иштеп туруп, Кыз-Көл айылдык кеңеши боюнча почтанын начальниги болуп өтүп, анда өмүрүнүн акырына чейин кырк жылдан ашык эмгектенген. Анын көзү өткөнүнө аз эле жыл болду.

Кадыралы сөз өнөрүн баккан адам болчу. Жөн сүйлөчү эмес, ар кандай кебинде туздуу, терең маанисн болор эле. Аз сүйлөп, саз сүйлөчү. Мейли жыйында чыгып сүйлөсүн, мейли тойдо же элдин арасында болсун тамаша, шакаба, азил менен, ал эми чоңдорду катырып, азилкечтерини уктаса түшүнө кирчү. Ал атайлап сүйлөө искусствосу менен жасалмалап сүйлөгөн адам эмес эле. Тубаса угуту бар, турган жерден эле курч айтып ийчү. Ошон үчүн сүйлөгөн сөзү эртеси же ошол күнү элге бат жетип, ооздон оозго тарап кетүүчү. Айткан сөздөрү азыр кенч болуп калк арасында сакталып калды. Анын дагы барк алганы курч, өткүр, шумдуктуу сөзүн сүйлөгөндө күлмөк түгүл жылмайып да койчу эмес. Өзү олуттуу, таза, тыкан, акылдуу киши болчу. Өмүрдө оозуна ачуу алган эмес. Бу жагынан да баркы артыкчылыкты ээлеп турчу. Ал күлбөй, жылмайбай сүйлөсө да эл каткырып күлүп, кыйрап жыгылып калаар эле. Кадыралы өмүрүнүн баарын элге күлкү тартуулап өттү. Азыр да кеп кылышып, өзү бардай жыргап, куунап алышат.

Анын жубайы, он баласы калды артында. Алардан башка дагы баалуу калтырган мурасы ушул эл күлүп жүргөн тамашалар.

X X X

### Таене

Кадыралы таң азандан таанышыныкына барса төрдөгү төшөктө акчач киши уктап жаткан. Кобур-собурдан ал ойгонуп тура келсе:— Апээй, аксакал киши турбайбы, мен муну таенең окшойт деп олтура берипмин, — деген экен үйдүн ээсине.

## Согуму даяр

Кадыралы катуу ооруп жатканда тууган-уруғу жана колунда бардар Төлөнбай баш болушуп баары чогулушту. Кадыралы боюн түзөп, аларга мындай кеп уруптур:— Азыр эле жаналгыч жаныман жылбай акидей асылып аябай шаштымды алды. Акыры сөзгө кел дедим, мени эмне кыласың, колумда жок, союшка да эч нерсе табылбай балдарым кыйналат. Курсактары тоюшпаса көмгөнү келгендер да наарazy болушат. Эл да өлүк көмгөнгө окшошсун, карашын жеп жыргагандай болушсун, өзү бай, дүйнөсү көп тиги малы, согуму даяр Төлөнбай тууганыма эле бар дедим.

## Тооктун эти

Кадыралынын айылындагы мектептин мугалимдери отуруш жасап, Кадыралы тамак жээрде келип калат. Ысылыгына союлган жалаң тооктун эти экен. Кадыралы албай туруп алат. Тооктун эти көңүлүңүзгө тийди беле деп сурашса:— Жок-ок, канаттуунун эти да көңүлгө тийчи беле, өзүңөр билесиңер мурдагы деректириңер интернаттын тоокторун жеди деп үстүнөн арыз түшүп айдалган. Кокустан дагы мынабу отурган деректирдин үстүнөн арыз түшүп калса мен да илинип калып, сурак берип ар аптада сотто жүрбөйүн,— десе болобу.

## Сыйынуу

Теңтушу Мансур Кадыралынын куйкум сөзүнө көп түшүп жүрдү. Аны сөзгө жыга албай, дайыма алдырып коёт. Бир күнү Кадыралы минип жүргөн эшектин куйругуна кызыл-көк жиптерди байлап койду. Анысын эл көрүп, Кадыралыны шылдыңдап күлсүн дегени.

Кадыралы бул Мансурдун колунан келгенин билип, элге жарыя кылды:— Ой, шумдугуң кургур э-эй, илгери диннөздор мазардагы дарактын шактарына кызыл-тазыл чүпөрөк байлап сыйынышчу эле, а эми Мансур менин эшегимдин көтүнө сыйына турган болуп калыптыр..

## Кан дегенде...

Жаңы үйлөнгөн жигит Кадыралыга арзын айтып кейиптир:

— Турмуш кыйын окшойт, азыртан эле жүдөп калдым.

— А үкөм, азыр жыргалдасың, али, аялың төрөй берип, жөжөлөрдөй балдарың жууркандын жеңинен

колун чыгарып, ата-а нана дегенде көргүлүктү ошондо көрөсүң,— дептир Кадыралы.

### Аяз ата

Эртең жаңы жылды тособуз деп турганда Кадыралынын бир паста эле табы айнып, ысытмалап төшөктө жатып калды. Күүгүм аралаш эшик ачылып, кыйналып турганданбы көзүнө төрт буттап кирип келген бир неме көрүндү. Эмне экенин ажырата албай башы маң болуп турду. Түрү шумдуктун үстү башы муз менен кар. Кадыралы бир топтон кийин сакалын байкап калды. Мамытбектин көк эчкисиби деп боолголоп, кайра аяз атага түспөлдөштүрүп, капырай, бу жарыктык кандай эрте келип калды деп ойлоп, жүрөгү опкоолжуй түштү. Көз боочудай көрүнгөн неме жакындап, бет маңдай келгенде Кадыралы өзүн токтотуп, абдан сарасап салып караса, коңшусу эле Кызалак аксакалдын өзү. Көрсө ал жарыктык болгонунча ылжып мас экен.

—Э -хе,— деди Кадыралы, — шашке ченде, өөндө эки шишесин кучактап, сулап жатпайт беле, бу кургур сайда калып, тоңуп акыры төрт аяктап эптеп чыгып биздин үйгө урунган турбайбы. Кышкы аязда жаздым болуп калса не болот жаныбар?

Кызалак аксакал бир аз эсин жыйып, каерде отурганын байкады окшойт. Сүйлөйүн деп барып, ыктытып, тили будалактап калат. Бир топтон кийин тили араң күрмөөгө келип, Кадыралынын аялына карап: — Эт кууру?— деген ге үлгүрдү.

— Ата, кокуй ай, эт да жок эле,— деп Кадыралынын аялы карбаластап кейий баштады. Аялынын сөзүн ага угузбай жирен, Кызалак аксакалга.

— Мына эт, казан толо кайнап жатат, бышты, азыр бышат, — деп аялы кирге ысытып жаткан суунун булоосун көрсөтүп, алаксытты.

Кызалак аксакал үргүлөп күтүп отуруп, отурган жеринде жыгылып кош коңурук тартып, терең уйкуга кетти.

Кадыралы аялын жемеледи.

— Эси жок катын, эт жок дейсиң мас адамга, мына азыр дей бериш керек. Шалдырап, башы айланып турган неменин тоңуп калган денеси ысык меңтин табына жибишип, мына ушинтип эси соп калат. Эми эр болсоң ойготуп көр жинди катын!

## Жолдо

Кадыралы жолдо жөө баратып, арттан жете келген машинага кол көтөрдү. Ал шофер жактан тоспой тескери жакта турган эле. Машина токтоду. Бирок, олбурлуу шофер аябай жемеледи.

— Эй, дабдыр неме окшойсуң, жолдун бул жагында туруп кол көтөрбөйсүңбү. Кемпаам десе, бол түш, болбосо машина жүрүп кетет.

Кадыралы машинага чыгып, шофердун жанына «күп» этип отурду. Шофер дагы урушту.

— Акырын отурбайсыңбы, өзүңүн арабаң болсо да, муну, эшикти тарс эттирип жапканын.

— Мурда машинага түшкөн эмесмин,— деди Кадыралы момоорул. Шофер ага олурая караганда, согушта билегинен окко алдырган колун көрүп калды.

— Колуң эмне чолок болгон, арабага тебелеткенсиңби?

— Ооба, жок, ит каап алган!

«Дабдыр»,— деп шофер көпкө чейин каткырып күлдү.

— Бир топтон кийин Кадыралы:— Бул грузовой машинаны өзүң жасагансыңбы — деп сурады.

—Мындай машинаны машина завод чыгарат, колхоз аркылуу алгам. Кадыралы кайра сурады:

— Колхоз өзүңдүкүбү?

— А дабдыр, колхозду билбегенин, кемпаам, колхоз деген өкмөттүкү болот.

—Э-ке, тиги узун машина пахтаны тебелеп эле келе жатат го?— деди.

— Ал машина эмес, паиз, деген болот. Пахтаны тебелебейт. Өзүнүн темир жолу бар. Андан чыкпайт.

— Оюн салып эле келе жатат го?

— Башы жок десе, ал катуу жүргөнү!

Ош шаарына келгенде Кадыралы:— Аябай чоң совхоз экен а?— деди. Шофердун дагы ачуусу келди. Анан шаарды түшүндүрүп, чет жерге машинаны токтотуп минтти: — Сен эмнеге келдиң эле, мага айт, ала келем, бул кейпиң менен жоголуп кетесиң, кисабирлар да көп, союп кетет.

Кадыралы үч метр дукаба ала турганын айтты. Шофер ага машинаны кайтартып коюп кеткенден кийин Ка-

дыралы шаарга кирип, базарлыгын шашпай бүтүрүп, ордуна келип отуруп алды.

— Дукаба үч жарым метр экен, «жарым метрин айрып алып кала албайбыз» дегенинен, бүт эле алдым. Келе жарым метрдин акчасын?

— Мага үч эле метр керек болучу.

— Дабдыр, мен сага эмне деп жатам, келе акчаны, башты аңги-даңги кылбай!

— Ашык бир тыйыным да жок.

— А сен машинага отурганың үчүн жол киреге кайсыл акчаны бермек элең?

— Күзөгүнө күтүп турасыз. Нокотум бышканда сатып анан берем.

— Мен сени таанубасамчы?

— Эми тааныш болуп калбадыкпы,— деди Кадыралы.

### Доктурдан өтүнүптүр

Айылдык бир чоң Кадыралынын айылы Ак-Тоок тараптан дайыма союш жеп, өзүнүн айылы Караматка тийбейт экен. Кадыралы бир күнү тиш доктурга кире калса ошол чоң тишин суурутканы жатыптыр. Кадыралы доктурдан:

— Кадырман доктур! Жээк карышкыр эми колуңа түшүптүр, Карамат жактагы тиштерин тим коюп, Ак-Тоок жактагы тиштерин бүт сууруп сал,— деп сураныптыр.

### Сымкаттын талаасында

Кыш кычырап, бороон улуп, кар тозоңу бетбактырбай, Кадыралы менен кошо бир топ атчан Сымкаттын айдай талаасында келе жатышты. Бирок Кадыралы шашылбайт. Анткени ал кийиз өтүкчөн болуучу. Беркилери үшүй баштап, олбуй-солбуй темнишип, замдап узай беришкен эле.

Бир топтон кийин Кадыралынын жалооруган үнүн угуп калышты. Майын неме суукка кайыгып калдыбы, же бир нерсе болдубу дешип кайра чаап келишсе, Кадыралы аттан түшүп алыптыр.

— Бир аз аярлагылачы, бир бастыралы, бай, бай, бутум от менен жалын болуп ысып чыкты, кичине шамалдатып алайын,— деп кийиз өтүгүн чече баштаптыр.

## Самолёт

Аптапта, узак жолдо бир тобу жөө келе жатышты. Чарчап-чаалыгышып, курсактары ачышып, суусашты. Анан бири-бирине тийише башташты. Сөздөр азил-чыны аралаш чыгып жатты.

— Кап, муздак кымыз болгондо?

— Ах! Кыпкызыл дарбызчы!

— Эч болбогондо майлуу кабырга, куйрукка баскан палоо... Анда Кадыралы:

— Анысынан да, мунусунан да өзүбүздүн эле самолетубуз болгондо качан эле жетип алат элек а!— деди баарына суроолуу карап.

## Жылытма

Аялы дасторкон жайып түндөгүдөн калган тамакты жылытып, эми эле Кадыралынын алдына койгондо коңушусу кирип келди. Кадыралы аялына ачууланып:

— Ал ары, бул тамагыңды, жылытманы да адам ичеби, итке берет да,—деп табакты буту менен тээп койду. Коңшусунун «Кадыралы көпкөн экен, тамакты тээп кусур кыла баштаптыр»,— деген сөзүн угуп калган айыл аксакалы Кадыралыны чакыртып, жемелей баштады эле:

— Сизге муну ким айтканын билдим, маселе андай эмес, мындай эле, карасам тамак аз экен, эки кишиге жеткидей эмес. Анан ошол амалды таап, коңшум чыгып кетээри менен жылытманы өзүм бүт согуп алганмын, — дептир Кадыралы.

## Жарымы жалган, жарымы чын

Кадыралы аялын дагы коё берип, бир кемпирдин жубан кызына кардал түшүп, өзү эле барды. Аман-эсендикти сурашып бүткөндөн кийин «Сиз мага кайын эне болуп бериңиз» дейт. Кемпир Кадыралыга минтип айтат:

— Көп аял кетирдиң, менин кызымды да бир күнү жолго саласың. Андан калса ашка киришчээк, камчың катуу экен.

Кадыралы кыздын энесине:

— Айтканыңыздын ырсы да, жалганы да бар,— деп сөзүн баштаптыр, — бир жумада эле урганым болбосо, камчым катуулугу жалган. Ашка киришчээктигимдин жарымы чын, жарымы төгүн. Төгүнү суюк ашты бөлбөйбүз, чындыгы нанды аялым экөөбүз тең бөлүп алабыз. Өзүм бир жакка кетээрде унду өлчөп берип кетем.

Аялды көп коё бергеним бүт бойдон чындык. Анын да себеби бар. Аял дегенди отуз жаш курагына чейин урунуп, анан жаңылап туруш керек. Көбү анын мазесин билбей, алтымыш, жетимишке чыкса деле катын деп бир мешок сөөктү алып жүрө берет экен.

### Эстөө

Кадыралы түн бою уктай албай ойдолой берди. Аялы тынчы кетип сурады:

— Эмнеге эле уктай албай жатасың?

— Сени эстеп!

— Мен жанында элемин го!

— Жанында жатканда эстеп кыйналган жаман экен.

— Алыста жүргөндө деле мени эстейм дейсиң!

— Ошол алыста жүргөндө да сени эстеп... Бирок тынч уктап калганым жакшы эле.

### Үйрөтүү

Мыкты жазуучу болуу кыйын экендиги жөнүндө сөз болуп калды. Бирок, Кадыралы оңойлугун далилдей баштады.

— Кантип?— деп сурашты.

— Сен өзүң жазганыңды мыкты котормочуга орусча котort. Анан аны кайра кыргызча жазып чыкпай жаның жокпу! Тим эле мактап жатып калышат.

### Бир кара, бир ак

Кадыралы сүйүп калган кызы макул болбой жүргөн. Бир күнү сыр тартышып отуруп, эки машинасы бар экендигин айтты. Кыз таң калып:

— Койчу, эки машинаны эмне кыласыңар, — деди ичинен сүйүнүп.

— Минебиз, бири кара, бири ак волга.

Ошондон кийин кыз макул болуп, турмушка чыкты. Барган күнү машинаны байкаган жок. Эртеси да көрүнбөйт. Эки-үч күндөн кийин Кадыралыдан сурады:

— Кана машинаңар?

— Тигинде турбайбы,— деп Кадыралы тушалуу бир кара, бош турган бир ак эшекти көргөзүптүр.

### Сойчу элең

—Кадыралы, ыраса, тоок уурдачу элең аа, бир кезде?— десе, Кадыралы ага:

— Ыраса, сойчу элең аа, биз уурдаган тоокторду шылдатып,— дей салыптыр.

## Дүмбүл

Бирөө дүмбүл жеп жатып кыйкырып сүйлөй берет. Кадыралы жадаганда:

— Эшек дүмбүл жебесе бакыра албайт, — дептир.

## Кайната

Кадыралынын атасы кудасына барып келип уулуна айтып калды:

— Ээ балам, кайынатаң балаң ичет экен, кой дебейсиңби?— деди. Анда Кадыралы: — Ата, түшүнбөй калган турбайсыңбы, ал сизди айтып жатпайбы. — деген экен.

## Башка Карынбай

Чөп чапканы жардамга барып калсак Карынбай деген киши бар экен, — деп бирөө сөз баштаары менен Кадыралы:

— Ой, ал менин жан досум,— деди сүйүнүп аларга мактанганы.

— Өлгүчө ичкич неме экен, түрмөгө да олтуруп чыгыптыр.

— Аа, ал башка Карынбай турбайбы. Кадыралы ушинтип, аларга байкатбай сөзүн оңдоп кетти.

## Сиз каягына...

Даттанып келген Кадыралынын оорусун текшерүү үчүн врач аял анын кушеткага жатышын өтүндү. Кадыралы, кушетканын бир четине жайгашып, теңинен көбүн бош калтырыптыр.

— Ортосуна жатыңыз?— деп өтүнсө врач аял.

— Сиз каягына жатасыз?— деп сураптыр Кадыралы андан.

## Башында бир, аягында бир

Кадыралы шахматты да түзүк ойноп, өзү теңдүү атаандаштарынын чыйпыйын чыгарчу. Бир күнү мелдештик финалга катыштырыш үчүн жиберишти. Мелдеште атаандаштарга эки гана жолу ойноого шарт коюлган. Кадыралы кабаты менен жеңилип калды. Кайра келгенде сурашкандардан:

— Ырас, кыйындар тандалган экенбиз, мен да калышпай ат салыша бердим. Бирок башында бир, аягында бир утулуп калдым,— деди.

## Кантип жүрөсүң үке

Бою эпсиз узун жигитти көрүп, Кадыралы таң калып, аяк-быягына өтүп карай берди. Акыры ал жигит:

— Мага эле мынча кызыгып калдыңыз,— деди.

— Кызыкканым жок, тим эле айран-таң калып жатам. Ушунча бийик болуп турасың, башың айланбай кантип жүрөсүң үке?— деп андан сурады.

## Өзүн-өзү менен

Көп ичишип башы оорушкан экен, эртеси толо бир стакан арактан тартып жиберишти. Закуска жок заарканышып, жыттарга бир нерсе издеп калышты эле Кадыралы:

— Арактны өзүн-өзү менен тим койгула,— деди.

## Киргизбей коёт элем

Аялы кыялданып калды:

— Эгер иштебей жыргап жашай турган жай болсо, а жакка жиберүүгө мага буйрук берсе, биринчи сени жөнөтүп, анан өзүм барат элем.

— Башкалардычы?— деп сурап калды Кадыралы аялынан.

— Башкаларды жөнөтпөйт элем.

— А мен сени ал жерге киргизбей коёт элем, — деди Кадыралы.

## Опурталдуу жерде

Бир топ адам жол жүрүшүп, узак сапарда опурталдуу жерде түнөп калышты. Буюмубузду ууруга алдырып ийебизби дешип чочулашат.

— Мен бар жерде түк коркпогула, Карынбай баарына ушинтип тыңсынды эле, Кадыралы анын сөзүн кубаттады:

— Ырас, ырас, Карынбай менен дөбөт бар жерге ууру жолой алмак беле.

## Сөөктөн чыккан сөз

Кадыралы менен бирге иштегендер кожоюну болушуп палоо жешип калышты. Тамактын арасында бир гана устукан эт бар экен. Албетте аны кожоюнуна коюшту. Ал сөөктү мүлжүй берип, отургандардан:

— Кана аксакал палоодон баштап бериң, биз тамактан жеп отуралы — десе:— Азыр, мен сөөк кажыганды жакшы көрөм — деди.

— Ошондой, сиз жөө баратсаңыз деле, машина ме-

пеп баратсаңыз деле иттер артыңыздан калбай ээрчип алат,— деди Кадыралы.

### Ыргытып койду.

Бу сапаркы палоо жеште сөөк Кадыралыга тийип, бир тиштем эти калбаса дагы мүлжүй берди.

— Кадыралы сөөктү итке да калтыр?— деди кожоюну. «Ма» деп сөөктү кожоюнун алдына ыргытып койду.

### Ал сен

Таанышы Кадыралыга «наадан» деген сөз кандай деп сурап калды. Кадыралы ойлонуп унчукпай турса:

— Ой, ээй, океталй, сен да жооп табалбай такалган күнүң болот экен а?— деди табасы канып.

— Мен ал сөздүн маанисин толук эле билем, а бирок сени капа кылып аламбы деп турам.

— Эмне капа болом? Айта бер.

— А мейли, наадан акмак деген эле сөз.

— Акмак адам барбы деги?

— Бар.

— Көппбү?

— Мен билгендерден бирөө эле.

— Ал ким?

— Ал сен, — деди Кадыралы акырында.

### Дукаба

Бирөө кызыл дукаба берейин дегенин албай койдум деп Кадыралы эки-үч адамга айтып жатканын аялы угуп калды.

— Сен эмне үчүн албайсың? Эл табалбай жүрсө минткенин көр, үй жайдын, бала-чаканын камын ойлобойсуң,— деп кулагынын кужурун алып, тынчын кетиргенине Кадыралы: — Эй, жинди катын, сөздүн түбүнө түшүнүп туруп тултуңдасаң, мен аны түшүмдө көргөм, ошону айткан элем, — деп кутулду.

### Сыр

Кадыралы аялдардан кимди жакшы көрөсүң?—деп сурады жакын теңтушу.

— Бул жашырын сыр айтууга болбойт.

— Бир сырыңды мага айтып койчу, эч кимге айтпайын.

— Анан өзүң таарынбайсыңбы?

— Кудай урсун таарынсам, келе колуңду.

Кол алышкандан кийин Кадыралы минтип сырын айтты:

— Чынында сенин аялыңы жакшы көрүп. өлүп жүрөм.

### Түш

— Кадыралы экөөбүз бирге жүрөбүз дайыма, деги сенин түшүңө киремби?— деп сурап калды азилкеч теңтушу. «Ананчы»,— деди Кадыралы, — дайым эле түшүмө, киресиң.

Теңтушу сүйүнүп кетти.

— Кандай болуп?

— Кандай болчу эле, түшкө арбактар кирет да, ошондой болуп.

### Түбүмө ошол жетип жатпайбы

Карта кумарынын кызыгына баткан Кадыралыны аялы жемелеп кирди:

— Түбүңө ошол жыйырма бир жетип жатат.

— Эси жок жинди катын, жыйырма бир болсо жыргабайт белем, жыйырма эки, же андан ашык болуп кетип, түбүмө ошол жетип жатпайбы,— деди.

### Кыйын

— Манабу эшиктин алдындагы дүмбүрдү түбүнөн көөлөп койбойсуңарбы,— деп күпүлдөдү кожоюну кызматкерлерине.

— Ал оңой эле, мына азыр, а сизди көөлөш кыйын болуп жатпайбы!— дептир Кадыралы ага кайрылып.

### Чымын

Конокто отурган Кадыралыга үйдүн ээси битинеленип, тамак-аштын мазасы болбойт. Анан кожоюн утуру эле мактана берди. Анын ичинде үйүнүн тазалыгын, бир да чымын болбогонун мактанат. Кадыралы угуп отуруп:

— Туура айтасыз. көрүп турабыз үйүңүз абдан таза экен, бу чымын жапыбар да тамак-аштуу үйдө болот турбайбы!— деп үйдүн ээсин сөзгө жыкты.

### Эч ким кийбеген кийим

Кадыралыга бир күнү аялы эркелеп, кийбегенди кийгенин, ичпегенди ичкенин айтып, эми дүйнөдө бир да аял кийе элек кийим таап берсең эл таң калсын, — деп калды. Анда Кадыралы ойлонуп туруп:

— Эч ким кийе элек бир гана курмушу калды. Ти-

ги кой короону карышкырлардан кайтарып турган каракчынын ылатасын сыйрып алып, аңтара кийип чык, а эгер көчөдөгүлөр таң калбаса мага кел,— дептир.

### Үчөө батпаса

Дасторкондогу куурдак эттен бирөө ар алганда экиден жей берди. Аны байкап отургандардын арасынан:
— Эл бирден, а сен экиден согуп жатасың да, — десе, Кадыралы анын уялып калганын билип минтип ал «оңдоду»: — Оозуна үчтөн батпаса кантет.

### Жарым

Айылынан кетип, шаарда жашап калганына бир топ жыл болуп калган жердешиникине Кадыралы келип калды. Шаардык ар нерсени сүйлөп, айылдыктар андаймындай, түшүнүшпөйт, билишпейт дей берди.

Кадыралы анын калжыраганына чын эле зээни кейип туруп:

— Кайран гана досум, айылда бүтүн жан элең, бу жерге келгенде жарым болуп калыпсың, — деди.

### Ашыра мактоо

Кадыралы көпчүлүк менен турса бирөө келип калды.

— Кечээ Кадыралынын үйүнө барсам, казанын ыргыта тээп жатыптыр,— десе анын көзүнчө.

— Кой, антип мени ашыра мактаба, — деген тура.

### Катасын оңдоо

Кадыралы өңчөй жазгычтардын арасында болуп калат.

— Сен да жазасыңбы?— деп сурагандарга; — Ооба, бир да газета-журналдарды калтырбай жазып турам, — деди. Кадыралынын атын, фамилиясын сураштырса, эч ким билбейт экен. Бирок үзбөй жазам дегенин минтип оңдоду:

— Жазгандарымдын бирөө да жарыялана элек.

### Унчукпаганына караганда

Кадыралы:

— Каным көтөрүлүп кетиптир, кант жешке болбойт. Доктур ушинтип айтты, «Арактычы?» деп анын жанында турган бирөө сураптыр.

— Аны айткан жок, унчукпаганына караганда ичсе болот да.

### Тооктун этин бөлүштүрүү

— Кадыралы,— деди аксакал адам, — сен баарыбыздан кичүүсүң, эми бул алдыга келген тооктун этин бөлүштүр, бирок ар кимге өз тиешесин бер.

— Куп болот аксакал. Ушинтип шымаланып бөлүштүрө баштады:

— Төшү төштөн келген Төлөнбайга, буту кичүүсү жана аягында отурган ушу мага, мойну жирафтай узарган Мойдунбайга, а канаты азыр самолёт менен уча турган сизге, Сакебайга.

### Аюу

Килейген чоң киши менен жүргөн Кадыралы экөө кеп аюунун жанында сүрөткө түшмөк болушту. Килейгени:— Аюуга минип алайын, сүрөт кызык чыксын, — десе Кадыралы аны чындап эле минтип жемеледи:

— Таза кемчонтой турбайсыңбы, көргөндөр аюуга аюу минип алыптыр дешпейби.

### Өзүң

Бирөөнү көрүстөндө көөмп жатышканда Кадыралы жанындагы досуна кеп салат: — Карабайсыңбы, казылган гөр кычыраган эле таш чыгыптыр, мындай жерге өлүп да маза кыла албайсың, башкарма сенин тууганың го көрүстөнгө жаңы жер сурасаң.

— А болуптур, мен тууганыман жаңы жер сурайын, адегенде кимди көмөбүз?

— Сен өзүң турбайсыңбы?— деген экен Кадыралы.

### Экинчи өмүр

Кыялкеч бирөө Кадыралыга минтиптир: — Билсең, бир жаңылык ачсамбы деген түйшүктө жүрөм, ушундай адамдар эки жашайт турбайбы.

— Бир өмүрдү энтеп жашай албай жүрүп, экинчи өмүрдү эмне кыласың, — деп айтыптыр Кадыралы ага.

### Кечигүү

Бирөө Кадыралыга кеңеш салыптыр: — Сен кээде туурасын айтып койчу элең, мен качан өлөрүмдү болжол менен болсо да билесиңби?

— Анын сага эмне зарылчылыгы бар?

— Жакын калганда өзүмө күмбөз салдырып коёюн дедим эле.

— О анда мурдараак сурабайсыңбы.

— Эмне үчүн?
— Эми кеч болуп калды.

### Аял

— Бири-бирибизди тааныбай калган турбайбызбы,— деди артынан жетип келген, — алыстан көрүп адегенде аялга окшоштуруппмун. Кадыралы:— Далыман тартсаң чочуп кеткеним, мен да сени аялым окшойт дедпмин.

### Тууган сүрүштүрүү

Кадыралыга иши түшкөн бирөө келип, сүрүштүрүп отурсам, биз сиз менен кыйыр тууган болот экенбиз деген кепти айтты. А Кадыралы ого бетер жакындатып тапанданып:— Эгер маймылга чейин сүрүштүрүп олтурсак андан да жакын бир тууган болобуз,— дептир.

### Батпайт

— Эмне үчүн Манас кино болуп чыкпайт? Тургандардын ичинен Кадыралы: — Экранга батпайт да, — деп дароо эле жооп кайтарыптыр.

### Мактануу

Аялы төрөбөгөн бир киши айгырдан токтобогон бээнин жатынына муз салса токтоп калат деп мактанып калды. Анда Кадыралы:— Аялыңы ошентип туудуруп албайсыңбы,— дей салса болобу.

### Өзүңү да

Кызык жаңылыктарга кызыгып жүргөн бирөө дүйнөдө 18 миң адам законсуз туулганын айтып калат.

— Өзүңү да кошо эсептедиңби?— деп сураптыр Кадыралы андан.

### Байкабай калуу

Милиция жол эрежесин бузган Кадыралыны кармап алды.

— Кызыл белгини көргөн жоксуңбу?
— Аны го көргөм, сизди байкабай калыпмын.

### Карыз

Кадыралы менен базарда жүргөн досу жанынан өтүп бара жаткан кайырчыга садага тыйын берсе, Кадыралы досун жемелептир.

— Уяты жок десе, ушундан да карыз алган экенсиң аа?

### Кийин айтам

Кадыралыдан иштеген мекемесинин башчысы кандай экендигин сурап калышты.

— Аны башчым кызматтан түшкөндөн кийин айтам, — деди.

### Эки оору

Оорунун түрлөрү жөнүндө сөз болуп калганда ошолордун ичинен экөө жаман экенин айтты Кадыралы.

— Биринчиси рак, экинчиси арак.

### Ыраазычылык-наразычылык

Аялы Кадыралыдан ушул учурда жаралып калганына ыраазы бекендигин сурап калды.

— Ыраазы элемин го, бирок, — деди Кадыралы, — же мен мурун, кийин, же сен мурун, кийин туулбай, экөөбүз туш келип калганыбызга гана наарaзымын.

### Пахта

Кадыралы жолуккан адам жакшы укпай түшүркөп, кулагым саал оор дегендей болду. Анда Кадыралы:— Кулагыңа пахта тыгып албайсыңбы?— деди.

### Сегизинчи

Чоң отурушта канча кыстаса да Кадыралы көшөрүп арак ичпей койду.

— Эми, — деди, — үйдүн ээси, — экинчи секретарь келип калды, ошол үчүн ичип кой. Кадыралы болгонун айтты: — Экинчи секретарь эмес, сегизинчи секретарь келсе да ичпейм.

### Жүз бир

Кадыралыга бирөө минтип айтат дейт: — Сенин кошунаң сөз сүйлөсө жүзүн тең калп айтат. Ага Кадыралы: — Сен өзүңчү, жүз сөз сүйлөсөң, жүз бирин калп айтасың, — деп жооп кайтарыптыр.

### Менден сураба

Коңшусу ээр сурап келет.

— Баламан сура, — дейт Кадыралы.

— Койчу кичине баладан да сурайбы?

— Анда аялымдан сура.

— Өзүң турганда аялыңдан да сурамак белем?

— Менден сураба деп кутулуптур.

### Бышкан бадыраң

Кадыралы бадыраң алганы базарга кирсе, бирөө өзү сатып жатканын аябай мактап калды. Бышканыбы,— деп сурады. Сатуучу ал бышкан-бышпаганын билбейт

экен деп ого бетер жандана түштү.

— Карабайсыңбы, сапсары.

— Анда тандаңыз.

Сатуучу сары бадырандардын баарын бөлүп: — Мына жалаң бышкандарын ылгап койдум, — дээри менен: — Мен алыс жол кетем, баргыча бышып калат, быягын эле алайын, — деп көк бадырандарды баштыгына шилеп салып алды Кадыралы.

### Сага алдатпайм

Алдамакчы болгон кишиге Кадыралы түз эле минтип айтты дейт:

— О, бурадар, менин Кадыралы экенимди билбейсиңби, аракка алдатсам алдатам, а бирок сага алдатпайм..,

### Качан баштадың эле

Бир жердеги отурушта баласы ичкиликти таштадым эле дегенин угуп алып:— А балам, качан баштадың эле? деп сураптыр, Кадыралы.

### Кырылгыр

Кадыралы чириген бай болуп турган убагында «Аябай этке таңкыс болдук го, бу кырылгыр элден да бир тиштем эт чыкпай калды», — деген экен.

### Үстү-баш

Айыл аксакалдары көрүстөндү тегерете тостуруу үчүн жана бирөө каза болгондо өлүктү көмүүгө кетмен, күрөк шаймандарын алууга түтүн сайын акча чогултушмак болушкан. Аны бергени-берип, бербегени кечендетип, намаз жумада:— Мадаали, Сабираали, Жумаали.., алигиче бере элексиңер, көрүстөндөн аяп уялбайсыңарбы? Топон уруунун наамына шек келтирип,— деп бирөө кыйкырса Кадыралы айтыптыр:— О топонду бийлеген билермандар, гөрүндө жаткан арбактарды тим коюп, мынабу жыртык купайкачан, жыртык тебетей Мадирайим тууганыңарга үйрүп киер үстү-баш алып берсеңер мурда.

### Атбагар

Кадыралы бригадирден унаа сурап калды. Ал атбагардын уруксатсыз бере албай турганын айтты.

— Бригадириң деле курусун, аялы күйөөсүнөн сурагандай, бригадириң деле атбагардын көзүн карайт турбайбы,— деген тура Кадыралы.

### Калп айтуу

Кадыралыны абышка шылдыңдагысы келди.

— Сенин апаң менен аялым эле. Кадыралы ого бетер андан өтүп, чочуп кетип: — Апей, кантип, сенин кызың менин апам го,— деди. Эми абышканын аябай ачуусу келди.

— Түш-ш, жаш бала да калп айтабы?

— А аксакал адам да калп айтабы анан?

### Жактыруу

Кадыралы дүкөнгө кирип: — Кайсылар сатылат,— деп сурады. Анын сөзүнө күлүп, сатуучу аял жылмайып жооп берди:— Көзүңүзгө көрүнгөндүн баары сатылат, кайсынысын жактырасыз?

— Анда мен сизди жактырдым, баасын айт,— деген дейт.

### Сооротуу

Сен мени келесоо деп айтыпсың. Досу ушинтип таарынса Кадыралы:

— Мен эл өзү билгенди эч бир туура эмес айтпаган адам экенимди сен жакшы билесиң го досум.

### Сүйүнүү

Кадыралы аялым жок деп алдап бирөөгө үйлөнүп алыс жакка алып барып коюп, ага анда-санда барып келет. Анысы таарынып сен жашаган шаарга баралы десе, дайыма , борбордо жүрө берсек бири-бирибизден жадап кетебиз, сагынышып жолугушкан жакшы деп ишендирип коёт.

Бирок күтпөгөн окуя болуп, эки аялы жолугушуп калып, жерде-сууда жок чоң чыр чыкты.

— Канчалык жашырсаң да иш жаман болду э?— десе жаңы аялы:—

— Жок, кайра абдан жакшы болбодубу, эми экөөң чечишип алгыла,— деген тура Кадыралы.

### Үчтөн кийин

— Үйүңдүн тегерегиндеги иттер үчкө чейин үрүп, чарчап, анан тынчыйт,— десе дайыма мас, чатак салып жүргөн коңшусу:— А үчтөн кийин сенин үнүң чыга баштайт,— дептир Кадыралы.

### Кошунабыздын жанында

— Үйүң каерде Кадыралы? — деп сурашса: — Кошунабыздын эле жанында,— деген экен.

### Өзүнүкүнөн башкасы

— Аялдын жакшысы кайсы?— деп Кадыралыдан сурашса, ал айтыптыр:

— Өзүнүкүнөн башкасы.

### Адашуу

Тайгак жолдо тыгылышып, Кадыралы бирөөнүн үстүнө жыгылып түштү. Мертинип калган киши ачуусу келип аны ит экенсиң десе:— Жок сиз адашып калдыңыз, мен Кадыралымын, — дептир.

### Камыр

Аялы камыр жууруп жатып, бир нерседен улам Кадыралыга ачуусу келип: — Ушу камыр менен урсам эмне болот элең шордуу?— дейт. Анда Кадыралы:— Камыр болом да,— деп чынын айтты.

### Унутуу

Өткөн сабакты сураса Кадыралы билбей калды.

Окутуучу: — Мен лекция өткөн күнү түшүндүм дебедиң беле? Кадыралы: — Лекция өтүп жатканда түшүнгөм, азыр унутуп калыпмын.

### Тууроо

Окутуучу аял класска кирер алдында, бир бала шумданып доскага чыгып, мугалимди туурап сабак өткөн болуп: — Кимде суроо бар?— деди.

— Менде суроо бар эжеке?— деп Кадыралы колун көтөрдү.

### Жумуртка

— Эмне үчүн жумуртка аппак? Ушинтип Кадыралыдан сураса:— капкара жумуртка да болчу беле,— деп ал таң калыптыр.

### Саат

— Саатың канча?— деп сураса: — Бир эле саатым бар, — деп жооп кайтарыптыр Кадыралы.

### Сураган эмесмин

Кадыралы койчу болуп турганда өлгөн козу тууралу ветврач чатак салып калды:

— Эмне үчүн өлдү?

— Аны, беш жыл окуган сен билбесең, мен каяктан билем, — деди Кадыралы.

Ветврач ачуусу келип дагы кысымга алды.

— Кечээ эле тирүү эмес беле?

— Ооба, өзүң көрдүң го, көзүңчө өлөм деп айткан эмес кечээ. Мунусун кайдан билдим, өлөсүңбү деп мен да сурабапмын.

### Оор

— Эң эле оңой суроодон баштайын,— деди мугалим окуучуларга, — таш оорбу же пахта оорбу?

— Экөө тең бир килограммдан болсо бирдей да,— деп жооп берди Кадыралы.

### Каракчы

Кадыралы ишине бир-эки күн болбой турганын айтып, катар отурган кызматкердин бирөөнүн шкафына китептерин салып коё турарын өтүндү. Ал — Менин шкафым деле кулуптанбай ачык, сеники менен айырмасы жок,— дейт.

Анда Кадыралы: — Таруу корук убагында чымчыктарды жолотпой чочутуш үчүн каракчы коёт, андан көрө сиз тирүү караансыз го, — деген экен.

### Айта бересиңби?

Бирөө автобуста ысып кеткенин айтып даттана берди. Кадыралынын жини келип: — Кайра-кайра эле айта берет бекен, костюмчан сен эмес, пальточон мен ысып кеттим,— дептир.

### Эркиндиктин шапары

Кадыралы командировкага келип калса эски таанышы үйүнө чакырат.

— Э койчу, үйүмүн түрмөсүнөн бүгүн эле чыктым, аз да болсо эркиндиктин шапарын тээ алайын, — деп айтыптыр.

### Сөздүк

Кадыралы сөздүк түзүп ыраса даңкталып турганда бирөө бир түшүнбөгөн сөздү сурап калса:— Сөздүктү караш керек экен, — деген тура.

### Жолугушуу

Көптөн бери көрүшө элеги менен жолугушуп калды Кадыралы. Беркиси ал-абалды сураштыра баштады:

— Ишиң кандай?

— Аны башчымдан сура.

— Ден соолугуң кандай?
— Аны врачтан сура.
— Турмушуң кандай?
— Аны аялыман сура.

### Тууган керек

Иниси Кадыралыга катуурак тийип койсо: — Мени көңүлүмө доо кетирбе иним, тууган керек, сен өлгөндө көмө турган мен, — дептир.

### Ошонусу жакшы

Сенин аялың сулуу эмес дегендерге: — Ошондою жакшы, силердин аялыңар сулуу, ошонусу жакшы мага,— дейт Кадыралы.

### Квартира

Кадыралы квартирага киргизет экен дегенин угуп калып, бирөө ага келет.

— Аялың сулуубу?— деп сурайт андан.

### Эки ит

Бирөө жайлоого барсам эл көчүп кетип, журтта бир ит калыптыр дегенин Кадыралы айтыптыр: — Сени менен эки ит болуптур да.

### Сакал

Мени аксакал дебейсиң деп бирөө Кадыралыга таарынып калат.

— Эми сага болор кепти айтайын,— дейт Кадыралы,— карыгандын баарын эле аксакал дей берип мен жинди болупмунбу? Сенин сербейген бир сакалың жок, ушинтип таарынганың уят эмеспи, аксакал деп эркекти айтат да.

### Түспөлдөш

— Мени кимге окшош экенсиң?— деп сурады Кадыралы жанындагысынын сөзүн чала угуп калып.

— Биздин айылда Жартыбаш деген чал бар. Ошого окшош экенсиң.

— Кызык — деди Кадыралы, улгайып калган ал кишиге кайрылып, — окшоштук боло берет турбайбы, сен дагы биздин айылдагы Кулжугач аттуу какжаңдаган кара кемпирге нак эле түспөлдөшүп кетесиң.

### Акча

Кадыралы магазинге киргенде сатуучу ага жаңы товарды сунуш кылып калды.

— Канча?

— 20 сом.

— Ка-ап, акча жетпей турат да,— деди Кадыралы.

— Канча жетпей турат.

—19 сом.

### Анан

— Эртең мени эрте ойготуп койчу, Кадыралы?

— Ой мен уктап калсам өзүң келчи, анан ойготуп коёюн.

### Кечирим суроо

Кадыралы базарда жүрсө бирөө катуу урунуп алды. Бирок кечирим сурабай кете берди. Кадыралы ага жете барып: — Иттик сизден кетсе кечирип коюңуз, — деди.

### Жоготуу

Бирөө буюмун жоготуп ийип, бүлүк түшүрүп, тополоң салып калды. Анда Кадыралы аны ого бетер күйгүзүп:— Жоголо электен мурда бар беле?— деп сурады.

### Идиш

Аялы ашкан айранын батыра албай, коңшусунан идиш алып келгени жөнөп жатканда соргоктугу жагынан айылда атагы чыккан Карынбай келип калат.

— Ана, идиш өзү келди,— деди Кадыралы аялына.

### Сүрөт

Кадыралынын үйүнө келген бирөө кооз кийинип түшкөн сүрөттү көрүп:

— Мен ушул эле кишн болуп калсам,— дейт сукта-нып.

— Анда өлгөнүңө так 15 жыл боло эле, — деди Кадыралы.

### Таарынуу

Апасы уруп койсо Кадыралы атасына таарыныптыр:

— Ата, ушул апамы каяктан алгансың, башка эле тапсаң болмок?— деп.

### Капа болуу

Жогорку айылдан алган келини келгенден кийин төрт айда эле төрөп койсо Кадыралы минтип капа болуптур:

— Жогорку айылдын кыздары төрт айга жетпей эле тууп коёт, баары оң келип, а менин тууган-уругумдун

кыздары турмушка чыгып не 4—5 жыл, не андан өткөрүп төрөшөт, маалкатышып.. же туубай да калышат.

### Орден

Үлгү көрсөтүп, жакшы иштеп орден-медал албайсыңарбы деп аким күпүлдөсө:— Силер бербесеңер, биз аны үйдөн жасап алалыбы?— деген экен Кадыралы.

### Адал өлүм

Кадыралы жылкычы болуп турганда анын чоңу келип калат. Ал өлүп жаткан бээни көрүп катуу тийди:

— Жылкы өлгүчө өзүң өлбөйсүңбү арам, — деди. Кадыралы коркпой-үркпөй эле ага мындай кеп урду:

— Аксакал мал экен ажалы жетип өлүп жатат. Ажал келсе сиз айткандай мен да өлөм, кана атаганат, сиздин да көрөр күнүңүз, ичээр сууңуз бүтүп, азыр менин алдымда мүрт өлүп кетсеңиз, анда ак да, адал да өлүм болот эле го.

### Газета

Катуу кыш түшүп, жем-чөп жетишпей, жылкылар арыктап турганда дагы текшерүүчүлөр келип калышат. Кадыралы колундагы газеталарын чабыранын кырына коё койсо ал шамалга учуп чачылып, жылкылар аны жыттагылап калышат.

— Булар эмне кылып жатышат?— деп сурайт келгендердин бири. Анда Кадыралы: — Көрүп турбайсыңарбы, бекерчиликтен «Правда», «Известия» газетасын окуп жатышат, — дейт.

### Чоңойгондо окушат

Туура эмес чыгарыптыр бу чыгарманы, балдар газетасы болгону менен чоңдор үчүн жазылыптыр дешип Кадыралыга сын айтып калышса:— Муну балдар чоңойгондо окушат,— деп кутулуптур.

### Радио

Кадыралы ооруканада жаткан тууганына барса ал чочуп кетет.

— Менин бул жерде экенимди кайдан уктуң?

— Радиодон уктум,— дейт.

### ...Карабайбы?

Бир хирург жөнүндө сөз болуп, адамга операцияны коркпой жасайт экен дешсе:— Өлгөн өлбөгөнүнө карабайбы?— деп сурады Кадыралы.

## Убада

Жоголгон ноопазым табылганда сатып акчаны берейин деп Кадыралы бирөөдөн чоң суммада акча карыз алды. Аларман көпкө чейин күтүп жүрүп, акыры жолукту. Кадыралы ноопаз табыла электигин айтты.

— Ноопазың качан табылат?

— Билбейм, анын так мөөнөтү жок да, табылганда сатып, анан акчаны берүүгө макулдашкапбыз, убадама турам куда кааласа.

## Ыргыткан таш

Кадыралы ыргыткан таш Карыпбайдын маңдайынын жанынан өтүп кетти. Карыпбай:— Жиндисиң го, көзгө тийсе эмне болот?

Кадыралы: — Көр болосуң да.

## Каба элекке

Кадыралы коңшусунун үйүнө кирсе эрди-катын кызыл чеке болуп мушташып жатышыптыр. Экөө тең ага арыз-муңун айтып калышты. Кимисине ишенээрин билбей башы маң болгон Кадыралы:

— Экөөң тең ит экенсиң, бирөөңө болушсам, бирөөң үрөсүң, эми мени каба элегиңерде качып кетейин, — деп шарт чыгып кетет.

## Балдар да

Бирөө кызмат убагында балдар редакциясына барып, эчкимди табалбай кайтканын Кадыралыга айтып даттанат. Анда Кадыралы:

— Сенин да эсиң жок экен балдар да, ойноп кетип калышат,— дейт ага.

## Кайда барам

Кадыралы аялы менен ажырашып, сот жүрүп жатты. Балдарды бөлүштүрүү жөнүндө мыйзам каралып, өз каалоолоруна койду. Апасына же атасынабы, кимисине калаарын бирден сот сурап чыкты. Бардыгы апасы отурган схамейкеге өтүп катар тизилип отуруп алышты.

— Эми эмне дейсиз? — деп сот Кадыралыга карады:

— Эми жалгыз мен кайда барат элем, мен деле балдардын апасы менен калам,— деди да, ал дагы ошол катарга өтүп отурду.

### Окууга алып келүү

Баласын жогорку окуу жайына окутуш үчүн Кадыралы тааныш мугалимине алып келди.

Мугалим:— Дегинкисин, балаңыз кандай, жакшы окуйбу?

Кадыралы: — Кызык экенсиң, жакшы окуса сага алып келип неге убара болом, начар үчүн алып келип отурам да.

### Сийиштуруу

Даараткананда бирөө Кадыралыга тийишип: — Атка окшоп шарылдатып сийет экен сиз, — деди. Анда Кадыралы ага: — Сен дейсиңби, бээге окшоп жылжытып сийген, — деп аны кайра иттей уят кылыптыр.

### Бекем болучу

Жер катуу тербелип Кадыралы өзү эле качып чыгып кетет. Кийин аялы:— Балдардын бирин ала чыксаң болмок, — десе, — үйдүн силер жаткан жагы бекем болчу, — дейт.

### Урунуу

Кадыралынын үйүнө бир аял келип жанжал салып калды. — Сен мага үйлөнөм дегенсиң, качанга чейин күтөм сени, же.,. Аялы күйөөсүнүн өзүнөн чын -жалганын сурайт,

Кадыралы:— Чын байбиче, сени отуз жылдай урундум, муну да бирар жыл урунайын, — деди момоорууп.

### Чатак сала электе

Эртеси дагы бир аял келет, мени алам дегенсиң деген сөз менен, аргасы куруган зайыбы бейтааныш аялга кайрылып: — Эми кимибиздин күйөөбүз боло турганын тытышпай эле чечип алалы,— дегенде Кадыралы экөөнө айтат: — Киминердики боло турганымы тезирээк айткыла, азыр үчүнчүсү келип чатак сала электе, — дейт.

### Таанышуу

Бирөө Кадыралыга «Чычканов» деп таанышты, андайда жөн жооп береби, «Мышыков» деп колун сунду ага.

### Он алты пуд

Килейип чочкодой семирген Карынбай Кадыралыны шылдындап калды.

— Кынжыйып жүрө бересиң, оңолбос болдуң, же үйүңдө тамак жокпу?

Кадыралы:— Семиздигиңе мактанба досум, жегениң бүт арам тамак, семизмин деп бекерге эле он алты пуд покту көтөрүп жүрөсүң.

### Пальто

Кадыралы менен Карынбай ашканада болгон чатакка аралашып калат. Капыстан кислота чачылып качып чыгышат. Эртеси Кадыралыга телефон чалышты.

— Иш чатак.

— Эмне болуп?

— Кечээ Карынбайдын чекесине кислота чачыраган экен, сөөгүнө өтүп кетип тешилип, оорукапага жеткирдик.

— Ой, ал эч нерсе эмес,— деди Кадыралы, — менин пальтом жаман болду, кислота тийген жерлери ойулуп, ойулуп түшүп калды.

### Өзүн сынап көрүү

Согуш убагында Кадыралы аскерге чакырылат. Ал комиссияда кулагы укпаганы жөнүндө даттанат. Канчалык кыйкырып сүйлөшсө да унчукпай тура берди. Акыры үйүңө бар дегенде жацылып кетип жөнөп калды. Калп экенин билген комиссиядагылар каткырып күлүп жиберишти. Кадыралы чоң ката кетиргенине өкүнүп, бирок анысын оңдоп: - эгер душмандын колуна түшүп калсам, ушинтип кулагым укпай дудук болуп кала аламбы, өзүмдү сынап көрдүм,— деген жооп таап-тыр.

### Паранжи

Кадыралы паранжи жамынган аялдын жанында жолдошуна: — Баягы ууру ушул, — деп көрсөтөт.

— Жок мен ууру эмесмин, — деп аял паранжисин сыйрып таштайт.

### Ого бетер тапандануу

Кадыралы бирөөнү күтүп контордо жалгыз отурса телефон шыңгырап калды. Тыңшагычты алып көтөрсө: — Ким бу?— деген үн чыкты.

— Мен-деди Кадыралы?

— Мен деген ким?

— Мен деп жатпайынбы!

— Атың барбы?

— Атым жок, жөө келдим, — деди Кадыралы тапанданып.

— Жок, өзүңүн атыңчы, атаңдын аты барбы?

— Атамын бир кашка аты болгон, азыр аты эмес, өзү да жок, дүйнө шейит болгон.

— Деги, кудай урган неме экенсиң?

— Оозуңа карап сүйлө, мени кудай урган эмес, мен да кудайды урган эмесмин.

— Кандай немесиң өзү?

— Өзүм чапжаак келген, чачыма ак аралаша баштаган..,

— Кой, а?

— Кой эмесмин, адаммын.

### Кыйын иш

Кадыралы башкарма болуп иштеп турганда, бирөө андан сурап калды:

— Бу ишиң кандай экен?

— Э, ичкен тамагың эле күчтүү болбосо, башкармалыгың деле кыйын иш экен,— деди.

### Үйгө киргизбейт эле

Кадыралы мейманда болуп, алдына коюлган козунун башын ыракаттанып жеп отурду. Андан кийин келген киши:

— Болду эми Кадыралы, итке окшоп эле сөөктү кемире бересиңби?— деди. Кадыралы ошол замат минткен тура:— Мен ит болгонумда сендей итти бул үйгө киргизбейт элем,— деп.

# АР КЫЛ ЫРЛАР

## МЕН БАРМЫН ЗАМАНДАШ

Көрүнбөй көптөн бери алыс калдым,
Унутулуп кетсе керек менин атым.
Баягы мүнөзүм бар сыр чыгарбас,
Мен бармын, мен тирүүмүн
замандашым.

Эми мен араңарга келип калдым,
Биерге алып келди күлүк атым.
Кыргызда «кел демек бар, кет демек
жок»,
Күнүгө силер менен жолукмакмын.

## ЖАЛБЫРАК

Сары жалбырак жерде жатты
саргайып,
Өткөн күнүн эстеп эми дуулаган..
Сабагымда турганымда үзүлбөй,
Анда кандай шапар тээп жыргагам.

Дирилдегем шамал урса күү чалып,
Бороон соксо канаттарым чапкылап.
Сайран курдум жаштыгыма курчалып,
Сынга толуп жашап турдум канча убак.

Чымчыктар да «чырк» этишип
суктанып,
Каркыралар учуп өтүп үстүмөн.

Күндүн нуру тийип жайык бетиме,
Күз алдында таңга жуук үшүгөм.

Балдар өтчү мени карап чалкалап,
Кыздар көрчү күндөн жүзүн калкалап.
Чабендестер чаап өтүп алдыман,
Кызыгышчу ар сулуулар ак тамак.

Бай түп дарак мени менен суйсалып,
Башкалардан зор көрүнчү бой салып.
Четте турган четин менен долоно,
Суктанышчу карай берип муңканып.

Жаштыгымда жашыл элем ыргалып,
Жай күнүндө жакшынакай нурданып.
Мына эми тагдыр буйруп жазмышта,
Жатып калдым чаңдуу жерге
булганып...

## КӨП ӨЗГӨРӨМ

Ырас өлөм, өлөр алды көптү көрөм,
Кайрадан көздөй тунук көктү көрөм.
Сыягым наристе эле бойдон калып,
Жыттуудан жыпар жыттуу кызымды
өбөм.

Өлөрүм чын, өлөр алды элди көрөм,
Жаңыдан пейилдей кең жерди көрөм.
Кыялым ойноок бала бойдон калып,
Таттуудан балтыр бешик уулумду өбөм.

Өлүм ак, өлөрүмдө турмуш көрөм,
Өзүндөй миң бир түрдүү көп өзгөрөм.
Ошол күнү мени кайра тууп алат,
Энелер уул төрөгөн, кыз төрөгөн.

## ЭНЕНИН УЛУКТУГУ

Көөдөнгө эне демин илеп алып,
Жүрөккө эне ысымын түйүп алып,
Жалындап жашап жатам өмүрүмдү,
Эненин улуктугун билип алып.

Энемин дидары ысык, мүрөк болуп,
Мээрими пейилиме түнөк болуп,
Жанымда бассам-турсам, сапар алсам,
Энемин өзү мага жүрөк болуп.

## МАРТЧЫЛЫК

Бешик толо бөбөк күлсө каткырып,
Бакыбаты жүрөк мээрин тарттырып,
Апакеси балкып жатса эмизип,
Ак эмчектен аппак сүтүн актырып.
Мындан артык жыргал барбы дүйнөдө,
Бах! Ушул го кыдыр даарган
мартчылык.

## ЖАШАГЫМ КЕЛЕТ

Тузу жок Севан суусунан,
Уурттагам буйруп жол болуп.
Ошондон бери келатам,
Иштеген ишим оң болуп.

Айлымда тунук булактан,
Жутамын дайым барганда.
Ошондон келем көп жашап,
Суусунан кубат алганга.

Нан, туз буйруп дайыма,
Каттап турам айлыма.
Жашагым келет, жашагым,
Мүрөк суусу барында.

## ТАҢДА

Мен кыздардай сулуу көрдүм,
Көлдүн таңкы бетинен.
Чымыраган толкундары,
Чертип өттү бетимен.

Ого бетер куштар болом,
Көлдүн кетпей четинен.
Балким, кыздар кылаасында,
Табышсын деп бекинген.

Мен балдардай сүйкүм көрдүм,
Тоонун чоку жагынан.
Кызыл тоолор магдыраган,
Аткан таңдын агынан.
Жарк дей түштү менин жүзүм,
Күндө ушуну сагынам.
Балким, балдар кайра келди,
Ойноп жүргөн жагынан.

Энелердей пейил көрдүм,
Аппак таңдын жүзүнөн.
Сергий түштүм моокум канып,
Сылагандай жүзүмөн.
Бойго кубат-дарман алдым,
Мээри менен күчүнөн.
Балким, ошол алп энелер,
Өмүр берген сүтүнөн.

## КӨЗҮМ ТАРТАТ

Сол көзүм тартат,
Жамандыктан кабар берген белги эле.
Жаш башыма түшөр кырсык эмне?
Кайып келип кара тоонун жанынан,
Ай, капырай, жел турабы белиме?

Сол көзүм тартат,
Суук тийбесе боюнда бар келинге,
Сел келбесе сээп бүткөн эгинге.
Жалгыз мага тийген оору кеп эмес,
Бир мүшкүл иш түшпөсө экен элиме.

Оң көзүм тартат,
Кабар берген кубанычтуу шарты бар.
Бүгүн бирөө тойун берчү салты бар.
Аппак келин Асан-Үсөн уул төрөп,
Каркыралар кайра айылга кайтчу
маал.

Оң көзүм тартат,
Бүгүн үйгө атынан мейман түшөөр,

Улуулардын улуу иши батман бүтөөр.
Алтын апам алыс сапар жолдон
кайткан,
Уулуна май даярдап камын күтөөр.

## ЭЛИК

Жүрүп тоонун түбүндө ышкын терип,
Чокусуна жөнөдүм чыккым келип.
Чочуп кеттим алдыман чыга калса,
Качкан экен кайдандыр жалгыз элик.

Чуркап барат күйүгүн мени көрүп,
Жүргөн өңдүү артынан мерген өңүп.
Чарчаганы байкалат жаныбардын,
Жыгылчудай мына азыр көмөлөнүп.

Мылтык үнүн бир жерден угуп корккон,
Алып качкан жаныбар жанын октон.
Чыга калсам алдынан капысынан,
Мергенчинин үрөйүн мага окшоткон.

Өлүм болуп көзүнө менин өңүм,
Түрү жаман ажалдай көрүнгөмүн.
Жаны чыгып жаныбар качып барат,
Кайдан билсин ал жерде жөн,
жүргөнүм.

Атып алса мергенчи жаныбарды,
Жаныбардын убалы кимге калды.
Барбай калса ал элик үңкүрүнө,
Жетим калат байкуштун улактары.

Аябайбы адамзат бечараны,
Муну айтышка эликтин тили барбы:
— Жетпей калсаң үйүңө эмне болот,
Элестетчи мергеним өз баланды.

Жүрүп тоонун түбүндө ышкын терип,
Чокусуна жөнөдүм чыккым келип.
Чочуп кеттим алдыман чыга калса,
Качкан экен кайдандыр жалгыз элик.

## УБАЛ БОЛДУ

Коңултак кийип эски жыртык өтүктү,
Жамактап тигип көйнөккө көк жипти.
Жокчулуктан бир маал гана өзөк
жалгап,
Заманга бап көргүлүктү көрдүкбү.

Жебей калып балдар болсо кантты
унутту,
Көптөн бери көрбөй калды конфетти.
Билишбей калды асал кандай экенин,
Бир сомго алып бир тоголок курутту.

Убал болду карыга да, балага,
Колунда жок бейбечара адамга.
Ошентсе да үмүт үзбөй алдыдан,
Тооп кылып турат Алла Таалага.

## ЧОТБАЙГА

Сен жазыпсың катты мага ыр менен,
Досторуңду баштагыдай келбеген.
Туугандарың катышыпай калганын,
Кайын журтуң кабар албай сээлдеген.

Мурда баары сага тыпбай келишкен,
А балдарын аяш ата дегизген.
Апта арбытбай ашка-тойго чакырып,
Тандап туруп күлүк атын мингизген.

Сен атапсың ошолордун аттарын,
Тизмек менен эч калтырбай катарын.
Көп достордун ичинен бир досуңдун,
Мурдагыдай дос боюнча калганын.

Туюптурсуң бар-жоктуктун кадырын,
Ошол бир дос миң досуңа татырын.
Ооруганда билип турмуш чындыгын.
Чечилиптир себеп менен акырын.

## АТАМ АЙТЧУ ЭЛЕ

Тоо башына чыгарда,
Эстеймин атам айтканын,
Эскертип коюп жүрчү эле:
— Э, менин эстүү балдарым,
Чокуга карай умтулсаң,
Жетмейинче кайтпагын.
Эбин таап чыгып бар,
Тепкичи болбойт асканын.

Деңизге сүзүп жөнөөрдө,
Унутпаймын кебин атамын.
Кез-кезде айтып койчу эле:
— Э, менин сергек уулдарым,
Толкунга көздөй умтулсаң,
Болжолуңдан кайтпагын.
Сүзүп өт ары жагына,
Ортодон кайра тартпагын.

Сакалын сылап койчу эле,
Көп эзбей сөздүн аягын:
— Ушул менин айтканым,
Насааты болот атанын.
Кулуну болуп элиңдин,
Бир ишине жарагын.

## ДӨӨЛӨТАЛИ МАМАТКУЛОВДУН ЭЛЕСИНЕ

Билесиңби, өз айылыңдын кими элең,
Сыналган жигиттердин бири элең.
Чапаевтей чабыштарга даяр турган,
Сен өзүң курч кылычтын мизи элең.
Аңкоосунуу, анткордукту кесип кылбай,
Бардыгына тегиз элең, түз элең.

Ооз барбайт суук сөзгө өлдү деген,
Ал үчүн тирүүлүктү кайра эскерем.
Боорукердик, кең пейилдик, колу
ачыктык,
Кошо туулуп калган өңдүү сени менен,

Дааналап, бадырайып арабыздан.
Марттыктын айкөлдүгүн көрсөтчү элең.

Муну айтып бекер жерден кейидимби,
Кайгырам жарап туруп бейитинди.
Сен дале баягыдай уктайсыңбы?
Болбосо музга айланып эридиңби?
Бирок уулуң Сулайман күтүп жүрөт,
Иштен кийин үйүңө келишиңди.

Билесиң жакшы көрбөйм өксүгөндү,
Кейиймин көрүп алып көрүстөндү.
Сен дале баягыдай турасыңбы,
Же гүл болуп жаңыдан өскөнсүңбү?
Бирок кызың Чолпонуң «ата келет...»
Деген сөздү кайталап айтып көндү.

А биз го келбесинди билебиз чын,
Бирок да жооп табалбай балаң үчүн,
Сураса шылкыйтабыз башыбызды,
Калп эле чалган болуп шаттык күүсүн.
Алабыз керегеден комузунду,
Кармалап үч буроосун, карап түсүн.

Наристе кайдан билсин мунубузду,
Сен үчүн өксүп жүргөн муңубузду.
Тагдырдын тардыгына каргыш айтып,
Шолоктоп бошотобуз муунубузду.
А бирок кайрат байлап, бел кылабыз,
Өзүңдөй көрүп туруп уул-кызыңды.

1970-жыл.

## ПЕНДЕ ДЕГЕН УШУ ДА

Көп улуулар өтөт экен кайгырбай,
Мурас калган эмгегине бел байлап.
Көп адамдар кетет экен ар кандай,
Эсте калчу өнөрү жок кур жайдак.

А мен дале ошолордун биримин,
Бир күн келип алып кетет шум өлүм.

Тирүүмдө өлчөп көрсөм өзүмү,
Жаратбапмын арбын иштин бирөөнүн.

Бирок дагы мураскорум бар экен,
Чындыгында айта турган баага тең.
Алар менин уулдарым, кыздарым,
Көз ачышкан ата-менен энеден.

Булар улап бабалардын урпагын,
Өмүр деген чаба берет тулпарын.
Эми кайра кейип турам башкага,
Дагы бирин унтаарын же унутпасын.

Кейигеним баласы жок бечара,
Ырас перзент болбогон соң не чара.
Карачы эми, мен өзүмү сооротуп,
Башканы аяйм, пенде деген ушу да.

* *
*

Кымбатынан, курбусунан айрылган,
Бирөөн көрсөм көңүл чөгүп кайгырам.
Бу түйшүктүн башка түшкөн оордугун,
Сезип турам сезимимен жаңырган,
Ошол балким өзүмбү деп чочулайм.

Аял көрсөм бакыт кушун учурган,
Татынакай татты турмуш бузулган,
Кейүүлөрдүн бир кордугу экенин,
Билип туруп көп азапка урунган,
Ошол балким өзүңбү деп чочулайм.

Жигит көрсөм ак ишинен кыйылган,
Калпысынан тайгаланып жыгылган,
Эмне үчүн андай эмес, мындай деп,
Кыйын суроо кыйнап турат кылымдан,
Ошол балким менминби деп ойлоном.

Келин көрсөм азгырылып адашкан,
Түз жолунан жарды көздөй бараткан,
Жүрөгүмдү өйүп турат ар качан.
Кутула албай жан кейиткен азаптан,
Ошол балким сенсиңби деп ойлоном.

* *
*

От күйөт чачыратып өз доорунда,
Жалын бүркүп, чок ыргып өз огунда.
Жалындуу жүрөгүмдү салыштырам,
Мына ушундай ысыктын булоосунда.

* *
*

Өмүрүм бир кылчайып келип кетти,
Жашоосун бу дүйнөгө берип кетти.
Денеси ыңжыңсыз гөрдө калып,
Өлүмүм о дүйнөгө чөгүп кетти.

* *
*

Бүтсө өмүрүм башка келип куу өлүм,
Күлгө айланып кетеминби чаң болуп.
Түбөлүккө жок экемин таптакыр,
Бүгүн эле бу турмушта бар болуп.

Жарк деп житкен жарык өңдүү өчөмбү,
Кайра өсалбай эч болбосо гүл болуп.
Убай тартып кейип келем эчен кур,
Ушул жагын беймаал убак ойлонуп.

* *
*

Гармониям калыс турмуш,
Алган сапар алыс жол.
Салтанаттуу катарымда,
Сайран курган сансыз кол.

Күндүз көктө торгой сайрайт,
Байчечекей жер жайнайт.
Бийик фонтан айланасы,
Балдар өтөт тайтайлайт.

Түндө элдин шарданында,
Жүрөк дүк-дүк демигип.
Көкөлөсөм көктү карап,
Жылдыз жалгыз зеригип.

Келем, келем ойлорумда,
Көөдөн толгон сел болот.
Менин сүрдүү тоолорум да,
Акылмандай ойлонот.

Менин кымбат сарсанаамда,
Дүйнө жатат чеги жок.
Жер жүзүнүн бардыгы асыл,
Жаман адам деги жок.

Менин мастык ойлорумда,
Кара мүртөз, митаамдар.
Кумарпоздор, даңгасалар,
Жойпуланган жалаптар.

## КАДУУЛУК ДОСТОРУМА ТАМАША

Кадуу бир деген жерим бар,
Дээринен март элим бар,
Досторум акбыз деп айтат,
Кай бdifferинде шегим бар.

Калың бир токой жаңак бар,
Айыбын ачпайт дарактар.
«Адашын» түнөп калышат,
Абдыла, Лалы, Сарыктар.

Көчкөнбай менен Анармат,
Акбыз деп дайым карганат.
Нуралы, Кочкор, Мурзалы,
Токойдо дайым кеч калат.

Карылар кекее байкашат,
Келиндер кээде кеч кайтат.
Жол таппай жүрүп калдык деп,
Дегеле жообун тез айтат.

Жанында турса алмалар,
Жакшысын тандап кармалар.
Жигиттер калбас арманда,
Он айрык жаңак далдалар.

## ОШ ШААРЫМ

Көлөкө түшүп дарактан,
Көчөсү көркөм жарашкан,
Жемиши дүйүм Ош шаарым,
Жамынат жашыл манаттан.

Тоолору менен сырдаштым,
Ак-Буура менен ырдаштым.
Көктөмдүү кечте Ош шаарым,
Көңүлдөш менен бир бастым.

Жаныма жыргал жараткан,
Жаштыкка сезим тараткан,
Саялуу чарбак Ош шаарым,
Самаймын эңсеп ыраактан.

## АК КӨҢҮЛҮМ

Кээде сен ак көңүлүм кетип калып,
Аябай зарыктырып сагынтасың.
Көөнөрүп күтө берип, көзүм талып,
Паанайым чөгө түшүп таарынтасың.

Дайыма өзүң бирге болгонунда,
Кең пейлим берекелүү сынга толот.
Көкөлөп көктө ырдаган торгойум да,
Мен менен абан созуп кошо болот.

А эгер ак көңүлүм сен келбесең,
Чыйрыгып муздай түшөт бүткөн боюм.
Ант берем менден алыс сен кетпесең,
Безери, кайрымы жок кырс болбойун.

Сен менен бирге болсун бүт өмүрүм,
Кетпечи калганымда капа болуп.
Караан туткан кең пейил ак көңүлүм,
Айыктырчы турганымда дилим ооруп.

## ЖҮРӨГҮМ ООРУЙТ

Жүрөгүм ооруйт, жүрөгүм,
Окшобойт башка ооруга.
Оорусу такыр окшошпойт,
Ашказан, бөйрөк, боорума.

Талытат десем да болбос,
Сыздатат десем окшошпос.
Толтосу ойноп өйүтүп,
Жүргөнсүйт оору бопбопбоз.

Ооруду десем жүрөгүм,
Ашыктык дебе оюңда.
Андай болсо мейли эле,
Махабат үчүн ооруса.

Жүрөгүм ооруйт, жүрөгүм,
Жүрөгүм ооруп жүрөмүн.
Оорубаса деп ойлоймм,
Жүрөгү башка бирөөнүн.

## ҮЙҮҢДӨ БИР КЫЗЫДЫМ

Үйүңдө бир мас болдум шарап ичип,
Мен ушуну самагам алда качан.
Аалам башка сезилет миң кулпуруп,
Көңүл чиркин көкөлөйт улам андан.

Үйүңдө бир кызыдым шарап ууртап,
Кызыл болуп көзүмө көрүнөсүң.
Сымапка эле сыныңы чайкагандай,
Күн нуруна көлкүлдөп төгүлөсүң.

Бир азга мен өзүмдү унутуп туруп,
Магдырап махабатка чөмүлөмүн.
Кызыгандай чын эле шарап жутуп,
Кызыл, жашыл, агыңа көмүлөмүн.

## СУРОО ЖАНА ЖООП

Күн чубактап отурган,
Кемпир көрдүң беле?
Көзү жашка жуулган,
Жесир көрдүң беле?

Теңдеши жок жол чалган,
Кеме көрдүң беле?
Баласынан айрылган,
Эне көрдүң беле?

Атасын таппай ыйлаган,
Бала көрдүң беле?
Коко тикен чыкпаган,
Талаа көрдүң беле?

Жаракөөрүн таштаган,
Кимин көрдүң эле?
Убайы жок жашаган,
Бирин көрдүң беле?

Эр эңиште кайгырган,
Балбан көрдүң беле?
Чарбагынан айрылган,
Багбан көрдүң беле?

Турмушунан адашкан,
Адам көрдүң беле?
Чаңга тозуп буланган,
Караан көрдүң беле?

Бутагынан жулунган,
Гүлдү көрдүң беле?
Мукамынан бузулган,
Үндү көрдүң беле?

. . . . . . . . .

...Бирок турмуш кайгылуу,
Заттан бүткөн эмес,
Болсо дагы айрылуу,
Бардыгынан ар элес..

. . . . . . . . .

Кемпир болсо кезинде,
Он сегиз жаш кыз болгон.
Жесир болсо эсинде,
Кучагына күн толгон.

Барда атасы ха-халап,
Уулу тай-тай ырдаган.
Жамгыр жааса чакалап,
Талаа балкып жыргаган.

Жигит сүйүп жубайын,
Махабатын балкыткан.
Бала тартпай убайым,
Эне сүтүн татыткан.

Балбан болсо бир кезде,
Жоону жеңип чыйралган.
Багбан болсо бирерде,
Жер батпаган мөмө алган.

Гүлдөр болсо күчүндө,
Жан сергитип жыт чачкан.
Мукам обон күнүндө,
Бүт ааламды таңшыткан.

. . . . . . . . .

Суунун тайыз, шары бар,
Жердин тегиз, жары бар.
Жапжаш, картаң сыйактуу,
Бул турмушта баары бар.

Эски менен жаңынын,
Өңүндө бар айырма.
Турмуштун да күүсү ар кыл,
Миң бир түркүн кайрыма.

Бөлүнүү бар ыйлаткан,
Кызыл өңдү кубартып.
Кошулуу бар кубанткан,
Кезегинде буралтып.

## АЙТКЫН ЧЫН

Кичинеден экөөбүз бир өскөнбүз,
Достугубуз кыяматтык дешкенбиз.
Бирок согуш ажыратты акыры,
Майданга биз башка-башка кеткенбиз.

А мен болсо али тирүү жүрөмүн,
Күбүр-шыбыр кебин угам бирөөнүн.
Достошкондо кучакташып, анттвшып,
Дешкен эле «Экөөбүзгө бир өлүм».

Анда эмесе кана ошол убада,
Ишенүүгө болбойт окшойт буларга.
Досу качан өлсө дагы согушта,
Жүрөт мобул, калбайт окшойт убалга.

Айтканы чын бир өлмөкчү болгонбуз,
Бир жетилип, бирге күчкө толгонбуз.
Жаман менен жакшылыктын бардыгын,
Досум барда тең ортого койгонбуз.

Бирок досум качан кайда өлгөнүн,
Калган жерин бирөө-жарым көргөнүн,
Издеп жүрөм, табуу кыйын болду го,
Кайсы күнү кимдер кандай көмгөнүн.

## АПАМ

Айылда, кызматымда, үйдө дале,
Көңүлүм толо турбайт апам бардай.
Апамдын бир көз ирмем элесине,
Жүрөмүн жакшынакай ыр жазалбай.

Каерде болсом дагы, кайда жүрсөм,
Орду жок медер берген мурдагыдай.
Апамдын кызматына теңеп көрсөм,
Анысын актабапмын бир да кылдай.

Сагынып кереметтүү жылуулугун,
Эстесем кусалыкка батып калам.
Апамдын теңдеши жок улуулугун,
Барк алып балдарыма айтып калам.

## УУЛДУУ БОЛУШКАН

Бирөөндө беш уул, жети кыз,
Кээ күнү тамак түт келбей.
Мынабу чалдуу-кемпирдин,
Ээнсирейт үйү көрк бербей.

Булар да уулду болушкан,
Бактына аалам тең келбей.
Бирок да тагдыр күйүнттү,
Бош калды бешик тербелбей.

* *
*

Минут саатка жалмашып,
Сааттар айга алмашып,

Күндө батса күн өзү,
Бирок кайра түндөсү,—
Асмандан ак ай басып...

Айлар жылга кошулат,
Жыл кылымга созулат
Жер чарчабай айланып,
Баары акылга байланып,—
Бир-биринен озунат.

Сонундардан сонун бар,
Замандардан заман бар.
Бир күнүнөн жаңылбай,
Баягы эле чагындай,—
Жашай берет адамдар.

## БАЛА

Ак жол тилеп, кол чапсак,
Басып калат тай-тайлап.
— Ата, ата! — де десек,
«Апа!» дейт о, атайлап.

## ЖАШОО ҮЧҮН АДАМЗАТ

Угузбачы өлүм деген немени,
Ким ошону каалай экен ээ деги,
Бир жаралып калган үчүн адамзат,
Жашагысы келет экен себеби.

Жар кучактап, бала сүйүп, бал ууртап,
Гүлзарларда сейил курчу ушул чак.
Мунун баары пешене тердин акысы,
Жаралганы жашоо үчүн адамзат.

Эне берген уул-кыздын бактысын,
Ата тапкан бул турмуштун таттысын.
А ким билет эртең бирөө таап алар,
Адамзаттын өлбөй турган ачкычын.

## ҮМҮТ

Жалгыз өзүм көп бөлмөлүү там салдым,
Бирөө айтат: «Бу кандайча кылганың,
Бир башыңа бир каанасы жетпейби,
Ашып калды эки бөлмө, бир залың».

Күткөн үмүт жаштыгымда ак тилек,
Жалгыз бойдон жалгыз калбас бир
жүрөк.
Жазып-тайып жаңылганым болбосо,
Кабагы ачык, ыманы ысык жар кирет.

Алды жактан түгөнбөгөн көп тилек,
Кенен үйгө уул менен кыз келет.
Ар бөлмөдөн күлкү угулат, анан биз,
Той өткөрүп турмакчыбыз күтүрөп.

## УШУЛ КЫЗ

Таштан-ташка урунуп,
Бышкан суудай ушул кыз.
Көлдөн-көлгө көп конуп,
Учкан куудай ушул кыз.

Көп жигитти таңдантып,
Ой ойлогон ушул кыз.
Менменсиген миңине,
Болбой койгон ушул кыз.

Ушул кызга көптөрү,
Жоодурашып таарынган.
Далай эрдик жасашты,
Ушул кыздын айынан.

Бирок кимдин кимине,
Болбой жүрөт ушул кыз.
Калыс туруп бирине,
Жыйналат бейм бүт кыргыз.

## АКЫН ӨЗҮ ЖӨНҮНДӨ

Мунум да чын, мен да бир күн өлөмүн,
Үйдөн чыгып гөрдү көздөй жөнөймүн.
Кайгы менен табытымды көтөрүп,
Ырларымдын ыйлаганын көрөмүн.

Кош айтышып, бир гана эмес, миң ирет,
Эч арга жок кайра айылга келишет.
Эл аралап сапар чегип чыгаарда,
Дайым менин кийимимди кийишет.

Анан кайдан ырларыма жолуктум,
Жүзүн көрбөйм эр көкүрөк тоолуктун.
Мага келбей калган менен ырларым,
Барары чын мында калган колуктум.

## ТУРМУШ СЕН

Турмуш сен кыйтыр белең, катуу белең,
Болбосо бийик белең, ашуу белең?
Канчалык каруу жетпес болсоң дагы,
Мелдешке чыкмакчымын сени менен.

Турмуш сен ээ бербеген улоо белең,
Анда мен кере тартып ооздук менен,
Бу жылдан а жылдарга аралай чаап,
Айылдан айылдарга минип келем.

* *
*

Турмушта жарыктык бар батпас күндөр,
Турмушта күңгүрттүк бар, кара түндөр.
Турмуштун жүрөгү бар соктура алса,
Турмуштун барсканы бар дүңгүрөтөр.

## КАПАСТАГЫ КУШ

Канаттарын кагынат,
Темир торго чабылат.
Чыйт, чыйт, чыйт, чырылыйт,
Алда кимге жалынат.

Барлыгына түшүркөй,
Күнөөсүнө түшүнбөй,
Бир учууга камынат,
Үмүтү түк үзүлбөй.

Канаттарын кагынат,
Кайра жерге чабылат.
Чыйт, чыйт, чыйт, чырылыйт,
Эркиндикти сагынат.

Чыккысы бар абага,
Сызгысы бар ааламга.
Кандай кылмыш кылдым дейт,
Торго түшүп калганга.

Канаттарын кагынат,
Кайра торго чалынат.
Чыйт, чыйт, чыйт, чырылыйт,
Бир учууга камынат.

## ЫР ЖАЗАМ

Кыялым көөдөнүмдө чаң ызгытып,
Ыр жазам кагаз түтпөй, кагаз тытып,
Отурам жазамын деп сансыз ырды,
Утуру бирин баштап, бирин бүтүп.

Бирарда ыр жазууга болбой кушум,
Өзүмдү жазуу үчүн кысымга алам.
Жорголоп токтотпостон калем учун,
Анан соң ыр саптарын санап калам.

Ырымды ырчыларга алып барам,
Тынсын деп тынчыбаган менин санаам.
А азыр муун-жүүнү бош экен деп,
Айтышат ушунусу жакпайт маган.

Шек алам, көралбайт го булар дешип,
Отурам кайра баштан үйгө жетип.
Ыр жазам, жаза берем, көп-көп ырды,
Эч качан мунуман мен кетпейм кечип.

Ыр сели каптап кетип кыргыз элин,
Көмсүн дейм калтырбастан бүтүн жерин,
Ыр сели деңиз болсо мелмилдеген,
Менин бар мына мындай бир тилегим:

Деңиздин ортосунан атырылып,
Бир булак атып чыгып бүт дүйнөнү,
Каптаса, Айтматовдой аты угулуп,
Жана бир алакан чаап сүйүнөлү. x

## АКЫН ЫРДАЙТ

Ыр төгүлөт,
Көңүлдөн,
Көөдөнүмдөн,
Дилимден.

Жүрөгүмдөн ыр төгүлөт,
Күн нурундай чачылып.
Дайра болуп,
Булак болуп туптунук,
Шаркыратма атылып.

Ыр төгүлөт,
Жерди жайпап калкытып,
Бүт бардыгын,
Элжиретип, балкытып.

Ыр төгүлөт,
Төгүлгөн ыр,
Учуп жөнөйт заркырап,
Алган сапар алыска —
Буудан болуп аркырап.

## БАЛАПАНЫМ

### Уулум Мухаммедке

Уулум, бир аз улгайганда туулдуң,
Ошондонбу? Балапаным, Баласкамын.
Элжиреп апаң өңдүү кагыламын,
Сурасаң каалаганың табам баарын.
балапаным,

Ата-эне баласына өмүр тилейт,
Эркелеп азар тартпай өссүнчү дейт.
Менин да сага айтаарым
Ошондой кеп.
Турмушта азбы, көпбү мен жаңылсам,
Бир иштин аягына чыкпай калсам,
Кийин сен чоңойгондо
Өзүң оңдо.
Медерим, мойтоңдогон, эркелеген,
Ата-энең демдүү-күүлүү сени менен!

1979-жыл.

## КАРА-ДЕҢИЗДЕ

Жаркылдатып тыйын чачат деңизге,
Ушул жерге кайра айланып келишке.
Кеме менен баратышкан адамдар,
Сейил куруп жүргөн өңдүү периште.

Кара-Деңиз канча кылым жол баскан,
Канчаларын узатты экен курдаштан.
Толкунунда топ кыздардын үнү бар,
Шарпылдаса күлкү угулат туш-
туштан.

Бул күндөрдөн кош айтышып кетмек
бар,
Ошондо да кылымдардан кылымдар,
Эскилердин орду толуп жаңыга,
Деңиз турат, үстү толо адамдар.

## СЫРДАШЫМА

Кубаныч. Кыял эргип, көңүл дегдеп,
Болочок баар үзүрүн биз элестеп.
Экөөбүз сырга канган күндөрдү унутпай,
Эскерип жүрөлүчү дайыма эстеп.
Жоктотпой жолдош ордун айта жүргүн,
Эгерде өтүп кетсем замандаш деп.

## АЙНЫГАМ

Адам кызык ага-буга чыдабас,
Болбой калса казан-толо тамак-аш,
Маанайы пас боло түшүп бир азга,
Өзгөрөт да бүркөө тартып кабак-каш.

Түк ылгабай кары менен жашына,
Кээде катуу кайгы түшөт башына.
Ого бетер өзүн кыйнап жемелейт,
Тең келалбай турмуштун оор ташына.

Чындыгында көптү көрөт адамдар,
Өлүмдөн да ашып түшкөн кайгы бар.
Анда дагы наалат айтып турмушка,
Бүгүнкүсүн балким, бир аз жаңылар.

Мен да ошондой күндөрдүн бир күнүндө,
Капа болуп бейгам турган үйүмдө..
Жөнөп калдым бойду таштап деңизге,
Өлүш үчүн чөгүп анын түбүндө.

Бирок аны эми ойлосом кайгырам,
Уяламын туйгандардан айбыгам.
Барары мен барып алып деңизге
Сууга бойду таштай албай айныгам.

* *
*

Кылым баскам кыйлага,
Келдим сага кыйлада.
Миң азаптан өтсөм да,
Кой, кой эркем сыйлаба.
Айткым келип өзүңдү,
Эркем дедим сый гана.

Чубалжыган жол жүрдүм,
Чууга салбай жөн жүрдүм.
Канжардын курч мизине,
Кайратымды көндүрдүм.
Канча бир зор пирлерден,
Карызымды өндүрдүм.

Сага чейин жөө келдим,
Канча соога, пул бердим.
Бирок да калгын дегенге,
Какшаса такыр көнбөдүм.
Кагылайын жан эркем,
Бар экем, келдим өлбөдүм.

Көрөйүн дедим көзүңдү,
Угайын дедим сөзүңдү,
Өрттөнгөн менен не пайда,
Өлчөбөй күйсөм өзүмдү.
Жаралсам да жалганда,
Сүйгөнүм чын өзүңдү.

## МЕН ТУРМУШТУ КОЗГОГОН

Турмуш мени ойлонбойт,
Мен турмушту ойлоном.
Турмуш мени билбеген,
Менмин аны жойлогон.
Тынчтык бербей чапкылап,
Өз жайына койбогон.

Мен турмушту сураган,
Аны кайра кураган.
Өзүн жасап кол менен,
Бирин бирге улаган.
Ысык берип демине,
Менмин аны буулаган.

Турмуш мени козгобойт,
Менмин аны козгогон.
Ичкеретем отунан,
Мен турмушка тозбогом.
Шылдыңдасам мат кылып,
Турмуш өзү боздогон.

Мен турмушту тирилткен,
Барды, жокту билинткен.
Тоңуп калса муз болуп,
Кайнак сууга киринткен.

Катып калса таш болуп,
Демим менен эриткен.

Мен турмушту жараткан,
Баш ийдирип караткан,
Турмуш менен ойномой,
Кызыктарды тараткан.
Мен боломун жетелеп,
Турмушту алып бараткан.

## ЭЛҮҮ ЖАШТАМЫН

Жарым кылым жашадым,
Элүү жашка чыкканым,
Аппак тартып баратат,
Чымкый кара чачтарым.

Ушул жашка чыкканым,
Элүү жыл жол басканым.
Буурул тартып баратат,
Койу кара каштарым.

Дагы канча жашарым,
Кимдер болот катарым.
Мен ошону билалбай,
Ойлоп ойго батамын.

Дагы ойдөлөп басамын,
Жылда бир бел ашамын.
Алтымышка келгенде,
Алты оңкого атамын.

## БАЙ ТЕРЕКТЕЙ ӨСҮП-ӨНҮП

Айылым жибек боолуу алтын бешик,
Алчактап тербелишин уул-кыздары.
Буйруган суусун ичип, нанын жешип,
Туш-тушка каркырадай сапар алды.

Учушкан уясынан чалгын канат,
Жетилип туулган жердин камын көрүп.
Ар бири эл ишине жарап барат,
Байырлап бай теректей өсүп-өнүп.

## ИСМАНОВ КУБАНЫЧБЕККЕ

Өз камына караганда,
Эл багууну ойлогон.
Бала чактан такыр анда,
Куулук-шумдук болбогон.

Жетекчилик ишинде эле,
Башынан дайым так жүрөт.
Көпчүлүктүн ичинде да,
Калыс айтат, ак сүйлөп.

Буга окшогон кадрларга,
Жолун ачсын кудайым.
Келечеги дагы алдыда.
Өнүп-өссүн ылайым.

* *
*

Сүйгөнүмөн кат алдым,
Сүйүү деген ат алдым.
Тагдыр мени так ушинтип
сүйүнттү.

Бирок, бирок, бирок о!
Кийин башка кат алдым,
Болбойт деген ант алдым,
Тагдыр мени так ушинтип
күйүнттү.

## ТҮПКҮ АТАБЫЗ БИР БОЛУПТУР

Мен атыңды билбей турам,
Ак дилиңди сезип туям.
Сен жашаган алыс жактан,
Тынчтык деген үндү угам.

Джо беле же Санжиби,
Мартин беле же Кан-Го-Ли?
Аты кандай болсо дагы,
Кымбат мага ар бири.

Ангилия, Жапанданбы,
Америка, Афганданбы,
Кайсы улуттан болсо дагы,
Чоң тамгада АДАМ баары.

Бар болгону окшобоптур,
Баш кийимдин кайрыгынан.
Түпкү атабыз бир болуптур,
Билсек баба тарыхынан.

Менин досум алыстагы,
Тааныш эмес, тааныш дагы,
Тынтык, достук аты менен,
Салам, алик алышалы.

## КАНТИП?

Бизде бир сары ит болчу аты Тинткен,
Бир күнү өлүп калды ажал жеткен.
Бирок ал, өлбөй көпкө жан талашты,
Ит го ит, адам кантип өлөт экен?

Жашырып коюш үчүн үйдөн четтен,
Ылайык чуңкур каздым, кетмен-кетмен.
Көмүүгө көпкө чейин кыйбай турдум,
Ит го ит, адамды кантип көмөт экен?

## НУР ЧАЛДЫ

Булутун жайып көк асман,
Көшөгөсүн тартынды.
Кайдандыр курок басылды,
Чагылган тарс атылды.

Удургуп келип бир тийип,
Зоолордон зоолор заңк этти.
Таштар кулап сүрүлүп,
Качырап жыгач карс этти.

Шамалдар жыртып булутту,
Чаңкайып чыгыш суйсалды.
Ааламдын жүзүн нур чалды,
Асан-Үсөн курчанды.

## АКЫН КЫЗ
### (А...га)

Ырларың турмуш жөнүндө,
От алып турат сезимде.
Дүрт этип жалын алоолоп
Убайым турат өзүндө.

Ырларың чындык жөнүндө,
Ыргагы жагып көңүлгө,
Турмуштун ырдап нагызын,
Кубаныч турат сөзүңдө.

Ырыңдан улам сени эстеп,
Көрүнөт көзгө келечек.
Кыргызда бир кыз төрөлүп,
Чоң акын турат элестеп.

## МЕН ДА САГА АРМАН КЫЛЫП ЖҮРГӨНДӨЙ

**Мажит Абдурасуловдун элесине.**

Сага атайын көп баралбай калгамын,
Бир гана ирет, бир чыгынып баргамын.
Ошол бойдон кайра көрөм деп жүрүп,
Көрбөй калып ичте калды арманым.

Мындай болот деп ойлогон эмесмин,
Эртеңкини билбейт тура деги эч ким.
Түбөлүкө жолуга бере тургансып,
Айрылыпмын чындап сенден каран түн.

Мен да сага жолугамын дегендей,
Күтүп турам эртең бирөө келгендей.
Мүмкүн ал да таппай калат ким билет,
Мен да сага арман кылып жүргөндөй.

## ИЗДЕП ТАПКАМ

### (Б. Сарногоевти туурап)

Көптөн бери мен көрүнбөй,
Көп күндөрүм жоголгон.
Кенге кирип, чарчоо билбей,
Шахтер менен бир болгом.

Көп убакыт мен байкалбай,
Көп жылдарым жоголгон.
Кой багышып кышты-жаздай,
Чабан менен бир болгом.

Кызылча эктим Чүйгө барып,
Пахта тердим Ошто калып.
Талас жакта иштеп жүрдүм,
Тамекиге план алып.

Көрүшүүгө мезгил келди,
Алыс калган курбулар.
Силер менен бирге болот,
Мен алып келген бул ырлар.

## ТУРМУШ ДАЙРА

Турмуш дайра мен жолоочу агымда,
Кечүү издеп жол талашам шарында.
Таш сүрүлбөй, мүдүрүлбөй тың жүрүп,
Кээде калам тең келалбай агымга.
Кечип өтүү милдет экен о, курбум,
Билекте күч, жүрөктө от барында.

Турмуш дайра мен кайыкчан бараткан,
Октоосунан олжого жол талашкан.
Чарчоо билбей, чапчаң жүрүп кыйлага,
Кээ бир жерде кайык жылбайт
калактан.
Алга кетүү максат экен о, курбум,
Коркпой сүзүп толкунунан, ыраактан.

* *
*

Сөөгүм менин күлгө айланып калганда,
Анда мендей киши болуп балдар да.
Аттиң, анда ата баркын билалбай,
Калыпбыз деп болот балким, арманда.

* *
*

Шерматов окуп жүрүп алыс жактан,
Үйлөнгөн сүйгөнүнө көңүл жаккан.

Жарынын кыргыз эмес түрүн көрүп,
Кээ бирлер айыпташып салт боюнча
Сүйлөштү аягандай көңүл бөлүп:
— Шерматов жаңылыптыр турмушунан,
—Энеси орус, атасы татар дешет,
Армиян кызы дешет угушуман
Кызыгып алганбы дейм сулуусунан.
— Кытай-мытайдан дейби, билбейм аны.
Албайбы кыргыз эле улутунан.

Бирөөнү татар кыздын күчү тарткан,
Башкага орус кыздын өзү жаккан.
А мүмкүн ай чырайлуу кексе кыздын,
Жасалма кылыгыдыр алдап жаткан.
Шерматов кандай аял алса дагы,
Жүрөктү жүрөк издеп, көңүл тапкан.

## УНУТМАК КАЙДА

Жоокер жоого бет алса да,
Кыздар атын унутмак кайда.
Эгер алар жаралбаса,
Болмок эмес атырлар да.

Башка асылды укпасак да,
Мен кыздарды билемин.
Эгер алар жыттабаса,
Кереги жок гүлдөрдүн.

Көз кареги байланса да,
Көрөм кыздар силерди.

Эгер силер болбосоңор,
Жашоонун не кереги.

## УУЛУМА

Сен эр жетсең, а менин,
Улгайып жашым баратат.
Табийгат жолу ушундай,
Түн кирет да, таң атат.

Бири бүтсө, бири улам,
Жаралып турат кайрадан.
Өмүрдүн жолу ушундай,
Балага өтүп атадан.

Жакшы жагын үйрөнсөң,
Атанын жолун жолдоп жүр.
Жаман жагын сен көрсөң,
Ката жагын оңдоп жүр.

Чоңойгон сайын бой тартып,
Балалык гүлүн ачкансыйт.
Мезгилдин чени сен менен,
Өлчөнүп гана жаткансыйт.

## ЭРТЕҢ

Эртең талап чоңураак,
Андан ары жол ыраак.
Ага чейин алыскы,
Айга шаты коюлат.

Эртең милдет башкараак,
Азыркы эски ташталат.
Алтын баштар бар чакта,
Айды бөбөк башкарат.

Эртең укмуш билинет,
Күндөн кийим тигилет.
Эсен болсок бир чакта,
Өлгөн адам тирилет.

# АЛЫКУЛГА ҮЧ ЫР

## I

Тажабай окуй берем ырларыңды,
Ырларыңан түшүнөм сырларыңды.
Зуулдап жаа огундай баратасың,
Учуруп күндү карай тулпарыңды.

Акын көп кыргыздарда кыйын делген,
Кээ бири көзү барда сыйын көргөн.
Жалган даңк, жалган өмүр жашап өтүп,
Өзү өлсө ыры дагы кошо өлгөн.

А сенин жаркыраган ырларыңдын,
Ар сабы «маржан болуп, жакут болуп»,
Мына эми эки өмүрдүн бир өмүрү,
Түбөлүк жашап калды алоолонуп.

## II

Аз гана өмүр жашады,
Ар күнүнөн ыр курап.
Мүрөк суу болуп башаты,
Агып турат мөл булак.

Тирүүсүндө жөн жатпай,
Ыр менен узак жол басты.
Кыска деген өмүрдү,
Өлбөс кылып жашартты.

## III

Кызыл болот помидор,
Муну ар ким айталат.
Бирок анын маанисин,
Кана кимдер жазалат?

Жашыл болот капуста,
Аны да ар ким айталат.
Мунун да толук маанисин,
Айтчы, кимдер жазалат?

Помидорду мактаган —
Калган эмес чаласы.
Айтып койгон капкачан,
Осмондун куу баласы.

Капустаны баалаган,
Жакшы оокаттын даанасы,
Жазып койгон мурда эле.
Осмондун кыйтыр баласы.

Оой, Осмондун куу баласы,
Оой, Осмондун кыйтыр баласы.
Бизден мурун баарысын,
Айтып койгон карачы.

## АКЫН ЖОЛОН

Акын өлдү ыр жазганын токтотуп,
Ичкен суусун, жеген нанын токтотуп,
«Арашанда» болбойт эми ал кайра,
Күүгө келип толкун-ташып бир дайра,
Акпайт эми мурдагыга окшошуп.

Акын эле арыш алган сапарга,
Жүрүшү анын ыкчам эле сапарда.
Болбойт эми башта отурган ордунда,
Көрүнбөй ал күндө баскан жолунда,
Келбейт кайра баягыдай катарга.

Аттиң, дүйнө курагына карабай,
Жакшы жазган ырларына карабай,
Жолдон тооруп мүдүрүлтөт турбайбы,
Башка салып күтүлбөгөн муң-кайгы,
Жакшы адамга жакшылыкты санабай.

Эми гүлдөп турганында ыр жазсын,
Поэзия дүйнөсүндө чер жазсын,
Дебей эле таш боорлугу бар тура,
Өлүм деген мына ушундай капыр-а,
Эсепке албай эми жеткен кызматын.

Кырчылдаган жаштыгына жан кейийит,
Аттиң, анын актыгына жан кейийит.

Бирок чындык күйсөк кайра келбеси,
Көзү өткөн соң адамзаттын пендеси,
Калат экен ээлеп гана боз бейит.

Бирок дагы мураскору бала бар,
Сүйгөн жары, тууганлары жана бар.
Сагынганда сүрөтүнө карашып,
Сүрөтү анын көзгө сүйкүм жарашып,
Элестетүү эстеликке барабар.

Анан дагы бир нерсеге бел байлайм,
Адамзаттын өлбөсүнө бел байлайм.
Акын Жолон ушундай го деп дагы,
Жашайт деймин жакшынакай ырлары,
Колдон түшпөй тандамалуу жыйнагы.

## ЖАКШЫ ЫРЛАРДА

Жакшы ырларда жалын да бар, өрт
да бар,
Жакшы ырларда жаштык да бар,
көрк да бар.

Жакшы ырларда күн көрүнөт көзүнөн,
Жакшы ырларда ай көрүнөт өзүнөн.

Күлүктөрдөй жакшы ырлардын атагы:
Баатырлардай жакшы ырлардын атагы.

Жакшы ырларда сулуулардын көңүлү,
Жакшы ырларда акындардын өмүрү.

## БИР МЕЙМАНЧЫЛЫКТАГЫ ТАМАША ЫР

Тогузбай тосуп эң алды,
Кара-Ингендин оозунда.
Арзыкан болсо ыраазы,
Боорсоктон жеп созулма.

Толу болсо аябай,
Каймак жасап сүтүнөн,
Марттык кылып Тогузбай,
Сый көрсөтүп күтүнгөн.

Маматжан жатып жамбаштап,
Көңүлдүү болуп сөз баштап.
Тоо абасы жакты дейт,
Мейманда болгон жакшы дейт.

Кайрап Бөкөн бычакты,
Шырбазды жерге бир чапты.
Өзгөрүштүн арагы,
Катындарды ырдатты.

Мухаммед алып дарбыздан,
Акгүл болсо каймактан.
Жазгүлү жеп бүлдүркөн,
Дастан чагып жаңактан.

Арзыкан жумшак шиберде,
Көзү илинип кетерде,
Толу куюп кымыздан,
Ичкиле дейт бирерде.

Эс алуу өттү шарактап,
Ырчылар ырдап жамактап.
Кыргыз пейли бир сонун,
Түгөтө албайм санаттап.

## ЭКИ ЖАШТЫН ТОЮНА ЧАКЫРУУ БЕЛЕТИ

I

**Жаштык өзү жайнап турган гүлбурак,**
**Гүлбурактай биздин дагы бул убак.**
**Турмуш курдук келечеке бел байлап,**
**Жакшы тилек алдыбыздан утурлап.**
**Урмат менен чакырабыз келиңиз,**
**Тос көтөрүп тоюбузду куттуктап.**

II

Мезгилдин ушул күнү туура келип,
Бакыт таап, үйгө кирдик өмүр-шерик.
Жаштыктын кечесине күбө болуп,
Келүүгө куш тилиндей кат жибердик.
Экөөбүз эң биринчи мейман күтүп,
Дасторкондон таттуу даам татсын дедик.

III

«Той дегенде куш канатын салыптыр»,
Элибизде ушундай бир макал бар.
Биздин тойдо ырга, бийге канып бир.
Кеткилечи, кубанышсын эки жар.
Нан ооз тийип, чайдан ууртап, тамак жең,
Көңүл кушун козгой турган шарап бар.

IV

Биз жаштыктын курагына жеткенде,
Мезгил келди гүл көтөрүп белестеп.
Тойго келгин өзүң бизден жаш болсоң
Мага да эртең ушул күнүм келет деп.
Эгерде сиз улгайсаңыз төргө өтүң,
Жаш убакты кайра баштан элестеп.

V

Башталат бүгүн тоюбуз,
Ак тойго келип коюуңуз.
Турмуштун таттуу даамына,
Ортодо күбө болуңуз.
Адилет, калыс, ак болсун,
Сиздин да, биздин оюубуз.

## АЙЫЛЫМ АЛЫС ДЕСЕМ

Айылым алыс десем ойдо жүрөт,
Өчпөгөн оттой ысык табы менен,
Көрүнөт көзгө келип утур элес,
Тоо, токой карааны шаңы менен.

Айылым алыс десем жүрөгүмдө,
Бүт турат толук бойдон батырылып.
Айылым алыс десем көңүлүмдө,
Аскадан аккан суусу атырылып.

## АЛТЫН БЕШИК

Айылым алтын чайкап өткөн өңдүү,
Көркөмү таң калтырып өтө көрктүү.
Тунук суу, турпагы асыл, эли март,
Тоолору кыркалекей көкүрөктүү.

Келишкен туш-тарабы мына мындай;
Бир жагы Макмал кени алтын жаткан,
Кара-Алма чыгыш жактан жаңакка бай.
Түштүгү Фергана өрөөн пахта баккан.

Батыштан Арстанбап баба коргоп
турган,
Жакындан Азирет-Айыб колдоп турган.
Айылым алтын бешик каснеттүү,
Орун алган дүйнөнүн ортосунан.

## ЭСТЕГИЛЕ

Баа бералбайм өзүмүн эмгегиме,
Бирок да көзүм өтсө эстегиле.
Мынабу партада отурган бөбөктөргө,
Мен жазган китебимди алып бергиле.

## АРСТАНБАБЫМ

Алгандай көркүн тартып бүт ааламдын,
Көркөмү көз талдырган Арстанбабым.
Түбөлүк сенде жашап жүрсөм дагы,
Куштармын коздугуңа таң каламын.

Жылгадан шыгыраган ак жаңагың,
Сары, кызыл алчаларың, алмаларың,
Төгүлүп дүнүм жемиш Арстанбабым,
Табылат баары өзүңөн каалаганым.

Дүйнөдө теңдеши жок Арстанбабым,
Жүргөмүн түбүндө ойноп балакаңын.
Жармашып дарагыңа дар ойночу,
Жаркырап сенде калды бала чагым.

Гүлдөрү сайма болуп сайылганын,
Булбулу таншып-таншып сайраганын,
Эстесем боюм балкып мемирейнмин,
Ааламдын асыл жери Арстанбабым.

Алгандай көркүн тартып бүт ааламдын,
Коздугу таң калтырган Арстанбабым.

Аттиң, ай, түбөлүкө бирге болуп,
Жашабай каларыма армандамын.

## КАНДАЙЧА ӨТКӨН КЫЗ ЧАГЫҢ

Туюктан козгоп сөз чалдың,
Сөз чалдың, айтпай
муңкандың,
Тереңге сүңгүп ойлоруң,
Өзүңчө бир аз унут калдың.

Ачпадың кептин капкагын,
Түнөргөн кейиптен кайтпадың.
Ар жакта турат бир арман,
Азабы кандай жаш жандын.

Сурасам жообун айтпадың.
Учугун улап таппадым.
Жүрөктө калган дак барбы,
Кандайча өткөн кыз чагың.

Үзгөнбү бирөө гүлүңдү,
Бүркөгөнбү күнүңдү?
Аңсайын сыздап ичиңен,
Кабагың карыш бүгүлдү.

Жаныңа тактын батканын,
Далдалап такыр айтпадың.
Жаш жүрөк жараланганбы,
Кандайча өткөн кыз чагың?

## КӨК-АРТ ДАЙРАСЫ

Балыктай сүзүп уюлгуп,
Тукубай[1] баатыр машыккан.
Жигити менен кыз ойноп,
Көбүгүн көккө чачышкан.

Элестеп тармал толкунун,
Эстеген эңсеп суусаган.

---

[1] — Тайгараев, Советтер Союзунун баатыры

Кечүүлөп өтүп Токтогул,
Кочуштап сузуп ууртаган.

Күзгүдөй тунук өңүнө,
Селкилер жүзүн каранган.
Кеп кылышып кыз чагын,
Кемпирлер жуунуп таранган.

Узак жол басып далайга,
Кылымдар бойлоп күү черткен,
Кыялдаш болуп заманга,
Кыйлалар менен сыр чечкен.

## ЫРААЗЫМЫН

Чоңойдум ата-энемден тарбия алып,
Окудум жогору жактан окууга барып,
Кыдырдым далай жерлерди убагында
Турмуштун ачуу-таттуу даамына канып.

Жар сүйдүм жакшынакай алпештеген,
Уулдарым бар урмат менен бапестеген,
Кыздарым бар кызгалдактай жайнап
турган,
Очар-бачар үй-бүлөм менен алектенем.

Иштеп жүрөм кызматымда колдон келген,
Сөздөр жаздым толкундаганда ойдон
өнгөн.
Той да бердим эл катары мейман күтүп,
Сый көрдүм жакшы адамдар көңүл
бөлгөн.

Досторум бар өз мартабама жараша,
Кастарым бар бирдей болуп,
тартса бизди тараза.
Турмуштун ар кандай жаман-жакшы
жактарын
Көрдүм баарын, бүтпөйт аны кайра
баштан санаса.

Кудайга миң мартаба ыраазымын
кулдук уруп,
Өмүргө да ыраазымын жашап жүрүп,
Баштан өткөн турмушума канааттанып
келем,
Бирок да туямын жаратkандын сырын
билип.

Тагдырда өлчөнүү өмүр-жашоо пешенеде,
Андыктан наарaзы болмокчумун эмнеге.
Туулуп көрүп, таттым баарын пендесине
Деп буйругандын насибин бу дүйнөдө.

## БОЛЕРО, БОЛЕРО

Маңдай жактан тоолор заңкаят,
Төбө жактан асман шаңкаят.
Болеро, Болеро!

Токой башы толкун болуп термелет,
Топ-топ болуп селдей агып эл келет.
Болеро, Болеро!

Торгой, булбул, күкүк таңшыйт үн курап,
Аскалардан атырылат миң булак.
Болеро, Болеро!

Алыс чуркайт ар күлүктөр келишкен,
Жер дүңгүрөп аскер келет жеңиштен.
Болеро, Болеро!

Миң-сан көздөр карап турган калкымдан,
Салтанаттуу парад өтөт алдымдан.
Болеро, Болеро!

## АКГҮЛ

Үй-бүлөлүк «Акгүл» деген кереге газета чыгарчу элек. Ошондо наристе кызыма арналган ыр бар эле.

Акгүл кызым башкача,
Упчу сорбойт таптаза.

Жакшы эле кыз болмокчу,
Колун оозго салбаса.
Бирок өзү татына,
Колу, көзү жакшына.
Апакай гүл, аппак гүл,
Кызыл, сары, жашыл түр.
Бир жаралып калды да,
Атасынын бактына.

1975-жыл.

## КАЛЫСКАН

Атыңды угуп таанынштан,
Аялым сага таанышкан.
Сени көргөн эмесмин,
Аным чын да Калыскан.
Таң калып жүрбө ырыма,
Окуп алып капыстан.
Баркы болбойт жакындын,
Сый жүрөлү алыстан.
Барктуу адам кан сарай,
Барксыз адам жапыз там.

# КӨҢҮЛГӨ АЛЫП ЫРДАП ЖҮР

x x x

Бул ырларды, мен жазбадым, сен
жаздың,
Анткени, сен ышкы берип ырдаттың.
Калем сабы өз милдетин аткарды,
Мерген атса, огу болуп кундактын.
Өзүм болсо залда отурган угуучу.
Ырдап кой деп сага карап турмакмын.

## ТООЛОРДО КАЛДЫ ЖОЛ БОЛУП

Мен баскан буттун издери,
Тоолордо калды жол болуп.
Ал кезде сүрдүү күндөрүм,
Жолборстой болуп комдонуп.

Жаңактын далда жагында,
Тургандыр жигит чагында.

Мен жүргөн жаштык
күндөрүм,
Токойдо калды бой болуп.
Жалгыздан жалгыз жүргөндүр,
Жактырган кызын ойлонуп.
Алманын чыгып шагына,
Тургандыр бала чагында.

Ошол кез бала чактарым,
Тоолордо чуркап жүргөндүр.
Кыдырып токой арасын,
Алчадан ыргап күүгөндүр.
Азоо тай минип жарышып,
Каткырып, ойноп күлгөндүр.

## ЖАЛГЫЗ ГҮЛ

Кеч күздүн суугу түшөрдө,
Талаада бир гүл калыптыр.
Келбептир эч ким ушерге,
Гүл жытына каныптыр.

Күзүндө калган жалгыз гүл,
Таппаса керек издеген.
Бирок да өттү ал учур,
Издесе дагы ким деген.

Баркына жетип түшүнбөй,
Гүл жыттай берет бирөөлөр.
Аз күн да болсо үзүлбөй
А көрөк өмүр сүрө бер.

## КАПИЛЕТ ОШОЛ СЕНДЕБИ

Көрүнбөй туруп көзүмө,
Көңүлгө келет көп нерсе.
Көрсөтпөй берип койсом дейм
Көздөгөнүм тэп келсе.

Ал эмне табалбай,
Акылга келет ар кандай.
Адамзат жеткис немеби,
Азапка мени салгандай.

Кайберен жүргөн жердеби,
Каз-өрдөк сүзгөн көлдөбү?
Капыран таппай жүргөнүм,
Капилет ошол сендеби.

## СУРМАЛУУ КӨЗҮМ КУМАРДУУ

### (кыздын ыры)

Кыялым аткан таңга окшоп,
Жайлоодой жашыл туландуу.
Изденип сени ар качан,
Сурмалуу көзүм кумардуу.

Күтөмүн сени келет деп,
Элесиңди элестеп.
Тынымга сени унутпаймын.
Чабыттап оюм белестеп.

Бирок да мага келечек,
Бүдөмүк тартып тумандуу.
Астейдил самап өзүңдү,
Сурмалуу көзүм кумардуу.

## КЫЗЫЛ ГҮЛ

Бир кызыл гүл булбул кушту сүйүптүр,
Анын сырын булбул туйбай жүрүптүр.
Ашыктыгын, ал ачыгын айталбай,
Ичтен гана санаа тартып күйүптүр

Булбул бир күн кокус жаздым болуптур,
Ал кызыл гүл сары болуп оңуптур.
Оңоло албай ошол бойдон кызыл гүл,
Бүрү күүлүп, куурап такыр соолуптур.

## АЯСАҢЧЫ

Ушул кагаз, ушул кат,
Укмуштуудай барсын бат.
Учуп жүргөн перипте.
Узак жакта бар сымак.

Барак баштан ачылат,
Бар арманым айтылат.
Бирөө жагып дитиме,
Бүт көңүлүм тартылат.

Аны дайым аядым,
Арбыта албай аягын.
Айда, жылда түгөнбөй,
Ал жөнүндө баяным.

Сени качан көз көрөт,
Сезим чиркин өзгөрөт.
Сүйгөнүмдү а балким,
Сезбегендей өңдөнөт.

Ошонума күйөмүн,
Ойлоп-ойлоп жүрөмүн.
Ойдогусун билалбай,
Ошол жакта бирөөнүн.

Сылык эле мүнөзү,
Сулуу эле бир өзү.
Сумсаят да кат жазат,
Сагынгандан бирөөсү.

Эстүү эле акылы,
Элдин эле асылы.
Эчен ирет кат жазам,
Эстеп-эстеп атыңы.

Сан гүлдөрдөй бир өзүң,
Саамай ыргап жүрөсүң,
Сартыйындай саргайып,
Сагынганым билесиң.

Ак жоолуктай бир өзүң,
Асылданып жүрөсүң.
Ашыктыкты кор тутпай,
Аясаңчы бирөөсүн!?.

## АЛА ТООНУ ДҮЙНӨГӨ МАКТАП КЕЛГЕН

Сыйкырланган күч менен жер жаралган,
Аны менен Ала-Тоо тең жаралган.
Эң асылы, тунугу, сулуусу деп,
Ата-бабам чек коюп ээлеп алган.

Эң биринчи жер жарала баштаганда,
Атын коюп Ала-Тоо деп атаганда,
Боз үй тигип, жайлоодон конуш алган,
Бата кылып отуруп Ата-баба.

Ала-Тоону элим да сактап келген,
Ала-Тоо да койнуна катып келген.
Ала-тоону дүйнөгө даңктап келген,
Ала-Тоо да мактоого татып келген.

## КҮТӨМҮН

Күтөмүн сени кезерип,
Келдим дечи сен келип.
Сөз кылып ырдын жыргалын,
Лиранын сырын чечелик.

Ак толкун ырга киринип,
Алыска сүзүп кетелик.
Акындык жышаан билинип,
Ашыктык сырын чечелик.

Торгойдой таңшып безенип,
Томсоруп жүрбөй кезерип.
Ыр менен жашап экөөбүз,
Махабат сырын эзелик.

## КАРА АЛМА

Ашкере кооз Кара-Алма,
Камындым сага барарга.
Каттай албай калганмын,
Ак алма жыттуу Анарга.

Ашыкча сулуу Кара-Алма,
Аттандым сага барарга.
Кат жазалбай калганмын.
Алчадай мөлтүр Жамалга.

Бозойлор куугп дарактан,
Жеңемдер терген жанактан,
Шаарга да ала келейин,
Сүйгөнүм жүргөн тараптан.

## БАЛАМА

Ачык жүзүң ай жагым,
Күлкү жүзүң күн жагым.
Ардактап жүр апанды,
Айланайын аппагым.

Сылыктыгың сымбатың,
Сыпайлыгың урматың.
Сыйлап жүргүн атанды,
Кагылайын кымбатым.

Апа-атасын барктаган,
Айткан сөзүн актаган.
Калктын камын көрөт деп,
Келет бул сөз баштадан.

Достун камын көрөгөр,
Элге медер боло көр.
Азамат деп айтышат,
Жакшы болсоң сен эгер.

## АРЗЫКАНГА

Балдарым менен бапырап,
Балпайып үйдө ар убак.

Сен менен жакшы турабыз.
Маңдайыбыз жаркырап

Сен болсоң үйүм жаз болуп,
Балдарым гүлдөй наз болуп.
Бүт аалам асыл көрүнөт,
Аппагым менин ак жоолук.

Сен менен баары жарашып,
Сенсиз жок үйдө жарашык.
Ыраазы болуп тагдырга,
Дайыма сага мен ашык.

## НУРГА ЧАЙКАП КҮНЧУБАК

Көргүм келет батыраак,
Көңүл кушу көкөлөп.
Алпештесем асырап,
Аста-секин бөлөлөп.

Гүлгө окшойсуң апаппак,
Жытың жыттуу буркурап.
Күлсөң күлкүң жарк этет,
Нурга чайкап күнчубак.

Аяр басып буралсаң,
Алдыңдан тосуп кубансам.
Аттиң сенин бир гана,
Арзыган теңиң болалсам?!

## АГЫН СУУ

Серүүнгө чыккан маалында,
Мен болуп сенин жанында,
Сен турдуң суунун боюнда,
Телмирип тиктеп агымга.

Чагылып тунук өңүңө,
Элесиң мага көрүнө.
Ойлонуп турсаң ойлодум,
Ойлоду нелер жөнүндө?

Оргуштап толкун жанчылат,
Көөдөндөн көңүл тамчылап,
Окшош деп өмүр ушуга,
Ойлодуң бекен шам чырак?

## БАЛА ЧАКТА

Сени сүйгөм бала чакта, маалында,
Кайда болсо элесиңе капталам.
Алган жарым жүрсө дагы жанымда
Сенин гана эсебиңе катталам.

О, ал кезде, балалык чак, ууз сезим,
Сүйүүнүн бир асылдыгын сезгенмин.
Жеткиралбай кереметин көңүлдүн,
Акырында кош айтышып кеткемин.

Бирок эртең жолукчудай көрүнүп,
Бүтпөс үмүт ээлеп алды көңүлдү.
Сансыз кыздар арасынан бөлүнүп,
Келүүчүдөй өтөп барам өмүрдү.

Мен ар качан сени такыр унуталбай,
Деми кучтүү сүйүүгө бир жеңилдим.
Махабатым качан болсо тынчытпай,
Көргө кошо кетерин мен бир билдим.

Сени сүйгөм, бала чакта, маалында,
Кайда болсом элесиңе капталам.
Алган жарым жүрсө дагы жанымда,
Сенин гана эсебиңе катталгам.

## ЖЕЛАРГЫ

Сыдырым жел, салкын жел,
Катуу келбей жумшак кел.
Кең көөдөндөр керилип,
Наим тартсын ысык тер.

Ак кыздардын чачтарын,
Сапыра бер, сылай бер,
Боз салкында тазартып,
Серпилтип да ыргай бер.

Терлери жым серпилер,
Жүзүн көрккө келтирер.
Жарк дей түшүп элеси,
Шай жоолугун желпинер.

## ЧЫЛЫМ ТАРТКАНЫМ

Күйгүзүп күкүрт отторун,
Чылымга жалын кошконум.
Кыялга кылт деп келгениң
Түрмөктөп ойдун топторун.

Жандырып күкүрт чакмагын,
Тутантып чылым тартканым.
Санааман чыкпай бир өзүң,
Таңды-кеч ойлоп жатканым.

## СҮРӨТҮҢДҮ КӨРҮП ЖҮРӨЙҮН

Сүрөтүңдү берчи көрүп жүрөйүн,
Сени менен ак кагазга түнөйүн.
Сагынганда сагынычым таратып,
Элесиңди эзилип бир өбөйүн.

Сүрөтүңдү берчи көрүп жүрөйүн,
Болбосоң да түбөлүктүү түгөйүм.
Куса тартып кайгы-муңга чөккөндө,
Ак кагаздан ажарыңды көрөйүн.

Сүрөтүңдү берчи көрүп жүрөйүн,
Капалансам караанынды сүйөйүн.
Мейли деги түйшүк тартсам сен үчүн,
Карап алып кадимкидей күйөйүн.

## КЫЗДАР КЕЛЕТ

Көңүлүм алда-кандай элеп-желеп,
Эмесе анысына кандай себеп.
Кыядан кол жоолугун булгалашып,
Кара каш, кыйма көкүл кыздар келет.

Жүрөгүм толкуп ташат демен-демен,
Эмесе мунусуна мындай себеп:
Белестен гүл кучактап топ-топ болуп,
Оймок ооз, олоң чачтуу кыздар келет.

## АЛМА БАК

Шаар жигитин өткөрчү ары алма бак,
Тоолук кызды коюптурсуң далдалап.
Кайсы жерге жашынганын айтып кой,
Көрөйүнчү алмасынан кармалап.

Бышкан болсо шаарга ала кетейин,
Быша элекпи эмки жазда келейин.
Эсен тур деп эстеликке калтырып,
Ала келген белегимди берейин.

Шаар жигитин тоготпойсуң алма бак,
Тоолук кызды коюптурсуң далдалап.
Кайсы жерге жашынганын айтып кой.
Көрөйүнчү алмасынан кармалап.

## УНУТУЛДУ

Кымкарлап бубак кар жаады,
Айланам көшүп агарды.
Суз тартып турган көңүлүм,
Алда бир неге алданды.

Кыялым калкып ааламга,
Кабагым чайттай ачылды.
Шаттыкты берип адамга,
Аппак кар жерге чачылды.

Көңүлгө түшүп көп элес,
Унутулду эмки убарам.
Ак кардын сырын билинбес,
Дитимде сезип туялам.

## БААРЫ БИР

Сүйөбүз кыздар сүйөбүз,
Балээни башка үйөбүз.

Жалган деп болбой койсоңор,
Миң жолу какшап күйөбүз.

Сүйөбүз кыздар, сүйөбүз,
Жүрөккө бекем түйөбүз.
Болбойт деп кагып койсоңор,
Ансайын жүдөп жүрөбүз.

Силерди барктай билебиз,
Сүйүүдө жокко күнөөбүз.
Жете албай алыс калсак да,
Баары бир сүйүп жүрөбүз.

## САНЖЫРАМДЫ ЖОГОТКОМ

Саркымыз берип оңолткон,
Сан элим мени торолткон.
Суу бойлоп жүрүп ал чакта,
Санаамды сайга жоготком.

Сан гүлдү терип колоттон,
Саар уйкумду коротком.
Сагындым бала чагымды,
Санжырамды жоготком.

Курч кестик жасап болоттон,
Көк жаңак оюп коротком.
Көрүнбөй барып ээсине,
Көк дүмбүлдү солотком,

Унтулбай ал чак өмүрдө,
Уялап турат көңүлдө.
Кыялдар калды асылкеч
Кыздардын кызыл өңүндө.

Агайлар турат катарда,
Курбулар турат сапарда.
Дем берет алар кол булгап,
Аттансам алыс жактарга.

## КАНТИП ЖАШЫРАМ

Асыл элең мына ушундай башынан,
Ойлобопмун өзүңү бир жашыман.
Улгайганда ашык болуп отурам,
Бул сырымды кантип сенден жашырам.

Ойлонбопмун мындай болот экен деп,
Жүрөгүмдү аласың деп мекендеп.
Ката кеткен кантип оңдойм анымды,
Элебегем жаштык кайра келет деп.

## ТОКТОЧУ ЭРКЕМ

Токточу эркем, тоолордон алыс кетпей,
Ойлорумду саргайтып тентиретпей.
Купуя сыр айталбай кылчактаймын,
Сүйөм деген бир сөзгө алым жетпей.

Токточу сен, кош айтышып кол булгабай,
Жаш жанымдын жарыгын жаап салбай.
Негедир мен тартынып буйдаламын,
Махабаттын маанисин туйдуралбай.

Канаттарың дирилеп учуучудай,
Камынасың кайдадыр сен ак куудай.
Токточу эркем, атайын чымырканып,
Ачайынчы сырымды тумчуктурбай.

## ТАРТЫЛСАК КАНТЕТ СҮРӨТКӨ

Жанаша гүлдөй жайнашып,
Жайлоону бирге жайлашып.
Чырпыктан чынар өскөндөй,
Бой тарттык тең тайлашып.

Эзелтен бирге конушуп,
Эзилип курбу болушуп.
Достошкон экен атабыз,
Күбөгө белги коюшуп.

Чырм этип көзгө илинбей,
Далай жыл өттү билинбей.

Алыстап арт жак элестейт,
Тордомо коондун жигиндей.

Үмүттөр суудай агылып,
Алдыдан күтүп жаңылык.
Бир элек эки бөлүнүп,
Жөнөдүк алыс камынып.

Тургандай белдер майышып,
Тызылдап жүрөк сайышып.
Кыйын экен коштошуу,
«Кайыр»—деп колдон алышып.

Жаштыктын күлгүн элесин,
Калтыруу үчүн жүрөккө,
Таалайдын гүлүн жыттатып,
Тартылсак кантет сүрөткө.

# *АШЫКТЫК ЫРЛАРЫ*

* *
*

Гүлдесте байлап, гүл тандап,
Кызыгып терем кызгалдак,
Кызгалдактай кызга арнап.

* *
*

Ырларым менде эмес, элде жүрөт,
Саптары калк ичинде көп иргелет.
Жакшысын жакшы кыздар алып калып,
Жаманын мага алып келип, кайра
берет.

* *
*

Карачы сен, мен жыттаган гүлүмө,
Сагынычым артып барат күнүгө.
Бала чагым калса дагы алыста,
Кайра баштан келгим келет сүйүүгө.

## СҮЙҮП КАЛДЫМ

Сени мен биринчи ирет сүйүп калдым,
Кызыгып тоолорго сен көп карадың.
Гүлдөрдөн тандап терип, ышкын аарчып,
Жаңактын баркин кармап, кучактадың.

Алдыдан элик үркту, кол булгалап,
Аттырбай тосуп калдың чаарчыкты аяп.
Кекилик учуп чыкса бут алдыңан,
Селт чочуп, күлдүң кайра ха-ха-халап.

Пааналап көлөкөнүн салкынына,
Таң калып кайыңдардын актыгына.
Булакка кумар менен карап турдуң,
Мас болуп калдың эрке жаштыгыңа.

Ах, сенин балакалуу бойлоруңа,
Теңселдим сезим ачкан ойлоруңа.
Өзүңдү сүйүп калдым кумар болуп,
Тоолордо бүгүн бирге болгонума.

Ырасы ичтен гана сүйүп калдым,
Тымызын сырдуу сөздөн жылдырбадым.
Эч качан арамдыкка убал болбойм.
Сүйдүм го сүйгөнүмдөй тоо булагын.

## СЕНИН СҮЙҮҮҢ ЧЫНЫНДА ЫЙЫК ЭЛЕ

Карап турсам гүлүңдүн гунчаларын,
Алда кандай убайлуу ойдо калдым.
Кызгалдактай сен өзүң бураласың,
А мен болсо жаштыгыман улгайганмын.

Жалындады жалындай кыпкызыл от,
Качанкы өткөн жаштыкты кайра козгоп.
Айткым келет сүйүүнүн себептерин,
Кыл кыяктын боздогон үнүн коштоп.

Ушул гүлдөй сен өзүң парылдайсың,
Гүл өзүңдөн, сен андан жаңылбайсың,
Сунган менен сулуу гүл чын жүрөктөн,
Жаш кезимдей жанымдан табылбайсың.

Табылбайсың дегендин себеби бар,
Жаш сезсем да өзүмдү канча сапар.
Жашым өтүп утуру кетип барат,
Уялаган чекеми карт бырыштар.

Гүлдөй сулуу, гүлдөй наз, жаш
карындаш,
Сенде болсо ойдолойт он сегиз жаш.
Теңелем деп өзүңө бой салышсам,
Бала чактай жаштыгым, ай, табылбас.

Кызыл гүлдөй суйкайып сен буралсаң,
Мен чыбыктай солкулдап чың туралсам.
Жашарамбы жайкалып улан болуп,
Сен да ошондой сезимде кубат алсаң.

Бирок өзүң карачы гүл гүлүңдү,
Түшүргөндөй сүрөткө жүрөгүңдү.
Көзүм жетпейт ушундай өңүн ачып,
Сени коргоп бөпөлөп жүрөрүмдү.

Бирок өзүң карачы сабагыңды,
Гүл ачылып назданат жамалыңды.
Чоктой болуп ысык күйүп турат,
Мен билбеймин жылуулук жагарымды.

Мүмкүн жаштык азгырат жаңылбачы,
Көөдөнүмө шам болуп жагылбачы.
Баягыдай берилип, боюң таштап,
Койчу, эркем, менден сен кагылбачы.

Айтканыма муңайып таарынбачы,
Чагылгандын огуна чабылбачы.
Сыйлай албай, баркына жеталбасмын.
Түбөлүк деп түйшөлүп сагынбачы.

Күйгөнүңө күн болуп туталбаймын,
Бала чактай эркелеп күталбаймын.
Өмүр сүргөн мен менен жубайым бар,
Таарынбачы момурап эркетайым.

Сунган гүлүң эсимден кайдан кетет,
Гүлдөй сулуу өзүңдү элестетет.
Белекке деп бергениң сырдуу гана.
Муң тоздуруп жүрөктү, көңүлдү эзет.

Сезип турам, бардыгын билип турам,
Мага гана көңүлүң буруп турган.

Күнөөм бардыр менин да буга себеп,
Бир сырым бар, а балким суктандырган.

Эмесмин мен эл тааныган акын деле,
Чоң эмесмин килейген мекемеге,
Жөпжөнөкөй адамга гүл сунганың,
Сенин сүйүүң чынында ыйык эле.

## ЭЛЕСТЕЙ БЕРЕТ ЭКЕНМИН

Чырм этип уктап ойгоном,
Кандай күч эркке койбогон.
Сенин күчүң жүрөктү,
Сүйүүгө чылап боёгон.

Таруудай ойлор чачылат,
Сүйүүнүн сүрү чачырап.
Сүрөткө чырт алгандай,
Элесиң көзгө тартылат.

Максатка жетээр бекемин,
Санаалар минтип жоголуп.
Элестей берет экемин.
Мойнума чачың оролуп.

* *
*

Атыңды адамдарга ачык айтпайм,
Себеби сен бирөөнүн сүйгөн жары.
Көңүлүм көксөп сени мен чабыттайм.
Эрк бербей алп сүйүүнүн табийгаты,

А бирок жеталбаймын эч арга жок,
Жанамын жашырып сыр биз кез келсек.
Тагдырга таарынбаймын мен шолоктоп,
Таңбаймын жүргүнүң деп сен мени эстеп.

Кээде биз көрүшөбүз, көрүшпөйбүз,
А менин көңүл каалап, сүйгөнүм ак.
Эч качан тагдыр буйруп өбүшпөйбүз,
Убакыт өткөн сайын биз ыраактап.

* *
*

Сен уйкуда азыр тыптынч мемиреп,
Менде болсо сансыз ойлор себилет.

Жүрөгүмдө бир зор күч бар сыяктуу
Ээ-жаа бербей сезимимде тебилет.

## КЫЗДЫН ЫРЫ

Боз үй ичи, Жыланач от ойсоктойт,
Апам сузуп, беш бармагын табакка.
Жаландатып шамшар кара бычагын,
Этти туурайт, атам жанып кайракка.

Иттер да дым, үрүп турчу арсылдап,
Шоокуму жок, жыгач сынчу карсылдап.
Уюган түн. Айлана уктап керилип,
Тынчый түштү чок ыргыбай тарсылдап.

Кыздын ыры... Ар жагынан кырандын,
Бизге жетти аван менен созулуп.
Кулак түрүп, дүк-дүк согуп жүрөктөр,
Бардыгыбыз тыңшап калдык озунуп.

Кыздын ыры.. Сыйкыр менен угулду,
Тирүүлүктүн авазындай туюлду.
Дене тердеп, нуюп калды түн өзү,
Дал жүрөктүн толтосуна урулду.

Кыздын ыры.. жел желпиген тоскоол жок,
Жылып жатты көңүл, ойлор аякка.
Кыздын өзү үйдө ырдаса не болмок,
Жүрүп кетмек жүрөгүмө жарака.

Кыздын ыры...Окшоп кетет жомокко,
Унутулуп жашоо, өмүр, өлүмдөр.
Таскактатып аттар чуркап жарышта,
Бараткандай бийлеп жатты көңүлдөр.

Кыздын ыры.. Кулагыма угулуп,
Көз алдыма элестетет сулуулук.
Өңү таза өзгөрбөгөн затка окшоп,
Калгансыды кадыр түнгө жуурулуп.

Кыздын ыры... ээлеп алды жүрөктү.
Андан кийин сүйбөй калдым чүрөктү.

Ошол күндөн ырды тыңшайм боз үйдө,
Күндөр өттү, айлар өттү, жыл өттү.

Кыздын ыры... Түгөтө албайм чынында,
Бүтпөй жүрөт мен ырдаган ырымда.

## ЖАЛЫНЫ БОЛСО ЖҮРӨКТҮН

Жалыны болсо жүрөктүн,
Жалтанбай айткын сырыңы.
Жалоорутуп койбойлу,
Жалындаган сүйүүнү.

Толкуну болсо жүрөктүн,
Токтолбой айткын чыныңы.
Толгоо тартып койбойлу,
Толкуган жаштык сүйүүнү.

## ДЕГИН

Серпилсе чачың жел ыргап,
Таштап кой сылап артыңа.
Мактады дегин мени ырдап,
Кара-Алманын калкына.

Токойго добуш үн улап,
Шырт этсе жаңак жалбырак.
Зырп этип анын жүрөгү
Эстеди дегин ар убак.

Үйүңдүн маңдай жагында,
Көрүнгөн калың чер-токой.
Эшике чыксаң дайыма,
Бурулуп сырдуу карап кой..
Сен жүргөн ошол жеринде,.
Бирге эле жашайт мендеги ой.

Токойдун ошол алдында,
Суу аккан дайра, өзөн-жар.
Деп ойло анын жанында,
Мени издеген адам бар.

Атандын тиккен багында,
Аралап калсаң маалында.
Тургандыр дегин жашынып,
Тандырдын ары жагында.

Келгенде суугa кечинде,
Кыялым жетсин сезимге.
Жаңакты көзгө далдалап,
Турармын ары четинде.
Болбосом дагы кезинде,
Болдум го дегин эсинде.

Короондо көп түп дарак бар,
Кайсыны жакшы көрөсүң?
«Мезгилдер тарых барактар,
Түбүнө акыр келерсиң?
Жазылып далай санаттар,
Ыр берметин төгөрсүң»! —

Деп айткын күтсүн жаңактар,
Саргайбай өссүн көгөрсүн.
Бир учса биздин канаттар,
Ыр жазам барып көрөсүң.

## БИРӨӨМҮН

Жаңылып кетсе өзүмөн,
Себебин айт күнөөмүн.
Кайтпаймын айткан сөзүмөн,
Экөө да эмес, бирөөмүн.

Коё бербе күнөөнү,
Сүйгөмүн сени айрыкча.
Сүйө албайм башка бирөөнү,
Жүрөк да жок ашыкча.

* *
*

Мезгил өтөр, сүрөт кирдер тытылып,
Өмүр өтөр, катың бүтөр жыртылып.
Тирүүлүктүн салтанаты бөксөрбөй,
Ырларымдан сен калбайсың унутулуп.

* *
*

Сага ар дайым мен суктанып турамын,
Кыялымда бир чоң шаар курамын.
Сен өзүңдү байкайсыңбы билбеймин,
Толукшуган тоту куштай убагың.

Бир өзүңү теңдешсиз жан санаймын,
Кереметтүү мээрим менен караймын.
Сыйкырланып көңүлүмдү бурасың.
Сени менен жүргөн өңдүү таалайым.

Болбосо дейм сүйгөн жары бирөөнүн,
Бир сен үчүн бүткөн окшойт жүрөгүм.
Тагдыр мага каалагандай буйруса,
Коңгуроодой шыңгыратып жүрөмүн.

## МЕН ЖАШАГАН КӨЧӨДӨ

Мен жашаган ушул чаңдуу көчөдө,
Жыты аңкыган сонун гүлдөр өсүптүр.
Таң эртеңден түн ортосу болгончо,
Жигит кыздар шаракташып өтүптүр.

Мен жашаган ушул куник көчөдө,
Бак-дарактар бүрүн чачып гүлдөптүр.
Сүйөм деген далай сөздөр айтылып,
Жигит кыздан, кыз жигиттен сүрдөптүр.

Мен жашаган ушул баткак көчөдө,
Махабатка батышыптыр көп кыздар.
Келечектин башталышы ушундан,
Уул төрөлчү, кыз төрөлчү турмуш бар.

* *
*

Кош эмчекти көйнөк жапкан далдалап,
Мыжгый уучтап, аста гана кармалап.
Кыналышып, кучакташып, копшолуп,
Кайра-кайра беттен өпсөм аймалап.
Көз алдыман алп махаббат көч өтсө,
Сенде болсо бүлк-бүлк этет ак тамак.

## БИЛМЕКСЕНГЕ САЛАСЫҢ

Кандай экен кол башындай жүрөгүң,
Кандай экен келечектен тилегиң.
Каймана айтсам терең сөздүн маанисин,
Кайра сынап калп эле аны билбедиң.

Кандай экен жүрөгүңдүн кагышы,
Таба албадым табышмагын ай, ушу.
Өтсөм күндө гүл жыттанган жанындан.
Сыр билгизбейт сыпатыңдын баарысы.

Айтсам ачык азабыма чен жетпейт,
Неге бир күч көңүлүңдү дегдетпейт.
Сезимиңе сездире албай жатамбы.
Көз карашың эч бир шегин билгизбейт.

Мынча неге билмексенге саласың,
Кайра баштан эмне?— деп каласың.
Оюң менен ойнотпочу көп эле.
Сени сүйгөн адамзаттын баласын.

## КОРДОБОЙМ

Сен көркөмсүң, ошол үчүн сөз көркөм,
Сен сулуусуң, ошол үчүн сөз сулуу.
Оюмду ойлоп, торко электен өткөрсөм,
Сүйүп калгам болбос аны жашыруу.

Айтканмын го жана айтамын кайрадан,
Эрк өзүңдө сүйгүнүң деп зордобойм,
Сен тууралуу булбул болом сайраган,
Мен сүйүүмдү өзүмө-өзүм кордобойм.

## СЕН ТҮШҮНСӨҢ

Мен чарчоону билбей кетем,
Сени ар убак эстесем.
Уйку келип уктап кетсем,
Кайра сага кездешем.
Кандай болуп жүрдүң экен,
Эгер муну сезбесең...?

Менде кандай мактоо болсо,
Аны сага ыйгарам.
Мактай берем, мактай берем.
Жат бирөөгө кыйбагам.
Жүрөгүмдө кайталанса,
Сенин атың кыйладан.
Сен түшүнсөң ушул болот.
Көздүн жашын тыйбаган.

* *
*

Үмүтүмдө жакшы тилек келчек,
Күтөм сени күндө кайдан келет деп.
Назик көңүл сагынганын билдиңби?
Кайда болсоң көз алдымда элестеп.
Геологко окшоп чыккым келет чалгынга.
Кайда болсо чарчабастан сени издеп.

## СЕН ҮЧҮН

Жалыны болсоң сүйүүнүн,
Жүрөктү кактап күйгүздүң.
Ошондо күндүз бир болсом,
Түшүмдө жүрдүң түнкүсүн.

Таш боордук кылып сен үчүн,
Өмүрүн кыйып гүлдү үздүм.
Сага арнап бардык жакшымды,
Сүйгөнүмдү билгиздим.

Гүл берген сайын санааркайм,
Калбасак гүлдөй үзүлүп.
Жаштыкта тапкан сүйүүмдү,
Койбосок колдон түшүрүп.

* *
*

Сагынганым ишенбесең не дейин,
Эч айталбайм көрчү сөздүн кедейин.
Нагыз чындык түшүндүрөр акыры,
Жаркылдатып жакшылыктын седебин.
Окшоштуруп жеткире албайм өзүңө,
Көңүлүмдө жүргөн ойдун эченин.

## СЫР АЙТАЙЫН

Көз артпайм акча, алтынга,
Кызыкпайм дүйнө даңкына.
Бар болгон сырды айтайын,
Жетсем дейм сенин баркыңа.

Даана бир карап жолуңа,
Теңдешсең менин оюма.
Жалтанбай туруп бир бассак,
Көз жеткис турмуш огуна.

## ӨТСӨ ДАГЫ БАЗАРЫ

Улуумун деп уялбай,
Койбоймун сага баралбай.
Кантип чыдап туралам,
Койкойуп турсаң маралдай.

Калсам да бир топ улгайып,
Көргүм келет мен барып.
Оюма кантип келбейсиң.
Бой салып турсаң суйкайып.

Сүйүүнүн тартып азабын.
Өтсө дагы базарым.
Тазасына аялдын,
Куштар болуп каламын.

Жетпегенге не айла,
Түшүп бекер убайга.
Көңүлүмө доо кетет,
Кайра сүйүүм жанганга.

Токтосо дейм азабы,
Ашыктыктын базары.
Сүйбөгөнүм жакшы эле,
Ала бербей мазамы.

Бирок муну туйбаган,
Туйлаганы туйлаган.
Жүрөк деген бар тура,
Тынбаганы тынбаган.

Ошентсе да тажадым,
Тартып сүйүү азабын.
Улгайганда кыйналбай,
Келет тыптынч жашагым.

## КЕТЕМИН

Кетемин сенден алыс айла болбой,
Зарыктым мейли деген жообуң күтүп.
Болот деп эңсегеним ойлогондой,
Байкалбай канча убакыт кетти өтүп.

Мен жүрдүм пааналайм деп караанына,
Уланам деп узун өмүр сабагыңа.
Бирок да бөлөк бойдон кала бердик,
Кетемин сенден алыс аягында.

Дүпүйүп жүрөгүмдүн тереңинде,
Сага айталек купия сырлар калды.
Сен менен селкинчекти тебээримде,
Угула элек абаздуу ырлар калды.

Кетемин сен көрүнбөс алыс жакка,
Тургандыр дагы алдымда сендей аска.
Баары бир кетемин мен, сенден башка,
Эч нерсеге жетпес болуп жаралсам да.

## ЯЛТАДА

Олтуруп Ялта жеринде,
Ойлодум сени мен неге?
Көрсөттү бекен өңүңдү,
Көл сүртүп көркүн бетине.

Кара-Деңиз боюнда,
Неге унтпайм сени оюмда.
Көрүнттү бекен өңүңдү,
Кучактап толкун огунда.

## КЫЗ КҮЛКҮСҮ

Ха-ха десе хасы бермет,
Бермет болуп көрүнөт.

Кыз күлкүсү кызык-кызык,
Кымыз болуп төгүлөт.

Хи-хи десе хиси шуру,
Шуру болуп көрүнөт.
Кыз күлкүсү шарак-шарак,
Шарап болуп төгүлөт.

Ах-ха десе анысы акак,
Акак болуп көрүнөт.
Жалт-жулт этип жарашыгы,
Күлкүсүнөн төгүлөт.

Кыз күлкүсү миң кыялдуу,
Табышмактуу көрүнөт.
Сүйүүсү анын күлкүсүндө,
Күлкүсүнөн төгүлөт.

## КЫЗДЫН СЫРЫ

Карматкым келет колумду,
Байкаткым келет оюмду.

Сылаткым келет чачымды,
Сынаткым келет назымды.

Караткым келет кашыма,
Жөлөнткүм келет башыма

Таң калткым келет өзүңү,
Таптаткым келет төшүмү.

Өптүргүм келет ак бетти,
Эздиргим келет эмчекти.

Тиктетким келет көзүмө,
Эритким келет сөзүмө.

Жыттаткым келет тамактан,
Суктанткым келет айран-таң.

## КАРТАҢ ЭКЕН ДЕБЕГИН

Сүйдүм сени жаш келин,
Картаң экен дебегин.
Айтпасам да ачыгын,
Түшүнөрсүң себебин.

Сүйүп калдым жалындап,
Жетпесимдей жол ыраак,
Болсо дагы алдыңан,
Тосуп чыгам утурлап.

Сүйдүм сени жаш келин,
Картаң экен дебегин,
Бирок сүйүүм жаш бойдон,
Карыбаган кантейин.

## СҮЙГӨНҮҢ ЧЫН

Сен сүйөсүң, сүйгөндүгүң чын эле,
Сүйбөгөнсүп көрүнөсүң тим эле.
А болбосо көпкө чейин таарынып,
Кайра мени издейсиң сен эмнеге?

Эстебедим деп айтасың калп эле,
Өчкөн жалын кайра кантип жанчу эле.
Кетип калып, бирок келип кайрадан,
Маңдайымда турасың сен жарк эте.

Сүйгөнүң чын ак кептерим айланган,
Көрүнбөгөн сүйүүң мага байланган.
Менин болсо ашыктыгым билесиң,
Ошол үчүн көңүл кушум жайланган.

# *ЫР ШИҢИЛДЕРИ*

Турмуш деген көп ойлонткон табышмак,
Адашармын же жоопторун тапмакмын.
Издөө керек табыш үчүн жандырмак,
Жолу татаал жүрүшүндөй шакматтын.

* *
*

Саранга самагаңын берип көндүр,
Ошондо мартчылыкты бир түшүнөөр.
Жамандан аласыңды келип өндүр,
Болбосо сени дагы бир түшүрөр.

* *
*

Ооба сен, мага дайым дос же тууган,
Сөзүм бар сага дагы бир айта турган:
Жанымды арак менен кыйнабагын,
Шул болсун мени сенин сыйлаганың.

* *
*

Эгер турмуш кызыктырып койбосо,
Анда бизге жашоо деген не опо?
Өмүр чиркин өтө бермек билинбей,
Ачуу, таттуу даамын татуу болбосо.

* *
*

Жашоонун күндөрү көп ыракаттуу,
Бирок да түйшүгү бар машакаттуу.
Аарылар гүлдөн алып бал болгондой,
Жаралат мээнет менен жалаң таттуу.

* *
*

Сапар тарткан поездей рельсте,
Өмүр нугу ушундай болсочу же.
Башка жакка жол жасап бурар элем,
Адамзатты мүрзөгө жибербеске.

* *
*

Адам кайра жаралбасы өкүнтөт,
Өкүнгөнүм өксүктүктү көкүтөт.
Тирүүлүктө өзүң менен жар болуп,
Өтсөм өмүр сени менен бир бүтөт.

* *
*

Тарткынчыктап турасың сен уялып,
Кучактасам буйтай качып буралып.
Токточу эркем, тартып турат махабат,
Дагы бир аз, дагы бир аз туралык.

* *
*

Тарс атылып, ок чыкты жүрөгүңдөн,
Көптөн бери ошону күтүп жүргөм.
Ойлодуң сен: жараланды катуурак деп,
Ойлодум мен: ошентпейби баштараак деп.

* *
*

Билесиңби менин асыл жүрөгүмдү,
Сени коргоп, сени аяп жүрөрүмдү.
Бирок да адашып сен табалбадың,
Татынакай жасалган түнөгүңдү.

* *
*

Өмүр жалаң дуулоо эмес шапар тээп,
Же болбосо ыйлоо эмес кайгы жеп.
Борошолуу бороону бар улуган,
Анан кайра жаркыраган күн тийет.

* *
*

Дитиң болсо сүйө бер, сүйөм десе,
Кадыр көңүл калышуу кыйын нерсе.
Бир жаңылсаң өкүнүп каларың чын,
Кийин сага кайрылып кезек келсе.

* *
*

Секунд урса жүрөгүмдүн «жебеси»
Эске түшөт эртеңкинин элеси...
Өмүр жолун тордоп жаткан көрүнөт,
Парда болуп жөргөмүштүн желеси..

* *
*

Турмуш супсак кызыктырып койбосо,
Баары өзүбүз, өзгөргөнү болбосо.
Биз ар дайым жаратылыш гүлдөрү,
Дарак көрксүз чымчык келип конбосо.

* *
*

Бир кошунамда бала туулду бүгүн түн,
Бирок менде көңүл кайдан сүйүнсүн.
Бир кошунамда адам өлдү, кепиндеп,
Коюп келдик тартып анын күйүтүн.

* *
*

Сүйгөнүмдү жашыралбайм эч убак,
Кереметиң сезимиме тамчылап.
Каным, жүрөк жана сүйүү үчөөбүз,
Сени менен дайым бирге жүрөбүз.

* *
*

Жол табалбай жанжалгыз жүргөнүмдө,
Теңдеш келип көксөгөн тилегиме.
Көсөп коюп көңүлдүн учкундарын,
Сен от жактың сүйгөнүм жүрөгүмө.

* *
*

Чымырканам күндө сага келүүгө,
Чын пейлимен жүрөк сырын төгүүгө,
Кылчактаба көргөндөрдөн айбыгып,
Сүйүүбүзгө сен күбө да мен күбө.

* *
*

Шакек салдым колуңа шартым ушу,
Унчукпадың мунума күлүп бир аз.
Келип конуп туурума өмүр кушу,
Сүйүү жеңди, — дегениң, аның ырас,

* *
*

Түшкөн эле түбөлүгү «шак» болуп,
Эми мына утаар кезде «мат» коюп.
Бузду бирөө чакмактарын шахматтын,
Ыргып кетти фигуралар солдоюп.

* *
*

Өткөндөрдөн Хаям деген бир адам,
Сүйгөн жарды, гүлдү аздектеп сыйлаган.
Бардыгынан өйдө коюп шарапты,
Аны ичкенден напсин такыр тыйбаган.
Өзү менен гүлү, ыры, шарап да.
Дабан ашып жашап келет кылымдан.

* *
*

Болсом да өзүм жигит эрес жеткен,
Талпынам балапандай сага көздөй.

Ары өтөм, бери өтөмүн көчө жактан,
Конушун табалбаган жалгыз көчтөй.
Кетсем да алыс жакка кош айтышып,
Келемин жүрөгүмдүн жалыны өчпөй.

* *
*

Көңүлүм чөгө түштү бир нерсеге,
Эмесе иренжидим эмнеге?
Шегине тилдөө менен жооп кайтардым,
Бир келин көзүн ымдап үйрүдү эле.
Жанында жакшы көрүп сыйлап турган,
Бар болчу ал селкинин эри деле.

* *
*

Эгер өлсөм балам ыйлаар эскерип,
Небереме араң жетээр эстелик.
Андан ары болгондугум ким билет,
Учкан сымал бир жалбырак дилдиреп.
Эгер менден калган болсо бир нерсе,
Белек болуп бейитиме гүл өнмөк.

* *
*

Арак ичип мас болгондо оолугуп,
Жатыптырмын чоочун үйгө жолугуп.
Бала ыйласа:
—Мас келатат,— деди эле,
(Калган кезде түн ортодо соолугуп),
Ыйлап жаткан бала дароо басылды,
Мен уялып каттым дароо башымды.

* *
*

Сүйгөнүнө жете албаган муңаят,
Тушалдым деп түшүп калып тузакка.
Каалагандай болуп турса канаке.
Өзү келип сүйгөн қызың кучакка.
Сүйүү, сүйүү, сүйүү түйшүк тарттырат,
Ойрондотуп ойго салып узакка.

* *
*

Сулуу деп сулуу өппөдүм,
Чачынан сылап өтпөдүм.
Көрүнөө булгап коюшат,
Ушакка чылап көрктөрүн.

Көңүлүм барбай айныгам,
Сулуугун көрүп көптөрүн.

* *
*

— Ооруп турам абаке,
— Келме келтир, кудай де,
— Келме билбейм жашыман,
— Каапыр белең эмине?
— Кудай менен башынан,
Байланышым жок эле.

* *
*

Көңүлүм кээде куш болот,
Көңүлүм кээде суз болот,
Жакшы сынса онолот,
Жаман сынса жоголот.
Тоголок,— дешет дөөлөттү.
Сүйрү болсо не болот?

* *
*

Сүйсө да чындап сүйгөндүр,
Чын сырын айтпайт түгөнгүр.
Байкаса болсо батыраак,
Аз экенин бир өмүр.
Өмүрдүн чегин байкабай.
Түбөлүк деп жүргөндүр.

* *
*

Эзелтен болуп түнөгү,
Ала-Тоо кыргыз жүрөгү.
Алмашпайт сени эч качан,
Бир өзүңө дүйнөңү.

* *
*

Курсундуң турмуш оор деп,
Айтканың болсо ырас кеп.
Түшүнүп турмуш сырына,
Чүмчүйсүң неге кайгы кеп?

* *
*

Көргөндө качып аарыдан,
Чагат деп тилдеп каарыган.

Татканда татты балынан,
Жадабай жеди даамынан.

* *
*

Жашаганым мен үчүн,
Жасаганым эл үчүн.
Өлгөндө сөөгүм көрдүкү,
Тирүүмдө денем сен үчүн.

* *
*

Кечүүлөп жашты келемин,
Иргедим пенин керегин?
Кол башындай жүрөккө,
Сүйүүнүн гүлүн эгемин.

* *
*

Жүрөгүмдө ысыктык бар.
Сен караган аптабы.
Жүрөгүмдө муздактык бар,
Сен кадаган тактары.

* *
*

Тамырым чарчап талгыча,
Балык боор болуп калгыча,
Гүлүмдү күлө кучактап,
Жыттаймын моокум кангыча.

# ЧЫГЫШ ЫРГАКТАРЫ

Сен жүзүмдүн шиңгилисиң бери ийил,
Бейиш болсоң пендең болуп сергийин.
Мейиз болсоң такылдаткан таңдайды,
Мен да мейиз сендей болуп эрийин.

* *
*

Хаям айтат, бизсиз деле ай чыгат,
Бизсиз деле бала туулат баркырап...
Ич шараптан бир күн өчүп каласың,
Болсоң дагы күйүп турган шам чырак.

* *
*

Шарап менен махабаттын куйутун,
Хаям ырдап ашкере аны күнү-түн.
Сүрүп өт дейт бу дүйнөнүн доорунун,
О дүйнөдөн үзүп такыр үмүтүн.

* *
*

Өмүрдүн да, өлүмдүн эч жашырын
сыры жок,
Баш-аягын аңдап чыктым, бу дүйнөнүн
түбү жок.
Келечеке үмүт менен караганың
пайдасыз
Мындан мурда өлгөндөргө теңелебиз
айласыз.

* *
*

Махабатым алкымыңан жыттайын,
Мемирейин бейишиңе ыктайын.
Унутуп коюп өлүмдү мен бир паска,
Жаныңда бир аз жан жыргатып уктайын.

* *
*

Келген окшойт сени менен ооматым,
Эми менин куйушканым ообасын.
Кел ичели, куй шараптан бир жутум,
Ай, ушу бир сүйүү чиркин жыргасын.

* *
*

Жамалыңан жыттап эркем жыргайын,
Шаттык үчүн сени даңктап ырдайын.
Көтөрө алсаң мына ушундай атакты,
Өмүрүңдү мактоо менен чырмайын.

* *
*

Жашар күнү, ичээр суусу көрдөбү?
А эмине адамзаттын өлгөнү?
Менменсинген алп акылман адамдар
Кыйын болсо өлбөй жашап көрбөйбү?!

# АРНОО

*Арнаганым алдыда,*
*Адамчылык парзым да,*
*Сыйлашуунун наркы улук,*
*Кыргыз элдин салтында.*

**Абдыракман Султанкулов**

Достун мага баркы улук,
Бирдейсиң мага дайыма.
Адамча өмүр сүрөбүз,
Тирүүлүк, жашоо барында.
Сыйлашуу парз турбайбы,
Жаш улгайган маалында.

**Абдыкадыр Султанбаев**

Калганында тиш кагып,
Утур өсүп такшалып,
Журналисттер жамаатын,
Келет көптөн башкарып,
Көзүн билет кызматтын,
Так милдетин аткарып.
Ишкер адам экенин,
Жамы журт бүт байкадык.

**Абыдманап Мурзакматов**

Врачтын жүгүн көтөрүп,
Убагында кам көрүп,
Дабасын табат дарттуунун,
Улукмандай өңдөнүп.

Кабар алат баарынан,
Бир мүнөтүн коротпой.
Ишмердүүлүк жагынан,
Тапталган бекем болоттой.

**Абдыганы Эркебаев**

Мен билчүмүн академик болорун,
Жана дагы чоң кызматка конорун.
Мезгил өтүп бардыгына жетишти,
Туура чыгып ошол менин ойлорум.
Өзүнө да айтаар элем анымды.
Айтканымдай шам чырагы жагылды.
Кандайдыр бир эске түшүп калсам мен,
Ойлоп коёр «көзү ачыктык» жагымды.

**Акбарали Мамытбеков**

Санаса санат жетпейт,
Канча самолет учурганга,
Аэропорттун ээси болуп,
Отуз жыл иштеп анда.
Көп адамдан алкыш алды,
Пайдасы тийип адамдарга.

**Асан Жакшылыков**

Суурулуп чыгып жаштардан,
Жазуучуларды башкарган.
Ооматы жүрүп, бак конуп,
Айтматовдон бата алган.
Эмгеги элге белгилүү,
Таланттуу жазган дастандан.
Күүлөнүп алды күлүктөй,
Арыбайт эми баскандан.

**Акмат Сулайманов**

Балдарың эстүү чыкканы,
Узарганы өмүрдүн.

Анткени кудай алдында,
Ак болгону көөнүңдүн.
Үлгү болор жагың бар,
Адамдарга өзүңдүн.

**Алымжан Акимжанов**

Аты чыгып көп жылдан,
Алтынды жасап тиш кылган.
Усталыгы ченде жок.
Санжабы менен иш кылган.

**Акунжан Абдрашев**

Сыпаа, токтоо, акылдуу,
Таалим берип жаштарга.
Үй-бүлөсү бактылуу,
Ушундай ата тапканга.

**Акбархан Ильясов**

Ал жөнүндө айтсак сөзүбүз кыска,
Ишин мыкты билген, көбүнөн ашкан уста
Эл батасын алып келет жашынан,
Эми каалообуз эле жүзгө чыкса.

**Адылбек Жумашев**

Кызматынан чарчабайт,
Эмгеги ак бааланган.
Көп жаштардын ичинен,
Өз ордуна тандалган.
Көрсөтүп жатат үлгүсүн,
Төрагага баргандан.

**Абдираим Зунун-Ахунов**

Дайыма шөв. ашканада,
Бир сыйкырдуу сыр барбы?

Эмне үчүн даамдуу жасап,
Коёсуң сен лагманды?
Же сооданын пири,
Имам даарып калганбы?

### Асылбек Текебаев

Көп журналист байкабаган,
Турмуштагы окуядан,
Курч макала жазып чыгат,
Окуйт аны ар кыл адам.

### Ашурахун Садыков

Дүңгүрөтүп той берип Ашурахун,
Аябай эл көп келди алыс-жакын.
Чоң, кичине деп ылгабай чакырганын,
Баалай билдим ошондо анын баркын.
Дөө-шаалардан бар экен эл бийлеген,
Шопур да бар машинаны тейлеген.
Жумушчу да, колхозчу да аралаш,
Байлардан бар жукаларга келбеген.
Көбүн көргөм чоңдорду башка чакырган,
Алар үчүн Ташкенден артис алдырган.
Ашурахун сыйлаган жардыларды,
Ошолордун алдына кызмат кылдырган.
Адамдарды бирдей көрүп Ашурахун,
Тойго тегиз чакырганын таң калгамын.
Көптөрүнөн өзгөчө инсан экен,
Баалай билдим ошондо анын баркын.

### Асанбай Жусупбеков

Чымырканып чыктың жолго тайманбай,
Туура көрбөй тим жашоонун жүйөөсүн.
Ошол күндөн ушул күнгө каржалбай,
Сен турмуштан бир нерсе издеп жүрөсүң.
Татаал багыт, чытырманда жол чалып,
Кайда болсоң сабыр менен келесиң.
Көпкө ушинтип көөнөрбөсөң мункаными,
Акыры сен акыйкатты жеңесиң.

**Ашым Маматов**

Жалган дүйнө келген-кеткен,
Түбү чындык жеңип келген,
Ошондуктан мен өзүңөн,
Калыстыкты элестетем.

**Апсамат Паязов**

Сен жөнүндө ой жоруп,
Айтсам сөздүн ачыгы,
Даяр турат чындыгында,
Кыргыздын бир кадыры.
Сенде терең билим бар,
Болор анын татымы,
Кандай кызмат тапшырса да,
Иштей турган курч чагы.
Бирок дагы арбый берсин,
Журналисттик таскагың.

**Бекенбай Апышов**

Ангилис тилин сүйлөтүп,
Баштап чыгып бир муунду.
Педагок болуп үйрөтүп,
Атыңыз андан угулду.
Сизди сыйлайт элиңиз,
Абийир-барк таап келдиңиз.
Ашып белес, тоолордон,
Пайгамбар жашка жеттиңиз.
Алла Таала кечирсин,
Саал тайыса сөзүбүз.
Пайгамбарга окшошуп,
Кетесиз кээде өзүңүз.
Күтүп туруп убагын,
Дагы он жыл үчкүча,
Кош деп айтпай турамын,
Жетимиш жашка чыккыча.
Андан кийин сексен жашты,
Сүйлөшөбүз кыргызча.
Токсон жашты көрөбүз,
Аписа жеңем кызыкса.

### Бекмамат Осмонов

Элине тоодой туралган,
Жерине көсөм биларман.
Бир өзүнө тең келбейт,
Он, жыйырма көрөрман.
Чечкиндүүлүк жагынан,
Ченеми жок, дагы анан,
Чечендиги жагынан,
Озуп өтөт баарынан.
Жолборс жүрөк тайманбас,
Журтума мындай жаралбас,
Кыргыз үчүн төрөлгөн,
Айбаттуу жоо даайалбас.

### Бексултан Жакиев

Театр бар жеринде,
Бексултандын элинде.
Бир өзүнүн драмасы,
Миңге татыйт келинде.
Чүкө өкчөсө анын ташы,
Туура келбейт чик, пөк, таасы.
Алчы түшүп тура берет,
Бексултандын драмасы.

### Бекмурза Исмаилов

Шагы ийилет чынардын,
Бирок түбү бек турат.
Сындыра албайт эч качан,
Бороон согуп ургулап.
Бороон өтөт, күн чыгат,
Жаркыратып мандайды.
Чынар терек көкөлөйт,
Тоотпой андай-мындайды.

### Балтабай Нарматов

Бу турмушта кылка эмес,
Кара да бар, ак да бар.

Өз нугунда бардыгы,
Чын, жалганы такталар.
Мага окшогон мактаса,
Жамандашар башкалар.
Достук улуу баарынан,
Ал түбөлүк сакталар.

**Вахиджан Эргашев**

Маматказы атаңын,
Ишмердигин билемин,
Атасындай болот деп,
Сени да айтып жүрөмүн
Жетекчи болуп дайыма,
Элинди алга сүрөгүн.

**Гуламжан Салманов**

Адамдыгын сыйлаймын,
Жамандыка кыйбаймын.
Балдары менен бапырап,
Аман болсун ылайым.

**Дарман Жоробеков**

Жалган айтуу болбогон,
Максаты бар болжогон.
Кайда жүрсө ар убак,
Элдин камын ойлогон.

**Дөөлөткелди Мурзабеков**

Чын эле дөөлөт келип,
Алла Таала уул-кыз берип.
Очор-бачар турмуш менен,
Жашап жатат эмгектенип.
Бишкектен окуп бүтүп,
Кара-Алмадан шаарга келип.

**Эсенбек Акматов**

Сыйлап турат Эсеке, — деп,
Бирге иштеген көпчүлүк.

Келатасың сен башынан,
Кадрларды өстүрүп.
Жаштарга көңүл бөлгөн,
Ак ниет, калыс бул киши.
Келечекти көрө билген,
Эстүүлүктүн белгиси.

### Жолболду Алыбаев

Мукам-мукам күүсү бар,
Кайталангыс үнү бар.
Бишкектен туруп ырдаса,
Токиодон угулар.

### Жолболду Текенов

Теңтуш болуп жүрсөм да,
Жолболдунун жолу улук,
Баабадинден бата алган,
Кыдыр жолдон жолугуп.
Небереси болот тура,
Чыйбыл бийдин тукуму.
Аккан суудан агат тура,
Таза болуп утуру.
Эл, жери үчүн жанын үрөп,
Ак эмгегин сарптаган.
Ишмердигин адегенде,
Чарба ишинен баштаган.
Жарай турган тындарынан,
Кадрларды өстүргөн.
Өзүн дагы, кадрын да,
Чыйрактыкка көндүргөн.
Кыйынчылык башка түшсө,
Тайсалдабай бек турган.
Анткени ал жаш чагынан,
Кыргыз үчүн кызмат кылган.

### Жумабай Далибаев

Бирдей кылат мамиле,
Улуу менен кичүүгө.

Көзү илинип кетсе эле,
Кыргыз кирет түшүнө.
Ошол үчүн март адам,
Оомат келип ишине.

### Жалил Садыков

Кыргыздын мыкты уулунан,
Атагы алыс угулган.
Ыйык тутуп Манасты,
Эл башына туу кылган.
Арбагы сактап Манастын,
Дөө пири колдоп таланттын,
Депутат болуп дайыма,
Намысын элдин талаштың.

### Жолдошбай Абдыкалыков

Тегиз адам баарына,
Татыктуу мактап айтууга.
Ырлары да жакшына,
Окуса жагып калкына.
Сурмакан жеңем дем берип,
Ыр жаза бер калкына.

### Жолдошбай Абдырахманов

Тууганымдай көрөмүн,
Жолдошбайдын өнөрүн,
Жактырамын башынан,
Аракты жаман көргөнүн.
Алса деймин жаштарды,
Ушундай адам өрнөгүн.

### Жаныш Арипов

Мен тим эле мактабаймын жөнүнөн,
Жаныш өзү эмгегинен көрүнгөн.
Сергектиги, чечкиндүүлүк жагынан,
Бирге иштеген көптөрүнөн бөлүнгөн.

Жамааты аны урматташат калыс деп,
Чындыгында жүрөт дайым саз иштеп.
Чоң кызматчы боло турган жөнү бар,
Көрсөк анын ишмердигин иликтеп.

**Иззати Сыдыкова**

Алла Таала өзү берген ырасы,
Касиеттүү сыры бар, даба болгон.
Сансыз адам анысына ыраазы,
Умай эне колунан кайра оңолгон.
Алкыш алса миң адамдан бир адам,
Бактылуу ал бу дүйнөгө жаралган.
Оорулууга шыпаа тапкан бул адам,
Ошон үчүн Иззати өзү бир аалам.

**Исабек Мавлянов**

Согушуп жатып Берлинде,
Бүтүн буту окко учкан.
Нуска, нарктуу элинде,
Көптү билет турмуштан.
Жашап жатат кадырлуу,
Сыйын көрүп эл журттан.

**Камал Орозалиев**

Элиң менен сыймыктанып,
Баарын жакшы көрөсүң.
Мартабаң ашып, балдарың,
Өсүп, өнүп көгөрсүн.
Белдүүлөрдүн бири сен,
Айылдан чыккан азамат.
Кадырлап эле турушат,
Ак-Тоок менен Карамарт.
Инимдей көрүп мен сени
Жүрүшүң тилейм саламат.

**Камбаралы Бобулов**

Жазуучулук даңкыңыз,
Депутаттык баркыңыз,

Көтөрүлүп өйдөгө,
Калк үчүн көп сөз айттыңыз.
Бет алгандан кайтпаган,
Баштадан сиздин салтыңыз.

### Камыт Тагаев

Бала элем, бир мугалим опузалап,
Башка айыл деп Ак-Тоокту бөлгөн эле.
Бирок да, ырас болду мурду канап,
Өзүңүздөн көргүлүктү көргөн эле.
Мына эми элүү жаштан өтүп барам,
Бирок да, мурдагыдай сыйлап жүрөм.
Көп болсо экен ак көңүл сиздей адам,
Баягы эле агайсыз карс-карс күлгөн.

### Касым Исманов

Генийдей башы иштеген,
Өмүрү бүт иш менен.
Элди багуу жагынан,
Эч кими тең келбеген.
Жокчулук кысса туш-туштан,
Өз калкын ток кармаган.
Ишмер, сөзмөр адам өзү,
Чаалыкпаган, талбаган.
Чын эле гений акылы,
Көрөсүңөр акыры.
Ойлогон ою ишке ашат,
Келтирип асыл татымы.
Экономиканы көтөрөт,
Мадаминбектин Касымы.

### Кабылбек Султанов

Башчы болуп көп жылдан,
Догдурларды башкарган,
Дарыгерлик жагынан,
Тажырыйба артып такшалган.

### Кожо Султанов

Педагок ал таанымал,
Тажырыйба жагынан,
Макаренкодон кем калбай,
Тындыгы бар баарынан.

### Каныбек Жунушев

Ырды достой барктаган Каныбек,
Досун ырдай актаган жагы көп.
Талант менен эмгегин бирдей таптап,
Айлап, жылдап ыр үйүнө ал түнөп.
Болсо дагы арзанчылык, кымбатчылык,
Күтүрөтүп күткөнү чарбачылык.
Кызыл данын сапырын бөлүп алат,
Ырында да асырап дыйканчылык.

### Какен Саадабаева

Кызысың Ысык-Көлүндүн,
Башынан ишмер көрүндүн,
Түштүктүн Жалал-Абадында,
Көбү өттү жаштык өмүрдүн.
Тарбия берүү жагынан,
Башкалардан бөлүндүн,
Чакырып тойго турушат,
Эжекебиз келсе деп.
Баягыдай дагы эле,
Тарбиясын берсе деп.
Ак пейил менен мактаашып,
Топтолгон жерде эстешет.

### Кален Сыдыкова

Жазмачылык жагынан,
Топ күлүктөн бөлүнгөн.
Ишмердүүлүк жагынан
Тындыгы бар көбүнөн.
Сезем, билем, туямын,

Мен айтпаймын жөнүнөн.
Эл башкарып акыры,
Жетекчи болот көрүнгөн.
Заададан да сулуусу,
Жүзүнөн нуру төгүлгөн.

### Качкынбай Камбаралиев

Чыйрак өсүп, өз кесибиң тандадың,
Ак эмгегиң офицер наамын алганың.
Өжөр иштеп, барктуу болдуң элиңе,
Анын өзү алтын сарай салганың.

### Кудайберген Жуманазаров

Акактай тунук сөздөрүң,
Күрүчүндөй Өзгөндүн.
Шакардай кайнап ырларың,
Таасири жок өзгөнүн,
Түрмөктөлүп ойлоруң,
Күүсүнө жетип болжолуң.
Ырларың эркин окулат,
Жүрүшүндөй жоргонун.
Обонго салса ыргактуу,
Ар сабында сөз нарктуу.
Ырыңа өзүң бап келип,
Акындык атың эң барктуу.

### Кубанычбек Чороев

Бүт берилип ишине,
Эс албаган кичине.
Жардам берип келатат,
Улуу менен кичүүгө.
Журналисттик өнөрдөн,
Бутак алып көгөргөн.
Эмгектенген жамаатынын,
Алкышына бөлөнгөн.

### Кыргызбай Бакиев

Башынан чыйрак, тың чыгып,
Кызматын жакшы башкарган.
Ишине кандым машыгып,
Жашы өткөн сайын такшалган.

### Тихоновна Людмила Петрова

Өнөрүнө маш болуп,
Ак ниети менен аткарат.
Курортто иштеп көп жылдан,
Анын аты баркталат.
Сулуулугу бир башка,
Улуулугу бир башка,
Бирок өзү макталат.

### Мака Ибрагимов

«Эгер эртең эне тилиң жоюлат десе, бүгүн өлүүгө даярмын».

**Р. Гамзатов**

Адамдык сапаты улуу, пейли кенен,
Ал өзү эч нерсе менен теңелбеген.
Сөзү бар сыймыктанган мына мындай:
«Чеченмин чечен бойдон өлөм» деген.

### Мирхаким Мирзалимов

Айтсам өзү жөнүндө,
Сыйлуу адам көбүнө.
Бир нерсе болсо тең бөлөт,
Жашырбастан көрүнө.
Жакшы адам экени,
Көрүнүп турат өңүндө.

### Мариям Буларкиева

Ыр жазган аялдардын,
Чыгаанысын билемин.

Жакшы акын деп чындыгында,
Жарыя айтып жүрөмүн.
Сүйгөнүңөн ырыңы,
Өзүңү да сүйөмүн.

### Макамбай Өмүралиев

Бирөөлөрдү өзү жаман көрбөсө,
Бапырандап марттыгы бар өзгөчө.
Мисал менен, насаат менен далилдейт,
Эгер эле айтканына көнбөсө.

### Маматжан Кадырбаев

Айткан сөзүн угамын,
Жакшылык тилеп турамын.
Балдарың менен бактылуу,
Жашай турган убагың.
Амандыгың мен тилеп,
Жараткандан сурадым.

### Низомидин Тилабалдиев

Дүнүйө тапса бир далай,
Үйүнө топтоп жыйнабай,
Артынан анын түшкөн жок.
Карч уруп жанын кыйнабай,
Пайдасын издеп отурбай,
Мейманын март күзөтөт.
Эрегишип отурбай,
Кимге да болсо сөзү өтөт.

### Омор Султанов

Жазбаса да жылына,
Саран карап ырына,
Аз жазса да, саз жазып,
Кандырат ырдын сырына.

Артынан ээрчип жетпеди,
Акындардын нечени.
Аскасына чыгып алган,
Ырдын Прометейи.

### Ормонбек Нуралиев

Кыргыздын чыгаан жигити,
Көп нерсе келет колунан.
Максатың дайым орундайт,
Төп келип иши оңунан.
Март боло бер дайыма,
Жолугуп Кызыр жолуңан.

### Рустам Эралиев

Ишинин анын усулу,
Аман сактоо эл мүлкүн.
Өткүрдүгү, курчтугу,
Оролундай бүркүттүн.

### Рысбай Абдыкадыров

Кыргызымдын тоолору,
Бардыгынан жогору.
Теңештирем ушуга,
Рысбайды оболу.
Жашай берет түбөлүк,
Таңшыган мукам обону.

### Рамис Рыскулов

Күндүзү күндүн өзүндөй,
Түндүктөн түнүң куюлуп.
Түндөсү түндүн өзүндөй,
Түндүктөн күнүң куюлуп.

Сага кыйын ыр арноо,
Ак ыр менен баштасам,

Баскан жолуң болгонсуп тоо,
Кээде өйдөгө чыгып атасың,
А кээде ылдый түшүп кетесиң.
Куйундай чуркап өзүң бир кызык
немесиң.
Кекетип, мокотуп, бирөөлөргө бычак
ала чуркайсың.
Түптүү даракты түбү менен оодарып,
ошону менен атып урасың.
Сөгүнүп тилдейсиң,
Кимдин ким экенин билбейсиң.
Кызык эле кыялың,
Көчөдө ыр жазып баратасың,
Цыгандар менен ыр ырдашып баратасың.
Эл аралап,
Кээде майка кийбей чыгасың.
Ошентип кичине болуп калды түндүктөй
болгон чоң башың.
Бирок, мергенчинин мылтыгынан
«атылбай калган бугудай».
Жашап эле жатасың.
Дагы бирок,
«тагдырын зымга байлаган
троллейбустай»
Ырга бекбекем чырмалып калгансың.
Ырдын кулу болуп калгансың,
Ошол үчүн кыргыз элине армансың.
Сен өзүң ушундай Рамиссиң,
Ак ырды таштап,
Кыргыздын салттуу ыры —
Уйкаштык менен баштасам;
Ырларың сонун жазылат,
Парадка толгон майрамдай.
Окусаң көңүл ачылат,
Суусунга жуткан айрандай.
Ким окуса ырыңды,
Бактылуу адам дүйнөдө.
Тайманбай айтсам чынымды,
Ырларың гений билгенге.
А өзүң гений эмессиң.
Ырларың гений деп жатам.
Бирок да, мындай демекмин,

Эч кимди алга салбасаң,
Ырларың гений ар качан.

**Рысбай Опоев**

Кара-Алмадан, Жоон-Күнгөйгө,
Каттаганы каттаган.
Жадабастан мейман күтүп,
Бирөөгө калп айтпаган.
Бизди дагы көп каттатар,
Кара-Алмага барар жол.
Кыз чагынан сүйүп алган,
Санам менен аман бол.

**Сапарбү Калилова**

Кыйын адис болсо эгер,
Зорго сага теңелер.
Сыймыктанып жүрөбүз,
Кыздан чыккан инженер.
Балдарың менен бактылуу,
Узун өмүр сүрө бер.

**Саламат Садыкова**

Сулуусуң миң куштун,
Жылдызысың жылдыздын,
Авазың көңүл козгогон,
Ырчысысың укмуштун.

**С. Б. Клоцман**

Көңүлү ачык жакшы адам,
Ишти азилден баштаган.
Кимди кабыл алса да,
Бир каткыртып таштаган.
Таң эртеңден кечке чейин,
Иштеп жүрөт күжүлдөп.
Акылдуусун ушундан бил,
Айта берет анекдот.
Анекдотту билмек түгүл,
Түшүнбөгөн абдан көп.

**Суйунбай Эралиев**

Сөздүн ток этер жери,
Жамы журт, кыргыз эли,
Мындай дешип билишет,
Ыр жанынын инженери.

**Субан Жолдошов**

Адамдын баркын билген,
Адамдын улуусу.
Адамды сыйлай жүргөн,
Кыргыздын уулу ушу.
Сен барктасаң элиңди,
Элиң барктап өзүңдү.
Колуңан шыпаа табышты,
Көп адамдын өмүрү.
Ошол үчүн улуу деп,
Кыргызымдын уулу деп.
Аман болсом акыры,
Жазам арнап бир китеп.

**Сооронбай Жусуев**

Элибизде ардактуу,
Жазганы көркөм ыргактуу.
Ырлары да, өзү да,
Ала-Тоодой салмактуу.

**Сагын Матанов**

Тоң районун башкарып,
Реформа башталып,
Таба билип байлыкты,
Калкында болбой ачкалык.
Өзүңдөй болсо жетекчи,
Так чыгарып эсепти.
Туура болор берсе эгер,
Презденттик кезекти.
Аткарылып жоболор,

Тартипсиздик жоголор.
Ашып-ташып байлыгы,
Ошондо элим оңолор.

### Салохитдин Мохитдинов

Ачык көңүл жакшы адам.
Ичинде жок бир кара.
Мамилеси бипбирдей,
Карыга да, балага,
Көңүлүңдү көтөрөт,
Көңүл чөгүп турганда.

### Турдуназир Бекбоев

Жаштайынан макталган,
Окуу жайын башкарган.
Анан дагы көтөрүлүп,
Шаар кеңеште тапталган.
Үмүтү чоң элибиздин,
Мына ушундай жаштардан.
Премьер болсо деп тилейт,
Калкымдан чыгып такшалган.

### Тургунай Абдымомунова

Сооданын чыгаан адиси,
Бекер жүрбөйт айчылап.
Качан болсо ак иши,
Жубан да болсо шам чырак.

### Таирбек төкмө — Сатыбалдиев

Өмүрүмдө көрбөдүм,
Сиздей төкмө болгонун.
Караандабай калышат,
Салса да миңин жоргонун.
Кыргызымдын бактына,
Бир туулуп калгансыз.
Бала ырчы болуп жашыңдан,
Барпыдан нуска алгансыз.
Алтымыш ырчы келсе да,
Бардыгынан балбансыз.

**Төлөгөн Козубеков**

Бардыгын тегиз көрүп, ичиң кенен,
Сендей болсо канаке, бүт адамдар.
Жазган ырлар бир башка аалам болуп,
Котормоң да мактарлык ырга катар.
Эмгегиң эскирбестен жашай берет,
Сөз калат кийинкилер атыңы атаар.

**Таштан Ойдуңкулов**

Үй тургуздуң аземдеп,
Айылдын сонун жерине.
Чарба күтүп байый бер,
Жылкыны байлап кериге.

**Кылычбек Асаналиев**

Прокурор, сотту өстүргөн,
Эмгектенип көп жылдан.
Тереҥ өтүп сабагын,
Айтканына так турган.
Талашып туура тарабын,
Кайтпаган эч чындыктан.
Кылычбектей мыкты адам,
Көбөйсө экен кыргыздан.

**Шабданбай Абдыраманов**

Чоң байгеден бөлүнгөн,
Кыргыз элге таанымал.
Ак эмгеги тастыкталып,
Эл жазуучу наамы бар.
Калк ичинде жашай берет,
Романдар, дастандар.

**Чыңгыз Анарбаев**

Шумкар өңдүү учкуч чыгып,
Кайкып учуп асманда.

Такшалдырды жана көбүн,
Уста болуп жаштарга.
Өткөнүнөн сөз козгосок,
Тарыхы бар айтканга.

### Чоюбек Орунбаев

Ачык көңүл бапырап,
Ичи тарлар тартынат.
Кызматына жөндөмдүү,
Калыс иштеп катырат.

### Ырызалы Жанчаров

Журналисттик деңгээлинде,
Акыйкаты эч жок күмөн.
Баркың да бар эл, жериңе,
Жакшы жагың баалап жүрөм.

### Хамид Абдырахманов

Архитектор жагынан,
Баарыбызга таанымал,
Кыргыздын жаш кадры,
Өсө турган жагы бар.

### Маматкул Нарматов

Аттуу-баштуу Кара-Дарыянын,
Адамдары бaрктaшат.
Окутту деп бүт балдарын,
Таарпа кылып мактaшат.
Тыңы болуп дыйкандын,
Ойлогон ойу ишке ашат.

### Исмаил Вахапов

Турушу эле сөөлөттүү,
Кудай буйруп дөөлөттүү.

Калбаат жүрүү жагынан,
Баарыбызга өрнөктүү.

**Якубжан Ахмеджанов**

Пенсияга жашы жетип, каалоо менен,
Кеткенин мен эч качан көрбөгөн элем.
Жетекчилик кызматта көп жыл жүрүп,
Өзү билип жаштарга кезегин берген,
Ушундай анын нарктуу баркы бааланып,
Сый көрүп жатат орун алып төрдөн.

**Жахангир Өмүрзаков**

Сергек жигит бардыгын байкап жүргөн,
Эстүүлүгү билинген бала күндөн.
Кызматын ак аткарып келе жатат,
Кыргызымдын кулуну элин сүйгөн.

**Турат Матисаков**

Акыры женди мына дыйканчылык,
Жаз, жайы Керез экөөң талаадасың.
Болсо да жылдын өзү кургакчылык,
Сырын билип асыл түшүм алаласың.
Баба дыйкан жылоолоп жолуңу ачып,
Күзүндө күтүрөтүп бересиң той.
Мен болсо шаарда жашайм кардым ачып,
Бир мүшөк картишкадан кайрылып кой.

**Валилилло Таджибаев**

Эрки күчтүү бардыгына чыдаган,
Сөзгө бекем убадага туралган.
Элге жылуу мамилеси жагып анын,
Элге кызмат кылган үчүн кубанган.

Адылбек Чоңозов

Жаш инженер, жаш кезинен,
Башкалардан жакшы билем.
Техниканы сүйлөтө алган,
Мыкты адис деп мактап жүрөм.
Башчылыктан дагы өйдөлөп,
Кетериңе эч жок күмөн.

Юлдашбай Мамасалиев

Бала чактан тың болгон,
Айткан сөзү чың болгон.
Кичипейил, жөнөкөй,
Төрөлгөнсүп шул бойдон.

Темирбек Жусупбаев

Иштей берет күжүлдөп,
Тыным албай күнүгө.
Кыдырып жүрөт көп жерди,
Жыйнай бербей дүнүйө.
Кыргыздан барган биринчи,
Рахманкул хандын үйүнө.

Каюумжан Атажанов

Мал чарбасын өнүктүрүүдө Кыргызстан,
Эмгеги бар, элине көп иш кылган.
Чындык үчүн күрөшүп чыркыраган,
Тартипти ал чарбада жөнгө салган.
Карапайым, калыс сөз сүйлеп дайым,
Билгендерге бул өзү асыл адам.

Канал Асанбеков

Агартуунун кишиси,
Бүт өмүрү, бүт иши,
Мына ушуга берилген,
Педагоктун күчтүүсү.

**Султанбек Жамашев**

Принциби бар адам,
Мамилеге нак адам.
Өзү чыгаан журналист,
Эң жөнөкөй карасаң.

**Надырбек Абдуллаев**

Башкы эсепчи көптөн бери,
Компьютердей башы иштейт.
Жалган «учет» жүргүзгөнгө,
Пикири анын келишпейт.

**Турсуналы Үсөнов**

Калктын мүлкүн кармап турат,
Чачып ийбей, коротпой.
Алдым-жуттум адам эмес,
Сактайт баарын жоготпой.

**Кадыркул Сарыков**

Абалды аңдай жүргөн,
Эстүүлүк жагы бар.
Ишмердик ишинен,
Элине таанымал.

**Бакир Атакулов**

Сөз сүйлөсө өзгөчө,
Айкүрүнөн тик конот,
Башка бирөө өкчөсө,
Пөгүнөн же чик болот.
Алышып жыгам дегенди,
Куйручуктай шорлотот.

### Изатулла Исматуллаев

Парад өтсө майрам күнү шаң менен,
Эң алдыда баратат ушул адам.
Анткени, ал иш бүтүрүп көптөгөн,
Дайым калктын пайдасына жараган.
Бирдей көрүп бардыгын ичи кенен,
Жакшылыкты тилейм мен да алладан.

### Айкөкүл Мырзакаримова

Бир дагы кол алышып көрүшпөгөм,
Бирок да ишмердигин жакшы билем,
Дайыма акыйкатты сүйлөп келет,
Калкына ак берилген дили менен.
Кыргызда сендей кыздар көп болсо дейм.
Өкүнөм болбогонго менин жеңем.

### Роза Отунбаева

Тетчер, Чиллер кыргызда,
Бар экен го бизде да,
Дүйнөнү дүңгүрөтүп,
Элчи болду Америкага.
Тышкы иштерде эмгектенип,
Келечеги дагы алдыда.

### Тансу Чиллер

Жүзү жылуу күлүңдөйт,
Ишмер, талбас кыйын дейт.
Калкка камкор заададан,
Түрк канышасы элестейт.

### Жусуп Примбаев

Чечен сүйлөө жагынан,
Алдына эч ким өталбаган.
Ишмердиги жагынан,
Эч ким өтүп жеталбаган.
Окумуштуулук жагынан.
Сага эч ким даабаган.

### Кадырбек Бечелов

Жаш прокурор элимде,
Бар эле өзү тегинде.
Кудурет кудай колдосун,
Өсүүнүн кыр белинде.

### Айчүрөк Иманалиева

Көрүнсө эле ал кайдан,
Кол чабылат дүркүрөп.
Өлбөс болуп жаралган,
Өнөрү бар Айчүрөк.

### Нурмамат Муллакелдиев

Такшалганы такшалган,
Сузактык чыгаан жаштардан.
Келечекте эл башкарып,
Өкмөт болсун баталган.

### Жоробай Абдукаримов

Өзбек болуп туулган,
Кыргыз болуп жуурулган.
Инистутун бүтүп сооданын,
Ак иштен аты угулган.
Эки элдин ортосунда,
Абийир алган уулдан.

### Эргеш Төрөбаев

Жадыраган айдыңы,
Жаркыраган жарыгы.
Жашасын деп турушат,
Жамы журттун бардыгы.

### Түгөлбай Казаков

Сыйкырдуу обон кубулуп,
Дилди эритет ыргагы,

Түбөлүк турат угулуп.
Түгөнбөс кооз ырлары.

**Бусурманкул ажы
— Жээнбек уулу**

Куран кыраатын келтирген,
Шариятты бүт билген.
Ажылардын күчтүүсү,
Дин жаатынан, илимден.

**Тапанча Палбан — Узаков**

Али Мухаммед, Поддубный, Хажымукан,
Бет келсе таймашып жыга турган,
Ибрагим палбан чыгып кыргыздан,
Далысы жерге тийбей тарыхта калган.

**Базарбай Нарматов**

Рустамдан үлгү алган,
Кыраакы иште такшалган.
Эмгеги ак бааланып,
Шаар органын башкарган.

**Эмил Узакбаев**

Көк-Арт дайра албуутганып,
Бышыктырып чыгарган.
Кыргыз элде барк-сый алып,
Өсө турган уландан.

**Абдали Миңбаев**

Эсепчилик татаал шахмат,
Бирок сага оңой чечмей.
Эмгек менен ишиңи актап,
Таксың дайым офицердей.

**Абдыразак Ракманов**

Ишинин өзүн билмекке,
Бул жерде кантип үлгүрөм.

Каарман кылып китепке,
Атайын жазам деп жүрөм.

### Кадыржан Мадрайимов

Биз нан менен жашайбыз,
Нандын ээси өзүңсүң.
Палоону анан ашайбыз,
Нан жасап сен көзүрсүң.

### Абдукарим Абдукадиров

Өзүң жакшы баласың,
Тууралап оокат дабасын,
Бажара бер ишинди,
Алып элдин батасын.

### Каимжан Мурсаидов

Эсепчилик жаатынан,
Эч кимди алга салбаган.
Текшерүүдө так болуп,
Калыс турган баарынан.
Адамчылык жагынан,
Ардакталган зор адам.

### Нияз Токторбаев

Башкарып жарым кылымга,
Токой ээси болуп иштеген,
Токой сырын чынында,
Адис жок сиздей билбеген.

### Кадырбек Субанов

Макал айтып иреттеп,
—Өмүр өтүп, бийлик кетет—,
деп.

Бирок китеп каларын,
Түшүндүрөт санжептеп.
Макташат калыс жигит деп,
Иштин көзүн билет деп,

**Бекболот Исабаев**

Кожожаштай кайраттуу Афлатунда
өскөн,
Мугалимден жетекчиликке жеткен.
Кара кылды как жарган чечендигинен,
Оозго алынган элинде илгертеден.

**Абазбек Канназаров**

Алимжан ырга жазбаган,
Мактай турган жакшы адам.
Профтех окуу жайында,
Эмгектенди каччадан.

**Абдумиталип Кукиев**

Жүгүнбөстөн бирөөгө,
Коркпой өмүр сүрөсүз.
Камкорсуз үй-бүлөгө,
Достун да камын көрөсүз.

# ЖОКТОО

*Элестерин эскерип,*
*Маркумдарга эстелик.*

Айылда жүрүп байкасам,
Азайып барат арабыз.
Канчалар өтүп кетиптир,
Эстесек күчөп санаабыз.
Карыбы, жашбы баары бир,
Аларды кайдан табабыз.

* *
*

Эскерсем эми башынан,
Билимдүү чыккан жашынан,
Дооранкул уулу Асанды,
Өткөндө элим жашыган.

Ошол Мадыш уруудан,
Өтүп кетти бир чыгаан.
Токтогул уулу Абдешим,
Далайлар андан окуган.

Андан бери мен келсем,
Калыбай менен окугам.
Кыркка чыкпай кетиптир,
Кырчын кезде боз улан.

Мамаш, Жапаш экөө тең,
Тегинде бардар турушкан.
Элге баркы бар эле,
Айткан сөзүн угушкан.

Сатыбалды Мамашов,
Ак көңүл эле аябай.

Алган ажал адашып,
Анысына карабай.

Муратов деп Тойчунун,
Азыр да аты өчпөгөн.
Эсептен кыйын жагынан,
Алдына адам өтпөгөн.

Мурзакулов Абдыла,
Мени окуткан агайым.
Тарбиясы таасир берген,
Орусча өтүп сабагын.

Эгемберди баласына,
Қам көрүп Жолдош атасы.
Нарктуу адам ал өттү.
Жашоодо болбой катасы.

Бердибай менен Кудаңга,
Атасы Көчөр бел эле.
Куудул сөздү билгизбей,
Сүйлөп койчу жөн эле.

Сөздү тандап сүйлөгөн,
Ойчул Болот өткөндө ай,
Бел майышып, ал кетип,
Кейип турду Көчкөнбай.

Окумуштуу уул Сулайман,
Турду атасын кудайдан,
Тилеп жүрдү өлбөсө деп,
Бирок, дүйнө о, жалган.
Кала берди алдырышып,
Сактай албай ажалдан.

Дөөдөй киши Быржыбай,
Ажалга моюн бербеген.
Бирок, бир күн көз жумду,
Калбайт окшойт пендеден.

Эмгекке бышык Тырмыштан,
Эркеги жок, кыз калган.

Бирок, күйөө баласы,
Уулдай көмдү, не арман.

Абжапаров Орунбай,
Боорукер эле баарынан.
Билимдүү эле көбүнөн,
Дарс окутуу жагынан.

Эки Акыштын бири жок,
Ушундай экен дүнүйө.
Кубаныч да, кайгы бар,
Бу турмушта күнүгө.

Орозго бел Бекмурат,
Бышык, сөзмөр кары эле.
Аңчылыгы бар эле,
Ууга чыкмак дагы эле.

Аксакал деп эң алды,
Токторалы абаны,
Улуулап сыйлап турчу элек
Андан кийин Мусаны.

Айтыкулдун атасы,
Эсес билем Жорону,
Окшошот деп эл айтат.
Балдарынын оролу.

Бостонкулов Жамшитди,
Көп билишпейт айылда
Беш, он жылдын биринде,
Келип калчу жайында.

Кантип айтпай кетемин,
Кимсан уулу Кочкорду.
Сопсоо жүрүп, аз ооруп,
Жакында эле жок болду.

Айтсам Кадыралыны,
Кайгырат элдин бардыгы.

Күлдүрүп суй жыкчу эле,
Жашы менен карыны.
Сөзү калды элинде,
Айтса бүтпөй тарыхы.

Айдаралы абабыз,
Чынчыл эле башынан.
Кашкайта айткан калыс сөз.
Көндүм болгон жашынан.
Жалгыз уулу Анарбай,
Ордун баскан жаш улан.

Төрөгелди карыя,
Жүз чамалап барганда,
Той дешип карашын,
Калк калган жок арманда.

Төрөмамат аксакал,
Той башында турчу эле.
Баласы анын Кыргызбай,
Эл башкарган курч эле.
Оңго, солго көрүнүп,
Өз элимдин куту эле.
Бир туугандай көрчүмүн,
Туугандыка мыкты эле.
Белди эңшерип ал кетти,
Кырк сегизке чыкты эле.

Солтонун уулу Тургунбай,
Ажал деген укмуш ай,
Алып кетет турбайбы,
Ак, карасын ылгабай.
Эмгекке бышык эр эле,
Согуш дагы тындырбай,
Үч жолу барып, үч келген,
Ал дагы өттү дүйнөдөн,
Сүйбөгөнгө сүйлөбөй,
Сүйлөгөнгө сүйлөгөн.

Матинин уулу Орозду,
Өзүм жакшы билемин.

Адамчылык сапатын,
Эстеп-эстеп жүрөмүн.

Айтсам абам Исакул,
Чын большевик ошо эле.
Чондор коркуп сөзүнөн,
Тополону тоз эле.
Берлинге чейин согушкан,
Жуков менен кошо эле.

Каным катып кайгыдан,
Канатыман кайрылгам.
Козубай деп бүт элим,
Аза күтүп чуу кылган.
Кыйын экен баарынан,
Бир туугандан айрылган.

Султаналыны билишет,
Чынчылдыгын айтамын.
Бет келсе да падыша,
Болгон эмес кайтарым.

Бирок, кейийм мен эстеп,
Тууган эле Садирбек.
Жигит бойдон коштошту,
Бирге өскөнбүз жеткинчек.

Өөндө турган Өмөрбек,
Ким ойлоптур өлөт деп.
Мыкты окуткан балдарды,
Бүт билимин белендеп.

Ошол өөндө жашаган,
Жантөрө деген бар эле.
Туяк көрбөй бир дагы,
Армандуу кетип калды эле.

Исраилов Курманбек,
Билбейт эч ким элестеп,
Бала кезде мерт болгон,
Ким ойлоптур кетет деп.

Педагоктук жагынан,
Элине эмгек сиңирген.
Темиров Жалил өзү,
Билим десе жүгүргөн.
Бишкектен уулун окутуп,
Чоң болот деп сүйүнгөн.

Айтсам Мажит досуму,
Ичим жаман кайышат.
Бир партада отурдук,
Китеп окуп, ыр жаттап.
Өткөн экен бала чак,
Кыздарга арнап кат жазмак.

Тирилтип кайра аларга,
Болбой эч бир дабасы.
Жаш кетип Манап кейитти,
Ражабалынын баласы.

Согушта жүрүп соолуган,
Эки өлдү, эки тирилип,.
Кара кагаз келгенде,
Өкүрүп эл сүрүлүп.
Бирок да таң калабыз,
Жапаралы тагабыз,
Келип калып кайрадан,
Толо түшкөн арабыз.
Эки өлүп, эки тирилип,
Өткөрүп бир топ тирилик,
Үчүнчүсүндө чын өлдү.
Түбөлүк болбой тирүүлүк.

Эстесем Молдокелдини,
Ээси эле анын дөө пири.
Карк жүрүп, карк жашаган,
Бир элдин эле өкүлү.

Азамат киши Алдосов,
Атчан өтсөк жол тосуп,
Алейкум, салам деп турчу,
Тууганча сүйлөп, боорлошуп.

Мойноктун этек жагында,
Үйүндө көрүп камылга.
Султан өттү дүйнөдөн,
Жигиттен өткөн маалында.

Нышан агай мыкты эле,
Көп сүйлөбөй ырымга.
Балдарды мыкты окуткан,
Согуштун кыйын жылында.
Терең билим алганын,
Жашырбайт Карим чынында.

Бир туугандар Азимбай,
Апатай менен Көкөтай,
Балдары болуп болуштун,
Бу дүйнөдөн өттү го ай.

Сейталы тагам баркырап,
Кара атын жүрчү чапкылап.
Ачык адам болчу деп,
Айылда азыр кап кылат.

Эл башкарып Абдыкай,
Советтин доорун ал сүрдү.
Атам менен дос болуп,
Экөөлөп көп иш бүтүрдү.

Сансызбаев Бабатай,
Ачык эле калдаңдан.
Азыр тирүү болгондо,
Жүрмөк эле барбаңдап.

Аттиң, айтсам Мундузду,
Учурдук окшойт жылдызды.
Бир жетекчи чыкмакчы,
Башкарып кийин кыргызды.
Жаш кетип атасынын,
Муунуна муз тургузду

Эсеп жагын ызгыткан,
Табилчиге бышыккан,
Жунус да өттү жакында,
Насия экен ысыкжан.

Каза болгон анын да,
Коңушусу Бегимат.
Батага эл көп келди.
Ак-Тоок менен Карамарт.

А Алыбай тагабыз,
Көпкө чейин жашады.
Баласы Абыманапты,
Шум ажал бирок, бат алды.

Апамдын жакын тууганы,
Апыш деген табыптан,
Кандай оору болсо да,
Шыпаа болуп айыккан.

Калмамат да атасы,
Кожакматтан айрылган.
Көңүл айтып балдарына,
Көпчүлүк эл кайгырган.

Жашаса да көп жашка,
Адам деген бир башка,
Мурзали аба көз жумду,
Кош айтышып бир паста.

Садыктын уулу Абдыкар,
Жаш эле да, бала эле.
Ичине ысык өрт кетип,
Кала берди ата-эне.

Бечел болсо келечекти,
Болжолунда түшүнгөн
Космоско адам чыкканда,
Тамашалап күлдүргөн.

Абдыраман тагабыз,
Жазуучунун атасы.
Тийип турсун тирүүлөргө,
Арбагынын аркасы.

Кадырлуу Мавлян аксакал,
Калкында болгон жакшы адам.

Жаштарга кеңеш көп берген,
Санжаптап айтып масалдап.

Калыкпайдын атасы,
Сали да өттү дүйнөдөн.
Сый жашады элге окшоп,
Дүйнө жыйнап көрбөгөн.

Субанга дайым бел болуп,
Жолдош абам мыкты эле.
Балдар жакшы болгун деп,
Акыл айтып турчу эле.
Тегиз болуп баарына,
Бирдей көңүл бурчу эле.

Байырлап жашап Кыз-Көлдө,
Орус менен дос болгон.
Эскерсем Мамыт дегенди
А дагы азыр жок болгон.

Белгилүү шамар уруунун,
Башчысы эле Батырбек,
Канча айтса да жарашат,
Арнап ага жакшы кеп.
Анын ордун баскан бар,
Балдары өстү дүркүрөп.

Жетимиш жетпей Саякбай,
Өтүп кетти дүйнөдөн.
Анын атын атаса,
Айылда жок билбеген.
Ал өзү туура киши эле,
Мыскалдап кепти сүйлөгөн.

Башкарма болуп Мамасалы.
Укчу сөзүн элдин баары.
Ал кеткени аз келгенсип,
Уулу Максат өттү жаңы.

Отуз минчи Курманбай,
Аны да ажал аябай,
Аман болсун деп тилейм,
Замандашы Каңкыбай.

Жээнбектин айтсам салмагын,
Ак үй жакка барганын,
Чоң болгон биздин айылдан,
Бирок дагы арманым,
Элүүгө жетпей ал өттү,
Буйругун кара Алланын.

Ат үстүндө чоңойгон,
Жума деген азамат.
Адамдыгын айтышат,
Элде жүргөн аралап.
Куда болгон Ак-Тоокко,
Бир конушуп жамамат.

Маалада чыгаан уул эле,
Токтоназар кайран ай,
Аманкул да өтүп кетти,
Жаштыгына карабай.

Жаныбеков Арапбай,
Алымдуу эле калкына.
Азил айтып досуна,
Тегиз эле жалпыга.
Маалимчилик өнөрүн,
Жеткирген эле баркына.

Камкор болуп балдарына,
Окутууга камдаган.
Жусупбекти билишчү,
Чырчатака барбаган.

Турдумаматтын атасы,
Нускалуу жүрчү ар убак.
Чарбагы турат, өзү жок,
Ошол адам Кушубак.

Ажал күчтүү баарынан,
Токтоталбайт ноктолоп.
Азымкан менен Үсөндүн,
Орду дайым жоктолот.

Бөдөндү кимдер билбеген,
Топ жарып чечен сүйлөгөн.

Жаштарды сүрөп алдыга,
Жакшы жакка үндөгөн.

Жазмыш ушу, кете берди,
Тешберектик Сулайман.
Бирок, анын аты өчпөйт,
Чыгаан Касым уул калган.

* *
*

Жоктоп койдум өткөндөрдү,
Эл ыраазы болгула.
Арбактарга багыштап,
Куран окуп койгула?!
О-о-ми-ийиин!

* *
*

Келди-кетти нерсе экен,
Бу дүйнөнүн жалганы.
Көзү өткөндөн кийинки,
Тирүүлөрдүн калганы,
Аман болсун деп жүрөм,
Эш тутуп кудай алланы.
Колдоп турсун пендесин,
Маркумдардын арбагы.

## ШАМУЗА ИСМУР

Шумдук өлүм жүрөгүмдү чочутканын,
Өмүрүмдө жаман кабар көп уккамын.
Көзү өткөнүн көптөн кийин билгенимде,
Сенек болуп селейип туруп калдым.
Досторумдан айырмасы бар эле,
Ачык-айрым жан эле бул дунганым.

Журналисттик жолунда каламдашым,
Билем эми ал мага кайрылбасын.
Аны менен дос болуп жүргөнүмдө,
Сезбейт элем улуттун айырмасын.
Кантмек элем, арга жок, бирок эми,
Тирүү жүргөн достордон айрыбасын.

## ДАНИ — МАХМУДОВ МИРЗАХОДЖА

Өзбек, кыргыз дебестен,
Биринен бирин бөлбөстөн,
Жакшы жагын алып чыгып,
Жаман жагын көрмөксөн,
Болуп турчу, ал эгер,
Жүрө берсе өлбөстөн.
Данакер эле эки элге,
Жаатташууга көнбөстөн.

Улуттун жигин тескебей,
Жакшылык кылса эстебей,
Жардам сурап барганга,
Макул болчу, кет дебей.
Байкуштун ишин бүтүрчү,
Эрте дебей, кеч дебей.

Дани барда ар жактан,
Бирикчүбүз топтолуп,
Мирхаким, Макка, Гуламжан
Калышса эгер жок болуп,
Отурчу эле чай ичпей,
Масилат сөз токтолуп.

Акбархандын чайканасы,
Баракага толчу эле,
Маматажан да кээде бизге,
Бир көрүнүп койчу эле,
Дани барда дасторкон да,
Кенен-кесир болчу эле.

Кадыр-баркы эске түшүп,
Даниден сөз козгосо,
Бошой түшөм азыр дале,
Салохитдин аны жоктосо.
Отурабы деп ойлойм,
Балдары аны жол тосо.

Тирүүлүктө калтырган,
Ал адамдын орду бар.

Балким дагы турмушта,
Данидей бирөө жаралар,
Жаралса да, а бирок,
Болбостур ага барабар.

Пайгамбар жашка жетпестен,
Март адам өттү эртелеп.
Эки элдин эстүү адамын,
Эки эли тең эскерет.
Улуу инсан болгон экен,
Ошон үчүн эстелет.

## БИРА БӨРҮБАЕВ

Айнисага ыр үйрөтүп,
Айбегиңди жетелеп,
Жаш жубайың Сурмакүлүң,
Кыз кезиндей эркелеп.
Жүргөн күнүң ал чактагы,
Али эсимден кетелек.

Сенин үйүң, менин үйүм,
Айрымасы жок эле.
Студенттик турмуш болсо,
Өзүнчө бир доор эле.
Азилдешип, тамашалап,
Баары мелт-калт толо эле.

Өзүң жоксуң арабызда,
Бирок кошо жүргөнсүп,
Тамашалап сүйлөгөнсүп,
Бир каткырып күлгөнсүп,
Тирүүбү деп ойлоп кетем,
Өлгөнүңө күмөнсүп.

Жакшы адам болгон үчүн,
Жыйналып биз кээ күнү,
Жүргөн-турган мүнөзүңдү,
Эскеребиз сөзүңү.
Балдарыны көргөнүмдө,
Көргөнсүймүн өзүңү.

**Таштанбек Аширалиев**

Жаркыраган ачык мүнөз киши эле,
Арабыздан өтүп кетти жылт этип,
Көз алдыма келет анын элеси,
Бирге иштеген күндөрүндү эстетип,
Бир эскерүү жазамын деп мен жүрөм,
Балдарына болуш үчүн эстелик.

# ПОЭМАЛАР

## КЫЗ АЛА КАЧУУ

Махабат деп сөз чыгып асыл баштан.
Мунун өзүн эң алгач акын айткан.
Бирок анын бүтпөгөн арзуусу бар,
От чыккандай жалт этип асыл таштан.
Сен окуган жупуну поэмамда,
Жолугушат тагдырлар ар кыл жактан.

Окуясы жөнөкөй татаал эмес,
Окуучулар ал үчүн жемелебес.
Ак пейилден силерге чынын айтсам,
Жаңы сөз жок, филолог күнөөлөбөс.
Болгондорун болгондой айтып жатам,
Издебедим сыйкырдуу укмуш элес.

Кыздын аты Аймончок кыялы наз,
Толуп турган убагы он жети жаш.
Толукшуган ак бети айыбы жок,
Сымбат-боюн айтууга сөзүбүз аз.
Ашым анын эрмеги кичинеден,
Бир-бирине мээрими ак, пейили жаз.

Уялаштай бойтондоп коңшу үйдө,
Эс тарткандан тең өскөн экөө бирге.
Жоготкондой дүйнөдөн эң таттуусун,
Көрүшпөсө сагынат анча күнгө.
Балдар менен топ ойноп, токмок салмай,
Акчөлмөк баштайшат айлуу түндө.
Тартылышкан сезимдер күчөп барат,
Махабаттын көрүнбөс оту жанат.

Аскер ишин өтөөгө кетип жатып,
Ойдогусун Ашымы айтып калат.
Алыс сапар баратып акырында,
Макул деген ашыктык антын алат.

Сагынычтуу жазылган катын алат,
Сүрөттөрүн көп карап көзү талат.
Бирок чыгып ортодон Асыл деген,
Аймончокко миң түркүн суроо салат.
Турмуш татаал дайыма бир кылка эмес,
Түз болсочу, не болот атаганат!?

Он жылдыкты Аймончок бүтмөк эле,
Шаарга окууга жайында кетмек эле.
Убакыттын аз-көбү баары бир да,
Кымбат көргөн Ашымын күтмөк эле.
Кеп антта эмес, көңүлдө, тилектерде,
Бактыларын башкага түртмөк беле.

Бирок Асыл жеңдирип Аймончокко,
Күндө келет шарт коюп болочокко.
Жалган эмес, чын болчу сүйгөндүгү,
Ташта десе таштамак өзүн отко.
Экөөнө тең ашыкча күйүт болду,
Кайгы болуп бекерге кайгы жокто.

Адегенде Аймончок катуу какпайт,
Ал ансайын Асыл да айланчыктайт.
Бирге өскөнүн, күткөнүн, убадасын,
Түшүнсүн деп Ашымды айта баштайт.
Асыл турат бозоруп, ага болбойт,
Башын чайкап, бут менен жерди таптайт.

Жүрдү көпкө асылып, көпкө жүрдү,
Сүйүү деген оту жок өрткө күйдү.
Аймончоктон үмүтү үзүлбөгөн,
Акыйкаты бир гана аны сүйдү.
Болбосуна акыры көзү жетип,
Катуу кагып, Аймончок кабак түйдү.

...Асылдын үнү угулат күндө үйүнөн,
— Сүйөм — дейт,—ырын ырдап
жүрөгүнөн.

— Сагынычым сабалап артып барат,
— Сен үчүн..көптөн гана минтип жүрөм,
— Ушинтип таалайымдан кур каламбы,
Тагдырдын алды-арты мага күмөн.

Ой-ойлоп, ырын ырдап жүрөгүнөн,
Өзгөрүп курч жаштыктын сүрөөнүнөн.
Эми кандай болорун эч ким билбей,
Максатсыз чыгып алып ал үйүнөн,
Бет алды жөнөп кетти мейкиндикке,
Куш учкандай зеригип түнөгүнөн.

Бул унутулган окуя кайталанды,
Чындыкты эми айтпаска арга барбы.
Адамзаттан качпаган амал менен,
Аймончокту зордуктап алып барды.
Кызып алган Асыл да ызалыктан,
Аркы-терки оолжушуп башкалары.

Талкаланып келечектин санаасы,
Кутулууга кыздын болбой чамасы.
Экөө тең өз тагдырларын талашат,
Кандай болот эми алардын дабасы.
Желпинишет жеңелери жемелей,
— Койчу, ай кыз сен бактылуу карачы..

Аймончокко жоолук салат жаңылап,
Тытып, тытып кайра ыргытат арыраак.
Ал төшөккө такыр жатпай койгондо,
Күйөө болуп келгендерден эш уулап,
Кыжыр менен буйрук берди Асылга,
— Бүтүрчү ары колу-бутун таңуулап!?.

Сырын билип, көрөрүн көрбөгөндү,
— Мына-аа! деди, бакырып көмөлөндү.
Сактап жүргөн жүрөктө улуу үмүт,
Алыс калып эч жактан көрүнбөдү.
...Ушул ачуу чаңырган өкүрүктөн,
Түбөлүккө кыздын көңүлү өлдү..,

Билалбай бир чындыктын бары, жогу,
Будуң-чаң, чакчелекей ойлогону.

Кыйналып түш көргөндөй акыл жетпейт,
Өмүрдүн болбостугун же болору.
Дал ушул бүгүнкү күн каргыш болуп,
Башталды байкуш кыздын монологу;

...Ашымга сактап жүргөн бүт тагдырым,
Бузулду, талкаланды.,, бүт асылым,
Кандай кыз келин болуп барам десин,
Көңүлүн кирге боёп бир ашыгын.
Сыр калат жүрөгүнүн тереңинде,
Бирок, о бул тагдырга не жазыгым?..

Не болот кымбат көргөн байкуш Ашым,
Ааламдан мага кайра табылбасым?
Ким билди кечээ адам күлүп жүрүп,
А бүгүн кайгы түшүп арылбасын?
Мен эми бучур байлап бүрдөрүмдө,
Бейкүнө жабыр тартты алтын башым.

Асылга да махабат билинбеди.
Көрүнбөй же өчкөнү же күйгөнү.
Заматта бүт жоголуп, унут болуп,
Турмушта көп ойлонуу бар экени.
Муңканган ый аралаш үнү менен,
— Мени кечир, кечир, кечир, кечир!!!—
деди.

Байкалып Аймончоктон айрылары,
Быркырап бүтүнүнүн калбай баары.
Кол башындай жүрөгү кесекке окшоп,
Угулгансып өпкөнүн калдырагы.
Ичинде «күйдүм чоктун» ысыгы өчүп,
Башталды такыр бүтпөс кайгылары:

..,Сыягы менин күнүм бүткөн окшойт,
Балееге шайтан деген түрткөн окшойт,
Жакшылык бар дешет го ар бир үйдө,
Ал өзү кандай келип, кантип токтойт.
Көп эле бактылуулар жашап жатат,
Ошону кайдан алып, кантип топтойт.

Дүйнөнү кенен дешет батпадым го,
Жүрөктү асыл дешет таппадым го.

Жалтанбас жолборс сымак убагында,
Жаштыкты баатыр дешет аксадым го.
Жигитти өткүр дешет курагымда,
Моминтип бирок өзүм какшадым го.

Аймончок ойу менен баш катырат,
Элесинде Ашымы издеп барат.
Ойлогону кайрадан башкага өтүп,
Ашым андан таарынып кетип калат.
Бирде алдында бут жеткис көк мейкиндик
Бирде алдыда кол жеткис аска турат.

Ал тан берип ар кандай тагдырларга,
Бел байлап алдыдагы жокко, барга.
Түн жарымда жол чалып баатырларча,
Качып чыгат билгизбей бир да жанга.
Түндүн көзү көрүнбөй, караңгы асман,
Бет келгени бирде түз, бирде жарга.

Кетип барат жыгылып, тоголонуп,
Жамандык же жакшылык ойдо болуп.
Көптөн кийин алдынан тосуп чыкты,
Таң жарыгы көрүнүп шоола болуп.
Белгисидир бул балким келечектин,
Байкуш кыздын акыры бакты оңолуп?

Бир элик кетип барат, кылчак карап,
Аймончокту көрөт да токтоп калат.
Бала чактан бирге өскен ынактардай,
Бет келишип чочушпай ылым санап.
Жакын барып Аймончок салам айтты.
Башын ийкеп элик да алик алат.

..,Сен элик жаралгандан тоодо жүргөн,
Сен элик эркинсиңби дооран сүргөн?
Сен элик эч кайгыны билбейсиңби?
Сен элик түркүн чөптүн бүрүн сүйгөн?
Сен элик жамандыкты көргөнсүңбү?
Сен элик не сезесиң бул дүйнөдөн?

Болбосо сенде толгон муңдар барбы?
Тилиң жок мага айтууга бүт аларды.

Кылт эткен караан көрсөң сен жылт
коюп,
Эзелтен жек көрдүңбү адамдарды?..,
Бар экен тирүүлүктө ар кыл иштер,
Мен айтсам сен түшүнсөң тагдырларды,

...Улуу от көз алдыма күйүп турган,
Жарыгы жүрөгүмө тийип турган.
Ошолор не десең сен, Ашым болчу,
Бет алдыма элеси минип буудан.
Бирок жолдон бир жолбун чыга калып,
Тизгин кагып, ортодон дилин бурган.

Ошол Асыл көп келди баарын айтып,
Өрттөнгөнүн, күйгөнүн, зарын айтып.
Баягы сөз болбосун түшүндүрөм,
Кайырчыдай суз тартып кетет кайтып,
Мен өмүрдү башынан кайра ойлоном,
Үйдө дагы.., мектепке бара жатып,,,

Ашым менен сүйлөшөм күндө ичимен,
Тынбай айтам:— бир гана сени сүйөм.
Ого бетер сезимим таза бойдон,
Убадамы урматтап сактап жүрөм.
Өзүң мага, мен сага арналганмын,
Кантип коём ордуна башка бирөөн.

Ашым менин духумда ашыкча адам,
Көзүм түшүп башкага кызыкпагам.
Кыздар дагы өңүнө карайт дешет,
Көңүлүнө көркөмүн эч тутпагам.
Чиркин сүйүү өзүмдү баштап алып,
Мен кандайдыр бир жакка кызып барам.

Жүрөккө урган сүйүүнүн табынанбы,
Же жаштыктын түшүнбөс жагынанбы?
Бардыгы эле көзүмө жакшы учурап,
Ырайымдуу сезгенмин адамдарды.
Азыр болсо түшүнбөйм а өзүмдүн—
Ошол күткөн үмүтүм кайда калды?..,,

Эми дүйнө көрүнбөйт өз ордунда,
Өзүм дагы болбодум, өз колумда
Кээде кетем ишенбей кара жердин,
Айланганы чын бекен өз огунда?
Жашап жүргөн жаштыкта жараландым,
Түшүп калып тагдырдын дозогунда.

Дозок десем: кесирлүү Асылды айтам,
Жаштык десем: кымбатым Ашымды
айтам.
Тагдыр десем: жанчылган сүйүүнү айтам,
Дүйнө десем жоготкон бактымды айтам.
Өзүмбү?— бу турмуштун шермендеси,
Мен өзүмдөн ажырап бара жатам.

Бүгүн электе Аймончок дагынкысын,
Эрмек кылган тоолорду жайын-кышын,
Мерген чыкты кырандан, элик качты,
Ал айталбай бактысын же кайгысын.
Кош айтышып, Аймончок жолго чыкты,
Аз болсо да таратып таарынычын.

Келди үйүнө Аймончок караан тутуп,
Же жеңилип турмуштан, же аны утуп.
Кыздар турат сумсайып көңүлү ооруп,
Апасы ыйлап кокуйлап бетин тытып.
Ашым келди алыстан заматта учуп,
—Эчтеке эмес—деп айтып удургутуп.

Ыйлаган жок Аймончок улуп-уңшуп,
Бекинген жок бетине парда тутуп.
Үйдөгүлөр элестеп не нелерди,
Ар-ар жерде үркөкрдөй отурушуп
Көздөр жерге кадалат күнөөлүүдөй,
Баштар жерге салынып унчугушуп.

Кеп баштады Аймончок туруп өзү:
— Билем баарын, силерди элдин сөзү,
Жер каратып дайыма паанайы пас,
Аюптуудай бечара эне көзү.
Жакшы кебин бизге эч ким ыраа кылбас,
Дуу, дуу болот атамдын көлөкөсү.

— Токтот балам! сөз улап атасы алды:
— Көп кыздардын илгертеден каргашасы.
Болгону болуп келген ата салты,
Биз көрөбүз, кайрат кыл да канчасы.
Азга дымып Аймончок сүйлөрүндө,
Кезек алды жол тороп дагы апасы:

—Андай иштер Мончогум болуп келген,
Кала берсең анда эле болмок экен.
Дегенинде жеңеси коштоп кетти,
—Эрге барган кыздардан сен эле бекен?
Кайра келген эң уят, кой кызыке,
Ошол жакка мен эртең коштоп кетем.

Жаңы эле ал баштаганда жемесин,
Билип аны пайдасы жок кеңешин,
Алакандан от чыгып, чак эттигрип,
Чаап калды тултук кызыл жеңесин.
Туруп-туруп орду-ордунда катышты.
Эч ким мунун кармай албай элесин.

Көпкө катып, Аймончок токтой калып,
Сөзүн кайра улады ызаланып:
— Ырас туйбай калдыңар бардыгыңар,
**Силердин да, менин да шорум катып.**
Күтпөс жерден зордуктап алып качты,
Адам көрбөс кайдадыр жолго салып.

—Кошкун Ашым, алыстан неге келдиң?
Билесиң го айыңын биздин элдин.
Караан туткан апамды көрөйүн деп,
Кечип туруп уяттан кайра келдим,
Суугa апарып апаке таштагыла,
Өзүм барып болбосо чөгүп өлдүм!?

Чочуп кетти үйрүлүп алтын эне:
— Аймончогум ичиме баттың эле.
Батпайсыңбы сыртыма кантип эле?....
Кайдагыны о, кокуй айттым эле...
Караан туткан мончогум, жалгыз кызым
Зар какшатпа энеңди антип эле?

Ар кимдерде сан ойлор талып жатты,
Бирде өргө, бирде пас барып жатты.
Күүгүм кирип конгондо түнөгүнө,
Эрмек кылган сан куштар табийгатты.
Аймончокту кайрадан төрөгөндөй,
Кучагына апасы алып жатты.

Не болмокчу ортодо солдат Ашым,
Туралабы көтөрүп азап ташын?
Дос жарлары, ата-эне, туугандары,
Орой-орой сөз айтып, үйрүп кашын:
— Аныңдын ыры бүттү, болду да эми,
Өтөсүңбү жыттабай кыздын чачын.

Ар кимдердин көнбөстөн айтканына,
Ашым келет көп ирет кайра мында.
Сүйгөнүнүн түшүнүп алсыздыгын,
Бейкүнөөсүз азабын тартканына.
Болбостур деп Аймончок ойлоп койгон,
Жараланып жаштыкта калганына.

Акырында азыраак «а», «бу» — дешип...
Ат үстүндө эңиштен эңилгенсип,
Аймончоктун оозунан «оттор» чыгып,
Сөз талашып бирөөдөн жеңилгенсип.
Ашым кайра аскерге сапар тартты,
Кыраан куштан ылаачын тебилгенсип.

Каттар келди жазылып Аймончокко,
«Акырын ач, ичинде фото, фото».
Анын бири баягы экөө түшкөн,
Гүл кармашып жанаша, тоо бар кошо.
Открытка, кыз-жигиттин сүрөтү бар.
Бала турат балпайган так ортодо.

Сүрөт сырын түшүндү санаасынан,
А катында таарыныч баары айтылган.
Субагай бет Ашымдын коңур үнүн,
Элестеп Сахаранын талаасынан.
Жана да жалындаган деми менен,
Төмөнкү ырды окуду арасынан:

...Чын деп айттың, чындыгына таң калбайм,
Жалган дедиң жалганына алданбайм.
Асыл дедиң, асыл ошол эмне,
Аттиң дедиң, аттиң ошол эмне?

Күйгөн жокмун түтүн болуп, от алып,
Сүйгөн жокмун пул жиберип, кат алып.
Сен турасың да, турасың,
Көңүлүңдү көмүскөгө бурасың.

Жүрчү бирге бакты аралап басалык,
Туюк сырды анан терең ачалык.
Чагылгандан катуу чыгып, келерде,
Ак булуттан жумшак көшүп кайталык.

Күлкүлөргө дарак калсын жашарып,
Сүйүүлөргө гүлдөр калсын жасанып.
Жолубузда жолборс чалган из жатсын
Акын торгой көктө атылып, жар салсын.

Жүрчү бирге бакты аралап басалык,
Болгон сырды боор тартышып айталык.
Күүгүм чалса, күн чыгыштан күн чыксын
Мөндүр төксө лира куш өзү тынчытсын...

Толгонуп ой ойлонуп, кайра ойлонуп,
Ойлосо ою такыр болбой коюп.
Чегинип чечкенинен кайра артына,
Жооп жазды Ашымына алдын тооруп.
Көңүлгө толбой калган сырын айтат,
Ар сөздүн аягына суроо коюп.

...Чын деп айттым, сүйгөндүгүм чын эле,
А жалганын түшүнбөйсүң эмне?...
Асыл дедим, асыл ошол сен элең,
Аттиң дедим, аттиң ошол мен эле?...
Кантип бирге бакты аралап басабыз,
Баштагыдай болбойбуз го деги эле???...

Каттар жазат Ашым тынбай көп ирет,
Бул турмуштан толгон мисал келтирет:
— Алдап сени сooроткондой көп эмес,

Же болбосо кетем — деди «тентиреп»...
Мурдагы унут, кайра сүйүү башталды,
Эми кыздан жооп болот го кечирээк.

Бүтпөй турат чыгарбасак эпилог,
Жооп ала элек солдат кыздан, а бирок—
Күдөр үзбөй адамзаттын салтынан,
Шаарга окууга жөнөп жатат Аймончок.
Эпилогду бүтпөй калам кайрадан,
Тагдырларды кайра баштан ойлонсок...

## *Жер кереметти же Арстанбап ааламына, Токтогул пирамидасына болгон саякат*

Апасына Алыкул
Мындай кызык кеп айтат:
— Саякаттап келейин,
Сонундар көп деп айтат.
Көзүм менен көрөйүн,
Көргөнгө көңүл бөлөйүн.
Эрмектешип эл менен,
Жердин сырын билейин.
Чыгынып бир атайын,
Эртең эле жөнөйүн.

Апасы каршы болгон жок,
Жакшылыкты болжолдоп.
Камын көрүп уулунун,
Даярдап азык-түлүгүн,
Узатты өзү сапарга,
Таң кылайып атарда.

Жүрөк туйлап тим эле,
Чайыттай ачык көңүлү.
Өзүн сезет башкача,
Өзгөргөндөй өмүрү.

Мунусуна түшүнбөй,
Чала көргөн түшүндөй.
Аң-таң калат өзүнө,
...Тура аламбы сөзүмө.
Кайда кетип баратам,
Кандай иштер жаратам?...

Биринчи алган багыты,
Эл, жер менен таанышуу.
Жолдун жакын, алысы,
Алыкулга кеп эмес,
Калса болду көп элес.

Автобуста баратат,
Көңүл коюп баарына.
Адамдар бар ар түрдүү,
Балдар, жаштар, кары да.
Жанындагы жүргүнчү,
Шум киши окшойт күлдүрчү.
— Кайда, — деди — балакай,
— Кап көтөрүп алыпсың.
Соргок неме окшойсуң,
Колбаса, нан салыпсың.
Шалчага окшош шым кийип
Сапар тартып калыпсың.

Зээндүүлүгү үчүнбү,
Азилди ал түшүндү.
— Саякатка жол тарткам,
Кап эмес бул сиз айткан.
Рюкзактын өзү да
Майда-барат бүт баткан.

— Ие,— деди шум киши,
Күн ысыкта сен ушу.
Сайгактаган торпоктой,
Кайда барып токтойсун.
Тың сүйлөйсүң түк коркпой,
Тапан бала окшойсуң?

Күлдү Алыкул каткырып,
— Куудул киши экенсиз.

Ар сөзүңүз «мат» кылып
Кызык сүйлөп кетесиз.

Сөздөн-сөздү ырбатып,
Узун жолду кыскартып.
Эрмектешип эл менен,
Куудул киши, Алыкул,
Айылга жетип калыптыр.

Автобустан эл тарап,
Коштошту кол булгап.
Карап турду Алыкул,
Айыл ичин алыстан.
Көзгө кызык урунат,
Бийик, орто, жапыс там.
А бул жерден көрүнбөйт,
Бирар жарым тааныштан.

Байкаш үчүн айылды,
Кыдырууга кам урду.
Кадам сайын жаңылык,
Сонундар көп ар кандай.
Батып жатты мазага,
Башка ааламда калгандай.

Сарайы бар, малы бар,
Тереги бар, талы бар.
Түтүп бурап морунан,
Дандыр турат нан жапкан.
Көң да жардай үйүлүп,
Газ көрүнөт ар жактан.
Телевизор үйүндө.
Терезенин түбүндө,
Гүлү кызыл, ак, сары.
Там алдынан суу аккан,
Мөмөлөгөн бак-шагы.

— Бул жаныбар эмине?
Кызык экен басканы.
Короодон короз кыйкырып,
Бир куш сайрай баштады.
Күчүк үрүп борсулдап,
Бейтааныштты жолотпойт.

Алыкулду үй ээси,
Тосуп алып коноктойт.
Ыгы келе калганда,
Суроо салып балага:

— Кайдан келип жүрөсүң,
Шериги жок бир өзүң.
Эки жакка көз салып,
Жок издеген түрүң бар.
Айтчы сөздүн жүйөсүн,
Уксун турган адамдар?

Айтып иштин жөн-жайын,
Баяндады Алыкул:
— Чыккан элем атайын,
Көрүш үчүн айылды.
Бир кызыкка батайын,
Салыштырып шаарымды.

Элдин ичин кыдырып,
Мен силерге туш болдум.
Турам такыр түшүнбөй,
Ким болот ээси колхоздун.

Отургандар баланын,
Сөзүн угуп ыраазы:
— Шаардан келген карагын,
Ыраак жол го арасы,—
Дешип дүрбөп калышты,
Атын сурап алышты.
Алыкулдун суроосун,
Жөн коюшпай жооп айтып.
Орто курак бир адам,
Сүйлөп кирди мынантип:

— Жакшы бала экенсиң,
Көп нерсеге кызыккан,
Сапарга ырас чыккансың,
Не пайда үйдө туруштан.
Мен да сендей кезимде,
Көптү көрүп бышыккам.
Чыкпайт такыр эсинден,
Азыр көрүп алганың,

Жер кыдырбай калдым деп,
Болбойт кийин арманың.

Билгиң келсе эми сен,
Бу айылдын ээси мен.
Сен отурган ушул там,
Конок күтчү үйүбүз.
Булар болсо балдарым,
Тиги турган уулумдун,
Кечээ диплом алганын
Биз белгилеп жатканбыз.
Кечесине кыштактын,
Адамдарын айтканбыз.
Сен ушуга туш болдуң,
Жолдуу бала экенсиң.
Бүгүн эми бул үйгө,
Конок болуп кетесиң.

Айтсам кайра башынан,
Дыйкан болуп жашыман.
Ээси болгом колхоздун,
Аны кантип жашырам.

Он бир балам бар менин,
Катарынан айтайын:
Эң тун уулум Эрмегим,
Мал адиси атайын.
Кийинкиси Токушум,
Тракторчу ар дайым.
Үчүнчүсү Тотушум,
Бүтүп келип окуусун,
Көптөн бери мугалим.
Андан кийин Турарым,
Жардамчысы чабандын.
Диплом алган кечээги,
Тиги кара Чанагым.
Калчайым чыгып теримден,
Депутат болгон элимден.
Канай болсо бой тартып,
Эми окуусун бүтүргөн.

Ал эми калган балдарым,
Барып келет мектептен.

Орто билим алганы,
Окуйт, иштейт бир четтен.

Жанымдагы отурган,
Осмонаалы аксакал.
Эң биринчи колхоз курган,
Калкты алдыга баштаган.
Элдин сырын жакшы билип,
Беш кыштакты гүлдөткөн.
Мына ошентип Осмонаалы,
Колхоз ээси илгертен.

Катарында бир колу жок,
Кадыраалы почтальеон.
Бир кезекте бул айылда,
Машина жол болбогон.
Ушул эле Кадыраалы,
Атчан жүрүп ой-тоодон.
Газета, кат, посылканы,
Жалгыз өзү ташыган.
Кандай ишке болсо дагы,
Бышкан экен башынан.
Согушта ал танкист болуп,
Бир колунан ажыраган,
Элге келип кайрадан,
Почтальеон болуп иштеп,
Кары-жашы барктаган.
Сыйлап турган аны баары,
Элдин ээси Кадыраалы.
Бул олтурган эки Бакир,
Мурутчаны бригадир.
Экинчиси дыйкан адам,
Мураптарга командир.
Чылым тартпайт а аракты,
Оозуна албайт таптакыр.
Бала чактан иштеп көнгөн,
Колхоз менен эрте-кечин,
Ак эмгектен өсүп өнгөн,
Эки Бакир колхоз ээси.
Билдиңби уулум элдин ээси,
Кимдер боло турганын.
Чындыгында мунун баары,
Сенин эле тууганың.

Байлыкка бай кыргыз жери,
Айта көрбө турпагын.
Өсөт асыл эгиндери,
Түшүмсүзүн укпадым.
Жер жайнаган жемиштери,
Мандай тери дыйкандын.

Угуп көрүп бала Алыкул,
Айыл ээсин түшүндү.
Тура калып ал честь берип,
Колун кайра түшүрдү.

Мындан ары сапар жолун,
Кайра улоого камынды.
Дегдөө деми сезиминде,
Нурдай жылып агылды.

Алыкулду жолуккандар,
Жакшы көрүп калышты.
Кем-өксүгүн толукташып,
Баштыгына салышты.

Жаш баланын асыл оюн,
Бардыгы эле түшүндү.
Бир даарлары кошо келип
Автобуска түшүрдү.

Келди жаңак токойуна,
Ажайып жер көрүндү.
Жомок өндүү болжолунда,
Чыныбы же төгүнбү.
Кайсы жагын караса да,
Алаксытат көңүлдү.
Автобустан түшүп көрсө,
Башка дүйнө тим эле.
Түбү түпсүз токой турат,
Жол табылбайт жүрөргө.
Арстанбаптын өзү экенин,
Сезди дароо жаңылбай,
Далай угуп келген эмес,
Бир ыңгайы табылбай.

Алп жаңактар көкөлөгөн,
Көзгө көрктүү заңкаят.

Төбөсүндө көп-көк асман,
Көмкөрүлүп чаңкаят.
Алыкулга эл көрүндү,
Бир аз басса өр таяп.

Карап турса кырмандарда,
Жаңак үйдөй үйүлгөн.
Таткан менен канча жолу,
Жемиштин миң түрүнөн.
Мындай укмуш жаңактарды,
Көргөн эмес күнүнөн.

Бир гана эмес, кош кырмандар,
Катар-катар ар жерде.
Таразакеч тескеп турат:
— Бу жакка төк, таяже,
Токой башы келчи Калдар.
Жаппа кабың канаке?
Көрүнбөйт го алигиче,
Кайда жүрөт Сана эже?

Убагында терим, жыйым,
Тындырбай бир аягын.
Төгүп жатат кош кырманга,
Шагыратып жаңагын.
Кырманкечи сортко бөлөт,
Суу, кургагы, кара, агын.

Токой ичи толгон экен,
Чама жетпейт санакка.
Кап бошотуп бири кетсе,
Унаа менен араакка,
Кайра бири келип турат,
Жаңак кошуп жаңакка.

Кырман-кырман береке,
Карап турса Алыкул.
Бирөө муну байкап эми,
Көңүл буруп калыптыр.
Басып келип салам айтты,
— Көрдүңбү уулум кайсы учур?
Жаңакты биз ушул маалда,
Тапшырабыз планга.

Жарымы да алигиче.
Төгүлө элек кырманга,
Кызыл-Үңкүр, Кара-Алма,
Арстанбаптан башка дагы,
Токой толгон жаңак жатат,
Көп күч керек аларга.

Ушул адам Алыкулга,
Жагып калды айрыкча.
Мадыш деген абышка экен,
Жакыныраак таанышса.

Мадыш эми Алыкулдун,
Сырын укту жайма-жай.
— Тири карак бала экен,
— дейт,
Келгенин көр тайманбай.
Балдардан да болот тура,
Чыйрак өскөн ар кандай.

Алыкул да айтып кирди,
Атай келген соболун.
Көрсөм деди бүт кыдырып,
Жаңак токой тоолорун.
Мадыш дагы жаш балага,
Айтты сөздүн болоорун:
— Жүр эмесе, билгин жакшы
Бүтпөс жаңак жомогун.

Баштап алып Алыкулду,
Үйүн көздөй жөнөдү.
Байкасын дейт кандай болот,
Токойчунун өнөрү.

Үйдөгүлөр адеп сактап,
Тосуп алды мейманды.
Мадыш аны салт боюнча,
Тааныштырды эң алды:

— Шаардан келди, аты
Алыкул,
Жылдызы бар баланын.

Көксөйт экен көптөн бери,
Жаңак терим убагын.
Билгиси бар Арстанбапты,
Көрүп жердин далайын.

Анан балам сага дагы,
Тааныштырып койуум эп..
Байбичем бул Асыл энең,
Уул-кыз бактык экөөлөп.
Тиги болсо сен куpaктуу,
Акгүл деген неберем.
— Угуп турчу кулак төшөп,
Сүйлөп берем эми мен.
...Төрөлгөнмүн Арстанбапта,
Базыс уруу элинен.
Тентек экем бала чакта,
Мага айтышса дээримен.

Мен чоңойдум кичинемен,
Ушул токой ичинде.
Бала чакта көргөнүм,
Азыр баары эсимде.

Адам болдум арасында,
Арстанбаптын туруктуу.
Күндө сансыз канаттуулар,
Базар курат чуру-чуу.
Гүлгө оронуп тоо-токойлор,
Атырылат тунук суу.

Эс тарткандан жаңак багын,
Жакшы билген баламын.
Токой сыры беш колумдай,
Тааныйм ар бир дарагын.
Чырпык сынса бир мүчөмөн,
Айрылгандай аядым.
Коруймун деп кээ биринин,
Жеп да жүрдүм таягын.

Жаңак деген баасы кымбат,
Элибиздин байлыгы.
Чагып жесең маңызындай,
Көрө элекмин дарыны.

Баш ооруса баш ооруга,
Маңызы анын бир дабаа.
Ичи ооруса мына ушуга,
Табылбаган миң дабаа.
Өзүң дагы уккандырсың,
Жыгачынын асылын.
Бекемдиги тең келе албайт,
Катуу деген ташыңын.
Көз тайгылткан коздугун айт,
Коош түстүү ачыгын.

Санжап менен ашеми арткан,
Кымбат буюм жаралат.
Карап турсаң табаң каныш,
Тим эле бир ааламат.

Улай берсе жаңак сырын.
Таарпа менен айтарлык.
Урчугунда уру болот,
Көп чоң эмес анчалык.
Алтындан да баалуу турат,
Муну кийин байкадык

Анын өзү сырдуу боек,
Өңү түк бир өчпөгөн.
Бир нерсени койсо боёп,
Суу да, ным да өтпөгөн.

Жаратылыш берген экен,
Жаңак деген асылды.
Касиети оголе көп.
Сага аз-аз айтылды.

Бирок качан пайда болгон,
Катырамын башымды.
Бала чактан кызыксам да,
Ачпай сырын жашырды.
Мен картайдым токой болсо,
Катып алды жашымды.

Качан жаңак бүткөн экен,
Оюм жетпей ойлоном.

Жаңак сырын бул айылда,
Сурабаган болбогон.
Бала чакта чоң атаман,
Сурап жанын койбогом.

Ойлоп-ойлоп чоң атам,
Оюн минтип улаган:
— Мен да сендей кезимде,
Чоң атаман сурагам.
Баштап келип ал анан,
Карт жаңакты көрсөткөн.
Бар эле бала чагымда,
Ошол бойдон али да.
Андан бери өзү өткөн,
Канчалардын көзү өткөн.

Деген болчу чоң атам,
Ошол жаңак карасам.
Дагы да турат кебелбей,
Түбөлүк бүткөн немедей,
Ушуга мен айраң-таң,
Өзүм карып баратам.
Так ушинтип таң калтат,
Табийгат өзү кызык да.
Кээ бирлери жаңакты,
Ыйгарат далай учурга.
Кээ бирлери бүткөн дейт,
Адам ата тушунда.
Кээ бирлери периштелер,
Жараткан дейт жаңакты.
Кээ бирлери укмушту айтып,
Көп легенда таратты.
Бирок дагы качан, кайдан,
Тараса да уругу.
Ушунчалык чер токойго,
Көбөйткөнү мунуңу,
Бир муундан бир муунга,
Жомок болуп туру бу.

Көп жомоктун ичинен мен,
Бирин туура көрөмүн.
Жактырамын айрыкча,
Каргалардын өнөрүн.

Кадимки эле каргалар,
Бир тоголок жаңакты.
Кош тырмактап чеңелдеп,
Жайып учуп канатты.
Ээн жакка конот дейт,
Жерди бир аз оёт дейт.
Тоголотуп жаңакты,
Үстүн көөмп коёт дейт.

Эки үч жылда ал жаңак,
Өсөт экен бутактап.
Жерден чыгып кәкөлөп,
Бутактары бүт шактап.
Бариктери дирилдеп,
Сөйкө байлап көк-аппак.
Анан ошол балака,
Жемиш берет жыл аттап.

А каргалар жанагы,
Жеткен жерге канаты.
Өнөрүнөн танабы,
Ташый берет жаңакты,
Адыр, тоого, белдерге,
Бош жаткан борпоң жерлерге..
Эгишкенин карачы,
Адам окшоп дегеле.
Арстанбапты көрүп кет,
Көнүп калдың биерге.
Бүгүн эс ал, эртеңден,
Биз чыгабыз токойго,
Көрүп баарын анан сен,
Ишенесиң ошондо.

Мадыш өзү мейманына,
Камкордугун билгизип,
Таң эртеңден Алыкулду,
Тор атына мингизип,
Кыр чокуга алып чыкты.
Бир жаңылык киргизип.
Мадыш ары басып кетти,
Ага баары көнүмүш.
А Алыкул карап турса,
Мына мындай көрүнүш:

Кыркалекей жылдыздардын,
Шоокумунда чар тарап.
Токой башы бир башкача,
Толкун өңдүү чайпалат.
Боз салкындын ыргагына,
Күү чыгарат кайталап.
Сайма жоолук булгагандай,
Шаан-шөкөттүү салтанат.
Аткан таңдын боёгуна,
Миң кубулуп чайкалат.
Ааламдын кооз кереметин,
Сүртүнгөндөй байкалат.

Арча жыты мурунду өрдөп,
Бир моокумун кандырды.
Шоола чачып күндүн нуру,
Токойго өрт жандырды.
Бул ажайып Алыкулду,
Такыр эстен тандырды.

Алыкулдун шаштын алды,
Арстанбаптын аткан таңы.
Утур өңүн алмаштырып,
Сыйкырланат токой шаңы.
Анан Мадыш кексе өзү,
Ат бастырып келди дагы.
Чалгынчыдай чабыт алып,
Алыкулга жол баштады.
Акгүл анан жетип келди,
Демиктирип тор кашканы.

Атчан да, жөө да жүрүштү,
Токойдун ичин аралап.
Карыш сайын бет келет,
Бакыбат, сыйда ар дарак.
Кубулуп түшкөн жаңактар,
Урунат бутка шагырап.
Дарактын башын караса,
Кужум-кужум жабырап.
Ыргап койсо шактарын,
Жерге түшөт дабырап.

Мактанып Акгүл мейманга,
Жаңактын айтты сортторун.
— Төө жаңак,— дейт мунусун,
Колуна алып эң чогун.
— Куш тумшук,—дейт,
сүйрүсүн,
Торгоймосу, сер жаңак,
Анысына Алыкул,
Абдан эле таң калат.

— Жалпысынан жаңакты,
Эки түргө бөлөбүз.
Карап турчу мынаны,
Азыр чагып көрбүз.
Карс этирип тиш менен,
Бир жаңакты чакты эле.
Тоголонуп маңызы,
Ажырады бат эле.
— Ушул жаңак каңырты,
Акгүл чагып да бирди,
Алыкулга көрсөттү:
— Кабыгынан маанызы,
Ажырабайт карачы.
Жабышканы ныкталып,
Чукумасы мына ушу.

Чукумасын, каңыртысын,
Билбейт эле Алыкул.
Мына ушундай жаңак сырын
Айтып жатты ага Акгүл.

— Эми, — деди Мадыш кексе
— Мен кырманга барайын.
Акгүл менен кошо жүрүп,
Көргүн дагы далайын.

Чоң атасы айтканынан,
Акгүл калды эрденип.
Кыйын болуп баштагыдан,
Жол чалгындайт шерденип.

Токой улам коюуланып,
Катар-катар жаңактар.

Жалаң эле жаңак десе,
Ар бир түркүн дарактар.
Алмалары шагын ийип,
Бышкан абдан эзилип.
Дагы башка жемиштер көп,
Кадам сайын кезигип.

Тунуп турат алчалары,
Кызыл, кара, сарысы
Кайсы бирин татса болот,
Бышып турат баарысы.
Сарайбаны, долонону,
Изирикти, чиени,
Карашкан жок көңүл бөлүп,
Же ооз тийип бирөөнү.
Акгүл дагы Алыкулду,
Ары баштап жөнөдү.

Жолду торойт бак-дарактар,
Өтүш азап айланып.
Ар бир сыйда зор жаңактар,
Асман тирейт бой салып.

Кабыктары аска-зоонун,
Беттериндей сыйгалак.
Саякатчы бала буга,
Карап туруп таң калат.
— Адам эмес тыйын чычкан,
Чыгалбас дейм тырмалап.
— Ырас, — деди Акгүл коштоп
Ким чыгууга даай алат?
Ушул бийик жаңактарды,
Көрүп башың айланат.

Бирок токой ыгын билген,
Адамдар көп шамдагай.
Адистер бар күүп жүргөн,
Бийик, пасын тандабай.
Кылда учуна чыгып барат,
Калат киши аңдабай.
Көз боочубу деп ойлойсуң.
Кандайлыгын байкабай.

Дарчыга окшоп жармашышып,
Шактан шакты аралайт.
Колуна узун каккыч алып,
Бутактарын сабалайт.

Токой ичи толуп турду,
Жаңылыкка жаңырып.
Түркүн куштар сайран курду,
Ар биринде ар кызык.

Аттан бийик өскөн чөптөн,
Айлана эч көрүнбөйт.
Балдыркандар кайдан бүткөн,
Араласа түгөнбөйт.
Чер, чытырман тоого эңиштеп,
Алар утур тереңдейт.
Солкулдаган ышкындарды,
Кымыздыкты, чүкүрүнү
Четтен тандап терип жейт.
— Бешим болду кайталы,—
дейт,
Акгүл ичип булактан.
Кечке зорго жете алабыз,
Үйгө мынча ыраактан.
Анан калса биз экөөбүз,
Чын коркобуз тоо жактан.
Зоонун бийик аскасында,
Эч нерседен качпаган,
Бүркүттөр бар уясында,
Барчындарын таптаган.
Кулжа, кийик, элик жашайт,
Кайберени баштаган.
Карышкылар аңдып жүрөт,
Жон-жондордо каттаган.
Илбирстер көп, жолборс жүрөк
Айбатынан кайтпаган.
Кара-Тоодо кабылан түнөйт,
Бет келгенден тартпаган.

Алар кайра кайтканында,
Жол багытын бурушту.
Келе жатып жакын жактан,

Суунун шарын угушту.
Жетип барып кызык көрүп
Көпкө чейин турушту.

Бир асканын баш жагынан,
Суу төгүлүп чамынат.
Түшүп жатат бийик жерден,
Атырылып шаркырап.
Түбүндөгү толкунунан,
Көбүктөнүп жанчылат.
Күр-күр этип, дымып анан,
Атып чыгып чачырап.
Кайра айланып, ийрим ташып,
Жана азайып тартылат.
Андан ары сапар алып,
Бир дайра суу алкынат.

Сууну бойлоп жөнөштү экөө,
Акак таштан теришип.
Жапайы ак жүзүмдөрдүн,
Шиңилдерин үзүшүп.
Бажырайган бүлдүркөндөн,
Тандап алып жешишип.
Үй алдынан чыгышыптыр,
Сууну жээктеп жүрүшүп.

Токойчулар Алыкулду,
Сый-сыпаттап узатты.
Саякатчы жолун улап,
Автобуста баратты.
Элестетет эстен кетпей,
Сыйкыры зор Арстанбапты.

Ылдый жакта Нарындын,
Алкынып аккан дайрасы.
Карап турса агымын,
Көргөндүн кетет айласы.

Толкунун тоодой күүлөнтүп,
Чамынган шары сестентет.
Дабышын миң кыл түрлөнтүп,
Түрмөктөнүп күп этет.

Бийик зоо менен дайранын,
Ортосунда зуулдап.
Алыкул түшкөн автобус,
Аркырап жүрүп токтоосуз,
Кирип келди бир убак.

Билгендигин белгилеп,
— Токтогул ГЭСке келдик,
—деп,
Жанынан бирөө айтканда,
Алыкул түшүп аста анда,
Көз жиберип караса,
Тартылып зымдар асманда,
Эки зоого бириккен.
Көпүрө турат көктө эле,
Кандай сыйкыр илинткен.

Зоолордун кылда учтарын,
Караган сайын көз талыйт.
Бир аяк жолдор салышкан,
Кандай адам башкарып,
Жүрөгү даап барышкан.

Жалама зоонун беттерин,
Тросттор каптап жыш толгон.
Айрылыш жолдун четтерин,
Тирөөчтөр менен коргогон.
Эс тартып көзү көргөндөн,
Кулагы угуп билгенден,
Мындайды ким ойлогон.
Көпүрө түшөт зоого деп,
Акылы жетпейт болжогон.
Кайда кайып кетти экен,
Кара бороон боздогон.

Асканы кырккан жылмалап,
Кымындай таштын дайны жок.
Зымдар жып-жыш илинген,
Жөргөмүш салган торго окшоп.

Беттешип зоо, зоо менен,
Теңтайлаш өскөн эгиздей,
Чокулары көк сүзүп,

Асман анын үстүнөн,
Көмкөрүлгөн деңиздей.

Эки зоонун ортосун,
Суу сактагыч ээлеген.
Ал бир укмуш имарат,
Көрө электер көрсөңөр,
Жомокто жок дээр элең.

Көп замандан бери жакка,
Даңкы калып тарыхта.
Храмдар бар азыр да,
Абаз болуп калкка.
Египетчи дүйнөдө ал,
Пирамида жагынан.
Бүт ааламга таанылган.

Бирок буга өшолор,
Теңтайлашпай калыптыр.
Азем менен чеберлеп,
Муну кызык салыптыр.

Көрүнөт көзгө ажайып,
Суу сактагыч имарат.
Ашеми артык баарынан,
Айтып бүткүс көп санат.

Саймалары уздардын,
Салаасынан бүткөндөй.
Айнектери көздөрдүн,
Карашынан бүткөндөй.

Боёктору сырдалган,
Сулуу кыздын өңүндөй.
Кечтелери бууланган,
Кыналган түрү бөлүнбөй.
Сыны турат суктантып,
Көбү көзгө көрүнбөй.
Ар жагында суу жатат,
Ысык-Көлдүн көлүндөй.
Чайпалса да тим турат,
Тамчы суусу төгүлбөй.

Төрт дарбаза төрт жактан,
Тептегерек салынган,
Ачып ийсе эшигин,
Дайра атылат чамынган.
Талааларга, аңызга,
Келет агып алыстан.
Дыйкан байлап алышка,
Буудай, пахта багылган.
Өрүк гүлдөп, гүл чачып,
Алмалар бир жагынан,
Күздө кызыл, ак болуп.
Коон, дарбыз дардайып,
Анжир, жүзүм шак жайып.
Анарычы баарынан,
Нан жабылып дандырдан,
Палоого май дак болуп,
Бышат суунун даамынан.

Дайра алкынып шаркырап,
Күр-күр этип үстүнөн,
Параларга урунат.
А паралар баркырап,
Чимирилет, бурулат,
Суунун катуу күүсүнөн,
Сыйкырдуу нур агылат.
Мына ушундай түсүнөн,
Жарык чыгат жаркырап.
ГЭСтин улуу күчүнөн,

Ильич шамы жагылат,
Мындан өткөн «кыйын» жок,
Миң-сан жумуш бүтүрөт.
Фабрика, заводго,
Кирип келет «күтүрөп».
Ар бир үйгө нур чачып,
Санаа жеткис жол басып,
Аткарып жаткан иши көп.

Кызыкты эми карап тур,
Кыдырып жүрөт Алыкул.
Токтогул ГЭСтин ичине,
Эл менен кирип барыптыр.

Айрылыш канча жол кетет,
Ар жакка агып суу өтөт.
Жыгачтар чийдей кыналып,
Темирлер жиптей буралып:
Коодукка жасап койгондой,
Карап эле турарлык.

Бир жерге келсе мехпарк бар,
Кай жактан алып киришкен.
Бульдозер, Белаз, комбайн,
Ар түрдүү турат келишкен.
Эки жагын караса,
Чоң жол кетет эңиштен,

Тоолордун ылдый жагынан,
Кыл башына жеткиче,
Машина жүрчү трасса,
Кээ бир жери тектирче.

ГЭСтин бүткөн чокусу,
Кырка чарчы кең аянт.
Алды жагын караса,
Капырай баш айланат.
Машиналар, адамдар,
Кичирейип карарат.
Эки жактан эки зоо,
ГЭСке койгон тирөөчтөй,
Тим эле кызык ааламат.

Тиктеп турса көл жагын,
Түбүн чапчып асканын,
Көк деңиздей тунарат.
Утур улам арыраак,
Капчыгайлар уланат.
Сууга малып таштарын,
Башында кар агарат.

Тоолор менен тең турду,
Саякатчы кайкайып.
Күткөн өңдүү керемет,
Деңиз жатат чайпалып.
Күзөтчүдөй күн-түнү,
Тоолор аны кайтарып.

Алыкулдун көзүнө,
Адам күчү байкалып.
Кереметтүү ГЭС жөнү,
Канча айтса да айтарлык.

Асман менен бойлошуп,
Басып жүрдү ал жакка.
Басып жүрдү бул жакка,
Батып жатты мазага,
Саякатчы бу бала.

Жомокто үйгө киргендей,
Көрө берди чарчабай.
Аралап канча жүрсө да,
Канчасын калды байкабай.

Кайтаарында Алыкул,
— Кош бала—дейт башкы
адис.
— Бул журналга эми сиз,
Пикир жазып таштаңыз.
Саякатчы калтырган,
Эстелик бул дейбиз биз.

Сиз дегенге Алыкул,
Бир аз калды кысылып,
Бирок оюн жашырбай,
Жазды аябай кызыгып:

— Мен Алыкул Көчөров,
Жер кыдырып аралап,
Чыккан элем көшөрүп,
Өзүм жалгыз атайлап.

Саякатым башталганда,
Туш келипмин айылга.
Көп нерсени үйрөнгөнүм,
Болду мага табылга.
Жолдо жүрүп жолуккамын,
Жашына да, карыга.
Мунун баары өзүм үчүн,

Келечекке камылга.
Кеңеш уктум көптөрүнөн,
Ырахмат дейм баарына.

Мурда болдум Арстанбапта,
Жаңак кенин көргөнү.
Таң калышым табийгатка,
Эч теңебей өңгөнү.
Дүйнөнүн кооз жери экен,
Сыймыктанган кең мекен.

Анан кийин ГЭСке келип,
Кызыктарга туш болдум.
Көрүп жүрүп бүт бардыгын,
Жомок го деп болжодум.
Кантип адам мына ушуну,
Жасаган деп ойлодум.

Бирок чындык көргөндөрүм,
Нарын дайра буулган.
Акыл менен күч менен,
Суу сактагыч курулган.

Чыктым ГЭСти кыдырып,
Азыр мына жаңы эле,
Жөнөйм эми башка жакка,
Келгим келет дагы эле.
Көрбөгөндү көргөнүмдө,
Жомок өңдүү баары эле.

* * *

«Атаң барда эл тааны,
Атың барда жер тааны»,
Деген макал Алыкулга,
Жакшы болду жакканы.
ГЭСтен ары саякатын,
Дагы улай баштады...

# АЗИЛДЕР

## Сасыков Тогузбайдын азилдеринен

### Бир эле эркек

Тогузбай Ак-Тооктогу Анарматтын магазинине барып калса ичкилик ичип жаткандар көп экен. Аларды көрүп, кызыгандарга теңелип алайын дедиби:— Келе, Анармат коньяктан? — деди. Азилкеч Анармат тамашалап сүйлөдү: — Ырысы жок, алыңа карасаң, сага кымбатынан ичишти ким коюптур, эл катары арактан эле ичсең?— Коньякты эркек киши ичет, менин айылымда, Кара-Ингенде бир эле эркек калды, — дептир Анарматтын сөзүнө жооп кылып.

### Калыстар тобу

Тогузбайдын айлынын этек жагында тубаса жана согуштан жарадар болгон чолоктор жашайт. Анын үйүнүн жогору жагында мазар бар. Тогузбай ылдыйкы айылды «Майыптар мааласы», жогоркусун «шайыктар мааласы» деп сөз чыгарып, элге тарап кетет. Бир чоң жыйында эл аны жемелеп, анан кысмака алып «бизди го ушинтип атапсың, а өзүңүн мааланычы» деп күкээрдеп сурашса: «менин маалам калыстар мааласы» дейт токтолбой. Ошондон тартып Тогузбай жашаган Кара-Инген айылы «майыптар, калыстар, шайыктар мааласы» болуп аталып, үч топко бөлүнүп калды.

### Байкоо

Тогузбай досунукунда мейманчылыкта отурса бала-чакасы бир нерсени табалбай карбаластап калат. Ал кайсы жерде турганын Тогузбай айтып берет. Досу таң

калат: — Үйдүн ээси биз издеп кыйсыпыр түшүп калдык, а сен бүгүн эле келе коюп кайдан билесиң, досум?

— Психологияда «байкоо» деген тема бар, ошондуктан меймаы жаңы үйгө келгенде буюмдардын турган жерине сарасап салып, байкоо жүргүзүп койсо, ашык дөөлөт баш жарбайт,— дептир.

### Кайрып келүү

Тогузбай аялын уруп койсо ата-энесине кетип калат. Көп баласын таштап жүрө бермек беле деген ойдо көпкө күтөт. Жок, айласы мукурап барат. Көрсө, иш тескерисине айланыптыр. Ата-энеси жибербей, аялы да келбес болуптур. А десе да, бу десе да болбой коюшат. Балдарыңы багып жата бер дешти. Кайра үйүнө келип, адеп үйлөнгөнүндөй сарпай кылып, мал-жан жетелеп, тууган-уругу менен алдына түшүп зорго алып келет.

Ал эми тажрыйбалуу болуп калганын мындай айтат:

— Андан кийин мен да амал таап алдым. Атымды токуп, аса байлап коюп анан урам. Качып жөнөп, маңдайдагы белдин чокусуна чыкканда алдынан атчан тосуп, кайрып келем. Адеп эле сарпай кылып, союш апара бергидей мен капиталист белем...

### ...Дедиң беле

Тогузбайдын досу:— Көчкөнбай менен куда болуп, жакшы жерге түшүпсүң!

Тогузбай: — Сен эмне мени жаман жерден куда болот дедиң беле?

### Берки өйүздөн

Тогузбай бригадир болуп иштеп турганда үйүнө барарга эч убакыты болбой, бир жолу чөптөн качып кеткен өз айылындагыларды чогултуп келет. Үйүңдө болдуңбу деп сурагандарга: — Кайдан, — деп жооп берет ал, — ушу чөп оруктон качып кеткендерди жыйнап, кайра качып кетпес үчүн алдын тосуп жүрүп үйгө кайрыла аламбы, берки өйүздөн кыйкырып, аялыман балачакамын аман-эсендигин сурап койдум, — дептир.

### Элден

Айылдан такси менен келишип, жол кирени досу төлөйт. Ашканада да досу, шаардык транспортто да досу чыгым болот. Тогузбай унчукпай жүрө берет. Үйүнө кайра кайтканда да досу көтөрөт. Эртеси тамашалап, — Ыя, Токо, кечээ айткандан уялдым, эч болбосо бирөөнүн чыгымын көтөрүп койбодуң, бүт менин үстүмөн болду,— десе, Тогузбай кебелбей туруп;— Ээ, досум, мени апам төрөгөндө ырыскымды элден чачып койгон экен, — деп турса болобу, аны андан бетер күйгүзүп, анан дагы минтип кошумчалаптыр: — Мурда, кийин ким менен жол жүрсөм, ошондон боло берген менин чыгымым, сен эми билип алдың, ырас болду.

### Ушул убакка чейин аң-таң

Талаада совхоздун деректири чогулуш өткөрүп жатканда жамгыр жаап, бардыгы тез бүтүшүн күтүп, Тогузбай да аябай үшүгөнсүп, бүрүшүп турат. Ага көзү түшкөн деректир:— Эмне Тогузбай аке, ооруп турасызбы, өңүңүз алеттен кетип, алда-кандай, — дейт. Бутунан чалыштап турган Тогузбай үлдүрөп башын араң ийкейт. Деректир беш күн уруксат берип, оңолуп келишин айтты. Чындыгында Тогузбай болгонунча мас болчу.

Деректир билбей ошенттиби, же Тогузбайга жан тарттыбы ага эч кимдин көзү жетпей ушул убакка чейин аң-таң, ошол окуяны өз көзү менен көрүп тургандар.

### (Уландысы бар).

Республикабыздын эл жазуучусу Шабданбай Абдыраманов директор убагында адабияттан сабак берген, ал «Жолборс терисин жамынган баатыр» китеби боюнча «Аялдардын образы» деген сочинение жаздырат. Тогузбай жарым баракча эптеп чампалап, анан аягына кашаага алып (уландысы бар) деп жазып коёт.

### Эргешов Токторбайдын азилдеринен

### Түш көрүү

Моду: — Түндө түш көрүпмүн, жакшы көргөн кишиге айтса ал жакшылыкка жоруш керек имиш, сен жоруп берчи Токторбай.

Токторбай: — Айтчы, албетте, көргөн түшүңө карайм да.

Моду: — Түшүмдө өзүбүздүн маңдайдагы чоң жардын кырында мылтык кармап тикемен туруптмун.

Токторбай: — О, Моду кудай бериптир сага, о дүйнөгө барганда дозокко кароолчу болот экенсиң.

### Жеме

Токторбай түндөсү мазардын алдындагы жол менен келатса, көзүнө ак кепин кийген бирөө көрүнгөнсүдү. Токтой калып тыңшаса «алла» деп отурат. Алкымы оозуна тыгылып, көзү карайлап, артына кайтып, Модунун үйүнө барып, окуяны эч кимге айтпай, укөсү Боо-бекти эртең иш бар эле азыр кете берели деп эрчитип, аны алдына салып келе берет. Баягы жерге жакындаганда өзү кача турганга ыңгайланып, алыстан акмалайт. Бообек агарганды көрүп эле «О, Акы эже, түн жарымда каяктан» дейт. Эмне болор экен деп жүрөгү дүкө-дүк болуп келе жаткан Токторбай эсин жыйып «Акы эжең менен жерге кир» деп кайра Бообекти жемелептир.

### Унутуп калуу

Аттокурлардын өөнүндөгү сайдын боюнан чыккан булактын кеберинен балык алып чыгуу үчүн Токторбай тереңге чуңкуп кирип кеткен. Бирок көпкө чыкпай күтүп тургандардын эсин оодарды. Анын тирүү чыгышынан үмүт үзүшүп турганда кайра калкып чыгат. Айласы кеткендер сүйүнгөнүнөн эмне көпкө кармалганын сурашат.

— Балыктар аябай көп экен, аларды кармап жүрүп, алаксып, сыртка чыгышты дале унутуп калыпмын,— деп карап турса болобу.

### Худайбердиев Эгемназардын азилдеринен

### Тар жолдо

Кар калың түшүп тар жолдо бери жактан бара жаткан ит, ары жактан Эгемназардын таанышы келе жаткан экөө беттешип калат. Жолдон же ит чыкпай же

адам чыкпай көпкө марашып турушат. Араакта бараткан Эгемназар таанышына кыйкырат:— Итке теңелбей өтө бербейсиңби?— деп.

...Дептир

Ошол таанышы экөө жайында токойдо жүрүшүп, Эгемназар алаксый калганда, ага көрүнбөй бир корку тайын деп тоого чыгып, ылдый көздөй таш кулатат. Аны көрүп: — Доңуз экшойт деп чочуп кеткенимчи, — дептир, Эгемназар.

## Тузун кер

Көп эл менен меймандчылыкта болушун, кой сойгуча тоого кымыздык, чүкүрүгө чыгышат. Алыстан кемегеге асылган казан көрүнөт.

Шералы:— Шорпо, бышып калыптыр,

Эгемназар:— Кана, тузун көрчү?

Төктөрбай: — Чөмүчтү бер.

## Жаман алма

Чыңк өйдө кеткен жолдо бай түп алма бар. Алмасы ачуу болгондуктан жаман алма деп коюшат. Ошол жерге барганда машина чырылдап тарта албай калса бирөө кейип калат: — Ушу жаман алма жаман да, — деп, анда Эгемназар: — Жаман алманы кыйып таштабайсыңарбы?— деп карап турса болобу.

## Мен дей бер

Көк-Арт дайрасынын боюнда серүүндөп отурушса, күүгүм ченде аркы жээктен бир кыз жигитин күтүп жаткан окшойт, Эгемназарларды көрүп ошолор дедиби: — Сууну кечип өтүп келе бергиле,— деп кыйкырып жоолугун булгалай берди. Эгемназар таанышын шаштырды:— Менмин дей бер, мен дей бер, өзүң бери өт де, бол!

## Кайсы саат

— Эгемназар менин саатым беш мүнөт артта, а Абдыракмандын сааты беш мүнөт алдыга кетиптир. Кайсы саат жакшы?

— Туура жүргөнү жакшы да.

Биз 25 студент Кыргыз университетинин журналист адистигин биринчи бүтүргөнбүз. Алардын 14үнө жазылган:

# АЗИЛ-ТАМАША

## (Э. Ибраевтин 50 жылдыгында окугам)

### Күмөн Рысалиев

Окумуштуу болуп алгансыз,
Максатты ишке ашырып.
Юбилейди куттуктап,
Барганы турсак ашыгып,
Бир билгизбей койдуңуз,
Элүү жашты жашырып.

### Эсенгул Ибраев

Атагың кетсин дүңгүрөп,
Кошамат кылып айтканда.
Чын эле каалоо ушундай,
Элүүгө чыгып жатканда.
Ооматың келип чоң болдуң,
Чоң журналга «Чалканга».
А бирок, алдында эл бар
баш ийген,
Аларды каарып бир-бирден,
Жаман айтып сөкпөгүн.
Дагы каалоо ушундай—
көппөгүн.

### Мекен Болотов

Ичпейсиң арак бир грамм,
Жакпаганын билебиз.
Алып кой десе бирөөлөр,
Кой, кокуй деп жүрөбүз.
А бирок, бир жолу оолжуп
мас болдуң.

Орозбай, Жакып... күбөбүз.
Түнкүсүн саат так ондо,
Жыгылып калдың газонго.

**Советбек Макенов**

Билимиң күчтүү чынында,
Орусча мыкты тилиң да.
Түзүк эмгек сиңирдиң,
Энциклопедия чыгууда.
Калтырдың изди артыңда,
Бир топ, бир топ тоону ашып.
Чыгып алдың кумардан,
Академик менен таймашып.

**Раимбек Абдиев**

Роман жаздың биринчи,
Арабыздан көч баштап.
А биз болсо кубандык,
Талантыңды чын барктап.
А бирок, не көрүнбөй жүрөсүң,
«Кыз мүнөздүү мүнөзүң»,

**Темир Эсенгелдиев**

Кыйын чыгып баарынан,
Эмгекти коргоо жагынан,
Сен Гегелди талкалап,
Өзүңдү өзүң тааныган.
Ушинтип ишиң оңолду,
Анткени, жазган кагаз
жоголду.
Табалдиев өлгөндө,
Ишинди ала кетиптир,
Көрүстөнгө көмгөндө.
Аксакал ушинтип амал
табыптыр.
«Смычка». «Нажым» болуп
калыптыр.
Акыры жетип максатка,
Кандидат болуп алыптыр.

**Искендер Калбаев**

Машина минип өтөсүң,
Дачага деп кетесиң.
Той кылып бизди чакырсаң,
Көрсөтүп үйдүн чекесин.
Тартынбай куйкум сүйлөйсүң,
Тилиңден табар бекенсиң.

**Ишен Каиров**

Чечeнсиң мыкты сүйлөйсүң,
Күлдүрүп өзүң күлбөйсүң.
Бир гана менден башкалар,
Кеп кылышып аста алар —
Ишенип турат өзүңө,
Бирок, түшүнбөй турат сөзүңө.

**Орозбай Аргынов**

Журналист болом деп биз
менен,
Буттүң да өнөр издеген —
Милицияга кеттиң күч менен.
Честь берип акыр какыйдың,
Майор болуп бакыйдың.
Генерал болсо деп турабыз.
Анда барып куттуктап,
Жүз граммдан урабыз.

**Ашыр Усуев**

Тасыктың газет ишине,
Тапталып даңгыр ак жолуң.
А бирок, мезгил узарып,
Бакыйган чоң болбодуң.
Кайда катып койгонсуң,
Партшколдун дипломун?

**Октябрь Эмилов**

Экрандан көрүнсөң,
Ботодой эле «боздойсуң».
А бирок, кээде дайның жок,
телевизорду көтөрүп,
Ала кетет окшойсуң.

**Шаршеналы Абдылаев**

Билесиң бизде жыйын бар,
Ал жыйын дайым барктaлат,
Жок болсоң да, бар болсоң
Сенин да атың катталат.
Көрүнүп калсаң бирарда,
Көбүнчө ордуң бош калат.
Ошентип, болосуң бирде
«ак тамак»
а биринде «көк тамак».

**Ильгис Гилязетдинов**

Көп тилде сүйлөп мисалдан,
Көрүнгөндөн кат алган.
Баарынан кыйын сен болдуң,
Кыргыздан чыккан татардан.

**Өзгөрүш Акматов**

Сен дайым чоң,
Болгонуң жок пом.
Араң сени табабыз,
Телефон менен чакырып.
Кээде алдырып алабыз,
Усуевти чаптырып.
Жүрө бербей кыштакта,
Корректор болуп кайра кел,
«Советтик Кыргызстанга».

**1984-жыл.**

# ИНТЕРВЬЮ

## *ДАҢАЗАСЫ ТАШ ЖАРГАН ЖАЗУУЧУ*

**Чыңгыз Айтматов** жаңыдан жаза баштагандардын катарына кирген эмес. А жаш жазуучу да болуп аталбаган. Чыгармасы түз эле дүйнөлүк адабияттын казынасына кошулду дегендин өзү ал үчүн сейрек учуроочу таланттын ээси экендигин айкындап турат.

Чыңгыз Айтматов көркөм сөздүн кудурети менен адегенде эле макталып, утуру жазгандары мурдагысынан да ашып түшүп, мына акыркы чыгармасына чейин даңктан арылбай, дүйнөлүк жазуучунун аты аябай даңазаланып турган учуру. Мына ушундай баркка эмнеси менен жетишип жатат? Ал баарынан мурун көркөм чыгарманын кереметин ар адамдын дилине жеткире алгандыгында, адамзаттын тагдырын ар кандай аспекте түшүндүрө билгендигинде болуп жатат. Мунубуз так болсун үчүн Н. Бестужевдин (Марлинский) бир айтканы боюнча Ч. Айтматов художник-тарыхчы, философ жана байкоочу, окумуштуу адам...

Калайык калкка аттын кашкасындай таанымал чоң жазуучулар, сынчылар Ч. Айтматовдун прозалары, новатордук тажрыйбалары көп улуттук адабиятка таасирин тийизип жаткандыгын баса белгилешет. Бул таланттуу жазуучунун чыгармачылык кредосунун кереметтүүлүгү менен аныкталат. «Жамыйланы» окуп чыгаары менен Мухтар Ауэзов ак жок тилеп, мазмундуу жана терең каалоо жазып, ушул чыгармасынан эле Чыңгыз Айтматовдун жеке художниктик талантын жана өзүнүн почерки жаркырап бөлүнүп турганын баса көрсөткөн. Чындыгында да Ч. Айтматовдун жазганы адегенден эле көркөм китеп окуучулардын көңүлүнө жагып кеткени менен өзгөчөлөнгөн. Даңктуу жазуучунун чыгармаларына кенен-кесири талдоо жүргүзгөн профессор

П. Е. Глинкин «Жамыйла» жөнүндө, «Жамыйла ондогон тилдерге которулуп, анын басмага басылышы Хемингуэй жана Шолохов шедеврлеринин катарына теңеле түшкөн» деп жазган. Демек ошондон тартып жазуучу реалисттик методду, көркөм чеберчиликти тереңдетип, эң сонун художник болуп калды. Кайсы чыгармаларын окуба, каармандардын ичине тереңдеп кирип, сырын аңтарып көрсөтүп, ички психологиясын талдап ачкандыгында болуп жатат. Анын каармандарынын образы ачык, көз алдыда турат. Көптин баары Чыңгыз Айтматовдун кайсы теманы алса да ошону жаза билгендигинде болуп жатат. Буга Гетенин сөзү туура келет. Ал «Оригиналдуу жазуучулар жаңы доордо жаңылыкты жаратkандыгы үчүн гана оригиналдуу эмес, алар эмне жөнүндө жазышса да ал мурда эч качан айтыла электей көрсөтө алгандыгында» деген ойду айткан.

Ч. АЙТМАТОВДУН чыгармаларынын таасирдүүлүгүнө эле бир мисал, анын жазган каармандарынын аты жаңы төрөлгөн балдарга коюлуп жаткандыгын ар бирибиз угуп, көрүп жүрөбүз. Ал түгүл Чыңгыз деген ат да көбөйдү. Ошентип, Чыңгыз — Кыргыз деген сөз уйкашып, аалам аралап кеткени элибиздин даңазасы жана сыймыгы.

Даңазасы таш жарган даңктуу жазуучубуздун чыгармалары ушул учурга чейин 80ге жакын тилге которулуптур. Мунун өзү эле анын көкөлөгөн ийгилигин көрсөтүп отурат. Эзелтен бизге белгилүү болуп калган Гоголдун «Жазуучунун бир гана мугалими болот, ал окуучусу» дегендей ким болбосун ар кандай китебин окуп чыкканда эле суктанып, тамшанып ыраазы. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын ар кандай кесиптеги адамдар чын ыкласы менен берилип окуйт. Карапайым дыйкан, жумушчу, тарыхчы, философ же математик, астроном, окмуштуу өзүнүн дилине жакын сезип түшүнөт. Демек кенен масштабдуулугу менен дүйнөнүн бардык элдерине жетип отурат. Мунун дагы бир терең мааниси бар. Эң негизгиси Ч. Айтматов эмнени жазууну тандап алат. Горький айткан экен: «Мен чыгарма жазуудан мурда өз алдыма мен эмнени жазамын? Кандай жазуум керек жана эмне үчүн жазамын деген үч принципти коёмун»— деп. Мына ушул принцип Ч. Айтматовдо бар. Ошентип, «Жазуучунун ар бир жаңы чыгармасы биздин көп улуттуу адабиятыбыздын майра-

мы» (Олесь Гончар). О. Гончардын ушул сөзүнөн кийин эч кандай мактоонун да жана салыштыруу издөөнүн да кереги жок.

Кыргыз ССРинин Эл жазуучусу, Лениндик, Мамлекеттик жана Токтогул атындагы сыйлыктардын лауреаты, Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССР Жогорку Советинин депутаты, республикабыздын кинематографисттер Союзунун председатели, академик жана коомдук ишмер, көркөм сөздүн эң сонун чебери Чыңгыз Айтматов менен интервью алуу үчүн аны издей баштадым Адеп секретарына телефон чалсам Швецарияда экен. Бир нече айдан кийин келээрин айтты. Кийинкисинде колу бошобой жатат деди. Бир жолу бар экен, жетип бардым. Анын отурган жери секретарынан башка коридор менен кирчү эшикте эле. Бирок секретары Москвадан келген кинорежиссор менен, кабыл алабы, албайбы эч нерсе айта албаймын деди. Мен коридордо күтүп турдум. Бакылдап сүйлөшкөн үндөр угулат. Биринчи кабатка түшүп басып жүргөм. Сыртка чыгышканын билип, жетип барсам, коридордогу диванда калган баш кийимим менен кагаздарымы көтөрүп алып ээсин издеп жүрүптүр. Мен буюмдарымы колунан алып, келген максатымы айттым. Аңгыча мени менен кошо жүргөн жети жашка кадам койгон уулум Мухаммед менен сүйлөшө кетти. Атын сурады «Оо, пайгамбар турбайсыңбы, пайгамбар» деп колунан жетелеп алды. Сакалчан режиссор артында, ал Мухаммед менен биринчи кабатка түштү. Азыр кино менен алек болуп жатканын, кабарлашып турушумду айтты. Коштошуп жөнөп жатканда сөзсүз Мухаммед менен келгиниң деди.

Мен уулума көңүл бөлүп калганын «Ак кеме» киносунда роль аткарган Нургазыга окшошуп кетет, кино жаатына ылайык көрүп калдыбы деген да ой кетти. Кыскасы Мухаммеддин жылдызы жагып калды.

Кийинчерээк главпочтамтын алдында жолугуп калдым. «Байчечекей» журналынын эки жылдык чыгышына карата макала жазып бергенин сөз салып, (Бул журнал Ч. Айтматовдун кийлигишүүсү менен чыккан) жакын арада убакыт болорун айтты. Чын эле кийинчерээк телефон чалсам, секретары келиңиз деп кубантты. Жетип барсам жалгыз отуруптур. Көрүшкөндөн кийин эле «Кана эмнелер жөнүндө сүйлөшөбүз?» деди. Мен суроому баштадым. Ал чоң залда жайма-жай басып жү-

рүп, катуу сүйлөп жооп берип жатты. Көңүлү көтөрүңкү, көңүлдүү болду. Берип жаткан суроолорум ага жагып жатканын сезип турдум. Бирок, үч суроомо муну тим эле коёлу деп жооп берген жок. Анын да себептери бар эле.

Эки сааттан ашык ак көңүлү менен маектешип, түшкү тамакка чакырып үйүнөн телефон чалса да кийин деп койду. Биз бүткөндөн кийин аны унутуп калып, ишинде калды.

Мен ага чейин көп жазуучулардан, маданият, искусство ишмерлеринен интервью алып капыгып калдым эле, ушундан улам байкаганым Айтматов берген суроого айрыкча көңүл бурат экен да, ошого карата ой жүгүртөт. Мазмундуу, маанилүү жооп берет. Эч жеринде болжол менен сүйлөп, эптеп кутулуунун айласында болбойт. Мен айрыкча ушундай жагын байкадым. Ниетинин тазалыгы көрүнүп турат.

Маектешүүдө «болду го» дегенден кийин журналисттик өнөкөт боюнча дагы кыска эки суроо берип алышка жетиштим. Ыракмат айтып жөнөрдө, атыжөнүңдү билип калайын деди. Өзүмдү тааныштыргандан кийин Мухтардын (Борбугулов) иниси турбайсыңбы деди. Мурда мени угуп жүргөндөй түр менен айтты. Анан «Таза жердин тукуму болот турбайсыңбы» деди.

Ошентип, Чыңгыз Айтматов менен болгон аңгемелешүү төмөнкүдөй болду...

x x x

**ЖУРНАЛИСТ:**— Чыңгыз Төрөкулович, Сиз менен болгон бул маекте жазуучулук даңкыңыз жөнүндө айтып отурууга убакыттын тардыгы жана өзүңүз да каалабагандыгыңыз белгилүү. Сиздин чыгармачылыклыкка жумшаган убактыңыздан башка да көп коомдук иштер күтүп тургандыгын билебиз. Ал эми аткарып жаткан өз кызматыңыздан тышкары канча бир чоң жыйындарга катышып, дүйнөнүн көп өлкөлөрүнө барып, ар кандай эл аралык симпозиум, форумдарда болуп жүргөнүңүздү эле эске салсак жетиштүү. Ошондуктан ашыкча сөзгө өтпөй эле айрым бир маанилүү суроолорго кайрылсам дейм.

**Ч. АЙТМАТОВ:** — Кандай суроолор? Кайсы маселе боюнча сүйлөшсөк, биз көндүм болуп калган су-

роолорду коюп башкачараак, пайдалуураак кептен козгосок.

**ЖУРНАЛИСТ:** — Албетте, сиздин китеп окуучуларыңыз өмүр баяныңызды жакшы билишет. Ошентсе да даңкы элге маалым адамды жакындан билүүгө ким болсо да ынтызар эмеспи. Барынан мурда балалык чагыңыздан же ошол курактагы элестерден эсте калгандарынан айтып берсеңиз жакшы болор эле.

**Ч. АЙТМАТОВ:**— Ар бир турмуштун өзү өмүр, жашоо — баардыгы балалыктан башталат. Улуулар жаш өспүрүмдөргө акыл-насаат айтканынын себеби да бар. Анткени, бала балалыгын кийин түшүнөт. Жомок, дастан, уламыштарда балдарга баяндалган терең сырлар жатат. Булар бекеринен жаралган эмес. Демек, адам бир нерсе айткысы келет. Эмне үчүн айткысы келет? Адам баласынын өзгөчө касиети ушунда жатат. Адамда тарых бар. Анын тарыхый таржымалы балалык чактан башталат. Аны ар кимибиз айтып берүүгө карызбыз.

Мына мен эски турмуштун бир нечесин көрүп калдым. Анын ичинен эсимде калгандары көп. Айрыкча, кыргыздын көчмөндүү турмушунун элеси азыр да кадимкидей көз алдымда турат. 1932-жылдар бекен, Төрт беш жашар баламын. Биздин айыл жайлоого көчүүгө кам көрүп калган. Жыл сайын жайлап жүрчү улуу тоо жакта, жайлоо талаасынын арасында Тандыр, Майдан Тал деген жерлер бар. Жайдын толуп турган ажайып көркүн айтпа, тим эле жомоктогудан да артык. Коздугу таң калтырат. Көчтүн жүрүшү ушул багытка карай болмок. Менин чоң энем зээндүү, көзү жетик, камкор адам болуучу. Аркан, жип-шуу, чанач-көлүк, иши кылып майда-бараттарды даярдап, бардык камылганы күн мурунтан эле көрүп койгону эсимде. Көчүү убагында бир нерселерге ыбырсып, убараланган жок, камылгалуу турдук.

Ошол көч эч бир эстен кеткис чоң майрам катары сезимимде калды. Мага дал ушундай сезилген. Эртең көчөбүз деген күнү от боюнда ойноп жүрүп, бир маалда чоң энемдин жанында уктап калыптырмын. Чочуп ойгонуп эле тура калсам туш тарап бака-шака, жаңжуң. Мунун баары мага майрам күнүнүн шаан-шөкөтүндөй көрүндү. Кулундар туйлап, койлор маарап, уйлар мөөрөп, иттердин үргөнү, төөлөрдү....

Уйкум тарап, кийингенден кийин, мен дагы көчтүн агымы менен жөнөөгө камынып калдым. Мага жапалдаш, жоош атка айырмач токуп, даярдап коюптур. Атка миндим, чоң энем өзү чылбырдан жетелеп алды.

Жолго чыгып, көчтүн алды жүрө баштады. Мен сыяктуу балдар учкашып-чиркешип, арасында анча-мынча жөөлөрү да бар. Ошентип, Улуу тоону көздөй багыт алдык. Бул маалда жайлоого барбаса кыштоодогу чөп чардын баары бүткөн болот. Күн үп тартып, ысып-күйүп кетет, малдар да дүбүрөп тынчыбай калат.

Улуу тоого карай көч бара жаткандагы жүрүшкө жарпың жазылат. Эл ак карлуу салкын конушка, Улуу тоого көздөй умтулуп, өргүп байырламакчы. Аксакалдары бакжайган калбат карыялар, чоң элечек оронгон байбичелер, жазга жарашып кийинген бешик өңөргөн келиндер, тумар-мончокторун тагынган, топчулары жаркыраган кыздар, мотурайган балдар көчтүн жүрүшүн көркүнө чыгарат.

Бир максат менен багыт алган элдин бирдиктүүлүгүн, ынтымактуулугун, боорукердигин мен ошондо байкадым. Калк ушинтип, жүрүш жасап баратканда мага «Ажыдаар-Таш» бар дешти. Барып көрсөк бир чоң таштын үстүндө казандын оозундай оюгу бар экен. Ал таш азыр да турат. Ошондо мага минтип айтышкан. «Ушул таштын үстүндө ажыдаар жатып алып, ары-бери өткөн адамдарды оп тартып соруп турган. Дагы бир жолу аркы беттен кыз-күйөө өтүп бара жатканда ажыдаар аларды оп тартат. Жигит ажыдаарды жаа менен атууга үлгүрүп калат, жаанын огу таамай тийип жигит ажыдаарды жок кылат». «Ажыдаар-Таштын» легендасы ушундай экен. Ошондо мен балалык түшүнүк менен буга ишенгем.

Биз ырдап-чардап Тандырга барып, көпкө чейин өрүш алып туруп калдык. Жайлоо ажарланып, түрлөнүп, толуп турган убагы экен. Жыты аңкыган гүлдөр, ыргалган миң түркүн чөптөр, гүлкайырлар, тобулгу, шилбилер, алма-алчалар... деги табыйгаттын сулуулугу таң каларлык көркүнө чыккан. Алма демекчи, тоонун табигый алмасынан балдар, баарыбыз эле жаңы бышып келе жатканын жесек тим эле даамдуу. Жыргап калдык. Куржунга салып алып, келгиче өзү

да эзилип, жупжумшак болуп калыптыр. Мен жеген ошондогу көк алманын жыты азыр да сезилип, даамы оозума келип тургандай болуп кетет.

Күнү-түнү менен жылкылар дүбүрттөп, төрт түлүк малдын жуушап турганы сонун элес берет. Ушул бала чагымда өзүм кошо болгон көчтүн жүрүшү менин эсимде калыптыр. Дайыма көңүлүмдөн орун ээлеп турат. Аны эч нерсе менен сүртүп кетире албайсың. Себеби, сезим менен денеге сиңип, чайкалып калган. Мага балалыктын эң жакшы бактылуулугу ушундай сезилген. Карабайсыңбы?

Балалык доордун да өзүнүн азап-тозогу болот тура. Мен муну башымдан өткөндөн улам айтып жатам. Жалаң эле сайрандап ойноп жүрбөй, отун жыйнайбыз, тезек теребиз, козу жаябыз. Кой менен козуну башка бакчубуз. Себеби, койду саадырып, сүтүн ичебиз. Кой саадырыш да кыйын жумуш. Өзүнчө бир азап. Саарда козуну көгөндөн чечип кармап турабыз. Ийигиче эмгизип, кайра тартып алабыз. Эне-бала экөө бири-бирине умтулуп кыйнайт.

Эмнеге, кайсы оюнга алаксып калганым азыр эсиме түшпөй турат, бир жолу козуларды кайтарып жүрүп, энелерине жамыратып жибердим, мындай учурда катуу жеме угарыбыз бышык. Анткени, саала турган койлордун сүтү бир айылдын балдарына тамак болот да. Биз алдын-ала көрүнбөй качып кеттик. Андан башка аргабыз жок эле.

Бирок, ушулар мен үчүн таттуу кез эле, бактылуу күндөрүм болуучу. Ушул кездерде согуш жакындап келе жаткан экен, кийин кыйынчылыктар башка түштү. Аны азыр айтып отурууга мүмкүнчүлүгүм жок. Мен бул жерде айтайын дегеним: балалыктын доору, бала лыктын мезгили жашоого жаралган адамга тиешелүү мээрмандык, адамдын өмүрүнө тартууланган бактылуулук. Балалык курагында ар бир бала ушундай сезет го деп ойлоймун. Себеби, наристе балалыктан таза эч нерсе жок.

**ЖУРНАЛИСТ:** — Сиз балалыктын доорун элестүү айтып бердиңиз. Өзүңүз айтмакчы, мындай куракта көрүнүш, эч эстен кетпей калат экен. Ошондуктан баштан өткөн чыныгы турмуштун үзүндүсүнөн эске салып отурасыз. Эми ушундан улам мындай суроо пайда болуп отурат. Мына, жогоруда окуй элегиңизде эле

табыйгатка, сулуулукка, кыскасы, көркөм дүйнөгө аябай кызыкканыңыз сезилип турат. Эми китеп окууга кунт-шыгыңызды койгон учурду эске салып көрүңүз? Дагы менин сурайын дегеним, эң биринчи колго алып окуган китеп кайсы эле? Жана китепти кандай окугансыз?

**Ч. АЙТМАТОВ:** — Кайсы китепти биринчи колума алганым азыр эсимде жок. Мен китепти аябай эрте окуй баштадым. Бала чагымдан эле көптү билүүгө умтулдум. Китеп окубай тура албай, кумар болуп калдым. Ошондо кыргыз адабияты жаңыдан пайда болуп келе жаткан:

Куу-куу турумтай,
Жиги-жиги турумтай,
Бетегенин түбүндө,
Беш балаң калды турумтай:

. . . . . . . . . . . .

Убал жок деп жедиң торгойду,
Уят болдуң турумтай,
Белде калды бир балаң.
Пейли бузук турумтай!

— деген өңдүү ырларды декломация кылып айтчу элек. Көрсө, муну элдик ырлар басылган китептен үйрөнгөн экенбиз. Анан «Бай-кедей» өңдүү кыргыздын кызыктуу оюндары бар болуучу. Ошолорду туурап аткарчубуз. Балалык учурда булардын да бир топ мааниси болгон экен.

Менин көркөм китепти окууга кызыгуум тартып калганы — кичинекейимен орус тилин үйрөнгөнүм пайда болду. Ошондо эле «Гулливер», «Маугли», «Робинзон Крузо», «Дон Кихот» сыяктуу бир топ китептерди окуп чыктым. Китепти жөн эле башынан түшүп алып, аягына чейин окуп койбостон, маанисине түшүнүп анын кумарына канар элем. Көптүн баары ошондо болгон.

**ЖУРНАЛИСТ:** — Албетте, Сиз жөнүндө ойлогондо ар кандай суроолор пайда болот. Анткени, кичинекейинен эле жазуучу болом деп кыялданып жүрсө керек дейбиз, же мектепте окуп жүргөндө чыгарма жазуу жөнүндө ойлодуңуз беле?

**Ч. АЙТМАТОВ:** — Ойлогон эмесмин.

**ЖУРНАЛИСТ:** — Чыңгыз Төрөкулович, мына ушул доордо сиз дүйнө жүзүндө даңкталып жатасыз. Ушундай атакты чоң талант менен жеңип алдыңыз. Ар кандай улуу адам даңкты кайсыл жол менен багынтып алганын аны өмүр баянынан окуп билебиз. А Сиз даңк дегенди кандай түшүндүрөсүз бизге?

**Ч. АЙТМАТОВ:** — Даңк деген өзүнчө жаткан максатпы? Жок андай эмес. Даңкка жетем дегендин өзү текеберчилик, ашыра айтсак — эси жоктук.

Даңкты эмгек жаратат, эмгек алып келет. Ал өзү табигый түрдө билинбей келет.

**ЖУРНАЛИСТ:** — Бир жолу ушундай эле талаш болду. Кээ бирлер Сизди эч бир кыйынчылык тарткан эмес деп далилдешти. А башкалар тескерисинче, азапты көп тарткан дешти. Кайсынысы туура?

**Ч. АЙТМАТОВ:**— Экинчиси туура! Мен башыман көп кыйынчылыктарды өткөрдүм. Бирок, кыйынчылыктан качкан адам — адам болбойт. Ар кандай каршылык менен тикеме-тике беттешиш керек. Бирок, жеңиш керек. Адамдын акыл менен күчү ушунда сыналат.

**ЖУРНАЛИСТ:** — Сиздин байкооңузча азыркы жаштардын облигине эмне мүнөздүү?

**Ч. АЙТМАТОВ:** — Облиги деген сөздү турпаты деп алалы.

**ЖУРНАЛИСТ:** — Туура айтасыз, сөз жаштар жөнүндө болгондуктан сурообуз кыйыныраак. Анткени, сабакты жакшы окуган, ата-энесинин тилин алган — кыскасы жогорудагы айткандай өзүнүн турпаты менен үлгү боло турган балдарга карама-каршы өспүрүмдөр да бар. Кээ бир чылым тартып, ээнбаштыкка кызыккан тентек балдар да учурайт. Мына ушуга окшогондордун келечегине ким болсо да кейибей койбойт экен.

**Ч. АЙТМАТОВ:** — Мен сөздүн маанисине түшүндүм. Суроо абдан туура. Азыр турмуш-шарт өзгөрдү. Курсак ток, кийим бүтүн, баардыгы жетишерлик. Радио, телевизор, китеп — койчу эмне каалаcа баары бар. Булар жакында, кечээ эле келди. А мурда эшек минип, төө кайтарышкан. Ачка калып, жылаңайлак жүрүшкөн. Мына ушундай турмушту башынан өткөргөндөр азыркы дөөлөттүн баркын жакшы түшүнүшөт. Ушул бейпил заман кандай азап-тозоктор менен келгенин билишет.

Азыркылар болсо дайыма эле ушундай болуп келгенсип, ажыратып баалай албай жатышат. Мен бул жерде баардыгына тиешелүү айтып жатканым жок. Ар кимдин өзүнө жараша дегеним. Адамдын сырт турпаты, ички сезими — башкы негизи болот. Ушунусу кандай болсо, ал сакталып кала берет.

Азыркылардын аң-сезими, түшүнүгү, бир кыйла ашып түшкөн. Бирок, арабызда билими болгону менен адамдык сапаты жоктор, татаал мүнөздүү араккечтер, чылымдан өксүбөгөндөр учурайт. Мындай абалда анын билиминин, дипломунун баркы тыйынга татыбайт.

Адамда боорукердик, ырайымдуулук болуш керек. Бирөөгө жардамы тийбесе, духовный жактан таасири болбосо не пайда?

Маданият деген бир гана билим эмес, ал адам баласынын бийик сапаттары.

**ЖУРНАЛИСТ:** — Сиздин чыгармаларыңыздагы чыныгы турмушта жашап жаткан каармандар барбы, аларды атай аласызбы?

**Ч. АЙТМАТОВ:** — Турмушта бар. Атайын атоонун деле кереги жок. Албетте, көбүнчө образдарды жалпылаштырып алынганы баарыңарга белгилүү.

**ЖУРНАЛИСТ:** — Ушундан улам «Эрте жаздагы турналар» деген чыгармаңызга токтолгум келет. Сиз бул чыгарманы чоң жазуучулук чеберчилик менен жазгансыз. Кайрадан Улуу Ата Мекендик согуш убагына кайрылып, али сөөгү ката элек балдардын турмушун көркөм чыгармада чагылдырып, окуяны татаалдаштырбай, жөнөкөй гана кең планда бергенсиз. Чыгарманын күчү — турмуш чындыгын көрсөтө алгандыгында болуп жатат. Кеп бир эле анда эмес, каармандардын ичине тереңдеп кирип, сырын аңтарып, психологиясын талдап ачкандыгыңыз үчүн, ар биринин бүтүн образы жаркырап чыгып келет. Султанмурат дайыма элестеп турат. Ал көз алдыда басып жүргөн тирүү каарман. Анын бактылуу балалыгы согуш чыгардан бир аз эле мурдагы күндөрү болду. Наристе жыргалы ошол бойдон кала берди. Анан согуштун каардуу майданына туш келип калбадыбы.

Чыңгыз Төрөкулович, мен бул чыгарманын сюжетин айтып чыгайын дегеним жок. Бир эле ооз сөз — ушул китептин жазылышы жөнүндө даректеп бере аласызбы? Султанмурат ким? Анын теңтуштарычы?

**Ч. АЙТМАТОВ**: — Менин балалык доорумду билгиси келген адам ушуну окусун. Мен бирге окуп, бирге өскөн, кыйынчылыкты тартышкан тели-теңтуштарым, курдаштарым — «Эрте жаздагы турналар» деген чыгармамда толук жазылган. Мында баарыдан мурун — менин өзүм бар, балалык чагым бүт бойдон чагылдырылган.

**ЖУРНАЛИСТ**: — Албетте, чыгармачылык жөнүндө мындай олдоксон суроо берүүгө болбойт. Ошентсе да кокустан жазуучу болуп калган учур болобу?

**Ч. АЙТМАТОВ**: — Оо, мындайлар көп учурайт. Кептин баары ал эмнени жазат?

**ЖУРНАЛИСТ**:— Кыргыздын жазуусу 1924-жылы башталган деп жүрөбүз. Ушул туурабы?

**Ч. АЙТМАТОВ**: — Жазуу менен басманы чаташтырып жүрүшөт. Кыргызда басма 1924-жылы башталганы чындык, жазуусу мурдатан эле бар. Айыл арасында бирин-экин билимдүү кишилер болгон. Кат, калем, кагаз деген сөздөр — биз үчүн жат нерседен эмес. Эскиче бири-бирине кат жазышкан. Айрым кат сабаттуу кишилер муну арап тилинде жүргүзүшкөн. Жазуусу болгон деп айта алабыз. Бирок — жалпы билим деп айтууга болбойт.

Мурдагы кылымдарга серп салсак, анда тарых жазуу жөнүндө көп нерселерди ачып берет.

**ЖУРНАЛИСТ**: — Сиз кандай чыгарма жазсаңыз да окуучулардын көңүлүнө жагып, ал китеп тез эле колдон-колго өтүп турат. Утуру жаңысын чыдамсыздык менен күтүшөт. Эми дагы кандай чыгарма жазып жаткандыгыңызды айтып бере аласызбы?

**Ч. АЙТМАТОВ**: — Аны азыр айта албаймын. Бүтө элекмин. Аягына чыкмайынча алдын-ала айтып коюу кыйын.

**ЖУРНАЛИСТ**: — Ким болсо да элге таанымал адамдардан сөз уккусу келет. Айрыкча, Сиз өңдүү көрүнүктүү адамдардын кеби — кут катары кабыл алынат. Ошондуктан азыркы жаш муундарга кандай кеп-кеңеш айтаар элеңиз?

**Ч. АЙТМАТОВ**: — Менин айтаар сөзүм — мугалимдердин, ата-энелеринин, аксакалдардын, улуулардын айткандарын угушсун. Аткарышсын. Мен балдарга ушуну айтам.

**ЖУРНАЛИСТ:** — Чыңгыз Төрөкулович, сиз атайын убакыт кетирип биз менен кенен-кесири маек курганыңыз үчүн чоң ыракмат. Чын жүрөктөн чыккан сөздөрүңүз, ой-пикириңиз, кеңештериңиз, кичине болсун, чоң болсун-баарына айтылган нускалуу сөз болуп кала берет.

Эми биздин сизге каалообуз — Ала-Тоо менен Манасты дүйнөгө тааныткан элдин уулу Чыңгыз АЙТМАТОВ деген ысым, дүйнөлүк жазуучулук беделиңиз, дүңгүрөп жашай берсин.

1981-жыл. Сентябрь

## ЖАРКЫРАГАН ТАЛАНТ

Өз мезгилинин «ырчысы» болуу, ал адамдын чексиз бактылуу экендиги эл оозунда айтыла жүрөт. Бирок, бул даңкка жетүү үчүн кайрат-күч, акыл-эс, аракет — кыскасы нагыз эмгек керек. Ушул айтылгандарга татыктуу адам азыркы мезгилде урмат-сыйга эгедер болгон даңктуу сүрөтчү **ГАПАР АЙТИЕВ.**

Гапар Айтиев деген ат ал адеп өзүнүн чыгармачылык тоосуна бет алгандан бери эле сүймөнчүлүк менен айтылып келе жатат. Ал сыйкырдуу кистисин колдон түшүрбөй, утуру жаңы жана көңүлдүү сүрөттөрдү жаратуу менен алек. Ошол үчүн мактоодон арылган жок. Мындай өмүрдүн өзү бакыт жана өлбөс. Буга жеткирген анын тажабаган жана талбаган эмгеги.

Азыр биз кайрадан чоң ыраазылык менен айтып жаткан Гапар Айтиев ушу тапта ардактуу 70 жаштын курагына келди. Эмесе ал татыктуу болгон орундарын кайра дагы бир жолу эске салып элестетип көрөлүчү.

Гапар Айтиев СССРдин эл сүрөтчүсү, СССРдин сүрөт академиясынын мүчө корреспонденти, республикалык Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. Мына ушул саптар жазылып жатканда дагы бир кубаныч жарк дей түштү. Гапар Айтиев Социалисттик Эмгектин Баатыры болду деген кубаныч кыргыз элине чагылгандай тарады. Толкуп-ташып сыймыктанып, эми өзүбүздүн сүймөнчүк сүрөтчүбүзгө жолугуп колун кысып, куттуктап, маектешип алсак деп эңсеп калдык. Мурда эле даңктын үстүндө жүргөн адамдын караанын элестеп, сүрдүү да, образдуу да боло түштү.

Бардык ишти токтотуп коюп үйүнө жөнөдүм. Адегенде ал адамдын мүмкүнчүлүгү болбоду. Басмадан, теле-радиодон баргандар жолуга албай, бирок жубайы Гафисра Закировна мени кубандырып «Ал сизди кабыл алат, анткени силер иштеген газетанын алгачкы жооптуу редактору болуп иштегендиги үчүн, урматы үчүн да» — деди. Ошентип ал жаркылдаган кабагы менен тосуп алып, үйгө баштап кирди. Анын сыйлыгын куттуктап, чайда отурган адамдар бар экен.

— Сыйлыгыңыз, баатырдыгыңыз кут болсун — дедим, мен дагы колун кыстым. Дасторкон үстүндө меймандар тост көтөрүшүп, анан иштен кечикпейли деп кечирим сурап чыгып кетишти. Ал мени менен таанышкан соң, шашпай жайланышып отурду. Сүйлөшөрдөн мурун болбой меймандады. Өзүм да ооруп турам, бирок сен иштеген газетаны сыйлайм, анда эмгектенгем деп сөзүн мындай баштады.

— Азыркы сүйлөгөн тармал чач жигит Жоомарттын баласы Кулубек болот. Бул да атасына окшоп азамат чыкты. Окмуштуу. Академияда иштейт, — деп биринчи сөздү ушундан баштады. Гапар Айтиев анан Жоомарт жөнүндө сөзүн улантты.

— Жоомарт, Алыкул, Мидин, журналист Камчыбеков болуп мен Пишпекке келгенде бирге жашап калдык. Эң кичинекейибиз Мидин эле. Бардыгыбыз бойдокпуз. Турмуш куруп жашоо үчүн эч нерсебиз жок. Тоголок жетим болчубуз.

— Кыйынчылык маал эле да ал учур?

**Г. АЙТИЕВ:** — Баарыбыздын тапканыбыз ортодо. Айлыктын аягына жетпей бир кичинекей мейманкананын алдында эки буканка бөлкөнү сактап жашачубуз.

Бирок максат койгонбуз. Ар кимибиз максат менен жашап, мен сүрөтчү болдум, а Жоомарт менен Мидин акын болом дешчү. Келечекке канат байлап, кыйынчылыкка карабай жүрдүк. Азыр ошону эстесем канааттана түшөм.

— Пишпекке келгенге чейинкиңизди айтып бересиңиз, же мектептен окуй баштаганыңызды эске салсаңыз?

**Г. АЙТИЕВ:** — Мен балдар үйүнөн тарбиялана баштадым. Апамды элестете албаймын, атам томояк киши болгон. Колунда жок, жардылыктын айынан мени бир бала менен суусу жок арыктын ичи менен балдар үй-

үнө качырып, өзү алып келген. Анткени бизди өкмөт үйүнө барышка аябай каршы болгондор бар эле. Алар укса майып кылып коюшу мүмкүн болучу. Кийин менин кеткенимди билишип атамды куугунтука ала баштапкап. Атам аргасы жок Анжиян тараптагы жек-жааттарына барып жан сактаган. Ошол жактарда да атам менен жүрүп калгам.

— Ушул кезде бир ой эске түшүп жатат. Ошондо сүрөт тартууга балалык кыял менен шыктанып жүргөн болчусуз деп айта алабызбы? Бирок мен сүрөтчү дегенде эле толук мааниде туюнуп жатканым жок. Анткени ал кезде бизде сүрөт искусствосунун элементтери эле болбосо, накта сүрөтчүлүктүн пайдубалы жок эле да.

**Г. АЙТИЕВ:** — Ал туура. Калем, кагаз болбосо. Ылай, чоподон бир нерселердин кейпин жасай баштадык. Мага жомок да таасир берди. Укмуштуу, сыйкыр дуу окуяларды элестей берчимин. Мисалы, «Жети баштуу желмогуз кемпир»...

— Мен бир нерсе эске түшүп жатат дегеним, азыр өзүңүз айткандай сүрөтчү болуу үчүн балалыктын уч кул кыялдарында жашап жүргөнүңүз А. Токомбаевдин «Мезгил учат» деген повестинде чагылдырылгандыгын билебиз. Албетте, ал көркөм чыгарма. Бирок сиздин өмүр жолуңуз анын өзөгү эмеспи?

**Г. АЙТИЕВ:** — Ооба, ал туура. Чыгарманын 70 проценти менин турмушум.

— Атыңыз менен атаңыздын атын ачык эле жазып койсо болмок экен деп өкүнүп калабыз.

**Г. АЙТИЕВ:** — Бир жолу ушул жөнүндө Аалыкем экөөбүздүн ортобузда сөз болду. Ал күлүп, сен ушунчалык даңктуу сүрөтчү болорунду билбей калбадымбы, — деп тамашалады.

— Сөз арасында ушундай кызык фактылар эске түшүп, муну тагыраак билип алганыбыз жакшы болду. Эми сөзүңүздү уланта берсеңиз?

**Г. АЙТИЕВ:** — Албетте, андагы шартты тарыхтан жакшы билесиңер, эки нерсе катар жүрүп отурду. Ал жаңы менен эски. Балдар үйүндө окуп жүргөндө динчилдер да кирип калып, сабакты адеп баштаганда куран окулчу. Анда ыр, ураандарыбыз башка эле. Өзүбүздүн тилде бир, эки, үч деп марш тебет элек. Бир мурутчан орус мугалими орусча үйрөтө баштады. Баш-

ка тилди биринчи угушубуз. «я» дегенди «ты» менен алмаштырып алабыз.

Бирок Ошто окуп жүргөндө сабак өзбекче, ал эми Пишпекте казакча жүрөт эле. Ошентип кыргыздын өзүнүн окуу китеби жок, чала окуп билим алууну, келечекке умулууну ушинтип баштаганбыз. Биринчи жолу Эшеналы Арабаевдин «Алиппе» китеби чыкты. Ошондон өзүбүздүн А, Б,... тамгабыз башталган.

— Качан пионерге өткөнсүз?

**Г. АЙТИЕВ:**— Анда пионерге өтүү чоң майрамга айланчу. Мен 1925-жылдын башында пионерге кабыл алынганмын.

— Эми сиз «Кыргызстан пионери» газетасынын алгачкы жооптуу редактору болгондугуңуз жөнүндө айтып берсеңиз бизге абдан кызыктуу. Андагы шартты түшүнөбүз. Ошондой болсо да газетанын уюштурулушу, чыгышы кандай болгон?

Бул суроодон кийин дагы айтып кете турган сөз мына алдыда «Кыргызстан пионери» газетасынын юбилейи белгиленгени турат.. Газетага сиз иштеген 1933-жылдан бери карай келерки 1983-жылга чейин 50 жыл басып келиптир. Ошондуктан ушундай учурда сиз менен маектешип отургандыгыбыз да абдан кубанычтуу. Тарыхтан айтып бергендериңиз бизге керек жана пайдалуу.

**Г. АЙТИЕВ:** — Менин пионер газетасына иштеп калышым өзүнчө кызык, себеби мен өмүрүмдү сүрөтчүлүккө арнап, Ленинградка окууга бармакмын.. Ошол кезде Ысык-Көлдүк Камбаров деген жигит обком комсомолдун секретары эле. Мени чакырып ушул газетага иштеп бер деп өтүндү. Оюмду айтсам, шарт ушундай болуп жатат, бир жарым жыл иштеп бер, анан сөзүмө туруп, окууга барышыңа тоскоол кылбайм деди. Чын эле ал айткан убадасына турду.

Албетте, газетаны чыгарууда кыйынчылыка учурабай койгон жокпуз. Издендик. Талашып-тартыштык. Борбордук газеталардан үлгү алдык.

Мына андан бери канча жылдар өттү. Жарым кылымдык юбилей да жетип келиптир.

— Эми сүрөтчүлүк окууда жүргөндөрүңүздөн кеп салсаңыз. Андан калса кыргыз сүрөтчүсүнүн туңгучу да, биринчи студенти сиз болгонуңуз баарыга белгилүү.

**Г. АЙТИЕВ:** —Адегенде Ленинградга бардым. Бирок ал жерден кеч калып, шаарды аябай кыдырып көрдүм. Акчаны да топтоп алгам. Ичкилик ичпейм, чылым тартпайм. Жетим бышык болот эмеспи.

Ленинграддагы тарыхый эстеликтерди, сүрөт музейлерин көрүп сүрөтчү болуунун сересине дагы сермелип калдым.

— Кийинки жылы Ленинграддан окуп калдыңызбы?

**Г. АЙТИЕВ:** — Жок, Москвага бардым. Чуйков студент экен. Мен скульптурага аябай кызыгып жүргөм. Ал андан айныта баштады. Живописке кызыктырды. Албетте, живопись кооз, кызыктуу жана укмуштуу. Ошентип Москвада 1905-жыл атындагы окуу жайында студент болуп калдым. Жаңы жылдан кийин комсомолдун секретары болуп, экинчи курска кабыл алындым. Кичинекей кабинетим да бар. Минтип тың болуп калганым бул жакта сүрөт тартып, кызматта иштеп жүргөнүмдөн.

Баса бир кызык окуя эсиме түшөт. Кыргызстан обкомунун экинчи секретары Т. Айтматов Москвада окуп жүргөн кыргыз студенттери үчүн атайын котормочулар тобун уюштуруп, мага да Лениндин эмгегинен берип, орусчадан кыргызчага котортуп көрдү. Котормом жагып калып, ошол топко мүчө болуп калдым. Айтматов менден кандай тууганым, жана кимим бар экенин сурады. Мен тоголок жетиммин, караан тутаар эч кимим жок экенимди айтсам «Айтиев дебей эле Айтматов деп, менин иним болуп ал» деген сөзү эсимден чыкпайт.

— Баамыбызда театрда коюлган драманы көркөмдөгөн алгачкы сүрөтчү да сиз болгонсуз да.

**Г. АЙТИЕВ:** — Ооба. 1939-жылы Москвада өткөн декадага Жоомарттын «Алтын кыз» деген драмасын коюп бардык. Аны сүрөт менен көркөмдөө чоң жана жооптуу иш болчу. Башкы сүрөтчүсү мен болдум. Орден менен сыйлангам. Драманын дирижеру Шейшен Орозов. Режиссеру Жетикашкаев — алар да сыйланышкан.

— Сизди Улуу Ата Мекендик согуштун жоокери деп билебиз. Чыныгы майданда ок менен оттун арасында жүрдүңүз. Мындан улам өлкөбүз үчүн, эл үчүн көп эмгек сиңиргениңизди жогору баалайбыз.

**Г. АЙТИЕВ:** — Ооба. Ар-намыс адамдын бийик туусу болот. Өткөн согуш ар бир адам үчүн сыноо болду.

Мен бет алганымдан кайтпаганымды жашырбай эле

ачык айтам. Андан калса менин атам да, энем да Совет өкмөтү болгон. Башка жетелеп жүрөр, жардам берер эч кимим жок эле. Мен согушпай ким согушат. Согушканда да өлүмдөн да коркконум жок. Менин ар-намысым ушин-тип шыбырап турду.

Сталинградды кайра бошотуп алууда түндүк жагында согушуп жүрдүм. Паулюс курчоого алынып, душмандар Сталинграддын ичинде шакекте калганда баатыр жоокерлер менен болгонума сыймыктанам.

Сталинградды айланып өтүп бараткында жеңил жарадар болдум. Тез эле жоокерлерге кошулуп, чоң салгылашуудан чыккандан кийин батальондон бир ротага жетпеген адам калыппыз. Ошол ротанын командири мен болуп калдым. Себеби согушка кенже лейтенат деген наам менен баргам, орденим бар, бул жакта эмгек сиңирген сүрөтчү болуп калгам.

Кыйын кезең салгылашууларда оң колумдун каруусунан оор жарадар болдум. Врачтар канча жолу кесип салууга аракет кылышты. Бирок мен сүрөтчүмүн, сүрөт тартамын деп таптакыр болбой койдум. Ошентип канча кыйынчылыктардан кийин айыгып кеттим.

— Сиздин көп кырдуу эмгегиңизди, жаркыраган талантыңызды айта берсе сөз көп. Алгачкы педагогсуз. Кыргыз улуттук профессионал сүрөт өнөрүн негиздөөдө биринчилерденсиз. Живопись, прикладдык, монументалдык сүрөттөрүңүздү атап отурууга бул жерде чама жок. Кенен диапазонуңуз менен жүздөгөн сонун сүрөттөрдү жараттыңыз. Сиздин талантыңыздын жогорку үлгүлөрү Кыргызстан Мамлекеттик сүрөт музейинде, Третьяковский галереясында, Күн чыгыш маданиятынын музейинде, Алма-Атадагы Шевченко атындагы сүрөт музейлеринин, Львов шаарындагы сүрөт музейлеринин бай мурастарынын арасында турат.

Ошондой эле коомдук ишмерсиз. 25 жыл бою сүрөтчүлөр Союзуна башчылык кылып, 1977-жылдан бери СССР деги сүрөт академиясынын Фрунзедеги мастерскоюн башкарып келе жатасыз. Бир нече жолу депутаттыкка шайланып, көптөгөн орден, медалдар менен сыйландыңыз. Мына эми жаркыраган талантыңыз да жылдыздай балбылдап, Социалисттик Эмгектин Баатыры болдуңуз. Сиздин бактыңыз мына ушундай.

1982-жыл. Октябрь.

# ПУБЛИЦИСТИКА

*Кээде мен ыр жазамын толкуп-ташып,*
*Кээде мен кара сөзгө шыгым артып.*
*Бирок да жирналисттин жүгүн тартып,*
*Келетам буйругандын тузун татып.*

## Кандайсыңар кыргыздар, Кайдасыңар кыргыздар?

«Атың барда жер тааны, атаң барда эл тааны». Бул кыргыз элинин «ат адамдын канаты» болуп турган доордогу байыркы макалы. Ат минип, атаңды ээрчип, жер кыдырып, эл көрүп кал дегени. Азыр болсо машинага түшүп, поездде жүрүп, самолетто учуп, каалаган жакка ылдам жете аласың. Өз өлкөбүздү, чет элди, жер шарын айланып чыгууга толук мүмкүнчүлүк бар. Ат болсо анча аралыкты арбыта албай калды. Машинанын заманы жылкы жаныбардын жолун бөгөдү. Бирок да бир күндүк жолду ат менен жүрүү кандай сонун! Күлүк минип, жорго салдырсаң көңүлүң сергип, чериң жазылат. Ушундан улам Чыңгыз Айтматовдун бир айтканы эсиме түшөт. Ат жөнүндө суктанып сөз кылып келип, зымыраган самолетту чыгарган Ильюшин менен Туполев мени кечирип коюшсун, бирок аттын үстүндө жүрүп көңүл ачуу жандын ырахаты жана ата-бабабыз ушундай кушбак дооран сүрүп келгенин эңсөө менен эсиме түшүрөм деген.

Чынында кыргыздын каны да, жаны да ат менен болуп келген, ансыз жашоосу супсак, турмушу көңүлсүз. Ат болбосо бир дүйнөсү кемип, эң кымбат нерсеси жетпегенсип туруп калат. Жакшы ат үчүн жанын кыйганын өз көзүм менен көргөнмүн. 1950-жылдары Хрущевдин бийликке келиши менен жылкыны жок кылууга киришти. Ошондо мен бала элем. Камбар ата жаныбарды жоюп кыруу апааты башталганда айылда траур болгонсуп, жылкы жандуу адамдын боору эзилип, жүрөгү сыздап, кыйналып жаны кейип турду. Аттарын тартып алышып эт комбинатына тапшырышып, союп жатышты. Жаныбар аттын купу тооктон арзан болду. Ошондо айылымдагы бир улакчы адам атын бербей, көпкө чейин көздөн жашырып алып качып жүрдү. Ат мыкты ат болчу. Аны тартып

алуучулар издей башташты. Бирок акыры таап алып, улакчынын астынан тартып алып бара жатканда адеп жанынан артык көргөн атын атып, анан алып кетип жаткан адамды атып, акыры өзүн аткан.

Мына эми ал заман да өтүп, камбар ата кайрылып келип, кыргызымдын көңүлү ачылып, маңдайы жарык. Алкынтып ат мине баштады. А бирок, шаарда жашаган биз машина менен гана жүрөбүз. Ошондуктан менин бул жолку сапарымда «мингеним» камбар ата эмес, «дөңгөлөктүү ат» болду. Анда кеп оролу башынан болсун..

Өзбекстанда жашаган кыргыздардын турмушу менен таанышып келүү үчүн редакциядан тапшырма алгандан кийин жол жүрүүгө камылга көрө баштадым. Бара турган багытым кыргыздар жашаган Жызак обулусунун Достук, Замин, Макмал райондору болучу. Мен ал жактарда мурда болгон эмесмин. Билгендерден жолдун оңун сураштырып көрүп, Бишкектен поездге отурдум. Эртеси Гүлистан шаарынан түшүп калып, андан ары автобус менен жолумду улантмакмын.

Ошентип сапарга чыктым. Жаңы жер, жаңы эл менен таанышмакмын. Журналисттик өнөр ушундай-кайсы күнү каякка буйруса буйдалбай кете бересиң «Көргөндөн көрө элегиң көп» дегендей мына эми алдыда жолуга тургандарым чоочун адамдар, чоочун айылдар. Жердин шарты, элдин кулк-мүнөзү, салт-санаасы, турмуш-тиричилиги, жашоосу мени кызыктырат.

Бара жатып алар жөнүндө өзүмчө ар кандай ой жүгүртөм. Мен жолуга турган кыргыздардан мурун кыялым тереңге, кылымдардын түпкүрүнө кетет. Байыркы тарыхы тууралуу жазылып калган далилдер бар. «Кыргыздар Борбордук Азиянын эң байыркы элдеринин бири. Алар кыргыз каганатын түзүшкөн. Бул ат биринчи ирет кунндар каратып алган уруулардын катарында Гагунь же Цаянь-Гунь падышачылыгы делинип биздин заманга чейинки 202 жылдын этегиндеги жылнаамаларда учурайт».

Өз тарыхында орто кылымдын баш жагында күчтүү мамлекет болгон кыргыз эли биригишкен душмандардын соккусунан ыдырап чачылып, маданиятынан да, жазуусунан да ажырап бириндеп калат.

Сырткы жана ички душмандардын жана империячыл күчтөрдүн кесепетинен белгизсиз болуп сиңип кеткен доорлорду да башынан

өткөргөн. Бирок кыргыз деген атты өчүрбөй сактап келген. Айрыкча дүйнөдө теңдеши жок «Манасты» жаратканы элибиздин бүткүл тарыхы ошого камтылган. Ошентип, ушул күнгө жеткен түптүү элдин жашап калышы кимди болсо да таң калтырат. Тарыхый себептер менен ар кайсы жактарда жашашы жана ургаалдуу Совет бийлигинен качып кетиши, согушта бейгүнөө башка өлкөлөрдө кала бериши кыргыздардын чачылган жылдыздай тарашына себеп болгон. Акыркы маалыматтарга караганда кыргыздар аз жана көп болуп, алыскы жана жакынкы 45 өлкөлөрдө бар. Так эсеби болбосо дагы бирок миллиондоп саналарына күмөн жок.

Поезд тербетип баратат. Ичи ысык. Анткени айнектери аябай мыкталып, бекем жабылган. Ысыктын жана жүргүнчүлөрдүн өздөрүнөн чыккан демдин, тердин жыты да бир нече кааналардан турган вагондун ичин ого бетер жагымсыз абага толтурат. Адамдар эшик жакка бой урушуп, баары ошол жерден бош орун талашат. Анан чай үчүн ооздогу мешке от жакканда оттун табы ысыкты дагы күчөттү.

Түнкү саат ондон кийин кичине салкын тарткансып жүргүнчүлөр ордуларына жайланышып калышты. Мен да алардын катарында термелип барам. Көз жумулуп ойго батам. Өзбек туугандардын мекенинде жашаган кыргыздардын турмушуна санаа жүгүртөм. Алар ал жерге кайдан келди экен, качан келди экен? Же түпкүлүгү ошол жердеби? Мага баары белгисиз. Кандайсыңар кыргыздар, кайдасыңар кыргыздар!? Оюмда ушундай суроо пайда болот.

Башка жактагы кыргыздарга да ой чабытын жүгүртөм. Тажикстанда, Казакстанда, Түркменстанда, Алтайда, Сибирде, Украинада боордошторум бар эмеспи. Кытайда, Ооганстанда, Туркияда, Сауд Арабияда жашашат. Ал эми Германияда, Америкада, Канадада үркөрдөй кыргыздар бардыгын жазып жүрүшөт.

Памирден Рахманкул хан алып чыгып кеткен кыргыздарчы. Ырас аны жамандап жазып жүрүштү борбордук басма сөздөрдө. Чын-жалганын билбей жамандашты. Анын башкы себеби орусиянын саясаты болучу. Кыргыз-

дарды бири-биринен алыстатуу эле. О, андай ушак көпкө өкүм сүрдү го.

Мына бардыгы ачык болуп, Рахманкул түпкү кыргыздын тукумун коргоп жүргөн тура,

Ошентип, поезд терметип, мен ой-санаага батып, кандайсыңар кыргыздар, кайдасыңар кыргыздар ?— деп чет элдеги боордошторумду сагынганымды билдим. Бирок азыркыга канаат кылып, жакын тууганым өзбек калкы менен ирегелеш жашаган кыргыздарыма бара жатканыма өзүмү-өзүм соороттум. Менин көңүлүм алагды болуп, ой толгоо басканымдын да себеби бар эле.

Анткени боордоштор менен кат-кабарсыз, катташпай алыстап жүрбөдүкпү. Чет элдеги эмес, ушул эле мен азыр бара жаткан кыргыздарымдын абалын билүү кыйынга турган. Барып, алар жөнүндө жазыш кайда? Анттиң эле «улутчулсуң» деп төбөгө чаап турган. Бөлөсүң, бөлүнөсүң деп суракка алып турган. Мына эми кудай жалгап эркиндиктин шамалы согуп, бир аз жылдан бери кыргыздар менен кабарлашып калдык.

Жол жүрүп отуруп Гүлистандан поезден түштүм. Албетте, жер шартын билбегенден кийин жолуккан эле кишиден сурамжылайсың. Ал адам да сени дароо тааныйт. Тааныйт дегеним, чоочун экениңди билип турушат. Сенин кайдан каякка келе жатканыңды тактамайынча суроопо жооп бербейт. Түшөөрүм менен эле жергиликтүү өзбек калктын арасына кирип кеттим. Башка улуттар бирин-серин. Мен адеп жолуккан адамдан базардын кайда экенинин сурап ошол жакка багыт алдым. Себеби автовокзалга барып эле автобуска түшүп кетерим бештен белгилүү. Андан мурун шаарды, элди бир аз көрүп, анан жол тартайын деп чечтим. Анан өз бек туугандардын даамдуу тамагынан таткым келди, көңүлүм тартып базарга жөнөп, Завод көчөсү менен келаттым. Өзбек калкына мүнөздүү кыркалекей чачтарачтар, устаканалар, дүкөндөр жана башка майда ишканалар. Алар түгөнгөндө аянтка туш келип, көз алдыда Бишкектеги темир жол вокзалынын маңдайындагы М. В. Фрунзенин эстелиги турду. Так эле өзү. Бирок бир аз чаканыраак. Болжол менен пайдубалы менен 6 метр, тулку бою 3 метрдей келет. Ат алдыңкы сол бутун көтөрүп, Фрунзе оң колун алдыга сунуп, сол жакка кылчайып, эки үзөңгүнү чирене тээп, желкесиндеги брезент

плащы далысына түшүп барат. Бул эстелик качан орнотулганын эс алып отурган орустан сурасам 60-жылдарды айтты.

Мен базарга жөнөдүм. Барган учурум, майдын аягы, июндун башы болгондуктан мөмө-жемиштин толуп турган убагы экен. Кулпунай, гилас, памидор, бадырандардын арасынан тытка көңүлүм түштү. Жегим келип, шилекейим чубурду. Баарынын баасын сураштырып көрсөм бизден арзан экен.

Каз-катар турушкан сатуучулар дандыр нандарды, патирлерди, сейдана сепкен гүлчөлөрдү, каттамаларды, боорсокторду, жупкаларды алгыла деп өзүнө чакырышат. Ар жерлерде шорполордун буусу чыгып, шишкебектин от жакчу мангалы түтөп, палоолордун жыты буркурап, куйрук басылган нокоттордун кайсынысын тандаарын билбейсиң. Үстү жабык базардын ичинде курут, сүзмө, айран, май, каймак, койчу өзбек калкынын ашемин ашырган барчылыктын байлыгы жайнайт.

Ашканага келип, лагман, манты алып, үстөлгө эми жайлашканымда бир кыргыз аксакалды көрүп калдым. Анын да колунда тамагы бар экен, жай издеп, мени карап калды. Кыргыз экеними тааныды. Бери көздөп басканында, ордуман туруп утурлап бастым, келип колундагысын үстөлгө коюп-койбой мага тигиле карады:

— Ассалоомалейкум?

— Алейкума ассалом!

Экөөбүз тике туруп силкилдетип кол алышып, аз-аз жерден кучакташа кете жаздадык. Отура электе: — Кыргызсызбы?— деп сурап жиберипмин. Шашылып чекилик кетиргеними байкап калдым.

— Кыргыз эмей!

— Баятан бери кыргыз жолугаар бекен деп жүрдүм эле, — дедим кайра айыбымы оңдоюн дегендей.

— Ие, кыргызыңды издеп жүрөсүңбү? Өзүнчө ушинтип кобурап койду да: — Издесең жогорула! Кайда барасың, сен бул жактык эмесиң го,— деди.

— Таптыңыз, мен Кыргызстандан келдим.

Эми тамакка отурганда нандан ал деп мага ишарат кылды. Ыйбаа менен улуулуктун жолун тутуп мен кайра аксакалга ынтымас эттим. Жайма-жай чайлашып отуруп ортодогу маегибиз башталды. Карыялардын сал-

ты боюнча ал менин чоо-жайымды, уруумду толук сурады. Жети атамы билбегениме наразы болуп калды. Ушундан улам кыргыздарды издеп жүргөнүмү айтпай эле койбой деп калдым, «жети атасын билбей туруп, кыргызды издеп эмне кылат» дедиби, уялдым. Ата, каран калгыр, жети атамы жазып алдым эле, жаттап албай, эми мындан кийин эсиме бекем түйүп алышка өзүмө-өзүм убада бердим.

Бул аксакал Баяз деген адам экен. Достук районунда прораб болуп иштеген уулу менен учурашып, үйүнө Макмалга кайтыптыр. Баласынын адресин берип, анысында конок болушумду, абдан жакшылап таанышып алышымды сурады. Өзү көптү билген, согушка катышкан, эмгектин майын чыгара эмгектениптир кезинде. Азыр пенсияда болсо да багбанчылык кылат экен.

Албетте, мен андан Өзбекстандык кыргыздардын кайсы кылымдан бери жашап жатканын сурадым. Кимге болсун кызыккан суроом ушул болду. Баяз аксакалдын айтканы боюнча... Кыргыздардын отурукташканына 200, 300 жыл болду деп жүрүшөт. Муну мен туура эмес деп эсептеймин. Бул жерде кыргыз түптүү эл болгон, Ош, Тянь.Шандагы кыргыздар ушул жерден тараган деген аңыз бар. Тарыхтан жакшы билесиңер, кыргыз миң чабылып, миң кырылып, бирде чачылып, бирде күчтүү держаба (Баяз аксакалдын сөзү) болуп, акыры Енисейден Алтайга, андан ушу Сыр-Дарыяны бойлоп жайгашкан. Жолдун да оңу болгон. Достукка барганда көрөсүң, өздөрү да айтышат, ошонун төш жагынан Самарканды карай кеткен жолдун изи бар. Андан Букара, Ташкен, Кокон туташат. Демек кыргыздардын катташ жолдору болгон деген бабалардан бизге сөз калган. Мен муну дагы эмне менен бекемдейм? «Манасты» жатка айталбасам да жакшы билем. «Манаста» Ташкенде, азыр сен бараткан Жызакка, Самарканда кыргыздар жашаганы көп айтылат.

**Журналистин чегинүүсү:** Мен Баяз аксакалдын ушундай далилдерине таң калдым да, үйгө келгенде «Манастан» анын айткандарын издедим. Чын эле Манастын доорунда Баяз аксакал айткан жерлерде кыргыздар жашаптыр. Ошолордон бир эле мисал келтирип коёюн: «Бокмурун Көкөтайга аш берүү үчүн элди чогултуп кеңеш кылганы» дегендеги жеринен үзүндү:

...Эсебин элдин алдырды,
Анжыяндан, Жызактан,
Азирет айыл жеринен.
Ашуулу Көк-Арт белинен.
Андан канча үй алып,
Атагы кыргыз элинен,
Сайрам, Чымынгенин,
Санатып казак элинен,
Өзүбектин өзүнөн...
...Кемпирге куйрук чайнатып,
Кедейге миң кой айдатып,
Кең Ташкендин кыргызын
Керини көздөй жайнатып...

(Сагынбай., «Манас» 111 т. 78 б. 1981 ж)

Мындан мен Баяз аксакалдын айтканына ынанып калдым. Албетте, талаш-тартыш көп. Легенда, имиш жана кыргыздардын ошо жериндеги жөнүндө түрдүү жомоктор айтылат. Аны кийин да ал жердин адамдарынын айткан аңгемесинен баяндап өтөбүз.

**Баяз аксакал аңгемесин улайт:..** Кыргызбы, өзбекби же башка улутбу-кимиси болсо да түпкү эл көрбөгөндү көргөн. Эчен жолу чабылган жана кайра куралып гүлдөгөн. Бул жерлерден кайсы гана даңазалуу хандар, баатырлар өтпөгөн. Сен Жызактан ары үч районго барат турбайсыңбы. Ошо Жызак шаарынан 30 чакырымдай жүргөндөн кийин темир жол кездешет. Анда токтоп сарасап салып, баарын аңдап көр. Узун-узун вагондорун сүйрөгөн поезд өтүп турган жерде Темирландын колу турган. Душмандарды дал ушул кошулушта кырган. Кууш жерден тосуп алып, душмандарды эч жакка өткөргөн эмес. Өз кезинде эки мүйүздүү Искендер (Александр Македонский), Чыңгызхан ушул жерден сарбаздары менен өтүп, кан төгүп элдин үшүн алган. Ал эми Темирландын кылымында ошол эки тоонун кошулган жери «Темирландын дарбазасы» аталып калды. Ал азыр Жызак менен Самаркандын, Ташкен менен Бухаранын жолун бириктирип турат.

Кийинки эле Бабырды мактап жатабыз. Ата-бабаларыбыз айткан, ал ушу жерде турган кыргыздарды катуу

куугунтуктаган деп. Ошондо кыргыздар тоо таянып качып жанын сактаган. Азыркы кыргыздар алардан калган кыргыздардын урпактары.

**Журналисттин чегинүүсү:** Ушул сөздү мен Баяз аксакалдан башка дагы эки кишиден уктум. Мусулман элинин улуттук баатыры жана акын катары сыймыктанып жүргөнүм сууп, Бабыр жөнүндө башка пикирде калдым. Албетте, дагы да так изилдөөлөр алдыда турат.

**Баяз аксакал баянын улайт:**... Кыргыздар Түркстан тоолорунун этектеринде жашайт. Жери жайлоо, суусу мол. Мал жана багбанчылык менен тиричилик кылат. Чөл жериндегилер болсо дыйканчылык менен алпурушат. Чөл жери азыр сен бара турган Достук району. 1950—1960-жылдары Макмал, Замин райондорунан көчүрүлүп келип, пахта эктиришкен. Самаркандан, ал түгүл Лейлектен да айдап келишкен. Мен да Достукка 1966-жылы көчүрмө болуп баргам. Көнбөй кайра кетип калгам. Уулум окуп-чокуп Достукта иштеп жатат. Мен өңдүү көбү тоого кайра келип алды. Балдарыбыз калды. Достуктагылардын басымдуулугу Макмалдыктар болот.

Баяз аксакалдын теги байтейит болот экен. Айылында биринчи мугалим болуптур, согушта катышып, көп жылдар бою актив болуп, ар түрдүү иштерди аткарган. Тарыхты, санжыраны жакшы билген жана аябай кызыкканы мени таң калтырды. Бирок аны менен мындай шашылышта эмес, кийин бир жайма-жай аңгемелешиш үчүн атайын барышка убада бердим. Ал мени Гүлистандын автобусуна салып коюп, өзү Макмалга кетти.

## АК КАЛПАК КИЙГЕН КЫРГЫЗЫМ

Кичинекей автобуска отурдум да, Достукка карай сапар тарттым. Эл жык-жыйма. Ысык үп тартып, айнектер ачык болгон менен айдарым шамалдын дареги жок. Мени чоочун экенимди дароо эле билишип, өзбек туугандар кайдан келе жатканымды, кайдан иштеримди, биз жакта тамак-аштын арзан-кымбатчылыгын сурамжылашат. Бизге караганда буларда кенечилик экенин айтып берем.

**Журналисттик чегинүү:** Күндөлүк керектелүүчү тамак-ашка бизге окшоп турган эч ким жок. Магазиндерде кенен эле турат. Ал түгүл чамам болсо, ушул жактан бир кап уп ала кетейин деп да болжолдоп койдум. Үйдө нан бышырып жейт элек, кымбатчылык болот дегени жергиликтүү калк шыпырып кетип, эч жерден таба албай куржалак калдык. Аялым кулактын кужуруп алганынан издебеген жерим калган жок. Ошко да кабарлашып көрдүм, алар бизден беш-бетер экен.

Тоолук кыргыз айылын кыдырып көрүп да токчулук экенине ыраазы болуп, өзүмдө жок болсо да, канаат алып калдым. Арак-шарапты каалаган учурда табасың, менин буга таң калганым, биздин редакцияга жакын жерде кез-кези менен арак сатуучу дүкөнү бар. Эртең менен ден баштап кезекке турушат. Экиде ачылат, кудай бетин көрсөтпөсүн «Буржубайды там басты» болот. Бир сүрүлгөндө бос түшүп жыгылышып, ызы-чуу, бирин-бири тилдеп-сөгүнбөй, кезекте тургандар катардан чыгып калып эле, капыштан «жөө күлүк чабандестер» кирип кетет. Адамдардын көптүгүн айтпа, тыгылышып турганын айтпа. Силерге жалган мага чын алардын башы менен дүкөнгө секирип кеткенин өз көзүм менен көрүп туруп жакамды кармадым. Кызыл кыргын түшүп жаткан элдин аны менен иши жок.

Ушундай «ажайып» көрүнүштөн улам эмне үчүн мындай экенине зээниң кейийт. Ушуга жол берип жаткан ким экенине нааразы болом. Же алар бул эпизодду билишпейби дейм.

Ырас Өзбекстанда дефицит буюмдар жана кымбат баалуу таттуулар дүкөндө толуп турган жок. Бирок убагында алып келип турганын байкадым.

..Достукка баратам. Автобус ташбака жүрүшү менен кашан кыймылдайт. Анткени бир адам жолукса деле ала берет, же беш кадамдай жол жүргөндөн кийин бирөө түшө турган болсо деле токтой берет. Мен бара турган 60 чакырымды эки эсе кеч басып өтөрүбүзгө көзүм жетти. Мырза чөл менен баратканымда балалыгым эсиме түштү. Анткени, кичинекейимен газета-журналды үзбөй окуп үйрөнгөм. Ошонум журналист болушума шыкак берип, өмүр бою ушул кесипти аркалап калбадымбы. Мунун кыйын жагын да, жакшы жагын да башыман өткөрүп

жүрөм. Бирде-жөө, бирде атчан дегендей, бирде ачка, бирде ток болуп, ар мүнөздөгү адамдарга жолугам. Түшүмө кирбеген жерлерде болуп калам. Бу сапар да Мырза чөлдө болом деп ойлогон эмесмин. Журналисттиктин шарапаты менен жаңы жерди кезип барам. Кезип эле баратабыз. Жолдун эки жагына майда дарактар өсүп, ага кырка ноо менен суу агып, айланасы камышка чулганып, ары жагында пахта талаасы мелмилдейт. Кээ бир жерлерден Мырза чөл каналы кайчылаш өтөт. Өкмөт салган бир кырка тамдар, бири-бирине коёндой окшош. Бири бүткөндө бири жаңыдан башталып жаңы совхоздун аты жазылып коюлган. Колхоз жок, жалаң гана совхоздор. Ондогон совхоздун ичинен Усман Юсуповдун ысмын окудум. Ал адамды Өзбекстан КПБКнын биринчи катчылыгынан Н. Хрущев ак жеринен бошотуп, ушу али бир талы жок как талаага директор кылып жөнөткөнүн жакшы билемин. Кургак талааны гулистанга айлантканы эсимде. Мен жаңылбапмын, кийин сураштырсам ошондой болуп чыкты.

Аклам Икрамов деген ысымды окудум. Оюм 1937-жылкы репрессия каардуу жылдарына чак дей түштү. Ошол жылдардагы Юсуповдой кызматта турган адам Бухарин менен кошо бир күндө атылган. Икрамовдун баласы Өзбекстанда белгилүү жазуучу болгон. Ал Букариндин үй-бүлөсү менен кошуна жашап, Бухарин акталганда анын аялына сүйүнчүлөп, жуушканын өзү жазганынан окуганмын. Мырза чөлдү аралап баратып ушул окуялар эсиме түшүп, кичинемде газета-журналды үзбөй окучу элем дегенимдин себебин айтпай калыпмын, ошо кезде Лейлектин Кулундусу кулпунду деген макалалар жайнап чыгып турган. Андан кийинки жылдарда Өзбекстандын Мырза чөлү абатка айланып жатат деп жазылып турду. Ошо Мырза чөл азыр мен аралап бара жаткан учу-кыйрына көз жетпеген жайкалган жер турбайбы. Бишкекке жыл сайын Мырза чөлдүн коондору барып калат. Ошондо эсиме түшчү, эми өз көзүм менен көрүп бара жатам.

**Журналисттин чегинүүсү:** Мырза чөл адегенде Сыр-Дарыя облусу болду. Сыр-Дарыя обулусу Самаркан обулусунан бөлүнүп чыккан эле. Анан Сыр-Дарыя облусусунан Жызак облусу бөлүндү. Жызак өзүнүн уйкаш ат-

ындагы борборун ээлеп, Сыр-Дарыянын борбору мурдагы эле Гүлистан шаары.

Тянь-Шань тоолорунун булактарынан куралган Нарын дарыясы Сыр-Дарыяга кошулуп, Өзбекстандын негизги чоң шаарларын бойлоп өтүп, Арал деңизине барып куят.

Мына ошентип, Өзбекстандын жери эки чоң дарыянын ортосунда калып, дыйканчылыкты гүлдөтүп, көк жашыл болуп жашылча-жемиштин кенчин берип жатат. Буга байланыштуу өзбек тууганларда «Кыргыздын тоолорунда кар көп болсо, суу болот, суу болсо өзбектерде жүзүм болот» деген макал сыяктуу кеп бар.

Өзбек тууганлардын дагы бир жолдуу болгону алар Фергана жана Зарафшан өрөөндөрүн ээлеп турушат. Ферганага туташып турган Зарафшан Гүлистанды кучагына алып, бир кезде кагырап жаткан талаага каналдан суу келип, чоң шаарга айланып, ошол үчүн Гүлистан коюлган. Жыйырма жылдын ичинде ушундай гүлдөгөн шаар өсүп чыкты. Зарафшан өрөөнүнөн орун алган Мырзачөл, Сыр-Дарыя, Жызак обулустарын кучагына алып, топурак баскан, чым баскан чөл эми чыныгы элдүү, гүлдүү бакка айланганын көрүп бара жатам.

Достукка жакындаганда автобуска бир топ кыргыз балдар чыкты. Менин издегеним кайсыл жерде кандай кыргыз жолугар экен деп келем. Дагы автобуска түшкөн кыргыздар көбөйө башташты. Демек, кыргыз айылын аралап калыпмын. Кыргыз балдар мени дароо эле таанышты, чоочун экенимди билишип, салам айтып, көрүшүп, тегеректеп алышты. Алар сурайт, мен да сурайм, ысымдарын сураштырсам; Ашым, Пахирдин, Маркабай, Кадыркул... Мындан кыргыздын аттары, өзбек тууганлардын да аттары бар экенин билдим. Аралашып кеткен, тилдери да ошондой, кыргызча, өзбекче аралаштырып сүйлөшөт.

Алдыңкы эшиктин оң жагындагы, шопурдун жанындагы жалгыз отургучта калпак кийген кыргыз кишини көрүп, түшкөндө ким экенин жазып алайын дедим ниетимде. Бирок ал бала-чакасы менен ууруп-чууруп жерге түштү. Ага көздөй басканымда дароо сезди, токтой калып, мени утурлады. Негедир шашылып турду. Мен чоо-жайымды айтып, блокнотума буларды гана жазып алышка жетиштим.

...Эшпеков Жакшылык, ушу жерге Мырза-чөлдү өздөштүрүү башталганда 1966-жылы Макмалдан келген. Көп жылдар бою совхоздо бөлүм башчы болуп иштеп, пенсияга чыккан. 13 баласы бар, беш уул, сегиз кыз. Адреси Манас көчөсү № 10.

Ушинтип жазып бүткөндө Манас көчөсү бар экенине таң калсам, Токтогул көчөсү бар экенин да айтты. Бирок мен бир перседен шек алып калдым, ал казакча аралаштырып сүйлөдү. Казакбы деген ой кетти. Эгер өзбекче аралаштырып сүйлөгөндө бүдөмүк ойдо калбайт элем. Менин бул жолугуум оропара келип калып, шашылыш сүйлөшкөндүктөн аныгына жете албай калганым кийин бүт төгүнгө чыкты. Аны мектепке барып билдим. Кыргыз экен, бирок казактардын арасында көп иштептир. Ж. Эшпеков кыргыз айылында жаңылыктарды жаратууда көп кызмат кылып жатыптыр. Эмесе ак калпак кийген кыргызымдын баянын айтайын.

Сөз башынан болсун. Мен «Комсомол» совхозундагы А. Навои атындагы мектепти көздөй баратсам, бир жигит шашылыш оропара келип калды. Беймарал саламдаштым. Жүзү жылуу учурап, ага таанышта көрүнүп кеткенсидим окшойт дегиче болбой атыман, фамилияман атап жиберсе, аң-таң калып, оозума сөз кирбей, чоочун эл, бөтөн жерде, болгондо да жолдо ушинтип отурса кызык да. Жок, мен таанызбайт экемин аны. Жайынча сүйлөшө баштадык. Абдисатар Умаров өзү иштеген мектебине баратыптыр.

Кыргыз тил, адабияттан сабак берип, окуу бөлүмүнүн башчысы да болуп иштейт. Кыргызстандан өз адистиги боюнча университетти бүткөн. Азыр чыгып жаткан «Мурас» журналынын редактору Шерназар Шүкүров экөө бирге окуган. А Шерназар да Өзбекстандагы Замин районунун Сулуу-Суу кыштагынан болот.

Абдисатар менен Бишкекте эч таанышпасам да, ал мени сыртыман жакшы билет экен. Көрүп жүргөнүн, гезит-журналдардан, китептерден макалаларымы, чыгармаларымды окуп турганын айтты. Ал экөөбүз Абдистар иштеген А. Навои орто мектебине бардык. Экинчи кабатка көтөрүлүп, директор Субанкул Тажибаев жана мектептин бөлүм башчылары, мугалимдер менен аңгемелешип отурдук.

Ушул А. Навои атындагы орто мектеп мен барган жылдын сентябрь айынан тартып өзбек мектебинен кыргыз мектебине айланган. Буга айкындуулуктун шарапаты тийген. Бирок кыргыз мектеп болуш үчүн көп кыйынчылыктар, тоскоолдуктар болгон. Бир топ кыргыздар аракеттенип, каяктарга гана арызданышып, каяктарга гана чуркабаган. Эгер кайра куруу болбогондо алардын жолу оңой эле бөгөлүп, ал түгүл кээ бирлери жабыр тартып калыш да эч нерсе эмес болчу.

Кыргыз мектепти ачууда ардагерлердин эмгеги айтууга татыктуу, мактоого арзырлык эле бар. Алар Жакшылык Эшпеков, Гаппар Шадманов, Ибраим Кенжаев. Ал эми башка кызматтарда эмгектенген Мирсейит Анарбаев, Бахрам Нурманов — мына ушуларга окшогон чыгаан кыргыздар кыргыз мектеп үчүн жан аябай күрөшүштү. Эгер катуу талап, орду менен маселени коюу жана зарылчылыктын суроосун убагында козгобосо бирөөлөрдүн иши эмне. «Бала ыйлабаса эмчек кайда» дегендей кыргыз балдардын келечеги үчүн ким менен кимдин иши бар эле, дегинкисин Жакшылык Эшпеков баш болгон адамдар эрдик жасаган. Эрдик эмей эмне? Өзбек мектепти кыргыз мектепке айландыруу оңойбу? Албетте кыргыз балдар, кыздар окуган мектеп болчу. Бирок ба шынан бери калыптанып калган окуу өзбекче жүрүп келген. Кыргыз мугалимдер да өзбекче сабак өткөн. Кыскасы туулуп, жашаган жери Өзбекстан болгондуктан башынан ушундай мыйзам өкүм сүрүп келе жаткан.

Эшпеков айтат: — Райондук элге билим берүү бөлүмү кыйылып туруп алды. Мен болсо 1-сентябрь күнү бүт кыргыз окуучуларын эшикке отургузуп, мугалимдерге кыргызча сабак өткөртө берем дедим.

Умаров айтат: — Кыргызча окуу куралдары жок деп шылтоолошту. Ал үчүн Макмалдын, Заминдин бүт мектептерин кыдырып чыгып чогулттук. Кыргызстанга тез жардам берүү үчүн кайрылдык. Анарбаев Ош менен кабарлашып Вакапова менен сүйлөштү. Эгер темселеп, сурамжылап окуу куралдарын таппасак кыргыз мектеп ачылбай калат эле.

Күнү-күнүнө жетип 1-сентябрь күнү баары даяр болуп, кыргызча окуп калышкан. Бир кызыгы 1-класстан тартып, 8-класска чейин өзбекче окуп жаткан кыргыз балдарды жалаң кыргызча сабакка өткөрүп алышкан.

Андан жогорку класстар өзбекче бүтүп, беркилер кыргызча улап кетишет. Мындай шартта а дегенде албетте кыйын. Бирок, аргасыз ушуга барышкан. Кыргыз мектебин 1-класстан баштаганда дагы канча жыл күтүп отурабыз дешти.

Өзбек жергесинин биринчи кыргыз калпагын кийген Жакшылык Эшпековду көрүп, чала таанышып калган арманымды толуктап, арзырлык иштерди аткарып жатканын мектептен билип ичим жылыды.

Жакшылык Эшпековдун өмүр-таржымалына кыска серп салсак: Ал макмалда төрөлүп, 7-классты бүткөндө алаамат согуш чыгып кетип, орок оруп, чөп үймөктөп, экинчи фронт үчүн деп иштешкен. Уруштан кийин мырза чөлгө Баяот — № 4-совхозго келип, бир жыл кетмен чаап, анан бригадир, бөлүм башчы болот. Мына ушу жерде мен баш жакта айткан (Хрущев Өзбекстандын БК 1-секретарынан түшүргөн) Усман Юсупов директор болуп иштеген совхоз болгон. Эшпеков Юсупов кийин Калкабар багбанчылыкка директор болуп кеткенин айтат.

Эшпеков айыл чарба институтун бүткөн. 1965-жылы Мырза чөлдөн ушул Достук районуна, азыр турак алып жашап аткан жерге келет. Ээн талаа, эрме чөлдө мурдагы тажрыйбасы бар аграном адегенде эки там курду. Кийинки жыл 1,05га пахта экти. 1967-жылдардан тартып бул жерге адамдар көчүп келе баштайт. Анан анын ооматы келип, чарбада жетекчи болуп, көп жылдар эмгектенип, былтыр пенсияга чыккан.

Балдарынан тракторист, врач, мугалим жана чарба жетекчилеринен болуп иштешет. Андан кийинкилер студент жана мектептен окуп жатышат.

Айта кете турган нерсе, Эшпековдун атасы да 1929-жылы Макмалда демилгечи болуп, кыргыз мектебин ачкан. А мына ата жолун улап баласы Жакшылык да 60 жылдан кийин кыргыз мектебин ачуу үчүн кирбеген жери калган жок. Ошентип, аны айылда, мектепте кадырлашат, сыйлашат, колунан келген урматын көрсөтүшөт.

Эшпековдун айтуусу боюнча совхоздо дагы кыргыз мектепте окуй турган миңден ашык бала бар. Анысы чын. Анткени, бул жерде беш миңден ашык адам жашап, анын төрт миңи кыргыз. Эшпековдун сөзүн совхоздун директору да бекемдейт, себеби дагы миң балага

ылайык мектеп куруу долбоору бар. 480 орундуу имаратка акча бөлүнүп, курулуш башталганы турат. Дүкөндөр, ашканалар, чайканалар, дарыканалар, базар жана жаңы клуб курулат. Ал эми кышкы жана жайкы клуб, маржан ансамбли бар. 1400 орундуу балдар бакчасы, ушунча эле орундагы ясли келерки жылы бүтөт.

Манас посёлогу болот, азыр жаңы үйлөр биринин артынан бири салынып жатат. Совхоздун маданий борборунун уңгусуң ушул жер түзмөк. Чарбада киреше мол, жер ээсин таап дыйкандар эмгектин майын чыгарып элдин курсагын тойгузуунун камында.

А. Навои атындагы кыргыз орто мектебинин ачылышы башка жакта өзбекче окуп жаткан кыргыздарды да кызыктырып койду. Ушуга окшоп үргүлжү кыргызчага өтө албаса да биринчи класстан баштоого ниеттенип калышты. Бирок тоскоолдуктар болуп, ошентсе да аракеттер бар. Арнасай районунан Жакып Алматов, Ильич районунан Исмат Жапаров келерки сентябрь айынан биринчи класстан тартып кыргызча ачуунун аракетинде экенин айтышкан. Дээрлик кыргыздар көп жашаган жерлерде ушундай талап коюу колго алынган. Айталы Арнасай районунун Василовский совхозунда 70, Фучик совхозунда 40, Пахтахор районунун А. Ихрамов совхозунда 60, Ильич райоонунун (Сыр-Дарыя облус) Гагарин совхозунда 70, 60-жыл совхозунда 80, Комсомол райондорунун көп совхоздорунда 30тан 80 пайызга чейин кыргыздар жашайт. А бирок кыргыз мектеби быякта турсун, бир да классы жоктугу жан дүйнөнү кейитпей койбойт. Эми гана кыргыздар улуттук тилдин, дилдин келечеги үчүн күрөшүшүп, салт-санабызга, мурасыбызга кайталы деген аракетте.

Андан калса бул жерге кыргыздардын көбү ар жактан көчүрмө болуп келишкен. Казакстандан, Ташкенден, Лейлектен жана Жызактын Замин, Макмал районунан топтолушкан. Мына андан бери отуз жылдын жүзү болуп, тоого көнгөн эл эмеспи Замин, Макмалдыктар кайра кетип балдары калышкан. Кыргыз мектеп болбой калышынын себебине да көчүп жүрүү таасирин тийгизген. Ошондуктан эми гана өткөн ишке өкүнүп, балдарынын тили бурулуп калганына жандары кейип, түпкү улуттук салтка кайтуунун капсалаңында. Алардын өзбекче сүйлөп калганына кейисем мени да чымчып сөзгө

түшүрүштү. Л. Корозов айтат: —Силердин дале борбор шаарыңарда орусча сүйлөп калыпсыңар го. Тилиңерди, диниңерди жоготуп, орусча сүйлөбөгөндөрүңөрдү кыргыздар өздөрү сабатсыз дейт экенсиңер го. Канча кыргыз эне тилим орус тили дегенин да уктук. Бизде да ошондой болду, болот десе күлбөсүн деп болады деп сүйлөдүк.

Акыйкый кепке тан бербесе арга жок, Л. Корозовдун айтканына моюн сундум. Бечара канча кыргыз орусча сабатсыз экен деп кызматка алынбады. Мен Бишкекте жашап, иштеп бир да жолу өмүр баянымды же анкетамды кыргызча толтура алганым жок. Сабатсыз кары-картаң да бирөөгө жалдырашып орусча арыз жазып жүрүштү. Кыргызча алып барышса тим айтса жөнго, колундагы кагазды үстөлдүн үстүнөн ары ыргытып ийгенин өз көзүм менен көрүп зээним кейичү. Ага болушайын десең менин иштеген жеримден таап, көр жемесин баштайт, кежендесең бүттүң башка жактары бар. Кыңк этпей кулга окшоп жүрө бермей заман болгонун да моюнга алуу керек.

Мен республикалык радиотеледе кабарчы болуп иштеп жүргөнүмдө комитетте коллегия өтүп калды. Калың эл кыргыз отурса Балбай Алагушов кыргызча сүйлөсө орустар унчуккан жок, кыкемдер өздөрү «орусча сүйлө, бул жерде кыргызча сүйлөгөн болбойт» дешип чуулдашып, ай, ошондо Алагушовдун жаны кейип кыргызча дагы сүйлөй берди эле тим эле уят кылышканын кантесиң. Жыйындар го арга жок орусча болчу, конкурстар да кыргызча болбогону, кыкем байгедеп кур жалак кала берсин дегени. Айрыкча искусство жаатындагы өнөрдүн көбү көзү ачылбай кала берди.

Мен муну Л. Корозовдун сөзүнөн улам айтып калдым. Ал айтат: — Биз эми тилибизге кайттык, Токтогул, Толубай, Барпылар чыга берет ичибизден. Эми анын өзүнүн маалыматы: Замин районунун Кара-Мазар кыштагынан. Мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп, 1965-жылы ушул жерге коммунисттер барат деп демилге көтөрүлгөндө көчүп келген. Парторг болуп иштеген. Ал эми беш жылдан бери ушул мектепте география жана тарыхтан сабак өткөн. Азыр ардагер.

Кыргыздардын турмушу менен тааныштыруу максатында Абдисатар мени айыл аралата баштады. Биринчи эле үйгө баш баксак короосунда ГАЗ—53 машина ту-

руптур. Анын ээси Эгем Абдиев болуп чыкты. Атасы уста адам жана ырчы болгон. 1958-жылы кум баскан талаага келип иштей башташкан. Бул жерге 1962-жылы отурукташып, төрт жылдан кийин өзү барып кыргыздардын көбүн көчүрүп келген. Анда өзү бригадир болчу.

8 баласы бар, албетте, өзбек мектебинен окушкан. Э. Абдиев айтат: — Тилди сакташ адамдын өзүнөн, эне тилин унуткан адам эмес. Анан Бишкекке баргандагы мейманканадан орун албай калганын жомок кылып айтып мени кызартты. Аны аңгемелесе кызык, бирок бул жерде убакыт жок, андан калса бизде коноктор үчүн жайгашуу ченде жок ашыкча түйшүк экенин мен жакшы билемин. Күлкү десе, күлкү, шылдың десе шылдыңга ылайык, анын несин айтып күйөйүн.

Биз кирген үй оокаттуу, ынтымактуу экени көрүнүп турат. Короосунда кышка көрүлгөн чөп, дан, азык-түлүк камы толо. Дасторконго келген тамактардын ичинен айран менен сары май кыргыздын аш-оокаттуулугу, акты барктап келгени, берекеси эле го. Мен муну бардар гана адамдардан ичип, жедим десем үй сайын экен. Демек жашоонун даамдуулугун кармап калган экен ырыскылуу кыргыздарым.

Менин ушул сапарымдын башталышы жолдуу болду. Көрүшпөгөнүбүскө 30 жылга жакындап калган курсташыма жолуктум. Ал Заминде туулуп-өсүп, университетте биз менен курсташ болуп калган. Беш жыл бирге окуп, ал айылына мугалим болуп кеткен. Ошондон бери жүз көрүшө элек болчубуз. Бирок келген-кеткенден кабарлашып, кат алышып турчубуз. Чотбай Худайбердиев досуң салам айтты дешип сүйүнчүлөп калчу. Тагдырды кара канча жылдан кийин жолуктук.

Ал баргандан кийин мугалим болуп иштеп жүрүп чарба ишине өтөт. Ушу Достукка совхоздун директорунун орунбасары болуп туруп, райондо, облуста мактала баштайт. Жаңыдан уюшулган чарбанын иши деп жүрүп, ысык-суукка урунуп, ооруга чалдыгат. Узак убакыт доктурлардын, дарыгерлердин кароосунда болот. Бирок бутунан баса албай калат.

Турмушу бакыбат экен. Балдары жетилип иштеп, жаркылдаган жубайы Советкан эмгектенип, жашоосу жакшы. Чотбай көптөн бери ыр жазып жүргөнүн укчумун. Өзү да университетте кыргыз тили жана адабият адистигин бүткөн. Дептерге толтуруп сактап жүргөн ыр-

ларын окуп чыгып ыраазы болуп калдым. Жетилген чыгармалар. Колдоо гана керек, басмалардан чыгаруу жолун изденүү жана элге тартуулоо керек.

Чотбай Худайбердиев турмуштун бир өксүк жагын мага айтып берди. Аялы Советкан жарыбаган акча менен иштеп, балдары жетиле элек убакта, мурда Чотбайдын бармагынан май таамп турганда жакшы мамиледе болгондор эми ал ооруп калганда жакын туугандарынан тартып, кучакташкан досуна чейин катташты такыр үзүшкөн. Келбей коюшкан. Бирок турмуш бирде көтүн көрсөтсө, бирде бетин көрсөтүп, азыр бардар болуп калышканда кайра жылып келишип үйүнөн чыгышпайт. Албетте, кээ биринин бети чыдабай даай албай жүрөт.

Жокчулук, барчылык убактагы катташпай жана катташып жүргөндөргө ошону айттыңбы деп сурадым. «Пенденин бети жок да, бар да болот экен, кээ бирине айттым, кээси ар нерсени шылтоолоп кайра достошуп, туугандашып алды». О, гөр дүйнө, о, гөрпенде, турмушуң кандай татаал жана түшүнүксүз дейм, мен Чотбайдын башынан өткөндөрүн угуп алып.

Эми мен Чотбайга айтарым, сен чыгармачыл адамсың. Турмуштун же ачыгараак айтканда адамдардын ар кандайын көрдүң, билдиң, бакыбат боюнча жашай бер, алар саламын үзбөсүн. Көрдүңбү, ошонун издери ырларыңда да чагылдырылып турат. Эгер сен башыңан өткөрбөсөң пенденин ички сырын билбей калмаксың. «Дос ким, душман ким» биле жүргөн жакшы.

Эмки багытым Замин районуна баруу. Ал үчүн эски тааныгым Абдисатар Умаров менен Улукбек атындагы орто мектептин математика мугалими Валижан Мурахметов коштоп чыкты. Достуктагылардын сый-сыпаты ошондой, мейманды барар жерине жеткирип келүү салты бар. Андан калса Кыргызстандан келгендерди кош колдоп тосуп алышат. Кыргыз десе жабыла чыгышат. Көптөн сагынган бир боордошторун азем менен кабыл алышып, сый-сыпатын көрсөтүшөт. Улуттук каада-салты менен кошуналарына кабар беришет, үйлөрдү кыдыртып, жергиликтүү жетекчилерге баштап барышат же чакыртышат. Иш кылып чет мамлекеттен келген коноктой сыйда жүрөсүң. Белек тартуулап, кой союп ак дилден коноктошот.

Жолдо баратабыз. Валижан Мурахметов мектебинде ардактуу мугалим экенин Абдисатар айтып жүрүп отурду. Биз Ильич району аркылуу Замин районунун чегине өттүк. Заминдин борбору чөл аймагына жайгашып, ары кыргыздар жашаган жерлер тоолорго көздөй өрдөйт.

Заминде кыш заводу жана фабрикалар бар. Бирок анын бизге пайдасы жок деп айтышты. Анда биздин Кыргызстандагыдай эле жалаң орус кадрлар иштейт. Эгер алар ишинен алмашса ордуна баары бир бизди жолотпойт, өздөрүнөн алышат. Анткени, шарты жакшы, бизди үйрөнбөсүн деген саясаты түшүнүктүү дешип муңканышат. Жызак облусунун борборунда да завод, фабрикалар көп, анда да жогоркудай эле абал өкүм сүрөт.

**Журналисттин чегинүүсү:** Ооба, Орусиянын саясаты өзүнөн башка улуттарга өгөй мамиле кылган. Тымызын, билгизбей жергиликтүү кадрларды өнөр жайга жолоткон эмес. Ал эми ар бир Республиканын жетекчилери даай алышпаган. Саясат ошондой болгон, эгер өз улутуман десе эле улутчул делип, үстөлүнөн ажырап, же түрмөнү көздөй айдамак. Ошентип чоңдор да өз жанынан коркушкан. Биз алардын абалын да туура түшүнүүбүз керек, ал байкуштарга да кыйын болгон.

Мына эми эгемендүү мамлекет болгондон бери жумушчу кадрларыбызга жарыбай отуруп калдык. Орустар кетем деп коркутат, а өнөржай токтоп калуу коркунучунда деп жетекчилерибиз жар салып жатат. Ошентип, каатчылык кош каатчылыктын катмарында калды. Менин оюмча учурдагы абалга мүгдүрөбөй жумушчу кадрларын бүгүндөн баштап даярдоого бүткүл күчтү жумшоо керек. Андан каражатты да, жакшы шарт түзүүнү да аябоо зарыл. Ансыз жыл өткөн сайын таз кейипибизди кийип калабыз. Өзүбүздөн кадрлар чыкмайынча улуттук кирешебизге кол салуу токтобой, байлыгыбыз өнүкпөйт.

## ЛЕРМОНТОВ ЖЕТИ КЕЧҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЫР ЖАЗГАН ЭМЕС

Замин районунун кыргыздар жашаган айылына кеч келдик. Жери кадимки эле кыргызымдын тоолоруна

окшош. Эки жагы кыркалекей адыр, белес, тоолор менен уланып ортосунан көк кашка тунук суу туйлап өтөт. Көк жээгинде отуруп чер жаздык. Кечки салкындын шапатасы жан жыргатат. Мен жылда жайында бара коюп эс алчу Жаз-көчүүмдөй эле туюлду. Өз жайлоомдо отургандай сездим.

Өрөөндүн этегинен кыргыз айылы башталды. Жылгажыбыт, тоо табийгаты эми эле чөл тараптан келген мага башка дүйнөгө туш кылгандай боло түштүм.

— Эми сизди бир үйгө калтыралы да, биз зуу этип кетип калалы, —дешти Абдисатар менен Валижан. Мага баары бир болчу. Эч кимди тааныбагандан кийин кимдики болсо да кыргызымдын үйүнө түшөрүмү билем. Бирок ал экөө Жети-Кечүүнүн батыш жагындагы сайдын аркы өйүзүнө алып өтүштү. Бирок бир кызык: — Азыр Кушбактын үйүнө келдик,—деди Абдисатар, —сиз унчукпай турасыз, таанып бекен. Ооба, мен аны 20 жыл мурун көргөм. Андан бери жолуга элекпиз. Кайдан таанысын? Андан калса караңгы кирип калган. Бүгүн Жети-Кечүү боюнча жарык күйбөй, үйлөрдөн бүлбүлдөгөн чырак көрүнөт.

Абдисатар менен Валижан атайлап мени үйгө киргизбей Кушбак Жороевди чакырып чыгышты. Биздин жасаган «укмуштуу окуябыз» Кушбак үчүн жөн эле кеп болду. Ал фанарик менен чыккан, мени көрүп дароо эле жазбай таанды. Кушбак КМУну бүтүп, азыр айылындагы мектебинде кыргыз тил жана адабияттан жогорку класстарга сабак берет.

Эртеси Лермонтов атындагы орто мектебине келдик. Күнү бүгүн мектептин атын өзгөртүп Жети-Кечүү коюп кубанычка бөлөнүп турушкан экен. Мага бирөө өкүнүч менен минтти: —Карабайсыңбы, мурда эмне үчүн Лермонтов деп койгонбуз дейм да, же ал Жети-Кечүү жөнүндө ыр жазбаса, же Жети-Кечүүгө келбесе, ат коёт десе эле коё беришкен турбайбы. Ар бир жердин, элдин атын коюш үчүн ошого байланышкан жери болуш керек да.

Албетте, тоталитардык заман болобу же башка болобу, ойлонулбаган иштер көп. Эми ал күнөөлүүнү издеп отуруу пайдасыз дечи, бирок эбн келсе келбесе жамай бергени кызык эмей эмне. Ал го ал дейли, биздеги Маяковский атындагы кыз-келиндер институтучу? Кемпирлер чочуп айткандай, ыя ботом: Маяковскийиң эркекпи

же... Бул аялдар окуу жайы болуп жатпайбы? ыя ботом, башка улут болсо деле аялдын атынан койбойбу?

Ай, кыргызым, кыргызым: ушул атты коюп жаткан чоңдор ким болду экен, акыл-эси ордундагы адамбы? Бир факты үчүн ошондогу койгон колду оодарып карап көрсөк боло? Эмнесин айтып күйөйүн, башка сөзүм жок...

Адегенде мектептин директорунун орунбасары Асылбек Калыковго жолуктум. Допу кийип алыптыр. Негизинен көпчүлүк кыргыздар допу кийип жүрүшөт. Үйлөрүндө да өзбек чапан кийишет. Тилдери да бурмаланып, өзбекче аралаштырып сүйлөшөт. Ал үчүн күнөөлөгө болбойт, себеби, шарт ошого ыңгайлашып калган. Жергиликтүү калктын таасири жеңип кеткен. Бирок, бир окуучтүүсү кээ бир кыргыздар паспортун өзбек — деп жаздырып алышкан, ал жөнүндө бир аз кийинчерээк сөз кылабыз.

Албетте, Лермонтов атындагы мектепти Жети-Кечүү коюу да оңойго турган жок. Ал үчүн адегенде директор Мусандин Калматов, окуу бөлүмүнүн башчысы Оролбай Бекмуратов жана Асылбек Калыков үчөө кеңешип, бир чечимге келип, анан тиешелүү жерге маселени коюшуп ишке ашырышкан.

Мен барганда орто мектепти бүтүрүүчүлөр аяктап жаткан. Сабактарга кирип, окуучулардын билим деңгээлин байкаштырдык. Мени таң калтырганы өзбекче аралаштырып сүйлөшсө дагы жазуудан кыргызча таза жазышат экен. Кимиси болбосун Кыргызстанга барып окусам дегенде экии көзү төрт. Кыргыз элин пир тутушуп, тоодой бел байлашат. А биз алардын эңсөөсүнө маани бербейбиз. Таназар албайбыз. Мына ушунубуз өксүк жагыбыз, кемчилдигибиз.

Заминде беш кыргыз мектеп бар. Алыкул Осмонов атындагы мектепке бара албадык. Ж. Турусбеков атындагы мектепте болдум. Бул дагы Белинский атындагы болуп, жаңы гана алмаштырышкан. Кайра куруунун шаңы Жети-Кечүүдөгү жерге жетип, чарбалар да аттарын өзгөртүп жатат. Жети-Кечүүдө Василовский деген совхоз бар. Анын директорунун демилгеси менен анан кыргыз кыштагы бөлүнүп, «Алмазар» совхозу деп атап алышкан. Мында 400дөй түтүн бар. Бул чарба негизинен багбанчылык, анан кара мал бар. Буга Саттар Усманов жетекчилик кылат. Анын аты район гана эмес, бүт Өзбекстанга маалым, совхоздун эконо-

микасын көтөрүүдө аты чыккан. Э
гуп, кыргызмын десеңиз «Саттар
беле?» — деп сурайт.

Мына азыр Жызак облусунан к
дүн коонун саткандар Республикаб
ларында көп. Эгер аны менен маек
сүз Саттар Усмановдун атын атайт.

Усмановдон да башка Жети-Кеч
гыздар менен сыймыктанышат. Ала
Жызак облусунун жетекчи кызма
Өзбекстан Республикасынын Жогор
путаты. Кашыбай Ожиев обулусту
башкармасынын башчысы, Төрөбек
дин доктору, Ташкен кыштак кож
иштейт. Эргеш Хаджиев тарых или
Самаркан университетинде.

Кайсы районго, кайсы айылга б
кан уул-кыздарын биринчи макта
өтүшөт. Достуктагылар да Жызак
мөлдө текшерүү башкармасынын (
кыргыздардын маданий борбордук
тинин жетечиси Абрар Каримов м
шат. Ошол Каримов жакында болу
дардын Бүткүл дүйнөлүк курултайы
маанилүү маселелерди козгогону эс

Ал эми Макмал районунда да...
кетип калдым, ал жөнүндө кийин...

Жети-Кечүүнүн айылын кыдыры
дан солдат келгендеги тойго каты
кыштак чогулуп, солдатка башын
келгенин кийгизет. Анан эркектер б
ка отурушуп, тартыла турган тамак
сааттай аңгеме-дүкөн курушат. Э
жацылык, арзанчылык-кымбатчылы
жөнүндө кеп козголду. Эч жерде ж
ка өтүп кетишкенин көргөнүм жок.
лөрүн ызааттап, кичүүлөрү улуулар
ташат. Бейчеки сөз сүйлөнбөйт. То
лашпайт. Албетте, аксакалдар тара
тары калышып, бир аз көңүл серги
ашыкча эмес, мас болгонун учурата

Элде кол өнөрчүлүк өөрчүгөн. Ки
ма жоолук, бет аарчылар жасашат.

лөрүнө үйрөтүшөт. Же ээр чабуу, күмүш үзөңгү жасоо, кетмен, теше-кыскасы күндөлүк тиричиликке керектүү устачылыгы менен алек болушат. Алардын ичинен Бердияров Абылдын өнөрчүлүгү өзгөчө. Анын айылга кадыр-баркы бар. Өзү да бир сырдуу адам. Көп сүйлөп, мактана бербегени адеп эле маектеше баштаганда байкалат. Демек, иши менен гана көрүнөт. Абыл аке 31 жылдан бери мугалим болуп эмгектенип келет, азыр мектепте кол эмгеги сабагынан окутуп, кыргыздын көп кол өнөрчүлүгүн үйрөтөт. Бул адамды Усман кыштагындагылардан башка да сырттан көп эл тааныйт. Анын жасаган даңазалуу буюмдарын таарпа кылып алып кетишет. Колунан чыккан ээрди, бычакты, үзөңгүнү, тешени Достуктун, Макмалдын, Ильичтин, дегеле Жызак обулусунун көп жеринен жолуга турганын айтышты.

Бердияровдун он бир баласы бар. Үч баласы азыр мектептен окуп, андан улуулары үй-жайлуу болуп, ар ким өзү аркалаган ишти эмгектенип жатышат.

Жети-Кечүүнүн туйлап аккан суусунун чыгыш тарап өйүзүндө бир ак там алыстан көрүнүп турат. Ал ушул устанын узана турган устаканасы. Биз өзү менен кошо барып анын ичин көрдүк. Бүткөн жана жаңыдан чабыла баштаган ээр.

— Абыл аке, ушул ээрди кайсы жыгачтан жасап жатасыз?

— Талдан, теректен.

—Сырты эмне менен капталган?

— Кайыңдын кабыгы менен жабыштырып, боёп коём, а муну алган ээси өзү баркыт менен каптап алат. Көрсөң, опкон менен каптасаң жеңил болот. Аттын белин баспайт, оймо кылсаң болбойт, ал сынып калат.

Абыл аке көп эле ушундай ээрдин сырын айтты. Анын искусствосу да түгөнгүс, түрү, саны көп. Жүгөн, така, бычак, үзөңгү, теше, сыраяк, дегеле арбын буюмдар жасайт. Анысынан да ошолорду жасай турган куралдары нын түрлөрүнөн баш айланат, анысы-мунусунан түшүнүк алган болдук.

9-класста окуган баласы Акбар ата жолун-жолдоп баарын үйрөнүп алган. Өзү жасай берет. Анын өз колунан чыккан буюмдарды көрүп таң калдык. Ата гөрү, өнөрлүү адам өлбөйт го.. Айрыкча азыр көйгөйлүү заман-

да жашоо үчүн тим эле чыракка май тамгандай керек го ушундай өнөр. Акбар бактылуу ата баласы дештен башка арга жок. Өз оокатын өзү таап, элдин да муктаждыгына жарап жатпайбы, ат араба, камыт-чомубуз, теше-балтабыз кайра кайткан убакта. Балли Акбар, атаңа ыракмат!

— Кол өнөрчүлүк беш атадан келди. А ээрчилик эки атадан бери, мен Бердияр атамдан үйрөндүм, — дейт Абыл аке.

Өлбөс өнөр ушинтип тукумдан-тукумга уланып келет, эми Акбардан ары кетет. Бул өнөрдүн ичинде элдин алкоосу жана турмуш тиричиликтин жашоосу жатат. Демек, өнөрчүлүктүн өзү өмүр.

Жети-Кечүүнүн өз көркөмдүгүнө жараша өнөрлүү, ата-салттуу эли бар. Жери кооз. Аны далилдегенсип, менин кабарчылык блокнотума бирөө мындай ыр жазып коюптур:

Кышың жылуу ак шейшебин жамынган,
Жазың сулуу жашыл бермет тагынган.
Жайың кооз ак эмгекке көрк берген
Күзүң салкын жай түшүмүн мол терген.

Бул Жети-Кечүүнүн пейзажы, көрк-келбети экени көз алдыга келип турат.

Мен эл аралап, жер кыдырып жүрүп, кыргыздардын жашоо-турмушу, оокаттуулугуна нааразы болгон жокмун. Дээрлик көпчүлүк эл бардар турат. Өтө кембагалы жок. Чарбадар. Алар өзбек калкынын дыйканчылык менен кыргыздын өзүнүн малчылык мээнетин бириктирип, өздөштүрүп дегендей эмгек менен агарып-көгөргөнүн жокко чыгарууга болбойт. Кайсы үйгө кирсең (башта да айтканмын, кайталоого туура келип жатат) сүт, айран, сары май, каймак коёт. Ак бар жерде береке, токчулук, каниметчилик бар эмеспи. Демек, эч болбосо уй кармап, бирар койдун, эчкинин башын сактап жүрүшөт. Жашырып не, мейманга кой союп, же бир жандыкты жыга тартып, бата тилеп турушат. Бу да барчылыктан го.

Бирок салт-санаа, каада, ырым-жырым жалаң өзбек туугандардын адатында же аралаш, анысы да мейли эле, жогоруда айтканымдай көп жылдык шарт ошого алып барган. Мени кейиткени, өксүткөнү, жүрөгүмө көйгөй

салганы кыргыз паспортуна өзбек деп жаздырып алганы болду. Эми аны сөз кезеги келгенде айталы.

## ...КЫРГЫЗ ӨЗБЕК ДЕЛИП ЖАЗДЫРЫЛГАН

Мурда Белинский аталып, эми Турусбековго көчкөн мектепке келдим. Мектептин директору Машрапов Жоробай, окуу бөлүмүнүн башчысы Буранов Тилек жана мугалимдер жамааты менен маек куруп, көп нерсени сүйлөштүк. Айыл тоого жайгашып, бүт кыргыз жашайт. Бирок мектептин имараты эски. Жанында кувала менен кошумча мектеп тамдан салынган. Заминде кыргыз мектептердин абалы бирдей. Ырас, эми жаңы курууга кам көрүү башталып, пайдубалы көтөрүлүп же долбоору түзүлгөндөрү бар. Бирок ушул убакка чейин анча көңүл бурулбаганы эски дубалдары күбө.

Ал эми окуу иштери талаптагыдай жүрүп жатат. Билимге умтулуу жана сабак өтүү тартиби жылдан-жылга жакшырганы байкалат. Айрыкча өзбекче сүйлөөдөн, жазуудан кутулуу күрөшү башталган. Кыргыздар өздөрү да анысына намызданып калышкан.

Ушул мектеп жайгашкан айыл талантка бай, санжырачылар көп. Терме, ашыктык, санат, гарыптык—кайсынысын айтайын деп турат.

Бир карыя бир нече санжыра айтып берди. (Атын жазбаганыма өкүнүп калдым). Окуу бөлүмүнүн башчысы Буранов Тилек Календар акын ырдаган «Ак суусар» деген ырды жатка айтып берди.

Кулматова Шагаргуль көптөн бери ыр жазып жүрөт. Анын чыгармаларын окуганда канаат алып, поэзиянын арасына кирип кетесиң. Анда бир ырын окуп көрөлү:

Ала-Тоонун боорунда жалгыз булак,
Шылдыраган үнүнө салам кулак
Сүйгөнүнө жетпеген ашык өңдүү
Бирдеме деп чулдурап ырдап турат.
Жалгыз булак жанында арча турат,
Арчанын жанжагында ыргай турат.
Домбураңды сайраткын, жүргүн досум,
Кыз-жигиттер биригип оюн курат.
Жалгыз булак боюнда кыздар турат,
Карыянын сөзүнө салып кулак.

Башын ийип эңкейип келиндери,
Балдарын эркелетип күлүп турат.
Айылыбыздын башында жалгыз булак,
Жалгыз булак боюнда бир кыз турат.
Кээде жымжырт, ойлонуп жазып коюп,
Колунда кагазы бар бир жапырак

Ыр жакшы. Жер да жакшы. Көргөзгөн сыйсыпат да жакшы. Баары жакшы, жок баары жакшы эмес. Көңүлүмдү чөгөрүп, ичими туз куйгандай ачыштырып, жүрөгүмө жарака кетирген өксүктүк кыргыздардын өзбек деп жазылып алганы болду. Аттиң, өз дининен безип башка динге кирип алгандай эле болбойбу. Улутунун сыймыгын коргоп жан бербейби, кантип кыргыз өзбек деп жазылып алат. Мына ушунун булактары башка жакта, учугу көмүскөдө. Ырас мен угуп жүргөнмүн, өзбекстандагы кыргыздарды өзбек деп жаздырып коюптур деген имиш кептерди. «Уккан кулакта жазык жок» деген чынбы? Мен ал чөлкөмгө баргандан эле андайларды четтен учурата баштадым. Кээ бирлер намызданып жаап-жашырып айтышпай, паспортун бекитишип, бирөөлөргө билгизбей жүрүшөт. Кыргыздардын өздөрүнө да айтышпайт. Кээ бирлер чочулашып өзбек тууганлардан жеме угуп же кысым көрүп калабыз дешет. Эки жагы тең туура. Бирок жараланган куштай болуп жүрүүнүн өзү тирүүлүктүн дозогу. Өмүрү өткүчө жүрөгү түпөйүл, чийки гөш жеп алгансып, арасат жашоонун ортосунда дили гиргил тартып жүрө берери чын го. А көзү өтүп баратканда акыл-эси менен дүйнө салаарда өз улутумдун духу менен кетпедим деп өзүнүн пенделик инсандыгына нааразы болуп өтөөр. Ооба, дал ошондой, а эгер өз каалоосу менен башка улутту кабыл алса го өзү үчүн дили таза кетмек. Бирок андай эмес...

Муну мага Турусбеков атындагы мектептин мугалими Бутаев Якшибай айтты. Паспорт үстөлдө «Жок сиз өзбек болосуз» деп эле менин эркиме койбой жазып таштаган» —дейт. Ал ошондон тартып ичинен зил өтүп, бушайман тартып жүрө берген. Кудай жалгап демократия жарк этип калганда чаап жеткен да, паспортуна оңдотуп, кыргыз болуп, ошондон бери толкуп-ташып, кубанычы койнуна батпай жүргөнүн мага айтып берди. Ал дагы минтет: — Жакшыбай атымды Якшибай дегенине

кайылмын, аттиң, ушу өзбек деп жазып койгону намысымы тебелеп, ич дартым ичимде болду.

Якшибай кыргыз болуп жазылганын 1990-жылдын 9-январда алган 11—МҚ 656319 номерлүү паспортун жа йып мага көрсөттү. Ал эми Жети-Кечүүдө аттуу-баштуу адам Мисиров Қамидин да паспортуна өзбек деп жазылып калган. Ал оңдоткону арыз берген. Өзбек болуп жазылганын жашырат экен, бирок аны эл билет. Баарынан да мындай бир өкүнүчтүү фактыга жолуктум. Бир кыргыз жигитин райондук кызматтын деңгээлине көтөрмөк болушат. Бирок ага паспортуңду өзбек деп оңдотсоң көтөрөбүз, болбосо жок деген —ултиматум коюлат. Же аргасыз болгонбу же өзү туура көргөнбү алардын айтканына макул болот, азыр иштеп жатат. Эми мындай фактыларды санай берсе деле көп.

**Журналисттин чегинүүсү:** Бир кезде Өзбекстандын жогорку инстациясынан кыргыздарды өзбек кылып жаздыруу жөнүндө паспорт үстөлдөрүнө жашырын көрсөтмө берилген. Ошондуктан Республика боюнча бардык аймактар аны аткарып турушкан. Андай болбосо бир гана райондо кокустук болушу мүмкүн эле, а кантип эле бүт аймак жаңылып калсын. Өзбекстандын бардык райондорунан кыргыздардан өзбек болуп жазылган. Юридикалык жактан алганда эле ушунун өзү далил боло алат. Экинчиден зордуктап жазган кыргыздар өздөрү айтып жатышат. Мына ушул сокур саясаттын өзү улуттун дилин кирдеткен. Башка элдин эсебинен жергиликтүү калктын санын көбөйтүү максаты мына ушинтип ишке ашкан. Бир эле кыргыз эмес мусулман улутундагылардын көбүн бурмалашканы эми ачыкка чыгып отурат.

Бүткүл дүйнөлүк кыргыздардын курултайында Қыргыз Республикасынын депутаты, жазуучу Қамбаралы Бобулов чыгып сүйлөгөн сөзүндө Өзбекстанда кыргыздарды өзбек деп паспортуна жаздырганын айтып өттү ачык эле. Бирок ал жарым миллион кыргыз өзбек делип жаздырылган деди. Болжолу туурадыр, бирок, так маалымат жок. Эми аларды тактоонун жолун издөө алдыда турат.

## ЗАҢГЫРАГАН АК ИМАРАТ

Қыз алып, уул үйлөө, куда түшүү салттары жана ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү бири-бирине эриш-аркак

болуу жөрөлгөсү жакшы. Мен Сулайманов Дооран деген чарбадар адамга жолуктум. Калматов Мисандин деген өзбек менен куда болгон. Кызын анын уулуна чыгарган. Анын баласы корей кызына үйлөнгөн. Ушинтип бир үй-бүлө ар кайсы улут менен аргындашкан.

Куда түшкөндө баланын атасы кыздын атасына барат. Эгер экөө макулдашып калса жигит менен кызды көрүштүрөт. Алар бири-бирин жактырышса ата-энелери бата окуйт, анан жигит тараптан кыз тарапка алдына барат. Эшик тааныш, ооз майлар ырым-жырымдары бүткөндөн кийин кулдук уруп алдына тартуулап, эл менен кошо барып парча той өткөрүшөт. Арак ичилбейт. Андан кийин эки куда күндү белгилеп алып тойго эки кой алып барат. Көчүрүп келгенден кийин дагы эки кой союлат. Калганы биздин ырым-жырымга саал окшоп кетет.

Мен жер аттарына көңүл бөлдүм. Дугава, Чартаңги, Гөзал-Калан, Зарафшан — булар тажикче аттар. Такалуу чоку, Катта-Шибер, Көбүргөн, Көк-Жон тоосу—булар кыргызча коюлганы көрүнүп турат. Мындан улам Заминдин баш жагында кыргыз менен тажик калкынын жашагандыгы өзүнөн-өзү белгилүү.

Ал эми Достукта кыргыздардын каяктан качан келип калганы тууралуу божомолдоолорду айтканбыз, Заминде деле ушуга окшошуп кетет. Кушбактын бабаларынын бабалары айткан экен, уруш болуп, Самаркандан келип калган экенбиз. Божомолу узак жылдар мурункуга кетет.

**Журналисттин чегинүүсү:** Кыргыз тарыхынын булактарында эки түрдүү талаш бар. Кыргыз эли Энесайдан тараган. Башка варианты Энесайда жашап турганда Түркияда, Алтайда, Өзбекстанда жана Тянь-Шанда кыргыздар туташ жашап турган. Кандай да болсо өзбек жергесинде жашаган кыргыздардын так далили жок. Божомолдоолор. Эми илимий изилдөө жүргүзүү убактысы жетмек түгүл ашып кетти.

Жети-Кечүүдөн чыгып кетип жатып Замин деген сөздүн чыгышына бир да так маалымат алалбадым. Тажиктин сөзү деп болжолдошот. Же ушул жерде Замин деген эшен өткөн экен дешет. Башка варианты катуу уруш болуп, эл кырылып, кан төгүлүп, калкка завун болгондуктан, завун дегенден Замин аталып калганын айтышат. Ушундай ишенерлик эмес божомолду баяндашат. Бирок,

элди көп аралап, тажик туугандарга да жолукканда уламыштын чындыгы чыгып калар беле?

Ошентип биринчи жолу келип, туз-тамеки буйруп калып, даам татып, суусун ичип, калкы менен баарлашып, жерин, элин таанып, салт-сабасы менен кабардар болуп, эми атактуу Макмал районуна сапар алдым. Мен Достуктан Заминге жөнөгөндө айттым, ал жактагы кыргыздар бизден баргандарды чет элден келген меймандай узатышканын. Мында да ошондой болду, машина менен аттуу-баштуу кишилер узатып чыгышты. Заңгыраган асфальт жол менен тоону көздөй эле өрдөп бара жатабыз. Ош—Токтогул жолу жол бекен, ийнедей жалтылдаган таптаза. Алды жагың мелмилдейт. Тоолордун чокусуна чыгып алып токой аралап сызабыз. Жомоктогудай булакка туш келдик. Үстү жагында арчалардын арасында «нанушта» кылчу тектир, болгондо да көк майсап ажайып жер бар экен, дасторкон кенен жайылып, эс алып отурганбыз. Бир жаны машина келип токтоду булактын боюна, андан эки чоң чыкты. Бири орус, бири өзбек. Бизди карап саламдашып калышты. Мени узатып жүргөн бирөө чуркап түшүп көрүштү: —Мейман барбы? — деп сурады өзбек. Мени айтышты. Өзбек оор бойлуу болсо да шагдам чыгып келди да, мени менен таанышып, нан ооз тийип, ага жолукпай кетип жатканыма аябай өкүнүп, кечирим сурап, машина менен жылып кете беришти. Көрсө мейманы СССРдин бир чоң министри экен. Жанагы райкомдун биринчи секретары аны ушул жерде эс алдырып чай берип коюу үчүн алып келген экен.

Мен муну эмне үчүн айтып жатам. Өзбек калкынын сыпайылыгын, өтө кылдаттыгын айтып жатам. А майли эми башка жакка барабыз деп мейманын алып кетти. А эгер ошонун ордуна бир тоң кыргыз райкомдун секретары болсо бизди кууп жибермек. Болбосо аны көргөндө чилдей тарап токойдун ичине кире качмакпыз деген ойго келдим мен.

Кереметтүү тоолор менен баратып, бир эле жаркыраган асканын түбүнө жабыштырылып салынган ак имаратты көрдүм алыстан. Сиз Токтогул ГЭСинин плотинасын көрдүңүз беле? Египеттин пирамидаларына окшошуп кетет го, дал ошондой элесте. Туштарабы жомоктогудай кооз. Бардык шарттары курулган. Ошол заңгыраган ак имарат Замин санаториясы экен. Жарым ай формасын-

да салынып, жети кабаттан турат. Эң үстүңкү кабаты күн нуру менен дарылоочу абадкана. Муну Өзбексовпроф 1989-жылы салган. Бүткүл союздук санатория. Бул жер Текелүү-Чоку деп аталат да, тоонун наркы оодарылышы Тажикстанга карайт. Санаториянын тоосуна Гагаринди алып чыккан тарелка түшкөн деп кеп салышат. Атырылган ак көбүк чачкан тунук суу Катта-Шибер, Үч-Очок тоосунан келет.

Жалпысынан дарылоонун ыкмалары Жалал-Абад курортуна окшошуп кетет. Радон булагы чыгыптыр. Анын составы эки болсо, эми үч пайызга жетиптир. Муну менен ревматизмди дарылайт.

Санатория 547 орундуу. Анда 287 адам иштейт, 96сы кыргыз. Бул аймакта 114 кожолук жашайт. Родон булагынан башка ванна, душ, массаж, сауна, бассейин, циркулярлык душ, ингалация (тамак шамалдаганда) — түрлөрү боюнча оорулууларды дарылайт.

Бул жерде дарылагандардын камын көрүүдө: Эргешов Инятулла, Бердияров Маңгыт, Умурзаков Сали, Жумабаев Тумбай, Абдиев Эгемберди, Жолубаев Эргеш, Туратов Нуралы, Султанова Дларам, Исакова Майрам, Мисирова Жаңыл өңдүү башкы врачтан баштап, сестрага чейин атап өтпөсөк болбостур. Аттарынан көрүнүп тургандай өзбек да, кыргыз да бар, алар чоң да, кичине да кызматты аткарышат. Ар бири менен баарлашып, имараттын ичин аралап жүрсөң, медициналык жана ар түрдүү, акыркы техникалар менен камсыз болгонуна таң калбай койбойсуң. Толук шарттары бар. Мен дүйнөлүк алдыңкы санаториялардын катарына тең го деп ойлодум, баарын кыдырып көрүп чыгып.

Заңгыраган ак имараттан чыгып, капчыгайга кирип келдик. Ортосунан жарып суу атырылып агат. Түндүк жакка сейилдүү салкын тектирге жарашкан жай салынган. Алыстан кутудай болуп көрүнүп турат. Албетте жолдон обочо. Ал Шарап Рашидовдун көп дачаларынын бири болгон экен. (Ушу Замин райондогусу). Аны жолчулар жатчу үй кылып коюшкан.

**Журналисттин чегинүүсү:** Азыр кайра аны дачага айландырып койгонун уктум. Андан калса Рашидов акталды.

Ушундан улам мага караланган Сталин эсиме түшөт. Ал мени өлгөндөн кийинки муундар жамандашат, андан

кийинки муундар кайра акташат дегени бар. Чын эле анысы да келе жатат. Тарых ошондой, адамдар өзү бурмалап, кайра чындыгы нугуна түшөт.

Ошентип, Заминдин жери менен, эли менен коштошуп, Макмалдын тоолоруна чыктым. Кетип эле баратабыз, күн күүгүм тартып кетти. Жол алдыда. Кандайсыңар кыргыздар, кайдасыңар кыргыздар? Кыргызымды издеп бара жатам. Кандай сыймыктуу. Мурдагы заман болгондо кайдан.

## ТУРГУНБАЙ УЛАКЧЫ

— Ассаломалейкум кыргызым, — деп бир убак Макмалга кирип бардым.

Биз Тургунбай улакчынын үйүнө келип түштүк. Ал жөнүндө мени узатып келген сапардашымдын бирөө айтып берген. Кыргыздын салтынан айланайын дебеске болбос, Тургунбай бизди көрүп кубанганы ушунчалык, эмне кылаарын билбей карбаластап калды. Беркилер менен, таанproblem мени менен жан досундай кучакташып көрүштү.

— Ушунча элдин ичинен менин үйүмө келип турганыңарга миң мартаба ыракмат,— дейт барбалаңдап. Анамына дегиче дасторкон жайнап, кобурап сүйлөй баштады.

— Көп күндөн бери улак чаап жүрүп, үйгө бүгүн эле келдим эле, ырас болгон экен, мындай күндү туш кылган кудайга ыраазымын.

Анын адамгерчиликтүүлүгү, мейманды күтө билген, үйүнө киши келсе сүйүнүп турган адам экени дароо эле сезилди. Ал түгүл мени узатып барган адамга жеңил машинасынын эки балонун бекер эле белек кылып бере салды.

Тургунбай Макмал совхозунда тракторист. Улакчылык жагынан жамы журтка аты чыккан. Өзбекстандан сырткары кыргыз элине таанымал. Үргүлжө кыргыз чогулган чоң тойлордо, аштарда, ар кандай маарекелерде атактуу балбандардын арасынан улакты сууруп чыгып кетет. Баш байгеге килем, торпок, бээ, төө сайылат, ал сөзсүз Тургунбайдыкы болот.

Шариятов Эргеш уулун отургузуп, жамы журтту дүңгүрөткөн той өткөргөн, анда Тургунбайдан башка Калыгул, Насир, Гани деген ар бир атактуу балбандар бол-

гон. Ошондо Тургунбай чоң торпокту жерден эңип алып, атаандаштарынын колунан кантип жулуп кетип, топтон суурулуп чыгып, паттага дал таштаганын эл таарпа кылып айтып жүрүшөт. Быйыл кышта Сапаров Сүйүнбай той баштап, байгеге төө, эки тай, эки торпок сайган. Анда Тургунбай бир эле эмес, бир нече жолу улак таштап байгелерди алган.

Тургунбай тору тулпары менен улакка киргенде тамаша көрүүчүлөрдүн көңүлү ага бурулуп, тандалган улакчылар да кудайлап турат. Манастын арбагы колдо деп Тургунбай топту сүрүп чапчандыгын көрсөтүп, килейген торпокту ээр кашка салып, эки бутун анын үстүнө артып, тизгинди бош коё берип, үн салганда тору тулпар коёндой безип, зымырык куш учуп бараткандай көрүнөт. Карап турган күйөрман кумардан чыгат.

Тургунбай бала кезинен эле улакчы. Атак алганына быйыл санап көрсө 17 жыл болуптур. Атасы Түгөл да Тургунбайдай чоң балбан болгон. Азыр 75ке чыкса да кайратынан кайтпай улакчылыгын таштай элек. Баласы аны ээрчип жүрүп ушул өнөргө кызыгып калганы түшүнүктүү да. Ушундан улам, Тургунбайдын 10- жана 11-класста окуган уулдары Улукбек менен Айбек да Кара-Суу айылына көрүнгөн улакчылар болуп калышты, экөө тең торпокту жерден жазгырбай эңип кетишет.

Тургунбай өзбектен дагы, кыргыздан дагы мыкты ат издеп жүргөнү жүргөн.

— Айтматов Мамажанга 23 миңге (акча күчтүү эле) ат сатты — дейт, — силер жактан мыктысы чыгабы?

Мен биздин айылдан (Ак төөк) Өмөр деген киши Базар-Коргонго 47 миң сомго сатканын, бирок, ал алган ээси күлүктү көз тийбесин деп эч кимге көрсөтпөй багып жатканын, чоң маарекелерде гана саларын айттым. Тургунбай негедир тереӊ ойлонуп калды. Баамымда барсам сатабы-сатпайбы деген кыялга батты.

— Сизге атаандаш, сиз этияттанып турган улакчы барбы?

—Бар. Ташкен деген чоң балбан, Заңзардын Музбулак кыштагынан, менин досум болот.

Тургунбай кыргыйдай сергек, ачык, кээде азил менен кептин бабына келтирип сүйлөгөн, эл менен алыш-бериш түү, башы көрүнгөн, калкы кастарлап сыйлаган берекелүү, бардар адам.

## МАКМАЛ

Тоо жери көркөмдүккө чулганган, жылга-жыбыттуу, тунук булактары шылдырап аккан, жашыл жамынган асылдыкка бөлөнгөн. Бир сөз менен айтканда ошол үчүн макмал делип калынган. Ырас, ар түрдүү легендалар да айтылат.

Түркстан жана Маргузар (жылан уюгу) тоо тизмектери уланып отуруп, Тянь-Шандан башталган Кыргызстандын аска-зоолорунун чокулары ушу жерден бүтөт дешсе таң калыпмын. Чындыгы Кызыл-Тоо бери жагынан, Төр-Жайлоо Лейлек жагынан орун алыптыр. Көрсө, ортосу жакын экен. Тургунбай айтты эле Лейлекке атчан ашып, анан кыргыз элинин кайсы районунда улак болсо он беш же бир ай жүрүп калам деп. Ошентип эки элдин жайлоосу босоголош турбайбы. Кулпурган макмалдын өңү-түсү Лейлектин жаратылышына окшошуп кетет.

**Журналисттин чегинүүсү:** Бала чагымда Кулунду чөлүн гүлдөтүп жатабыз десе, кумсарган боз талааны элестетчүмүн. Андай эмес экен, Лейлекти кыдырып чыгып таң калгам, биздин тоолордой, биздин жайлоолордой кооз, көркөмдүү. Мына эми ал көргөнүмө шайкеш келип, Макмалдын жеринин киндиги туташып, жаратылышы бирдей болуп жатпайбы.

Аты жаңы эле өзгөртүлүп коюлган Токомбаев атындагы мектеп көк майсам жерден орун алган. Туш тарабы адыр-белестер менен курчалып, шаркырап аккан суу, кол булактар көп. Албетте, мектептин имараты жер там. (Жогоруда мектептердин ушундай экенин айткам).

Дубалдын бетине А. Осмоновдун, Б. Сарногоевдин эне тил жөнүндөгү учкул ырларынан үзүндүлөр жазылып коюлган. Короолору бак-дарактуу, гүлдөр өстүрүлгөн.

Мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Калыгул Абдиев жылуу тосуп алды. Калыгул окуунун жүрүшү жана учурдагы иштер жөнүндө кенен маалымат берди. Менин көңүлүмө уюп калган жакшы жышаан, мугалимдердин жана окуучулардын ыймандуулугу болду. Ызат-сый, урмат, бири-бирине кичипейилдүүлүк менен мамиле кылуу сезимимди ыроолоп, ичими жылытты. Абийирди ыйык сакташып, а тазалыкты аспиятташат. Алардын ыра-

йын, жылуулугун туюп, жалаң эле адептүүлүк жөнүндө сабак өтөбү дедим. Жок, андай деле сабак өтүлбөйт экен Мындай ымандуулук жалпы эле ошол кыштакта жашагандардын адаты экен. Ата-бабадан берп ыймандуулук салтын тутуп калышканын туйдум. Кызматы чоңу да керсейбей эле кандай болсо ошондой гана ыйманы менен жашашат экен. Менин да ички дүйнөм өзгөрүп, алардын мамилеси, чөйрөсү менен болдум. Жана ушундай ыйыктыкты бардык адамдарга берсе деп тиледим.

### Жорупов Турсункул айтат

Мектептин директору Жорупов Турсункул бала чагынан педагог болууга кызыгып калган билимге ээ болгондон кийин өзүнүн адистиги боюнча мыкты эмгектенип, тез эле кадыр-барк алган. Ал өзү жөнөкөй. Мына мектептин директору болгондон бери да абройу көтөрүлүп, баардыгы аны сыйлашат. Мугалимдер менен ынтымактуу иштешкени үчүн окуу-тарбия иштери талаптагыдай жүрүп жатат. Анын бардык максаты жаш муундарга мыкты билим берүү болгондуктан бүт мүмкүнчүлүгүн үрөп чыгармачылык менен изденет. Облуска, районго барыштан чарчабай сунуш кийирип, маселе коюп, мектепке бир нерсе өндүрүп жүргөнүн баары билет. Маектешип отуруп ал мага «Бир жолу таң заардан жылаңбаш автобуска отуруп кеттим эле, күн суук эле, ошондон бери кээде башым ооруп калат. Мектептин иши менен карбаластап ичимен түпөйүл болуп жөнөгөм, баш кийимимди кийип алышка да чамам келбегенин кара»— деди. Муну жазбасам деле болмок, бирок өзүнүн жанын унутуп, ойсанаасы мектеп жөнүндө болуп, баш кийимсиз кете бергени мени ойго салды да, чын эле аны өткөргөн чогулушуна катышканда бүт оймаксаты көпчүлүктүн мүдөөсүн көздөй турганын даана сездим. Андан кыргыз интелегентинин алдыңкы өкүлү болгондон кийин, элдин тагдыры, алардын балдарынын тагдырын кошо мойнуна алганына көзүм жетти.

Анын үйү мектепке жакын, эшигинен жылуу булак агып өтөт. Ошондуктан бул жерди Жылуу-Булак кыштагы дешет. Ошол суу мектепке келет. Жорупов: — Мен кичинемде жылаңаяк ушу сууну кечип мектепке барчумун,— дейт.

Ал көп нерсени билет, көп окуйт. Өзү искусствого жакын. Үйүндө комуз, кыл кыяк, добулбас, домбра или-

нип турат. Чарбага да тың экенин эшик-төрүнөн байкадым. Тыкандыгы, үй-бүлөсүнө камкордугу жана боорукер, кичипейилдиги турпатынан сезилип турат. Мен анын ишмердиги жана үйүнүн куттуу ээси экенин туюп, бактылуу адам деп койдум ичимен.

Ал мени сындайт,— снлер Москваны карап турасыңар, — деп, саатты жылдырып турасыңар, бизде Өзбекстанда андай жок. Ал түгүл Нооруздун дем алыш күнүн да белгилей албайсыңар. (Өзбекстан бизден бир жыл мурун белгилеген, ошону айтып жатат).

**Журналисттин чегинүүсү:** Мен ал жактагы кыргыздарды аралап жүргөнүмдө мындай тамаша көп эле болду. Анын баары чындык, мага айтылган сын туура эле болчу. Айрыкча орусташып кеткенибизди шылдың менен айтышат. Айтса-айтпаса төгүнбү, мен баарын коюп эле эл каттоодо кыргыз жаштарынан канчоосу эне тилим орус деп жаздырып алган маңкурттарга наалаттан башка сөзүм жок. Чыккынчылык, зөөкүрдүк, уурулук, мына ушул тил безерлерден чыгат. Эне-тилин, эне сүтүн саткандан кийин, андан өткөн бетбактык болобу. Өзбекстанда түбү жашап калган орустар өзбекче сүйлөйт экен.

Жорупов Турсункул директор болуп иштеген мектепте 225 окуучу бар. 25 мугалим эмгектенет. Быйыл 18 окуучу орто мектепти бүтүп жатат. Казыбеков Башбек, Эннназаров Калил (пенсияда) эл агартуунун отличниктери.

Мектептин сыймыктана турган жактары бар. Андан окуп чыккандардан химия илимдеринин доктору Пиримкулов Макмуд, экономика илимдеринин кандидаты Бердибеков Пардабай, Арна-Сай районунда совхоздун директору болуп иштеген Избасаров Эргеш, Облпрофдо иштеген Сайпиев Толубайга окшогондор көп. Ал эми азыр Өзбекстандын, Кыргызстандын окуу жайларында билим алып жаткан балдар-кыздар бул мектептен арбын.

Турдубаева Гүлай кыргыз тили жана адабияттан сабак берет. Ал өзү Кара-Балтадан барган. Өзбекче аралашып сүйлөп калган окуучулардын тилин таза кыргызча сүйлөөгө жана жазууга үйрөтүүдө анын эмгеги зор. Мен ал жаздырган сочинениени карап чыктым. Дээрлик бардык окуучулар эне тилинде таза жазып калышкан.

Өзбекче аралашып калганынын өксүк жагы эле мугалимдер Өзбекстандын окуу жайларынан бүтүп келишет. Ошондуктан Кыргызстандан мугалимдерди жөнө-

түү керек. Анан алар бул жерден кадрларды даярдаса болот. Бул Турдубаева Гүлайдын айткан пикири. Туура.

— Кыргызстандыктар кыргыз тили жана адабияты бар окуу жайларына биздин окуучулардан кабыл алып туруу керек. Ансыз бул жакта абал начарлай берет. Ырас, барып окуп жатышат, бирок өтө аз,— дейт Г. Турдубаева.

Бул жөнүндө кийинчерээк дагы кенен токтолобуз. Анткени, маселе орундуу жана зарыл, проблемалар көп. Ошондуктан атайын айтып кеткенибиз оң.

Садыков Аллаберди 28 жылдан бери мугалим. Анын атасы Садык билимдүү киши болгон. Медересени бүтүрүп, арабча сабаттуу эле, ошондуктан элге кадыр-баркы артып, окутуш үчүн же үйрөтүш үчүн айылга алып кетип турушкан.

Аллаберди райондук кеңешке депутат. Бул убакка чейин мектептерден кыргыздардан бир да депутат көрсөтүлгөн эмес.

Садыковдун он бир баласы бар. Үчөө жогорку билимдүү, мугалим болуп иштейт. Бирөө илимдин кандидаты. Аллабердинин тун кызынын төрт баласы жогорку билимге ээ болушуп, ар түрдүү кесипте эмгектенип жатышат. Бул өнүп-өскөн үй-бүлөнүн балдары, неберелери агроном, экономист, инженер жана жогоруда айткандай мугалим болуп көп өнөрдүн ээлери.

Мен Макмалда жүргөнүмдө райондук гезиттин редактору менен райЭЭБнын башчысы келиптир. Биз тойдун үстүндө жолуктук. РайЭЭБнын башчысы Мурзабеков Саитакмат:— Макмал районунда 54 мектеп бар, анын алтоосу кыргыз мектеп жана кыргыздын маданий борбору бар,— деди. Ал мурда Үрүстөмов Асанбек алтын медаль менен бүтүп, азыр Ташкен айыл чарба институтуна окуп жатканын, быйыл Чалабаев Касан алтын медаль менен аяктай турганын айтты. Албетте, кыргыздар жөнүндө сөз болуп жатат. Андан тышкары Кыргызстанга барып олимпиадада жеңишке ээ болгондорду санап өттү. Бирок кандай болсо да аз санда, факты үчүн айтса болот.

Ошентип, Макмалда Сатылганов, Токомбаев, Турусбеков, Фрунзе жана О. Кулматов (көп жылдар бою прокурор болуп иштеген, кыргыз) атындагы мектептер бар.

Жызак облустук ЭЭБнын орунбасары Л. П. Гайдукова да болдум. Ал облус боюнча он бир кыргыз мектеп

бар экенин айтты. Макмалда 6, Заминде 5, албетте, Достукта быйыл ачылган жаңы кыргыз мектеби менен кабардар эмес экен. Ал дагы облус боюнча 2 миң 701 кыргыз окуучусун атап, бардык мектептерде өз тили боюнча тереңдетилип окутулат деди. Кыргыз мектептердин көбү эки смена менен окуп жатышат, а имараттары жаңы салына турганын, долбоорго киргизилет дегени жөн эле мени сооротту үчүн экенин түшүндүм.

### Заит мерген.

Биздин Арстанбап өрөөнүндө Жаз-Көчүүлүк Задибай мергенди кимдер билбейт эле. Ал согуш убагында өкмөттүн уруксаты менен уруштан калтырылып, фронт үчүн тоо жаныбарларын атып Ачы районунун даярдоо конторасына тонналаган эттерди, майларды жана терилерди тапшырып турган. Анын көзү өткөнүнө аз эле жыл болду. Базар-Коргон районунун мурдагы XXII партсъезд колхозунун башкармасы, азыркы ардактуу ардагер, Задибай менен замандаш Көкөнов Токомбай:— Адиси ашкан мерген болчу, жомоктон мындай кыл мергенди жолуктурбадым,— деп эскерет.

Мен ал кишинин турмушта аз кездеше турган мерген экенин өзү менен көп жылдар бою сырдаш болуп билип калгам. Канча оңко тургузганынын эсебин ала албай калган. Аюунун өзүнөн 52ни атканын айтаар эле. Кудай жалгап, тирүү кезинде ал жөнүндө жазып калдым. «Задибай мерген» деген көлөмдүү очерк чыгарып, аны 1980-жылы чыккан китебиме кирген. Биздин Мати деген абабыздын ашы болгондо айылда учурап калып, андан алты нусканы берсем, жоолугуна түйүп, белине байлап алып Жаз-Көчүүгө кеткен. Андан кийин да көзү өткүчө дайыма жолугушуп жүрдүк.

Мен муну айтып жатканымдын себеби, Заит мергендин деле аңчылык тагдыры ушуга окшошуп кетет, Задибай мерген Бабаш-Ата тоолорунун кыркаларына уучулук кылса, Заит мерген Зарафшан тоолоруна мергенчилик кылат. Зарафшандын берки бети Өзбекстанга, наркы жагы Тажикстанга карап турат. Ал 33 аюунун терисин сыйрыганын айтат. А тоо жаныбарларынын санын Задибай сыяктуу эстей албайт.

Эми Заит мергендин өзүнүн сөзү менен аңгемесин угуп көрөлү... Мен бул кызык өнөрдү Молдалыкул деген

мергенден үйрөндүм. Анын 28-кайрыма мылтыгы болор эле. Ал адегенде мага кекилик, коён аттырды, Кызыл-Мазар тоосуна, Көк-Зоого чыктык. Дүрбү салып отуруп, алыстан бешим чендерде 50гө жакын кийик көрдүк. Бир кийик атып, аны ошол жерде эле шишкебек кылып бышырып жедик. Ошондон баштап аябай кызыгып калып, кийин өзүм жалгыз чыктым. Жети кийиктин бирин атып алдым. Ошол жылы төрттү аттым.

Менин окуум кызык болду. Жылкы багып жүрүп, 30 жашымда 10-классты бүтүп, мугалим болуп, 1—4-класстарга сабак бердим. Эки жылдан кийин мугалимдикти таптакыр таштап, мергенчиликке кызыгып кеттим.

Кийиктин көбү Зарафшан тоолорунун Тажикстан жагында экен. Ошол жакта жүрдүм. 4 жылда 60ты аттым. Ар бири 100дөн 120 килого чейин келет. 1961-жылы бул жакка кайттым.

Мергендин окуясы кызыктуу. Кээде чындыкты айтса апыртып жаткандай көрүнөт. Угармандар ишенбейт, калп айтып жатат дешет. Андай учурда сөздү улагың келбейт.

**Журналисттин чегинүүсү:** Задибай мерген да ушинтип айтаар эле. Анын үңкүрдүн ичинде аюу менен кармашканын, бир үйүр эликти чокмор баш таяк менен жыга чаап алганын, алдынан бир аюу эки мамалагы менен оропара чыга калып, эки колун бооруна алып, энеси жансоолаганын айтканын баары чындык болчу. Заит мергенде мындай укмуштуу окуялар көп. Анда эми сөздү өзүнө берели.

...Кум-Сайда бир күрсүйгөн аюу тамыр көөлөп жатыптыр. Мени көрө коюп мага көздөй чуркады. Анча аңдабай келаткан мен өзүмө бир аз калганда атууга үлгүрдүм да, качып жөнөдүм. Мени чоң ташты үч айлантып кууду. Арсайган тырмактары желкеме жабыша бере жаздап, костюмум колуна тийген экен, аны сыйрып чеңгелдеп алып, чуркаган бойдон качты Мен эсиме келгиче көздөн кайым болду. Кандын изи менен жүрүп отурсам Кашка-Сууга барып өлүптүр. Мен аткан ок өпкөдөн чыгып кеткен.

Тажикстандан Абжал деген чабан келип беш коюн көкжал жеп кеткенин даттанды. Каякка көчүп барсам да артыман калбайт дейт. Мен карышкырлардын жолун тосуп жаттым. Үч күн келбеди. Сезип калышса чыкпай жата беришет. Өңүт келтирип аңдым жүрсөм, алтынчы

күнү көкжалым бир чоң койду көтөрүп бара жатыптыр. Аттым эле ок тийгенде койду таштап качты. Эртеси акмалап изи менен барсам өлүп калыптыр. Абжал мага бир кой берди.

Бир күнү Түгөлбай кызы өпкө касал болуп калганын, ага аюунун майы дары экенин аттанып мергенчиликке чыктым. Же мурда менден жарадар болгон аюубу же мени жакшы таанып аңдып жүргөнбү артыман келип кол салып калбасбы. Атты бура бергенде мага жетпей калып жээрендин (аты) кардынан тиштеди. Анан мага тийишти. Нак мээге аттым. Аттын мине турган жак терисин сыйрып кеткен экен, эки кабырга агарып көрүнүп калыптыр.

Бул Заит мергендин эпизодорунан, болбосо канча бир кызыктуу окуялары түгөнбөйт. Анын асканын секисинде аюу менен күрөшкөнүн, эликти качырып жиберип, өңүттө турган балага жолукканын, моюундашып турган эки кийикти атып, ал ок ары жакта турган кийиктин ичине тийип, бир ок менен үчтү жыкканын, каблaндын секиргендеги окуяга күбө болгону же бир күндө жети кийик атканын — кайсы бирин айтууга үлгүрбөйсүң.

Бирок дагы бир кызыкты айтпай кетүүгө болбостур. Шарап Рашидов Өзбекстандын жетекчиси болуп, эки баатырдык наамды алып, күчөп турганда даңазалуу Заит мергендин аты ага угулат. Ал киши кайберендин гөшүн жакшы көрөбү, же өзү Жызактык үчүн көңүлү тарттыбы, айтор, Заит мергенге келе тургандыгы тууралуу кабар болот. Айылдык чоңдор чаңтополоң түшүп, ага дача даярдай баштайт. Заит мергенди жемелегендер да болду. Сенин азабыңан түйшүккө түштүк,— дешип. Албетте, андай чоң адамды тосуп алуунун жоопкерчилиги кыйын эле.

Рашидов түз эле отпускага чыгып келип, жаңы салынган дачадан орун алды. Күндө сыйсыпат, шаан шөкөт. Эми Заит мергендин олжосун көрүү керек эле. Ал ок дарысын алып, тоого кетти. Биринчи күнү жолу болбой кайтат. Экинчи, үчүнчү күнү да...

— Башка убакта кур кол кайтчу эмесмин, негедир Рашидов үчүн уум олжосуз болуп жатты. Уят болгонуму айтпа, эмне кыларымды билбей калдым,— дейт мерген өзү. Рашидов бир жумадан кийин:— Заит ака, капа болбоң, ал деген кайберен, багып алган бөстөк эмес, менин

сизге эч доом жок, кандай ишиңиз болсо кайрылып туруңуз,— деп үргүлжө келген үй-бүлөсү менен кетет.

Мына ошол окуя азыр элде аңыз болуп айтылып калды. Эл аны ар нерсеге жоруп жүрөт. Мен болсо жөн эле кокустук деп ойлойм.

Макмалдык Заит мерген ак көңүл, кең пейил, март, чарбадар жана эмгекчил, бай адам. Эгер макмалга өтүп калсаңыз бир кайрыла келсеңиз өнөрү да бар, меймандостугу да берешен кыргыздын жакшы адамына жолугуп көңүл ачып кайтасыз. Мергенчилик окуясы көзүңүз өткүчө эсиңизден чыкпайт

## Той

Чоң тойлор сүннөт той жана пайгамбар жашын белгилегенде өткөрүлөт. Кыз көчүрүү илгерки шаан-шөкөт менен болот. Бирок өзбек элинин салты аралашып кетет.

Сүннөт той бала жети жашка жеткиче мусулман шарыятын тууралайт. Тойго даярдык үчүн адегенде 30—40 кой байлайт. Сарпай дапдаяр кылып алып, биринчи тууган масилатин өткөрөт. Анан кыштак масилети, катта масилети, ар тараптагы кыштактагылардын масилети болот. Кызматын жана коноктορду ким багышын тууган масилетинде чечишип алышат. Салым деп коёт, ага эки төө, төрт тай байланат. Тойдо көкбөрү тамашасы болуп, улакты такымга басып чабышат.

Ал эми кыз көчүрүү тоюу андан кызык. Куда түшүү үчүн уул тарап, кыз тарапка кулдук уруп, уй жетелеп, кой, эки тогуз мата, таттуунун түрлөрүнөн алып барат. Бүт туугандарын чакырып, кыз куймак бышырат. Куймакты жээрдин алдында жети атасын түшүндүрөт. Куда үч ирет кулдук урат. Куймакты жеп бүткөндөн кийин куда кулдуу болсун дешет.

Экинчи ирет ооз майларга 2 кой, кызга кийим-кече, мөмө-жемиш алып барышат, ортодо ар ай сайын айттык той, мата той өткөрүп, келиндин упа-эндигине чейин даярдап, куда уул тарап жеткирип турушат. Уй, кой, пул жана башка салыктарды салат. Ушинтип кыз көчүрүү тойго макулдашылгандан кийин убакытты белгилешет.

Кызды көчүрүп келүү үчүн барганда дагы жаңыларын алып барып, күйө-баланы жолдоштору менен үйүнө киргизет. Оюн болот. Айылдагы кыз-келиндер бүт жыйы-

лат. Анан кыз-күйөөнү энесинин үйүнө киргизип, тогуз табак тартат. Ошол жерде нике кыйылат.

Төшөккө өткөрөр алдында эки жеңеси күрөшөт. Кимиси жеңсе төшөк маданиятын ошол тейлеп калат да, кыздарга күздүк берет. Күйөлөр сыртта калып, күйөө бала жеңелер үчүн балыш алдына 20 сом акча коёт. Анан бала менен кызга төшөк маданиятын үйрөтөт. Алар таңга жуук жолдошторунун үйүнө келип, жүктү артып жөнөтүшөт. Кызды атасынын үйүнөн жасайт. Көчүрөрдө жеңелери алып чыгат. Эшиктин алдында атасы бели бек болсун деп кызынын белине жоолук байлап дуба берет. Кыз ыйлайт. Кыздар кыз көчүрүү жаржарын айтат. Мен Асанбек менен Зулфиянын үйлөнүү тоюна катышып калдым. Асандын атасы Гулбаев Ирсали 60 жаштагы чабан, Кудасы Назар дагы чабан. Экөө тең бала-чакалуу. Асанбек Зулфия менен таанышып калып, аны жактырат. Жигит кыз бири-бирине ашык болуп, ата салты боюнча Ирсалы Назардын алдына барып, куда түшөт. Бардык ырым жырымы болгондон кийин кыз көчүрүү убакты жетет.

Мен келин келе электе Ирсалы аксакалдын үйүндө той күтүү шаанисинде болдум. Айылдын эли түп көтөрүлүп келип турду. Баарыбыз мейманканаларга кирип, бата тилеп, нан ооз тийип, чай ууртап чыгып кете берет экенбиз. Келген кишилердин ар бири акча берди Ирсалыга, алына, чамасына жараша ар ким ар кандай суммада. Бирок акча берген адам чыгып кетип жатканда ага көйнөктүк эндей кездеме тартууланды. Аны колтуктап чыгышып, эшикте келиндин келишин күтүп турушту. Той той да, көчө, короо, үй толгон адамдар. Балдар көчкөч ойноп жүрүшөт. Туш тарап тойдун шаанисине бөлөнгөн.

«Келин келатат» дешип эл дүрбөп калды. Белестен бери ашкан ГАЗ-53 машина көрүндү. Сеп жыкжыйма жүктөлгөн. Жардап турган элдин алдына токтоду. Септи Майрам алып келген, келиндин атасынын бир туугаиы куда башы болуп баштаган. Чоң жоолуктун ичинен дагы бир ак жоолук салынган. Майрам септи түшүртө баштады. Килем, кийиз, тең ороо, туш кийиз, кажаары шалча, 3 сандык, 30 көрпө, 80 балыш түшүрүлдү. Андан башка материалдардан макмал, кыжым, бейкасам, атлас, курак көрпө жана бөстөк, трюма, буфет бар. Адия келгенде акча беришет. Кыз тарап союлган койдун мойнун алып кетишет.

Анан келин машинадан түштү. Жолдон ороп алып, ар кандай ырым-жырым кылышып, бир маалдан кийин үйгө жүгүнтүп киргизишти. Көшөгө тартылган. Келиндин курбулары сыртта отуруп алышып жарылдап жар-жар айта баштады. Бул кызга күйөөнү жаткырганы баргандагы жар-жар экен:

Ай, ай, өлөң, жан өлөң,
Жанан[1] болсун жар-жар.
Ушундай Гүлзар заманда
Ойноп-күлүң жар-жар.
Мээнет менен жаралган,
Бактыбыз бар жараткан,
Айтканга арзый турган,
Жездебиз бар жар-жар.
Жар-жар айтып барабыз,
Сай боюна жар-жар.
Соога[2] кылса жарашады,
Эл тоюга жар-жар.
Дака көйнөк этегин,
Тытка кагалы жар-жар.
Келин түшкөн бактылуу үйгө,
От жагалы жар-жар.
Кат-кат гана каттама.
Катталды жар-жар.
Кызды алып дуганасы[3],
Аттанады жар-жар.
Кызды алып дуганасы,
Карап турсун жар-жар.
Ак сүт берген анажаны,
Ыраазы болсун жар-жар.
Дарыяга таш атпаңдар,
Батар-кетер жар-жар.
Узакка кыз бермеңдер.
Алып кетет жар-жар,
Ай, ай өлөң, жан өлөң,
Ай баласы жар-жар.
Биздин келин кыштактын,
Гүл лаласы жар-жар.

---

[1] Жанан — сулуу
[2] Соога — белек
[3] Дуганасы — жолдошу

Той уланып жатты. Дасторкон толо. Адегенде атайын союлган ноопаздын (же өгүздүн) шорпосу эти менен тартылат. Анан палоо жана башка тамактар берилет. Бизге окшогон меймандарды жана чоңдорду атайын жасалгаланган дасторконго, ачык абага алып барышты. Эмне жок ал жерде, жалаң бейиштин тамагы, шарабы. Мен көптөн угуп жүргөн, таарпа үчүн бир жешке кызыгып жүргөн, орого бышырган этти ошол жерден жедим. Даамдуулугу, жагымдуулугу эч башка тамакка окшобойт.

Койду союп, терисине ороп, орого толтура жагылган чокко көмүп коёт. Албетте, нормасы менен туздайт. Же арчанын чогуна орону жарым толтуруп, суу жыгачтарга этти илип-илип, оронун үстүнө шишкебекке окшотуп тууралап коюп, үстүнөн териси менен жаап, турпак менен көөмп коёт. Мөлжөлү жеткенде алып жесе даамдуулугуун айтпа. Мен ушуну көптөн угуп жүрүп, тойдо көрдүм.

Тойду Кара-Суу кыштагынан орус тили мугалими Хамидов Асат башкарды. Бирок ал жалаң өзбекче сүйлөдү. Куттуктоого чыккандар да дээрлик бардыгы туугандарча «кап урушту». Албетте, мага өөн учурады, өздөрүнө билинген жок. Кайран кыргызымдын тили бурмаланып калган экен деп бушайман тарттым.

Аялдар учурашканда «ассалом алейкум» дешип көрүшөт. Тойдо чоң жана кичине эки жоолук салынып алышат. Шыйрагын көрсөтпөй багалектүү ылаазым кийишет. Эркектердин жолун кыркпай, аркасын салып өтүшпөйт. Күйөөсүнө катуу сүйлөп, акарат кылбайт. Бирок мындай аялдар утушка ээ, анткени эркектер анын сыйына жараша мамиле кылышып, урмат менен жашашат.

Кыздар талталдап чачын өрүшүп, аркага таштап коюшкан, анысы жарашып, сымбаттуу жана сулуу болуп калышат. Жылаң баш жүрүшпөйт. Эгер жолунан улгайган адам жолугуп калса кыялап өтүшөт. Ырас, ушундай ыймандуулукка көзүм көнбөгөн мага (шаарда жашагандыгыман го) кыздардын жүрүш-турушу, кыргызча кийинип жасанганы, ажардуу жүзү, ырайымдуу адеби көңүлүмү жылытып, жомоктогу перилердей эле элес берди.

Байкоомдо үй-тиричилигинин бардык түйшүгү аялдардын мойнунда. Бирок аны жеңилдетүүнүн жолуна

түшкөнү эркектердин аракетинен туюлат. Албетте жеңилдетүү десе күйөөсү казан асып, жалаяк жууйт деген кеп эмес, оор жумуштардан куткаруу ыгына көнүгүп жатышат. А чынында аял аял болуп жаралган соң үй-тиричилиги анын мойнуна жүктөлгөн. А сырткы жана ички оор жумуштар эркектердин иштери эмеспи. Алла Таала эркекке да, аялга да ушундай тагдырды буйруган.

Жызак облусунда 40 миң кыргыз бар. Бирок бул божомол гана, так маалыматтар жок, кээ бирлер деги эле көп санды айтышат. А чынында так маалымат берилбей жатат, көп жылдардан бери ушу туюкка капталып калышкан. Буга жергиликтүү бийликтердин тоскоолдугу бар экени жашыруун эмес.

Мен үч районду: Достукту, Заминди, Макмалды кыдырып, аерде жашашкан кыргыздардын суранганы эле балдарын Кыргызстандын окуу жайларына кабыл алууну өтүнүштү. Мунун чоң себеби бар, Өзбекстандан кыргыз элиңе бар дейт, а кыргыз эли болсо Республиканда оку дешип, эки жака түрткүнчү болуп, ортодо кыйналып жатканы жашырын эмес. Бирок, Өзбекстанда дале кабыл алып, окушту жана окуп жатышат, дагы өтүшөт. Анын бир жагы болуп жатат, окуу өзбекче болгондуктан кыргыз тилинен айырмаланып такалып, экинчи бир зыяндуулугу мектепте кыргыз тили жана адбияттан өзбекче өтүшүп, тил бузулуп, окуучулардын убалына калышат. Мен мектептерди кыдырып жүрүп, көп эле Өзбекстандын окуу жайын бүтүп келген мугалимдер кыргыз тилинен сабак берип жаткандын жолуктурдум. Ал түгүл Жети-Кечүүдө өзбек кыргыз тилинен сабак берет. Бул кыргыз кадрларынын жетишпегендиги менен түшүндүрүлөт.

Ырас, Кыргызстандын бардык окуу жайларында ал жактан келип окуп жаткандар бар. Бирок аз санда.

Мен Жызакты кыдырып келгенден кийин Кыргыз Республикасынын элге билим берүү министрилигинин орунбасары М. Т. Иманкулованын кабыл алуусунда болдум. Ал мени менен жакшы маектешип, өз кызматкерлерин чогултуп, көргөн-билгендеримдин баянын угушту. Жылуу кабыл алууга абдан ыраазы болдум. Бирок, ал жактагы кыргыздарды окууга көп алуу керек экендигин айтканымда ал: — Анча-мынча эле кабыл алып коюп, аларды жаман үйрөтпөйлүчү, — деди. Кеп

каякта экенин мен түшүндүм. Ал ой өзүнүкү экенин же «чоңдор» менен ушундай чечим чыгарып алышканын билбеймин. Болбосо Иманкулова өзү ал жактагы кыргыздарга жолугуп, кыдырып чыкканын, эли-жерин, баарын мактаган.

Албетте, Өзбекстандыктарды күргүштөтүп окууга өткөрүп алуу деген сөз эмес, идиреги барын, окууну максат кылганын, жөндөмдүүлүгүн караштырып көрүп өткөрсө, бизге бел байлап, элибизди ата мекен тутуп жүргөн кыргыздарга ылдыйда өбөк, өйдөдө жөлөк болууга тийишпиз.

Ал жакка министрликтен башка мырза Шеримкулов, Эркебаев, Бобулов өңдүү даражасы барлар көп эле барып келип жатышат. Бирок, алар өтүнүчтөрүн, проблемаларын чечип берип турушпаса боордоштуктун мүдөөлөрү дымып тура бермекчи. Сөздүн түпкү маңызы Өзбекстандын жетекчилери менен тил табышып, кыргыздардын илим-билимин, маданиятын жана башка укуктарын көтөрүү болот эмеспи. Ансыз мейман болуп, а деп, куп деп баш ийкешип жүрө берип, бул жакта унутуп калганда улутташтарыбыздын эңсөөсү мурдагы эле боюнча калып жатпайбы. Мен такыр эле аткарылбай жатат дегеним жок, али алдыдагы байланыштардын мындан аркы өркүндөшүнө кулак кагыш кылганым.

## Орчундуу маселелер

Менин журналисттик «саякатымда» алардын бизден сураныччы төмөнкү проблемалар болду: 1. Балдарды окууга өткөрүүдө конкурска туруштук бере албайт, ошондуктан бул жагынан жеңилдик болсо.

2. Кыргыз адабияты жана тилинен, сүрөттөн, музыкадан кадрлар менен толуктап турууга жардам берсе.

3. Сүрөт, көркөм адабияттар, кыргыз тилиндеги пластинкалар жана окуу китептер менен камсыз кылуу жагына көңүл бөлүнсө.

4. Методикалык окуу боюнча Кыргызстандын билимин өркүндөтүү институтуна тез-тез чакырып турушса.

5. Кыргыз мектептерди ачууну биздин өзүбүзгө эле коюп койбой, кыргыз өкмөтү да кийлигишип, өзбек өкмөтү менен алакалашып иш жүрүшсө.

6. Биздин эң негизги максатыбыз эне тилинин тазалыгы үчүн күрөш, чындыгында тилибизге өзбек, казак,

түркмөн тилдери аралашып кеткен. Ошондуктан таза сүйлөй жана таза жазуу үчүн бир гана айла Кыргызстандыктардын жардамына таңкыспыз дешет.

## ТАМАМЫ

«Кандайсыңар кыргыздар, кайдасыңар кыргыздар», — деген публицистиканы окуган окурман, мен Өзбекстандык кыргыздарды кыдырганымда СССР жоюла электе барганым түшүнүктүүдүр. Андан бери бир аз эле мезгил өттү, турмуш жана проблемалар ошол бойдон эле негизинен өзгөрүүсүз турат. Бирок, жаңылык утуру жаңыланып, алды жакка кадам алат. Ал жактагы боордошторумдун максат-тилеги турмушка ашат деген кыял бийлейт мени. Аны кыргыз элим толук колго алганда көксөгөн мүдөөлөрүнө жетери бышык. Ошон үчүн алар Улуу Ата Мекени кыргыз элинен жардам күтүп жатат.

Мен үч райондо болуп, жер кезип жүрүп, көз менен көрүп, кулак менен угуп, көп адамдар менен баарлашып, ал жактагы кыргыздардын турмушунан бир аз элестете алдым деп ойлоймун. Баяз карыянын баянын, Эшпековдун Мырза-чөлдөгү таржымалын, Чотбайдын тагдырын, Жети-Кечүү жеринин элесин, Абылдын устачылыгын, Т. Бурановдун «Ак Суусарын», «ишмерлердин» ишин, куда түшүүнүн жана тойдун салтанатын, Тургунбай көкбөрүчүнүн чабандестигин, Жорупов Турсункулдун билим берүүдө эмгегин жана Заит мергендин бүтпөгөн аңгемелеринен жазып, ал жактагы кыргыздардын турмушун жана жашоо тиричилигин, өнөрүн айтып бергим келди. Дагы кайталап айтсам, алардын ички, тышкы шарт-абалын, турмуш-тиричилиги, салт-санаасы, той-тамашасы, эң кызыгы ой-максаты, проблемаларын кыйгай чагылдырдым деп ойлойм. Жеринин жаратылыш көркү, эмгектин күүсү, көчмөндүк менен отурукташкан доорлорун учкай элестетип бере алдым бекен?

Достук, Замин, Макмалдын мен жолуккан жана учураша албай калган боордошторум дайыма аман болгула. Менин дилимде силер кошо жашайсыңар.

# АБДЫШАРИПТИН САНЖЫРАСЫ

1990-жылдын күз айларында көл кылаасында санжырачылардын конкурсу болду. Ага адегенде кыргыз элинин туш-тарабынан 150 адам катышкан. Утуру тандалып отуруп, мыктылары иргеле берип, акырында биринчи сыйлыкты Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунан Абдышарип Тургунбаев жеңип алган. Албетте, Республикалык санжырачылардын биринчи конкурсунда биринчиликти ээлөө деген сөз оңойбу. Мен муну жорго жарышка салыштырып элестетээр элем. Байгеде дулдулу гана озуп келет. А Абдышарип санжырачы болсо куйма кулактыгы, акылдуулугу жана сөз чеберчилиги менен жеңип отурат. Жумурай журттун алдында адам ата менен обо энеден баштап ушул күнгө чейинки санжыраны айтуу не деген укмуштуу сыр да, не деген окуя. Мен ошол үчүн Абдышарип санжырачыны сыйкырдуу жана ыйык адам дээр элем.

Мен санжырачынын аты бир эле көз ирмемде дүңк этип тарагандан баштап ага жолугууну эңсеп калдым. Айылына кайтып келгенде журналисттер тобунан биринчи болуп бардым. Адегенде ал жашаган жердеги «Интернационал» орто мектебинин директору Жалилов Тажибайга жолуктум. Ал санжырачынын кошунасы. Тажибай аке мени кубантканы санжыраны магнитофонго жазып алабыз деди.

Мен Жалиловдун үйүндө отуруп, ал киши Абдышарип санжырачыны чакырганы кетти. Тажибай аке кайра келип, аны бир топ күттүк. Бирок, Абдышарип санжырачы үйгө суз кирди. Мен кооптоно түштүм. «Кел, Кочкор»— деп көрүштү да, төргө өтүңүз десем болбой ылдый отуруп, унчукпады. Атымы айтып көрүшкөнүнө

караганда мени чакырып келген кишиден билип алган экен. Адеп сөздү өзүм баштадым. Бирок чечилбей отурду. Көрсө, анын мааниси бар экен.

— Мен силерге таарынып жүрөм, Мухтар (Борбутулов) экөөңө, эки адамдан айттырдым силерге, келип менин санжырамы жазышсын деп. Качан эле чыгарсаңар болмок, өз элиңердегилерди баалабайсыңар. Баятан бери сүйлөбөй таарынып отурганым да ошол, — деди.

Мен таң калдым. Бизге эчким айтып барган эмес. Бу киши жөнүндө укпаган элем. Чынын айттым. Кимден айттырганын сурадым:

— Силердин айлыңардан Арстанбапта токой чарбасынын деректири болуп иштеген (азыр Түштүк токой чарбасынын начальниги) Асанбеков Маматжандан айттыргам, беркисин азыр унутуп турам.

Беш-он жыл мурда эле мага келип жазсын дегенмин.

Биз эми бири-бирибизди туура түшүндүк. Анан чечилишип сөзгө кирип кеттик. Ошентип санжыраны Тажибай аке эки касетага жаза баштады. Бирөө мага, бирөө өзү үчүн. Мына ошондо жазып алган санжыра...

**ЭСКЕРТҮҮ:** Санжыра көлөмдүү болгондуктан толук бере албадым. Аягын кийинки чыккан «Акгүл» деген китебимен окуйсуздар. Абдышарип санжырачынын айткандарын редакциялап, адабиятташтырбай берүүнү туура көрдүм. Атайлап ошенттим, себеби, ондой бергенде укулуктуулугун жоготконсуп коёбу дедик, өзүндөй укканыбыз кызыктуу болоор.

Лентадан бүдөмүк угулган, сөзү так эмес же үзүлүп калган жерлерине болжолдоп сөз кошууга болбогондуктан, андай жерине үтүр жана эки точка (,..) белгисин койдук.

x x x

Аузу биллахи минаш-шайтоон ир-ражиим, Бисмиллах ир-рахмаан ир-рахим: Алла-таала он сегиз миң ааламды жаратты, аршы-күршү буларды жаратты, жети кабат жерди жаратты, алты кабат асманды жаратты, ай күндү жаратты. Аалам деп: шамал өзү бир аалам, жылдыз өзү бир аалам, ай өзү бир аалам, күн өзү бир

аалам, суу өзү бир аалам, жада калса дарактар өзү бир аалам, буга окшогон ааламдарды айтып отурса мунун эсебине,.. жетиши кыйын, алла өзү жетет мунун эсебине жана адам атаны парбардигар эгем өз кудурет камириндедан периштаЛарди жиберип туруп, бул кишинин турпагын алдырып жасаткандан кийин буга жараша журтта алаар деп, хазрати хава энебизди жаратты. Хава энебизди жаратканда мунун адам атаны сол кабырга тарабынан, этинен алып, ушунун канынан кошо жууруй баштап туруп, ушуну хава энебизден жаратты, адам атанын оозунан,... 300 жылга чейин кирбей турган экен. 300 жылда периштелар тегеретип, ороп келип туруп, мына ушуга жан анан кирген. Жан ушунчалык коркконки келечекте жан бергенде оозунан кандай чыгам, кыйынчылыкта калам деп, жан ушунчалык качкан, акырында адам атага жан киргенде чүчкүрүп туруп тике турганда «Алхамду лиллаахи раббилл ааламин» деп шу сөз оозуна келди, адам атанын мына ушунда хава эне менен адам атабызды жанаттын эшигине алла-таала койду. Булар жанаттын ичинде пайгамбар жүрүшү айдан ачык күндөн жарык болуп анык нечен жылдар тургандан кийин буерден шайтан мурунтан адам атаны жасагандан тартып эле бу каршылык баштап жиберди, каршылык баштап жиберип бул менден дагы өтүп кетеби деген болуп ичи тарлык кылып отурганда, шайтандын мойнуна току наалат деген бир тактаны мойнуна салып койду, ушул току наалат деген тактаны азыр кытай элинде ууруларга, күнөөкөрлөргө мойнуна салып койот имиш. Менин угушум боюнча току наалат деген тактаны шайтандын мойнуна салынган, шайтанга жаза берилип калган. Ушунда арштын деп алтынчы асманды периштаЛарга карап туруп, бул Арштын Сачы деген жерге мындайча айтканда нур печетке деп түкүрүп жиберген шайтан, ушундан баштап шайтан болгон. Бул жерге кийин бул адам ата менен хава энеге каршылык кылып жүрө берген жанаттын оозунда, ошол кездерде ушундай болду, алдын кароол турган экен, ушул кезде жылан жана тоос деген куш ушул жанаттын оозунда кароол экен, булар ушул адам атаны алдырыш үчүн шайтан барып туруп, шайтан азгырып, жыландын тилинин алдына кирип туруп, тоостун көзүнө көрүнбөстөн, жылан кы-

чыктан мойнун узартып туруп шайтанды жанаттын ичине киргизип жиберген экен. Киргизип жиберген кезинде бул барып адам атага бет келе албастан, ушул энебизге бет келген экен. Энебизге бет келип ушул кезде буудайдын чоңдугу саалкам андалектей, мындайча айтканда коондой болгон экен, жанаттын ичинде. Сен бул ушул дүйнөгө адам болуп келип, ушул даамды кандай татыбай жүрөсүң, кудайдын буйругу деп эле жүрө бересиңби, силерди ушул жерге коюп койгондон кийин деп муну алдап-соолойт экен. Бул аял киши тез сөзгө кирип кетип туруп, муну менен алиги буудайды ооз тиейлик, деп туруп,,.. айта берет экен, кулагынын кужурун койбойт экен. Акырында аял киши тез сөзгө кирип кетет экен, сөзгө кирип кеткенден кийин ээ, ушуну жейлик дейт экен. Анан ошондо жейт экен. Жегенде жанаттын ичинде оокаттанган оокаты тер, менен, оозундагы аба менен гана чыгып кетип жүргөн экен. Буудайды жеп жибергенден кийин жанаттын ичин булгап жиберген экен булар. Булгап жибергенде мында жанаттын ичиндеги сакчы периштелар кудаага арыз болуп, жанатты булгап жиберди дегенде, кудаанын амири болду, таги өзү кудаанын амиири жанаттан жарыктыкка чыгарыш максатында болгон. Ушул жанаттан чыгарыш болгондо күнөөсү ушу сакчы периштаға айтты, жанаттын оозунан айдап чыккыла деди. Андан алып чыкты. Палахман деп коёт, сахман деп коёт экөө бир эле сөз. Илгери биз кичинекей кездерибизде таруу, конок, жүгөрүнү мына ушуга сахман деген кесек салып атчубуз, чымчык коруйт элек. Ушуну палахман дагы, сахман, салмоор деп да аталат. Бул өзү үч кыл сөз, кыргыздын сөзү, ушул жерде кудай таала периштаға буйруду, биринчи адам атаны ушул салмоорго салып атканда бул адам ата Кавказ тагына барып түшкөн экен. Ушун үчүн Кавказ элдери чоң-чоң болуп калышы ушул себептен деп айтылат, жана хава энебизге ушул жерде ушул салмоорго салып атканда Кытайдын кара тагына барып түшкөн экен. Мына ушул үчүн Кытай элинде уруктан урук көбөйүп кетиши да, башында зор азада болуп калган. Андан анын аркасынан алиги сакчыларды күнөөкөрлөп, тоос деген кушту салмоорго салып атканда мына ушул Авганистанга барып түшкөн экен, ошон үчүн тоос кушу Авганистанда көп болот экен. Андан кийин жылан-

ды ушул салмоорго салып атканда бул жылан барып Индияга барып түшкөн экен. Бул Индияда жыландын көп болушуна себеп экен. Ошону менен булар 300 жыл бирин-бири көрбөй жүрүп калышты алыста. Акырында кудаанын амири, ушуга да шайтан дагы орапара келип дагы ушундай болот деп эптеп жеткирген. Жеткирген-де Арабстандын ушул Хиндистан деңиздеринин чекелерине алып келип туруп, Моздарипа деген жерден экөө бет келишкен экен адам ата менен Хава энебиз, Моздарипада экөө жамбаштап отурушуп сен каерде болдуң, сен каерде болдуң деп 37 жыл сүйлөшүп отурган экен. Бири-бирине карап отуруп 37 жыл сүйлөшкөндө да сөзү түгөнгөн эмес. Эр-катыны бири-бирине жакшылык, жакын кылыш кудаанын өзүнүн амири.

Мына ушундан баштап, бул кишилер кайда болсо, ошондон кийин анан ушул жарыктыкка келишип, баарын жасашып тургандан кийин бир караңгылыктар пайда болуп кеткен экен. Андан кийин таң жарыгын көрө калышты. Таң жарыгынан,.. мына кудаанын амири менен бул киши ушул Багымдат намазын окуган экен, Адам атабыз, Хава энебиз дагы. Ушундан баштап биздин мусулмандар мунун кармап калганбыз. Улантылып келе жатат. Ушундан баштап мындан ар дайым энебиз төрөгөндө бир эркек бала, бир кыз бала төрөйт экен. Ушул 72 кыз, 72 уул төрөгөн экен. Бул кудаанын амири ушу бири-бирине алып берип турду. Себеби, адам жок. Ушуну менен алиги бизде 72 пурха деген сөз ошол болот. Ал эми азыр ал пурхаларга эсеби жетпейт, ушундан уланып отуруп, жер бетинде нечен заман, нечен күндөр, нечен-нечен пайгамбарлар, жакшылар, жамандар өтүп отуруп, Нух пайгамбардын убактысына келген. Эми мунун ортосу абдан узак.

Нух пайгамбардын убактыларында адам жер бетинде бут коюшка же бир жамбаштап жатышка жер калбастан адам ушундай көбөйгөн экен. Ушундай көбөйгөндө эч бир мусулман кудаанын бардыгына ишенген адам калбады ошол кезде. Нух пайгамбар айтса муну шылдың кылып токмоктоп жүрүштү, уруп жүрүштү. Акырында Нух пайгамбарга кудаадан кабар болду, Нух кеме жасагын, жасаган кемең жети кабат болсун деди, улук пайгамбарыбыз элчи париштага айтты колумда курал-жарагым болбосо, мен аны кандай кылып

жасаймын, мен аны биле албаймын дегенде сен аракет кыл, сенден аракет менден берекет. Сен аракет кыла бер, мен жиберүүчүлөрдү жиберем деп уста периштеларды жиберип жети кабат кеме жасаткан экен. Жетөөнү бөлөк-бөлөк койгондо ошол кездеги адамдар, биздин ата-бабаларыбыз бизге муну даараткана кылып койгон турбайбы дешет. Мында Нух пайгамбар кейиген экен. Кейигенде жана кудаадан кабар болгон экен. Нух сен кейибе, муну өздөрүнө тазалатам. Кудайдан ушундай жабыр-жапаа келди, ошол кездердеги адамдар дени, баданында бүтүндөй бир кычышкаак жарат пайда болгон. Жараат пайда болуп кеткенден кийин эч жандары калбай жүрдү. Бир күнү бирөөлөрдүн ошол барган жерлеринде колуна тийип кеткен, бутуна кийип кеткен жерден алиги даараткнадагы заңдар тийип кетсе айыга баштаптыр. Сеники ушундан айыкты, сеники ушундан айыкты деп олтуруп, мына ушуну дары кылып ичип-жеп отурушуп, тазалашып, чайкап мурунку калыбына келтиришкен экен. Ошондон кийин булардын жаралары айыккан экен.

Айыккандан кийин жети кабат кемени ушундай катарлап, Нух жакын калды сен өзүңө караштууларды алып чыккын, көп алып чыкпайсың, ушу кыбыраган жандан бир эркек, бир ургаачысынан алып чыгасың тукум үчүн, алты айга жете турган азык-түлүк камдап чыгасың деген буйрук болот. Эсепчиге паришта,... барат. Алты айлык азык-түлүк эсептеп берет. Ошол эсепчилик ошол маалда эле башталган.

Алты айлык ырыскыны, азык-түлүктү камдалып болду дегенде жети күн, жети түн жамгыр жаады, дүнүйө жүзүнө жаады, жамгырдын ар бир томологу бир батман дейт. Бир батман деген сөздү бизде которгон болсок бир тоголок жамгыр 30 тонна болот. Ушундай болуп жамгыр жаады. Жер жүзүн суу каптап, бардыгы суу астында калды, суунун үстүндө кеме көтөрүлүп кете берди. Алты айга чейин суу соолубай турду, алты ай дегенде ушул азыркы кептерге Нух пайгамбар буюрду, сен ушу абада учуп бир кыдырып, күчүң жетишинче кыдырып келчи, бир жерде суу тартылган жер бар бекен? Алты ай убакты да келе жатат деп кептерди жиберсе, кептер абада учуп жүрүп, бир жерде суу тартылып калган болсо сен жерге түшпөй келгин деген экен. Абада учуп отуруп, учуп отуруп бир жерге барып

караса, суу тартылып калган экен коңур булгап, куш көрө калып түшө калган экен, чарчап. Түшө калса бутуна ылай жабышып калат. Кайрылып учуп келген, кемеге. Учуп келгенде сен бир айтканда эле түшүпсүң, эми ушул бутуңа жабышкан ылай сага балаңдан-балаңа байпак болуп калат деген экен. Ушул себептен кептердин бутундагы байпак ошондоы калган. Андан кийин кургакчылык болуп, урук түгөнүп кетсе да жыландардан бир жуп калса дагы ошол ыргыткан жагына көп тарапка сүрүлүп кеткен экен. Тоостордун бир жубу калган болсо да ошол тарапка сүрүлүп барган экен. Кытай тарапка кетип, Кавказ тарапка кетип калышкан экен. Нух пайгамбардын кемесинен жаныбардан чыкты жана үч уулу, үч келини менен бул киши да кемеге чыккан байбичеси менен. Эми балдары менен курукчулукка түшүштү. Түшкөндөн кийин ар бир келинине балдарынан бала пайда болду, чоң баласынан аты Хам экинчи баласынын аты Саум, үчүнчү баласынын аты Япас. Силер бизди түп адам ата деп эсептесек үчүнчү атабыз Япас деп эсептелет. Башкаларда Хам деп эсептелет. Сам деп да эсептелет. Ушул улук пайгамбардын Хам балдарынын жайланышкан жерлери ушуга,.. Хамдын биринчи баласы. Хамдын жайгашкан жерлери мына ушул Америка, Африка, Азия, Индистан деңиздеринин катмар бөлүктөрүндө жайланышкан, булар биринчи негирлер, экинчи күрддөр, үчүнчү цыгандар, төртүнчү Азиянын ичиндеги лөлүлөр. Лөлүлөр эч бир түрк калкына кошулбайт. Бул төртөө Хамдын балдары Нух пайгамбар 960 жашка киргенде карып барып калганда ошол Япас баласы жайлоого мал айдап тиричилигин кылып жүрдү, нечен күндөрдөн кийин кайрылып келсе атасын карыган адамдын бир жери ачылып калса, аны шылдың кылып, сүйлөгөн сөзүнөн адашып ушу Хамдын бала-чакасы күлүп отурушат имиш. Алжып калды деп турганда Япас баласы келип калган экен. Капа болгон атасы кабар албайсың деп Саумга дагы Хаумга дагы балаң шылдың кылды деп, таарынганда атасын желкесине коюп алып үйүнө алып кеткен экен. Үйүнө алып барып бала-чакасын жыйнайт Нух пайгамбар айтат экен балам, эки акеңи зайыптары, бала-чакалары менен чакыр. Мен да каруум кетип жатат. Өзүң бала-чакаң менен тур. Мен силерге берер белектеримди бөлүштүрүп берейин. Ошондо улук пай-

гамбардын баласы Япас акаларин чакы
чогулткандан кийин айткан экен. Хам бал
балам өлбөгүлө, очок башынан кетпегиле,
болгула балдарым, мени шылдың кылдың
шылдыңынар авалидан акырына ушул
балдарынан кете берсин, бул бир, экинчи
да калсын, үчүнчү, ыраңдары, бет, жүзү
төртүнчү тилемчилик, жетишпестик бол
батасын берген экен. Ушу күнгө шундай б
дын себеби,.. Андан кийин Саумдун бала
ка, Азия, Америкага туташып, ошол жакт
шат экен. Булар мына биринчи мисирл
осурлер, үчүнчү көрдөлүлөр, төртүнчү ибр
шинчи якуклер, алтынчы араблер, жетинч
мексикалдар, америкалдар, ангилистер
көп. Эсебине жетиш кыйын. Андан кий
балдарын айтып өтөлү. Япас деген улук п
кенже баласы. Бул кишинин Арый, Тур
аялы болот экен. Ошол кездерде аттар д
болгон экен. Арый деген аялынан бүт
хиндилер, ирандар, сартлар, авгандар, ү
турлар, латындар, француздар, инглисте
орустар. Булар ушул салкын жайларда ж
ен. Ак түстүү калктар деп аташат. Бул
Япастын чоң аялынан күткөн балдары.
ары Туруй аялынан күткөн балдары кыта
кытайлар, япондор, хиндер, осмондар, та
гыздар, казактар, калмактар, дунгандар,
Эми булар нечен түргө бөлүнүп кетет, б
Эми ушул жерде Япастын экинчи байбиче
төрөлгөн Финдин. Финдин деген бул бал
пайгамбар. Ибраим пайгамбардын балас
Исак, Исан. Эми ушул Ысмайылынан па
рашмин арабдары тарап кетет. Ысагынан
линде мына ушул тажиктер таркаган. Ыс
сы Түрк, Түрктүн баласы үчөө. Түренер,
емир үч бала. Түренерге караштуу балдар
кү, Башкыр түркү, Болгар түркү, Түркмөн
сай түркү биздин ичибизден шаары жок т
гыз түркү, Казак түркү, Уйгур түркү,
улуту кыргыз түркү. Каңыр-Йангырдан уш
нын батыш тарабынан барып жайланыш
жарауз түркү. 10 улут автономия областына

булар Туренийге караштуулар. Эми Аринейдин караштуу түрктөр булар, балдары Азербайжан түркү. Карачай түркү, Кумук түркү, Илбиш түркү, Асетин түркү, Яазгин (язгин) түркү, Даргү түркү, Стамбул түркү, Мискетин түркү. Бул 9 улут түрк Аринейдин балдары деп айтылат. Ортончу баладан. Үчүнчү бала Сартенир. Сартеңирден Токсон боолуу өзбек түркү. Агача түркү, Жүздөр түркү деп булар көпкө бөлүнбөй аралаш эл болот. Түрктүн Туренер деген баласынан Түрктүн балдарынан. Түркология деп коёт экенсиңер го азыр, Түркkө караштуу калктар ушулар. Түренейден Түтүк кан. Түтүк кандын баласы Элчикан, Элчикандын баласы Бекбус кан. Бекбукандан Күйүкан, Күйүккандан Аланчакан, Аланчакандан 4 бала: Татар, Башкыр, Болкар, Монгол Туриненин балдарынан Татар, Башкыр, Балкарлар, үчөө темир тоодон ары кетип калды, темир тоону билбейм, татарстан болсо керек, моңолду жалгыз кыргыз жерине таштап кетти. Моңол канды Моңол атадан баласы Каракан, Каракандан баласы Угузкан, Эми Угузкан атабыз энеден туулгандан баштап дүйнөнүн ары-бери жагын көрүп турган көзү ачык болгон, 36 жыл падыша болуп өтөт. Угузкандан эки бала: Туужерди, Кыржерди. Туужердинин баласы Түркмөн түркү, Элет түркү. Эми Кыржердинин баласы Кыргыз түркү, Казак түркү, Уйгур түркү адегенде бир кишинин баласы болбойт, баладан бала чыгат. Эми Кыргыз эли Угузкандан шарт эле чыгып калды. Мен санжырачылар менен болгондо алар арабдан чыгарды, көптөрү түлкүдөн чыгарды, көптөрү бөрүдөн чыгарды, көптөрү кырк кыздан чыгарды, көптөрү кырк кызды бир ит менен бир жакка алып барып таштагандан чыгарды, эми биздин суу паришталардан чыгарды, көптөрү оозго алгыс сөздөр айтты. Кыскасы, кыргыз кандай себептен кыргыз болуп калды деген ой туулат. Кыргыз атабыз Угузкандын доорунда 8 аял алат экен, ошол 8 аялдан 40 кыз туулат экен, бир да эркек бала көрбөйт. Угузкан дүнүйөдө эркек баласыз өтүп кетемби?— деп бир күн олтуруп ойлонот дагы бир үйлөсөмбү?— деп араб улутунан араб кызы Имаай деген кызды уулуна 9чу аял кылып, кыргыз баласына алып берет. Кудаа берип бул энебиз боюна болуп тогуз ай өтүп эркек бала төрөдү. Угузкан чоң атабыз колунан келип турган кезинде ушундай кылды, биринчи бала төрөлөр менен кырк бу-

лактын көзүнөн суу алып келип оозандырды, экинчи кырк бээнин сүтүн алып келип оозандырды, үчүнчү кырк кызды чөргөктө жаткан балага тегеретип өткөрүп ийди, анын аркасынан кырк күнгө чейин ар күнү бирден аксарыбашыл мал союп садагасын кагып турду балага, кырк күнгө чейин бирден байбиче кезек менен багып турду. Кырк күн болду дегенде Угузкан атабыз кырк булактын көзүнөн суу алып келдирип, кырк кашык суу менен кырк байбичени ортого койдуруп туруп баланы ушул жерде жуунтуп-тарантып кириндирди, киринтирип бешикке салдырды, бешикке салдырып туруп бешик тоюн баштады, кол астындагы бардыгын чакырып айтты, менин ушул кыргыз баламын 9чу аялынан бир балалуу болдум ушундан кабарыңар бар. Баланын жарык дүйнөгө келгенине кырк күнү болду, ат коюлбай келатат. Эл-журтту чакырып ат коюп бергиле деди, ошол кезде бир адам чыгып калып айтты, таксыр Угузканым балаңыздын аты сиздин атыңызга окшош болсун, кыргыздын атына окшош болсун деди, үчүнчү ар бир ырымда кырктан жасаттыңыз жакшы ниет жакшы тилек менен, ушул баланын аты «Кыргыз» болсун деди. Кудаа алла таала жакшы акен, Умай энебиз кудаа берип боюна болуп жана бир эркек бала төрөдү. Мурдагы кыргыз атабыздай кылып элди-журтту той-тамаша кылып жыйбады, өз оозу менен гана небересине ат коюп кыргыздын экинчи жолу эркек бала болгон кыргыз неберемдин үкасы атын Казыныналуу казагым болсун деп атын Казыналуу казагым койду. Кудай жалгап, Умай энебизге кыргыз атабыздан боюна болуп дагы эркек уул төрөдү. Угузкан чоң атабыз бул кыргыз, казак эки баламдын үкаси деп атын Ак-Нур койду. Ак-Нур жаш кезинен эле дыйканчылыкты, соодагерликти, тартипти жакшы өздөштүрүп атасы эмне десе макул болуп имараттарды кура берди, көп үй-жайларды өрөөндөргө жайгаштырып уста болуп жүрө бергенинен бул кийин Ак-Нур аты өчүп, уйкур деп аталып, андан кийин Уйгур улуту болуп калды. Уйгурлардын ак сөөк деп аталышы, атасынын аты Ак-Нур болгон атына жараша ак сөөк деген далили ушул. Уйгур баласы көп зайып алган. Биздин казак, кыргыз улутунан үйлөнбөстөн авган улутунан, цыган улутунан үйлөнүп калып ошол тагалары жакка сүрүлүп калган. Кыргыз, казак, уйгур улуттары жанаша жашап калгандары да ошон-

дон. Казыналуу Казак бир тууганыбыздын улуу жүз, орто жүз, кичүү жүз болуп азыр эчен жүздөргө бөлүнүп кеткен, аны алла өзү билет. Эми кыргыз атабыздан жалгыз Самаршаа деген бала болду. Уумай энебиз калы-меңи жок ак калпак кийгизип турат экен, улуттук кийим. Казыналуу Казак баласына саймалап коодоп, чачтарай узун калпак кийгизет экен. Ак-Нур уйгур баласына саймалап допу кийгизип, бою менен барабар кездеме кийгизип, саймалап коёт экен. Ошол кезде эле мусулманчылык бар болгон, мунуң жүрүп отуруп ошол күндөн ушул күнгө чейин бала туулганда кыркына кыргыздар кырк кашык сууга кириндирет, бешикке салыш ушул күнгө чейин бар.

Экинчи ушул күнгө чейин түрк уругундагылардын бардыгы Умай энебизге аш кылып жүрөт. Биздин түштүктө, аш кылып аялдар көп сыйынышат, Казак, уйгурлардын апасы Имаа энебизге сыйынат, кайыр кылып сыйынат, кимге сыйынганын деле билбейт бечаралар. Эми асили ушул Имаа энебизге аш кылып сыйынат, сүмөлөк да Имаа энебизге арнап сыйынат. Сүмөлөк кайнатат, кудайы кылат. Эми жогоруда айткандардан улуттук кийимибиздин бөлүнүп калышы да ошондон, анын аркасынан казак, уйгур бир туугандарыбызды да таанытып баяндап койдук.

Эми кыргыз атабыздан жалгыз бала Самаршаа. Самаршаадан үч бала: Кыдыр, Кадыр, Кангыр. Эми Самаршаанын байбичеси да чоң кайненесинин нускасын кууп, Кыдыр баласына меңи жок ак калпак кийгизет. Кадыр баласына кара кыйыгы бар ак калпак кийгизет экен, Кангыр баласына эки баласынын эскисин кийгизип жүрөт экен. Кангыр баласы эски кийгенге капа болуп жүрө берет экен, ошол Кадыр баласына меңи жок ак калпак кийгизгендер Ала-Тоолук кыргыздар мына бизбиз. Кара кыйыгынан калпак кийгизгендер Кадыр баласына кийингендер арал деңизин бойлоп кетет, алар Кара-калпактар. Эми Кангыр баласынын атын Жагагуз койгон экен, ушинтип эки чоң баланын эскисин кийе бергендиктен катын, баласын алып таарынып Молдавияга кетип калган экен. Ошол жерде Жагагуз деген жер бар деп угам. Ушинтип улут баладан балага өтүп жаралат. Эми ошентип Кадыр менен Кангырдын баяны бүттү.

Эми өзүбүздүн Кыдыр атадан эки бала болгон экен. Биринин аты Абийир. Экинчисинин аты Сабийир деген баласы, мына ушул Алтай, Кахас жакта Сабийир деген сөз кийин Сибир деген сөзгө айланып, анын балдары ошол жакта жайгашып калган. Бизди Сибирден, Энисейден келген деп жазуучулар, окумуштуулар айтат. Чынгыз аксакалыбыз да айтты. Мен буга капа болдум. Биздин бир Сабийир деген балабыз эле бөлүнүп кеткен. Биздин түпкү атабыз Түрк атабыздан бери киндик атабыздан бери киндик каныбыз ушул жерде төгүлгөн. Эми ушул жерде Абийир калды. Абийирдин баласы Алиак, Алиактын баласы Ирашидилкан, эми Абийирдан тартып ылдыйлап, оо Терек козу деген атабызга чейин бирден эле жалгыздап калат экен. Ирашидилкандын баласы Андал түрк, Андал түрктүн баласы Барган түрк, Барган түрктүн баласы Кабиркан, Кабиркандын баласы Кандирдин, Кандирдин баласы Арстанбай, Арстанбайдин баласы Кызыр бий, Кызыр бийдин баласы Шакирбай, Шакирбийдин баласы Тилинбийдин, Тилинбийдин баласы Атанбий, Атанбийдин баласы Синкимбий, Синкимбийдин баласы Сарыбий, Сарыбийдин баласы Муратбий, Муратбийдин баласы Терек козу. Терек козу аркылу чоң баласы Калпак, кичи баласы Кыпчак. Экөө эки энеден, эми Калпак мурасын калпак ат коюп, Калпак атабыз болот экен. Угузкандан жогору кадардан калган курал жоо-жаракты Кыпчак баласына тапшырат экен, Кандыкты курамы менен Кыпчак баласына тапшырып жиберет экен. Кыпчак баласынан Жайылкан, Сайылкан, Мейилкан, Дайилкан деген төрт бала болот. Дүнүйө жүзүндө кыпчактар ушул төрт баласынан таркаган экен. Элдердин арасында кыпчакты улуу уруу деп айтышат. Кыпчактар Өзбекстанда, Түркменстанда, Кыргызстанда, Казакстанда, андан башка жерлерде тарап кеткен. Калпак бий атабыздан Дембал бий деген бала төрөлдү. Дембал бий атабыз бойго жетип калган кезде Калпак бий атабыз ойлонду, көпкө-көпкө чейин атабыз жалгыздап кетти, араб улутунан түпкү аталарыбыз үйлөнүптүр эле. Мен дагы ушу Дембалбийди араб улутунан үйлөйүн деген экен. Араб улутунан Нурайым уруусунан, Акауша уруусунан Алима энебизди алып берет экен. Алып бергенден кийин Дембалбий атабыз Алима энебиз экөөнүн ортосунан болот экен. Биринчи баласы Абаш бий,

Уулдулат, Ак-буура, эми ошол кезде Бабаш атабыздан жайлаган жери Аксы тоосуна уланып, Арстанбап тоосун Бабаш ата деп коёбуз, ошо Бабаш атабыздын жайгашкан жери, өткөн жери ушул Арстанбапта калган. Кийин Арстанбап арабстандан келгенден кийин Арстанбап деп аталып калат. Бул жерде Уудулат атабыз сары өзөн жеринде туруп, Казакстан, Кыргызстан ортосунан дарыя агат экен, ушул жерге барып жайгашкан экен, ушул Чуудулай атабыздын атына ошол дарыя аталып жүрүп, Чү дарыя болуп Чүй дарыясы аталып калды. Андан кийинкиси Ак-Буура атабыз мына Оштун Ак-Буура дарыясынын башында жайланышып, Алайды жайлоолоп турат экен. Ушул үчөөнүн тараган балдардан байандап кетебиз. Уламыштардан угушум боюнча Бабаш бий атабыздан үч бала экен. Дининбий, Муратбий, Сабатай. Ушу үч бала бу Бабаш бийдин балдары экен. Эми ушул Бабашбийдин чоң баласы Дөнөнбийдин тараганын да, анан башка жагына багыт берелик.

Дөнөнбийдин үч улуттан үч байбичеси, төрт эркек баласы жана бир кызы бар экен. Чоң байбичеси Сатике энебиз кыргыз улутунан экен. Буерде Дөнөн атабыз ошол кездерде Долондун ашуусун жайлап, Кара-Колду кыштайт экен. Кара-Колду кыштаганда Көлдүн кылаасында ысыгы менен ар жер кара болуп тура берет экен. Курсант болуп сүйүнүп ал киши айтат экен: «Бул менин Кара-Колум, мени колдоочу жерим, бул жерде менин малымды жут албайт, малым арыктабайт, дайым дүнүйөм тегиз турат жана бала-чакаларым ысыкчылыкта турат». Дөлөнбий атабыздын сөзү менен бул Кара-Кол болуп калган экен. Ушул убакта Кара-Кол атын токтотуп коюп бир орустун атын Прижевал деп коюп коюппуз. Прижевалдын эмне кереги бар. Кара-Кол деген өз атабыздын гана атын айтышыбыз керек. Дөлөнбийдин бейити ошол Дөлөн белинде калган. Ошон үчүн Долон коюлган. Ошол Долон атабыздын чоң байбичеси Сатине энебиз Кыргыз улутунан. Мындан чоң баласы Ак уул, ортончусу Куул, кызы Наал эже. Наал эжени Адигине менен бир тууган кылып сүйлөдү бирөө, жок, биздин Түштүктө сол канат уул ичиндегилер Наал эже Адигине Тагайдын атасы Ак уул менен бир тууган деп айтылат. Алар Тагай Адигине менен бир тууганы деп сүйлөйт. Наалы эже Акуул, Куул

менен бир тууган биздин билишибизче. Эми ушул Акуулду оң тизесине олтургузуп алып эркелетет экен, оң канатым Акуулум, оң колуна жарак алып камчылайт деп эркелетип коёт экен.

Куул баласын сол тизесине олтургузуп алып, сол канатым, Куулум сол колуна тизгин кармап башкарат деп коёт экен. Ошол үчүн камчыны оң кол менен камчыланып, тизгинди сол кол менен кармайбыз. Ушундай болуп чечилет. Ошон үчүн Сатике энебиз сурайт экен. Ээ балам, ээ абышка бул балдарды эркелеткенин баяны кандай деп сураганда, ээ байбиче келечекте он канатым Акуулум дүнүйө таап башкарып, сол канатым Куулум, колуна жарак алып сайып өтүп кетет. Экөө бириккенде кайсы жоо келсе ашып кетет деп коёт экен. Алиги оң, сол деген жана оң качырат, сол саят деген сөз ошондон калган. Оң агасы Акуул качырып куун жибергенде, береги сол иниси Куул барып сайып кете берет. Оң бөйрөктөн деди, сол бөйрөктөн деди, ашык өлчөгөндөн деди, армия кургандан деди. Жок, биздин угушубуз боюнча Долон атабыздын эркелетүү сөзү боюнча эле мурас болуп калган деп айтылган.

Андан кийин ушул Акуул бойго жетип силкинген кезинде Долон атабыз көл айланасында жакшы жайлоого чыгып туруп, баласын Акуулун үйлөгөн экен. Үйлөгөндө той-тамаша кылып он күн оюн, тогуз күн тоюн кылып, бүт кыргыздарды чакырып, эчен күн тойлорду улап байгелерди кылып, Акуулуна Каркыра кызын алып берген экен. Кыздын аты Каркыра экен. Акуул үйлөнүп жайланып, ошол жерде Акуулдун байбичесинин атына Каркыра жайлоосу коюлуп калган. Андан кийин сол канат Куул баласы бойго жетип силкинген кезинде Долон атабыз кыйын эстүү киши экен, муну түштүккө Алай дарыясынын боюна азыркы Алайга келип тогуз күн тоюн, он күн оюн кылып, бул жерде буга Гүлиша деген кызын алып берип, бала-чакалуу болуп өнүп-өсүп кеткенден кийин, Гүлиша борбору аталып, кыскартылып Гүлчө деп аталып кеткен. Тарыхчылар Гүлиша бир жактан келген кыз деп айтышат, кара курттан качып келген бөлөк болгон экен деп, жок, биздин уламыштарда Мундуз жарчылардын айтуусу боюнча Куулдун байбичеси биздин чоң энебиз болот деп айтылат.

Каркыра энебиз менен Акуул атабыздан биринчиси Адигине, экинчи баласы Тагай, үчүнчү баласы Мунгуш. Тагайдын балдары уурулардын катмарына таркалып кеткен. Адигиненин он баласы болгон менен Адигине баласы болуп эле калып калды. Эми Тагайдын балдары; Боларстан, сол топ уурулары тарайт, Койлон кооз, жедигер уруулары тарайт, Кылжыр, Кылжырдан Орозбакты, Дөөлатбакты, Дөөлөттөн үч бала. Эми ушунун ичинде Орозбактынын балдары энении атына коюлуп калганы Бугу уруусу — Бугу эненин атына.

Дөөлөтбактынын балдары Сары багыш уруусу. Дөөлөтбакты сары адам экен, ошол лакабына карап Сарыбагыш уруусу болуп калган. Дөөлөтбакты түндүк туугандар айтпайт экен. Дөөлатбактыны түндүк-түштүктүн Тагай уруулары болст. Дөөлөтбактыдан тарагандар булар Кылжырдын балдары, Тагайдын үчүнчү балдары. Төртүнчү баласы Тагай Авганистанда, көптөрү Кокон деди, Түркжан деди, башка деди, ар башка, ошол кезде Ахункандын кезинде Авганистанга барганы бул Кабулда туруп аерде көптөрү,.. Тагай ата ашыкча чырайлуу, нурлуу эле. Ошол киши иш менен барганда оң увазирликке алып койгон экен, бул бой жүрбөсүн деп бир уйгур Зууракан деген кызга үйлөгөн. Үйлөнгөн кезде Ахункан көрсөттү, сен ушул чынар жыгылганда кыргыз жерине кетесиң деди. Кетпесең ушул жерде өмүрүң өтүп кетет дегенде, Тагай кана эми, кудаанын өзүнөн деп койду. Ошентип, жүрүп Зууракандын боюна болуп, айы-күнүнө жакындаганда Кабулдун ичинде катуу шамал-бороон келип туруп, баягы чынарды карс дедирип оодарып кеткен экен. Мына кудаанын улуктугуна карабайсыңарбы, балдарым, Хан убадасына туруп канча жоо-жаракты, аскерлери менен Ошто Адигине экен ошондо. Адигиненин колунда Тагайды тапшырган экен. Аэрде Зууркан эжебиз боюнда калган, боюнда калганда колуна бир алтын шакекти тапшырып, эркек бала төрөсөң, атын Карачоро койгун, Ошто мени менен бир тууган Адигине деген бар жана Куулдун балдары бар, андан ары мен кырк күнчүлүк жол кезип түндүккө кетемин. Мен ошол жакта балдарым, бала-чакам, Ошто бир тууганым жана атам менен бир тууган бар, ошол жерге жибер деген экен. Тагай келе бергенден кийин Зууракан эне эркек бала төрөдү, анын атын Карачоро койду. Бала он беш жашка киргенден кийин

мен элиме кетейин. сен кет, сен кыргыздын баласы бул жерде турба, дейт. Колуна баягы алтын шакекти карматып, азык-түлүк берип, бир бала кошуп алат экен. Баланын аты Акмат экен. Эми Акматты бирөөлөр Түркмөндүн баласы дейт, балким, ал деле Тагай атанын балдарыдыр, иши кылып чогуу Кыршапка Алай дарыясынын боюна Куршабоо камыштарынан үй тиктирген экен. Той-тамаша баштап, түндүктөн Тагайды алдырып, бул үч баланы тең көрүп Тагай кабыл алган экен. Биринчи Карачоро турган экен, колунан шакекти алып, бул менин өзүмкү экен деген. Мунун аты Азык болсун, үчүнчү баланын аты Акмат болсун деп чогуу түндүккө алып кетти. Ошондо Авганистандан келген үч балага эле, ошол жердин Кыршаб эмес Куршаб болуп калган экен деп айтылып калган сөз бул. Ушуну менен буларды түндүккө алып барып үйлөдү, жайлады. Карачорого чоң байбиченин балдары күнүлүк кыла башташты, өгөйлөй баштады, жер сууну талашты, талашкандан кийин Тагай Карачоронун балдарын Куулдан балдары жакка алып барып жайлаштырганы түштүккө алып кетет. Карачоронун биринчи балдары Багыш, экинчиси Барын, үчүнчүсү Кендине, төртүнчүсү Суумурун. Тагайдын бир баласы Карачоро менен жетөө, сегизинчиси Саяк, тогузунчусу Адыл, 9 уул он канат Акуулдун балдары деп атоого болот. Эми буерде булардын баяны бүттү.

Эми сол канат Куулдун балдары, Гүлиша энебиз Долондун балдары, Чон багыш, Кутчу баласы, Мундуз, Кутай, Чынгыз ошол Кутайдан болот, Саруул, Басыз, Берен, Жетиген, Төбөл, Тогуз уул Куулдун сол канат балдары дейт. Экөөнөн 9—18 уулдан 2 баладан...

Эми бөлөктөрү деле мына бул ичкилик туугандар, кыпчак туугандар, башка туугандарды деле сол канат оң канат дей берет экен. Бул 80 уруу —90 уруу экөө эле баладан тарап калабы, ага аныгына жетип сүйлөш керек да. Бул экөөнөн Акуул, Куулдан 18 уруу тарайт. Ушул жерде Куул атабыз эркек балалуу болгон кезинде Куул, Акуул экөө тең бир экен. Бирок Акуулдан мурун Куулдун апасы мурун өткөн экен, Куулдун агыкөгү бүткүнчө, ариети арылган Адигине бойго жетип калганда, илгеркилердин бир окуясын карагын, ушул 9 уулдуу аялды бойго жеткен Адигинеге Гүлиша энебизди алып берип коёт экен, атасынын үкөсүнүн аялына,

башкача айтканда жеңесин Куулдун аялы Адигине атабызга тийгенден кийин Карабагышты, Бөрүнү, Баргыны, ошол себептен Адигине бир ата болуп калат. Муну чечмелесе билбей эле ата энеси кыла беришет.

Оң канат Адигиненин, Тагайдын балдары түндүктө көп болот. Сол канаттын балдары түштүктө көп болот.

Эми Кутай кол астындагы Кыргыздардын ичинен дагы 9 уулдун балдары бар деп айтышат, ошол небере балдар чоң багыштын жети уулу Кутчунун бир уулу, Мундуздун бир уулу бар ошол жерде. Эми чоң Багыштын биринчи баласы Азганы, экинчи Кандала, үчүнчүсү Машак, төртүнчүсү Кулун, бешинчиси Түптүн, алтынчысы Сарык, жетинчиси Тилек. Бул жетөө чоң Багыштын баласы.

Кутчунун Кутубай деген уулунан тарагандар, Мундуз, деген баласынан таргандар, булардын жайгашкан жерлери Теке, Кулжа, Карчынтай, Кызыл Суу, Кашкар жерлеринде жайгашып калган. Ошол себептен кытайдагы туугандарыбыз тараптан кыргыздар 9 уул Куул балдары бар деген ошол жакта булар. Эми экөөнүн Куул, Акуулдун аягы бүттү. Наал эже убакты келгенде айтылат.

Азыр эми Долон атабыздын ортончу байбичеси Олия атанын казак улутунан экен, аты Наркүмүш энебиз экен. Бу Наркүмүш энебизден орто канат уул деп бир бала төрөлөт. Ошол кездерде аргоо-баргоо заман болуп, кыйынчылык замандарда Наркүмүш энебиз сүрүлүп отуруп орто канат уул баласы менен Суусамырда жайлап калган экен. Ошол кездерде Залымкан өткөн экен, анын аскерлери келип бүт орто канат Азия боюнча кордук көрсөткөн экен, бир эле кыргыз эмес, ошол кездерде Суусамырда туруп, орто канат уулду, Наркүмүш энебиз сүрүлүп олтуруп олуя ата Казакстанга кетип калган экен. Алып барып өзүнүн синдилерин олуя атанын казак улутуна турмушка берген экен. Казак улутунан үйлөп жайлагандан кийин, мындан Төөлөс, Найман деген эки балалуу болгон экен. Эки балалуу болгондон кийин баягы баладан бала өтүп көбөйүп кеткен, атадан бала өтүп көбөйүп кеткенден кийин мына көкүрөгүндө кайраттуулары кыргызмын деген Төөлөс, Наймандын балдары кыргызстанга көчүп келет, калгандары койчу эми, киндик каныбыз төгүлгөн жерде

дегендеги окуя,... кала берди. Ошентип Төөлөс, Найман уулдан тарагандар Кыргызстанда да, Казакстанда бар. Ошентип эки бала Төөлөс, Наймандар Долон атабыздын орто канат баласы. Акуул 9 уул, тогуз он сегиз болсо, бул эки бала менен жыйырма болуп калды, Жыйырма уруу болсо эми бул жерде ортонку байбиченин балдары.

Долон бий атабыздын кичи байбичесинин аты Катабү экен. Катабү энебиз кыраан канат кызыл уул деген бир балалуу болгон экен. Ушу кыраан кызыл уул деп алып жүргөндө ажал залым деген кандын убактыларында Катабү энебиз орто канат ойрот уул менен кошо аскерликке туткунга түшүп кетет. Шарият боюнча асир деп коёбуз. Туткунга түшүп жүрүп энебиз Катабү бул залим кандын токулгасын тигип, аскерлерине зоот токуп берип, кызматында жүрө берет. Кандын ичи жылып, кийин кандын байбичесине көп эмгеги өттү деп бир кишиден айттырат экен. Бул байбиченин тилегени эмне экен. Аял болсо дагы кыргыз жерине падыша кылып беремин дейт. Катабү энебиз айтат экен, силердин колуңарда ушунча жыл жүрүп калган болсом, Кыргыз эли мени эми кабыл албайт, менин максатым, Залим кан куп десе, аскерлеринен кошуп берсе төркүнүмө кетиш деди. Байбиченин сураныччын аткарып, Кыраан канат кызыл уулду алып Турцияга өтүп кетип калган. Турциядагы кыргыздар Долон атабыздын кичи байбичесинин балдарынан. Долон атабыздын төрт уулунан таркагандар баянын бүттүк. Бабаш бийдин ортончу уулу Долон бийдин биринчи үкеси Муратайдын баянын баштайбыз.

Муратай үйлүү-жайлуу болгондон кийин эки балалуу болот. Биринчи баласы Молдочекир, экинчиси Мадияр. Ошол кезде Муратайдын аялы өлүп калат экен. Агасы Долонбийге иниси Сабатайга таарынып, Молдочекир деген баласын Долон бийдин байбичеси Сатике энебизге тапшырып, Мадияр деген баласын, бүт кыпчак, кыргыз жигиттерин алып, Венгерияга көчүп кетип калган. Молдочекир деген баласы калды, муну Долондун бир тууганынын баласы багып, үйлөп-жайлайт. Молдочекир Куртка, Түгөл деген эки баланын атасы болот. Курткасынан Курманкожо, Кулжыгач, Түгөлүнөн Апкабак, Боркомик Иман болуп экөөнөн алты уруу тарайт. Саяк туугандарыбыз менен бирге болуп,

ушулар менен иштеп кетип калган. Бирок, оң канат сол канат дей берет, булар сол канат оң канаты бирдей (барабар туугандар) себеби, орто канат Долонбийдин үкасинин балдары. Булар жыйырма кошулуп, алты уруу кошулуп жыйырма алты уруу болот. Экөө сыртка, четке кетип калды.

Долонбийдин үкеси Сабатайдан таркагандар биринчиси Нойгут, экинчиси Жоочечек, үчүнчүсү Кесик, төртүнчү Абат, бешинчиси Бостон, алтынчысы Кызылча, жетинчиси Доут, сегизинчиси Қанды, тогузунчу Домор, онунчусу Отуз уул. Эми буларды ичкилик кыргыздар деп айтабыз, кыпчак ураанын чакырышат. Булар ичкилик кыргыздары, булардын жайгашкан жери Өзгөн, Жазы, Кара-Кулжа дарыяларынан баштап тетиги Амур дарыяга чейин эди деп сүйлөгөн кыргыздарды айтса болот.

Эми Бабаш бийдин иниси Чуудулаттын балдарынын баянын айтабыз. Чуудулаттын балдары «Чү» дарыясынын боюнча жайгашып, алардын аты Көкө баатыр, Катаган, Шерик, Терген. Мына Кытайдагы Жусуп Мамай аксакалдын уруусу ушул терген уруусунан, булар Тагайга жетпейт. Баарыбызга бирдей тууган.

Эми Көкө баатырдын Дайыр дегени болгону толук айтылбайт. Көкө баатырдын тагасы моңол болот. Чуудулат атабыз моңол туугандарына кетип калган экен. Ошол жерде жүрүп, зоройуп 55 жашында кыргыз жерине кайрылып келет экен. Ошондо быякта Акуул, Куул өтүп Наал эже буларга барабар эле экен. Атасы менен бир тууган болгон менен Наал эже күйөөгө чыкпай, бир туугандарынын балдарына карамагына отуз беш жашка келип калган экен. Эжебиз ушунчалык кайратман ургаачы экен. Коңуркулак күлүк атты минип, жанына кылыч байланып, жоого аттанып, найза сунуп, жаа атып турган экен. Олпокту кийип, өзүнчө чатыр тигип бир туугандарынын балдарына баш болуп, үкалари балалуу-чакалуу болсо деген. Ошондо Көкө баатыр Моголдо элүү беш жашында келгенде Наал эжебиз отуз беш жашка чыккан болот экен. Ар качан Наал эже аяк-быяка түнкүсүн чыгып караганда Көкө баатырдын башынан шам күйүп калат экен. Наал эже көрүп коюп кете берет экен. Акуул менен Куулдун эшигинде Көкө баатыр беш жыл кызмат кылат экен, ошентип

Көкө баатыр алтымышка Наал эже кыркка келет экен. Наал эже алты инисине алты чепкен тиктирет экен. Биринчи чепкенге чөнтөк салдырат экен. Анын чөнтөгүнө эзилип бышкан алма салдырып коёт экен, экинчи чепкендин чөнтөгүнө жашыл чепкенге ак алма салып коёт экен. Мунун мааниси чепкендерди кийгенде биринчи чепкенди Адигине үкөсүнө кийгизет экен, экинчи чепкенди Чоң багышка кийгизет экен. Үчүнчү чепкенди Тагайга, төртүнчү чепкенди Кутчуга кийгизет экен, бешинчи чепкенди Мундузга кийгизет, алтынчы чепкенди Мункушка кийгизет. Эң кенжеси Мункуш бул чепкенде эжебиздин бир сыры бар. Эки агабызга бышкан алманы салганы бойго жетип бышып өтүп бара жатканы, ушуга кандай акылыңар жетпейт дейт. Ошондо эжебизге күйөөгө тий деп кантип айтабыз деп турганда бир акылман айтат, аялдардан айттыргыла деп. Аялдан айттырганда Наал эжебиздин жообу; «Мен теңдүүдөн калган жок, эми мени 16—18 жаштагы бала алмак беле, эгер макул болушса, мен ушу Көкө баатырга турмушка чыгайын» — дейт. Тагай бийдин ачуусу келип, керегенин башынан кылычы менен калканын алып, кылычын кынынан сууруп алып, кандай биздин эжебиз ушуга тиет экен, намыз кыламын дейт. Анда Чоң багыш менен Адигине айткан экен: «Эй, Тагай бий, сен бир жолу бийлигиңди бизге бер, биз эжебизди Көкө баатырга беребиз дешкенде Мундуз, Кутчулар үн дешбептир. Ошондо Мундуз айтат «Ээ, бий ага буудайдын барар жери тегирмен, кыздын барар жери күйөө дейт, эжебизди карып калса да күйөөгө бериш керек», — дегенде Тагай бий каткырып күлүп, кылыч менен калканын кайра керегеге илип койгон экен. Эжебиз Көкө баатырга тийип Моңол деген балалуу болот. Моңолдон Саманчы, Байыс деген эки бала төрөлөт, Саманчы түндүктө Ак уулдун балдары менен, Байысынан түштүккө Куулдун балдары менен туруп калат. Катагандан эр кошчу, Чериктен черик урууларынан көпчүлүгү түндүк-түштүктө аз, булар Кытай калаасында жайгашкан.

Ак буура атабыз, Ак буура дарыясын боюна кыштап, Алайды жайлап жүрө берет. Ушу кишиден үч бала Коңурак, Бөксө, Чапкылдык булар ичкилик туугандар, Лейлек, Баткендин, Оштун, Гүлчөнүн тегерегинде. Мына Басыздан канча бала бар, канчага бөлүнөт деп билгениңер жакшы. Мундуз канчага бөлүнөт, каерде туру-

шат, жерлердин аттары, суулардын аянтын муну билип алуу керек.

Сол канат Куулдун үчүнчү баласы Мундуздан тарагандар; Мундуз атабыз үч уруктан үч аял алган экен, биринчи аялы Кабылдан тулпарлардан дейт, чоң байбичеси кыргыз уругунан, ошол байбичесинен алты уул, Зуркай, Зулум, Зулпай, Чыган, Лакай, Канык. Өзбек аялынан Замин, Шердан бул экөө. Уйгур аялынан,.. Зулум менен Зуркайынан тараган балдар Ленин районунда, Базар-Коргон районунда, Сузак районунда, Өзбекстандын Андижан областынын Көксө-Абат районунда, жана Жалал-Кудук районунда, Айыл-Коргон төбөлөрүндө, Кырк-Казык деген өрөөнүндө Идирис деген кыштагында, Совет районунун Адине, Алайкуу деген жерлеринде бул эки баладан тарагандар. Себеп, «асманда жылдыз көп, жерде кыргыз көп, урууда Мундуз көп» деген лакап бар. Зулпайдан тарагандар Ысык-Көл, Жети-Өгүз райондорунда, Жумгал, Кочкордо жана берки Түп жактарда болушу керек. Чыгайдан Жаңы-Жол районунун Мундузбай, Аксуу, Аксай, Чаткал өрөөндөрүндө экен.

Бешинчи баласы Закай Тажикстандын Искар, Көкарт, Лаксы тажиктердин ичине жайгашып азыр эми кыргыз мундуздары делеби? Кандыктан Таджикстандын Жерге-Тал өрөөнүнө жайгашып калган экен. Кандык эки балалуу болот Кара, Сабыр үйлөнүп жайлаганда кара Кытай келип басып калган. Кыйынчылык болуп турганда Сабыр бала-чакасын алып Энисейге Абакан жерине кетип калган экен. Ошо Энисейдеги кыргыздар, мундуздар Сабырдын балдары болот.

Бул жерде Карасы бойго жеткенде, Кандык атабыз үйлөп жайлаганда (тажиктен алып берген). Бул жубайдан Чоң кыргыз деген бала төрөлөт. Кандык ата бала жүгүрүп калганда жайлоого алып кетип калат. Кыштоодо келини менен баласы калат. Күндөрдүн бир күнүндө катуу добул мөндүр жаап, өрөөндү бүт алып кетет, анын ичинде Кара менен келини кошо кетет. Чоң ата менен небереси калышат. Андан кийин ошол себептен Кара-Тегин өрөөнү деп аталып калган. Тажикстанда чоң кыргыздан бүткөн балдарды чоң кыргыз деп атап коюшат.

Жетинчи бала Замин, сегизинчи бала Сардар өзбек аялынан бүткөн балдар. Ошол балдардан тарагандар

Заравшан дарыясынын боюнда. Камзак дарыясынын бою макмал тоосунун күнгөй жерлеринде жайгашкан. Бабыр качканда ошо Анжияндын тоолорунда бекитип алып жүрүшкөн. Кийин Бабыр Авганистанга качаарда Заир шердандын балдары Бабырхан менен кошо Каабага өтүп кеткен. Садана канынын залиминен коркуп отуруп ошо Бабырханга карындашы уулу Арал деңизин бойлоп Каракалпакстанга барып жайлашып калган. Андан кийин Бабыр Индистандын Авра деген шаарын келип калган. Макмал тоолорунда калгандары Мундуз дешпей эле, кыргызбыз дешет. Андан кийин Уйгур аялынан бүткөн балдар Кашкардагы кыргыздар (Кытай калаасындагы Кызыл-Суудагы кыргыздар) Мундуздун жылдызынын балдары тогуз баласы чачылып кеткен, ошондуктан «асманда жылдыз көп, жерде кыргыз көп, уруулардан мундуз көп» деп калган

Зулумдун балдары Хава деген сөз саяк тууганларында бар, Мундуз да бар. Хава деген баланын аты. Зулумдун баласынын аты Хава, Хавадан үч бала Атакан, Акман, Батман, Энеси саяк кызы, Түпкү энебиздин аты Сайкал.

Атакандын биринчи баласы Карачакан, Карча баатыр деп коёбуз. Экинчи Таталай, Жалалбай.

Эми Жалалбайына токтой кетели. Жалалбай биздин Анжиян областынан болот. Ал аябагандай уста киши болуп, суу тартыштыгынан ошол жерге чоң кудук казган экен. Бардыгы Жалал-Кудуктан сугарабыз, суу ичебиз деп жүрүп, Жалалкудук деп аталып кеткен. Жалалбай 126 жашка чыгып дүйнөдөн өткөн экен. Арыкты мындай казса суу келет деп кыя тиктеп жүрүп көзү кыйшык болуп калган экен. Жеңелери ошондон жеңил көз бала, ага деп жүрүп Жалалбай аты өчүп Жеңил көз аталып калган. Атакандын балдары байбичесинин аты Айымкан. Айымкан биздин Айым району, ошонун атына коюлган. Жазуучулар жазышат Арстанбаптын аялы деп, жок, Айым энебиз Акман чоң атабыздын аялы болот. Бул энебиз төркүнү Түркстанда Сайран деген түркмөн кызы болот. Балдары Авакан, Алдосбай, Абышка, Авакандын чоң баласын Акман атабыз менен Айым энебиз өзүлөрүнө имарин салдырган экен. Санжарин маа Сурхан деген адам жасаган экен. Ушу имарин салдырган киши Султандын кызы Шайдабү деген кызын келин кылып алган экен. Ушул Шай-

дабү энебиз менен Абакан атабыздан беш бала төрөлгөн. Абыт, Сыдык, Кыйрак, Дүрбек, Бегай. Бегай Атабекова Өлмөскандын айылы. Абакандын кичүү зайыбы Орунбү. Орунбүдөн Кызжибек, Ажыгач, Карачы,

Чоң байбичесинен бүткөн балдар Бекабадын беш уулу, үчүнчүнү кошкондо ак үйлүү мундуз деп коёт.

Эми Алдосбайдын балдары ортончу баласы Таластын Белен деген уруудан Саадабий дегендин кызы Кылымай байбиче. Кылымай байбиче Алдосбай атабыздан Бообек деген бала төрөгөн. Бообектен Өткөр, Манас деген эки бала болгон. Өткөрдөн Бөкөбай, Бөйрөк, Манасынан Акылбек, Казыкбек, Өлсөрбек, Өмүрбек, Өлсөрбек баласы Коноколор деген лакаб менен жүрөт, ал жоколунан бүткөн экен.

Экинчи байбичеси Кутчу Кубатбек бийдин Өмүркан энеге үйлөнгөн. Өмүркан энебиз балдарын чоң байбиченин балдарынан өткүр болсун деп Өтөрлүк деп коёт. Үчүнчү байбичеси Өзгөндүк Санжарик назик Султандын оң увазиринин кызы Кара моюн Шераалы, Адигиненин Тасма уруусунан болот. Шераалы кызы Жаркынай, Жараке деген бала төрөгөн, андан жадаке туугандарыбыз. Андан кийин Тагай уруусунан Жаңыбай, биздин Кылырмай энебиздин көрөр көзү экен, ушу Канымай энебиз эки бала төрөгөн Жаныбек, Сырданбек. Байбиченин көрөр көзү кыйын эрке болот,... Тогуз канат үйдүн ичинде арчадан чапкан үкөктө жатат экен. Арчадан чапкан үкөктө жатып бул келген кишилердин суроосуна жаткан жерден эле жооп берген үчүн Жаныбектин тыраймайлар деген. Эми Шырдакбектен уул бала жок, кыз балдар болгон. Көңүлдө, Сейилде, Бурулда. Бул үч кыз Ак талаа тарапта туруп Бугу уурусуна түшүшкөн. Эми мурунку өткөн жазуучулар ар кандай эле жазып коё берет экен. Алдосбайдын баласын Курманбекке небире кылып коюшат. Уруусуна алып барып жабыштырып жазып коюшкан.

Абышканын балдары Акман атабыздын баласы үчөө, Карабек, Кырабек, Майдабек. Карабегинен чоң уулунан тарагандар Кортку, Көтөрмө, Кудук райондорунда. Карабектен тарагандар Анжияндын тегерегинде, Ботокара, Атчабар, Аламышык Өзбекстанда жашашат. Андан кийин Найзабегинен тарагандар. Чаңылташта Кочкор палвандар, Бөкөйдөгүлөр азирети ата Жалал-Абад курортунун артында Жийдеде жайлаган. Мына бу-

лар Акмандын балдары, аялы өзүбек Зулхумардан Сатикан, Камыткан анжияндык Момунжан дегендин кызынан төрөлгөндөр. Зулкумар энебиз үчөөнү төрөп Таластын адырларынан Анжияндагы Бабырдын тополоңунда кетип калган, анткени кыргыздан көбү Бабырга жигит болуп турганда, ошондо качкан..

Эми Зуркайдын балдары Зуркай деген атабыздан Мааничекир, Кожояр деген эки бала төрөлөт. Ошол Мааничекиринен Жолуча, Жоомарт деген эки бала төрөлөт. Жолучасынан төрт топ ойсырат деген мундуздар, Жоомартынан төрт топ Кочкор, Кочкордун ичинде тирүүсү Эдилбай, Токтомун, Байжеди, Карабала деп Кочкордун балдары. Берги ойсыраттан Манап, Саачы, Карадөң, Салымбай деген балдар.

Кожоярдын баласы Бакай. Бакайдын баласы Дарга, Парча деген. Кичүүсүнүн баласы Орточо, Ойдуна,....

# АНЕКДОТТОР

Сизде алты студент кыз а, анын баарын кантип багып жатасыз?

— Алтоо эмес, он бир, бешөө турмушка чыккан, күйөө балдар да баардыгы студент.

★

— Ата, а эмне үчүн күйөө менен колуктусу үйлөнүү тоюна бара жатканда кол кармашып алышат?

— Салт ушундай уулум, боксерлор деле мушташар алдында кол алышып, учурашып алышат.

★

— Алардын жашаганына жыйырма жыл болду. Эмне үчүн ушул күнгө чейин үйлөнүшө элек?

— Колуктусу ал ичип жүргөн убакта турмушка чыккысы келбейт. А беркиниси болсо соо учурунда үйлөнгүсү келбейт

★

Көрүстөнгө алып бара жаткан табыттын артынан эчки ээрчип, андан кийин чубалжыган адамдар бара жатышат. Жолбун адам элдин көптүгүнө таң калып сурайт: — Кимди койгону бара жатышат?

— Менин кайыненеми, — дейт кара костюмчан.

— Эмнеден каза болду?

— Тетиги эчки өлтүрө сүзгөн.

— Укчу абышка, эчкиңи аманатка берип турчу?

— Сен эмне көрбөй турасыңбы, ал үчүн канча адам кезекте чубалжып жүргөнүн.

★

Аялы күйөөсүнө: — Сен мени жакшы көрөсүңбү? деп сурады эле:

— Сөздүн кыскасы сага эмне сатып келишим керек? — деди.

★

— Деңизге барарда кара көйнөгүңдү алып сен эмне жинди болдуңбу?

— Баарын көңүлгө ала жүрүш керек, менин күйөөм сууда сүзүштү билбейт.

★

— Аябай тынчым кетип жатат, менин күйөөм эч качан жумуштан мынчалык кечиккен эмес эле.

— Кой, эмне үчүн жаман ойлойсуң, мүмкүн аны машина басып кеткендир.

★

Деректер: — Сиз 220 сом аласыз, кийинчерээк дагы көбөйөт. Кызматка алына турган киши: — Жакшы, анда мен кийинчерээк келейин.

★

— Кечиресиз, жолдош деректер, мен сизге бир нерсе айтайын дедим эле.

— Кана, айтыңызчы кымбаттуу Иванов.

— Биз менен иштешкен бактысыз Петров өлдү. Мен анын ордун ээлей аламбы?

— Макулмун, көрканачы менен келишиңиз.

★

Төрага өзүнүн секретарын жемелеп кирди: — Менин жазуу үстөлүмдөгү чаңдар кана? Мен ага бир нече телефон номерлерди жазып койбодум беле!

★

Иванов көпкө чейин кечигип келгенде төрага эшикте текшерип турган.

— Сиз бул жерде так саат тогузда болушуңуз керек болчу!

— Менсиз ушул убакта бул жерде бир кокустук болдубу?

★

— Сүттү тейлеген адам жөнүндө сиздин оюңуз кандай?

— О, бул ак ниет, адилет аял. Ал түгүл сүткө суу кошоордун алдында сөзсүз кайнатып анан кошот.

★

Эпидемия күчөгөн убакта доктур көп укол жасоо жагынан рекорд ээлеген. Ал өзүнүн бөлмөсүнүн эшигинин сыртына «Убакытты үнөмдөш үчүн ичкери көчүгүңөр менен киришиңерди өтүнөмүн».

★

Кеселман дарыгерден сурайт: — Дарыгер, эмне үчүн менин анализим жаман?

— Ал үчүн канча төлөдүңүз эле?

— Беш миң лир.

— Жакшы анализ эки эсе кымбат турат.

★

Дарыгер консултацияга алып келген баланын энесине айтат: — Корко турган эч нерсе жок. Өзүңүздүн бөбөгүңүзгө жети кашык микстура бериңиз, бир күндөн кийин жөтөл жок болот.

— Буга мүмкүнчүлүгүбүз жок. Биздин үйдө бар болгону алты эле кашык бар.

★

Түндөсү мас киши өзүнүн үйүнө досун баштап келди. Бардыгы уктап жаткан. Ал үй ичи менен тааныштыра баштады:

«Бул менин мейманканам, бул биздин уктоочу жерибиз, бул керебет, мына аялым уктап жатат, анын катарында жаткан... мен».

★

Мас киши өзүнүн ойношу менен үйүнө келди, эшикти ачканда «Те-с-с». — деди аялынын кулагына шыбырап: — Сен менин карындашым болом деп кой.

★

Үйдүн ээси иштен жумуш күнүнөн эрте келди. Аялы ойношу менен отурган, ал күйөөсүнө мусор толтурган чаканы берип:

— Кымбаттуум чечине электе мусорду эшике алып чыгып төгүп келчи,— деди.

Ал мусорду төгүп келгиче ойношу тепкич менен жогору чыгып кетип, эч кимге байкалган жок. Бара жатып «кандай гана акылдуу аял»— деп ойлонду.

Өзүнүн үйүнө келсе, анын аялы дагы мусор салынган чака менен чыкты.

— Кымбаттуум чечине электе мусорду эшикке алып чыгып төгүп келчи —, деди.

★

Үйдүн ээси күтпөгөн жерден үйүнө кайтты, аялы ойношун керебеттин алдына жашырып калууга жетишти. Күйөөсү кирип эле чечинип керебетке жата кетти. Уйку сурап жатып керебеттин алдынан кандайдыр бир дабышты укту.

— Шарик бул сенсиңби деп керебеттин алдындагы полго колун созду.

— Мен «Шарик» — деп анын колун жалмалады.

★

Аялы чет мамлекеттен кайтты. Күйөөсү сурайт чын эле ал жакта бизде жазып жүрүшкөндөй өтө эле жаман бекен?

Аялы айтат: «Ооба мен азыр сага көрсөтөм» деп радиолду өчүрүп, акырын чечинип жылаңачтана баштады.

★

Жекшемби күнү эрте менен саат шыңгырады. Ал кечээки убада боюнча жолдоштору менен балык уулоого барышмакчы. Ошондуктан ордунан туруп жөнөшкө камына баштады.

— Көчө караңгы, суук, шамал, алай-дүлөй болуп жатат, сен барбай эле койчу — деди.

Күйөөсү болбой чыгып кетти. Жарым сааттай көчөдө туруп чын эле шамал, күн алай-дүлөй болуп, жолдоштору келген жок. Кайра үйүнө келип, чечинип уктап жаткан аялынын жанына жата кетти. «Ох кандай суук».

— Аны айтпай эле кой,— дейт аялы, — Менин акмагым ушундай суукка карабай балык уулоого кетти.

★

Аялы күйөөсүнө даттанды:

— Мына сен келериң менен эле тамак ичип алып, керебетке жат деп буйрук бересиң... Ушундай дүйнөдөгү сонундар жөнүндө, искусство жөнүндө, адамдын жан дүйнөсү жөнүндө, Шестакович жөнүндө маек куруп олтурбайбыз.

Эртеси күйөөсү иштен келип эле, андан сурады:

— Байбиче, укчу, сен Рембрантты окудуңбу?

— Жо-а, — дейт аялы.

— Анда керебетке...

★

— Коммунизм убагында уурулук болобу?

— Жок, социализм убагында эле баарын уурдап бүтүрүп коюшат.

★

— Хаим, сенин агаң Израилде жашайт турбайбы, — дейт аялы. — Эмне үчүн чет өлкөдө туугандарың бар экенин мага мурда айткан эмессиң?

— Ха, менин агам чет өлкөдө болчу беле, сен экөөбүз чет өлкөдөбүз..

★

Хрущев чочко фермасын кыдырып жүрөт дейт. «Правданын» редакциясы фотосүрөттүн алдындагы жазууну талкуулашууда. Ал биринчи бетке басылышы керек эле. «Жолдош Хрущев чочколордун арасында», «Чочколор жолдош Хрущевди курчап алды» деген жазуулар четке кагылып, «Сол жактан үчүнчү — жолдош Хрущев» деген жазуу жактырылды.

★

— Катардагы Иванов, сен эгер ичкениңди койгондо эчак сержант болот элең,— дейт сержант Ивановду жемелеп.

— Сержантын урганым барбы, — дейт анда Иванов, — мен жакшылап жутуп алганда өзүмдү генералдай сезем.

★

Врач: Кадырман досум, эгер сиз ичкениңизди жана чеккениңизди таштасаңыз 80 жашка чыгасыз.

Пациент: Сиз кечигип калдыңыз.

Врач: Эмне үчүн?

Пациент: Мен быйыл 83төмүн.

★

Эки курбу баарлашып олтурушат.

— Түндө бир кызык түш көрдүм: Елисей талаасында дырдай жылаңач сейилдеп жүрүпмүн, башымда шляпа гана бар экен.

— Ай-ний, аябай уялгандырсың?!

— Айтпа, башымдагы шляпа былтыр модадан чыккан.

★

— Мугалим айбанаттарды өбүү зыян экенин балдарга айтып берип жатат.

— Кана, ким мисал келтире алат?— дейт балдарга кайрылып.

Бир бала ордунан турат.

— Менин чоң энем итти өпкөндү жакшы көрчү.
— Анан эмне болду?
— Жакында ит өлүп калды,— деди Султан.

★

Эшмат жаңы ботинка сатып алып, кутусу менен кроваттын алдына таштап койду.
— Ботинкаңды эмне кийбейсиң?— деп сурады аялы бир жумадан кийин..
— Эми кийсем болот, — деди Эшмат, — биринчи жумада бир аз кысат деп дүкөнчү эскерткен болчу.

★

Султандын атасына берген суроосу:
— Ата, сени качандыр бир апаң урду беле?
— Жок, сенин апаңдан башка эч ким урган эмес.

★

— Апа, башыңда ак чачтарың жүрөт,— дейт кичинекей Белек.
— Балдары ата-энесинин тилин албаса чачы ошентип агарып кетет.
— И-и, чоң энемдин чачы ошондон агарган турбайбы анда, — дептир Белек ойлуу тартып.

★

— Доктор, сабиз жесе көздүн курчу калыбына келет деген чынбы?
— Албетте, мисалы сиз качандыр бир көз айнекчен коён көргөн учуруңуз барбы?

★

Бирөө асман тиреген бийик үйдүн чатырынан кулап баратыптыр;
— Бул кайсы кабат?— деп сураптыр ал балкондо турган кишиден.
— Он сегизинчи.
— Анда дагы жашайт экемин.

★

Эри командировкадан күтүүсүздөн келип калыптыр да, аялы ойношу менен жаткан жерден үстүнөн чыгыптыр. Ал тапанчасын алып туруп атып салыптыр.

Киши өлтүрүү ич тарлыктан улам болгон деп сот эрин бошотуп жиберет. Тигил сыртка чыгып бараткан-да судья сураптыр:

— Гражданин, айтыңызчы, сиз эмне үчүн ойношун атпай, аялыңызды аттыңыз?

— Жума сайын анын ойношторун атып олтургандан көрө, бир жолу аялымды атып салууну туура көрдүм.

★

Мамлекетти жалпы эл башкара алаарын Ленин далилдеди.

Мамлекетти бир адам башкара алаарын Сталин далилдеди.

Мамлекетти ар кандай адам башкара алаарын Хрущев далилдеди.

Мамлекетти таптакыр эле башкарбай койсо болоорун Брежнев далилдебедиби!

★

Сталин менен Трумен кайсы өлкөдө эркиндик көбүрөөк деп талашып калат. Трумен айтат:

— Мынакей, маселен бизде каалаган киши Ак үйдүн алдына келип: «Жоголсун Трумен!» — деп кыйкыра алат, ага эчтеке болбойт.

— Анын эмнеси бар экен, — дейт Сталин, — бизде деле ким кааласа Кызыл аянтка чыгып каалашынча «Жоголсун Трумен!» деп кыйкыра алат, ага деле эч ким тийбейт.

★

Бир фермер экинчи фермерге телефон чалат:

— Алло, Жон, сенин аттарың тамеки чегишеби?

— Жок! Ошондой да болчу беле?

— Аа. Анда атканаң өрттөнүп жаткан турбайбы.

★

Адабият боюнча сыноодо профессор бир студенттен сурады.

— Сиз урматтуум, Жон Мильтон жөнүндө эмне билесиз?

— Ал үйлөнгөндө «Жоготулган бейишти», а аялы көз жумгандан кийин «Кайтарылып берилген бейишти» жазган.

★

Уулу кардиологго окууну чечти, а атасы анын буюна каршы чыкты.

— Акмак! — деп кыйкырды атасы. — Андан көрө тиш доктур бол, себеби, адамдын бир эле жүрөгү бар, а тиши отуз эки!

★

«Совет өкмөтүнө кандай мамиледесиз», — деп еврейден сурашыптыр.

— Аялыма кандай мамиледе болсом, ошондой.

— Муну кандай түшүнсө болот?

— Эң эле жөнөкөй: анча-мынча корком, анча-мынча мактайм, анча-мынча рахаттанам, бирок башканы каалайм.

★

Хрущев колхозчулардын астында чыгып сүйлөп атат:

...Биз бир бутубуз менен социализмди, бир бутубуз менен коммунизмди басып турабыз! Залдан үн чыгат:

— Качанга чейин эле талтайып тура беребиз?

★

ТАСС билдирет: Бүгүн саат 9.00дө КПСС БКнын генеральный секретары, СССР Жогорку Советинин Президиумунун председатели К. У. Черненко узакка созулган катуу оорудан кийин акыл-эсине келалбай жатып өзүнүн милдетин аткарууга киришти.

★

Сталин Горкидеги Ленинге келет.

— Коба, мен өзүмдү өтө эле жаман сезип калдым. А дүйнөгө жөнөйт окшойм.

— Андай болсо бийликти мага өткөзүңүз.

— Эл сенин артыңан барбайт деп корком.

— Элдин кайсы бир бөлүгү барат. А менин артымдан барбагандары сиздин артыңыздан барат.

# ДҮЙНӨДӨ ТҮРКҮН КЫЗЫК КӨП

**Тарыхтын кызыктуу кайталанышы**

Напалеон XVIII кылымда 1760-жылы туулган. Гитлер XIX кылымда 1889-жылы туулган. Айырмасы 129 жыл. Напалеон бийликке 1804-жылы келген. Гитлер бийликке 1933-жылы келген. Айырмасы 129 жыл. Напалеон Россияга 1812-жылы кол салган. Гитлер Россияга 1941-жылы кол салган. Айырмасы 129 жыл. Напалеон согушту 1816-жылы уттурган. Гитлер согушту 1945-жылы уттурган. Айырмасы 129 жыл. Экөө тең бийликке 44 жашында келишкен. Экөө тең Россияга 52 жашында келишкен. Экөө тең согушта 56 жашында жеңилишкен.

Линкольн 1860-жылы АКШнын президенти болгон. Кеннеди 1960-жылы АКШнын президенти болгон. Айырмасы 100 жыл. Экөө тең аялдарынын көз алдында өлтүрүлгөн. Линкольн өлтүрүлгөндөн кийин анын ордуна Джонсон келген. Кеннедиден кийин Джонсон болгон. Линкольндун ордун ээлеген Джонсон 1808-жылы туулган. Кеннединин ордун ээлеген Джонсон 1908-жылы туулган. Айырмасы 100 жыл. Экөө тең АКШнын президенти болгонго чейин сенатор болушкан. Линкольнду өлтүргөн Уилис —1829-жылы туулган. Кеннедини өлтүргөн Освальд 1929-жылы туулган. Айырмасы 100 жыл. Өлтүргөндөр — экөө тең сотко чейин өлтүрүлгөн. Линкольндун секретары фамилиясы боюнча Кеннеди. Кеннединин секретары фамилиясы боюнча Линкольн. Экөө тең өлтүрүлгөн күнү президентти эч жакка барбоону аябай өтүнүшкөн.

x x x

Жер шарындагы эң узун көпүрө Венец Эланын түндүк-батыш бөлүгүндө. Узундугу 9 миң метрге жетет.

x x x

Галилей 1642-(8-апрелде) жылда анын ишин улантуучу улуу Исаак Ньютон туулган күнү дүйнөдөн кайткан.

### Укмуштуудай чоң жаңак

Индия океанындагы Сейшель аралдарынын тобуна кирген кичинекей арал — Преслинде укмуштай чоң жаңак өсөт. Узун жыгачтын мөмөсү ушунчалык чоң болуп, салмагы 13 килограммга жетет. Узундугу 80 метрге чейин жетип, миң жылдан ашык жашайт. Бирок ушул укмуш жаңак бөлөк эч жерде өспөй койду. Көчүрүп барып отургуса бат эле куурап калат, анын себебин окмуштуулар алигиче табалбай жатышат.

### Эркектерден аялдар көпбү?

Дүйнөнүн жалпы калкынын саны 1990-жылдагы статистикалык маалыматтарга карганда 5,3 миллиард. Мунун жарымынан азы 2,6 миллиард аялдар. Дээрлик көп өлкөлөрдө 100 эркекке орточо 95тен азыраак аял дар туура келет. Латын Америкасы жана Австралия, Корея сыяктуу өлкөлөрдө 70 эркекке 100дөн аял туура келет. Ал эми башка өлкөлөрдө абал мындай: Мурдагы Советтер Союзу 111, Сомали 110, Германия 108, Италия 106, Бельгия 105, Япония 103, Норвегия 102, Куба —97, Иран 97, Ирак 96, Ооганстан 94, Кытай 94, Индия 93, Пакистан 92, Сауд Арабиясы 84.

x x x

Польшанын Катовице деген шаарында жашаган бир адамдын мышыгы телеберүүнү өтө кызыгып көрөт. Үй бүлө телевизорду коюп отурушаары менен мышык дагы катардан орун ээлеп, оюндун аягына чейин экрандан көзүн албайт. Мышык тууган күндөрү да телевизордон калбады. Ал өзү жеке эмес, балдар үчүн берүүлөр башталганда экрандын маңдайына балдарын тиштеп ташый баштайт.

x x x

Антрактидадагы муздар бүткүл жер шарын 85 метр калыңдыктагы муз менен каптай алат.

x x x

Саздар, көлдөр, дайралар жада калса тоолор да саякатташат. 1900-жылы Ирландияда Кастлер шаарынын жанындагы эң зор саз бет алдына келген кыштактарды талкалап өтүү менен бир сутканын ичинде бир километр «жүрүш» жасаган.

x x x

Дүйнөдө эң кичинекей мамлекеттер бар. Алардын көбү Европада турат. Ошолордун бири Монако мамлекети. Ал Италия менен Франциянын ортосунда, Лигурий деңизинин боюнда, Жеринин аянты 157 гектар. Элинин саны 22 миң. Борбор шаары Монако.

Лихтенштейн мамлекети болсо Швецария менен Австраянын орто ченине жайгашкан. Жеринин көлөмү 154 чарчы километр, эли 14 миң.

Анорра мамлекети Европанын баштыш жагында, Испания менен Франциянын орто чениндеги Пиреней тоосунун этегине орношкон. Жеринин көлөмү 452 чарчы километр. Элинин саны 5 миңдей. Борбору Анорра.

x x x

Улуу Франциянын президенти болуп турганда да «Азыр менин өмүрүмдүн эң жакшы издери артта калганда» деп өкүнгөн экен Жорк Помпиду.

### Зыян экенин билбептир

Сириянын Жамбера кыштагындагы карапайым дыйкан Жакуб Али Ибрагим эртеден кечке чейин кетменди колунан түшүрбөй иштейт. Мунун 136 небере жана чеберелери бар. Ал өзү 120 жашта. Бир журналист суроо бериптир: — Сиз чылым чегесизби?— деп. Анда Жакуб Али айтат:— Чылымды өмүр бою чегип жүрдүм. Бирок мындан 4 жыл мурун таштап койдум. Себеби мындай: мен 116 жашка толгон күнү кичинекей той берип, коноктордун ичинде бир врач конок отурган экен. Врачка биринчи жолугуп, сүйлөп отурган күнүм

ошол болду. Чылым чегүү өмүргө зыян экенин угуп, андан кийин чекпей калдым.

x x x

Физик Иван Павлов 87 жашына чейин ишин улантkan, Гете 82 жашында атактуу «Фаусту» жазган, Верди 79 жашында «Фальстав» операсын жаратып, Бернард Шоу 90 жашында чыгармачылыгында кадимкидей эмгектенген. Булар улуу адамдар, а жөнөкөй эле англиялык аял Дженни Витердик 83 жашында чет тилин үйрөнө баштап, 90 жашка караганда француз, испан жана италиян тилинен экзамен тапшырган.

### Таң калтырган торпок

туулуп Сибирдин бир кыштагында, анын капталына дүйнөлүк географиялык картанын так өзү түшүрүлгөн. Бул жерде бардык континенттер, аралдар, океандар жана деңиздер бар. Ал эми калган жагы туулгандай эле ала торпок бойдон.

### 11 миң түн уктабаган

Испаниянын кыштактарынын биринде кокусунан эле 11 миң түн уктабаган 57 жаштагы аялды билишти.

Иннес Палмиты Фернандестин мындай тарыхы 1943-жылдын июль айында башталган эле. Ошондон бери уйкусуздуктун азабын тартып, 30дан ашык дарыгерлер жана уктатуучу ар кандай күчтүү дары да жардам бере албай койгон. Бир гана жолу бөйрөгүмө операция жасаганда эки эсе күчтүү наркоз бергенде уктагамын деп эскерет ал.

Фернандес өткөн узак жылдардын түндөрүн кийим тигүү же газета окуу менен өткөргөн. А көзү начарлап калгандан бери үй чарбачылыгы менен аракеттенет. Таң атары менен өзүнүн чарчаганы тарагандай сезилип калат.

### 17 жаштагы чоң эне

Ушунча жаштагы кыз чоң эне экенине эч ишене бербейсиң, бирок бул факт. Нигериянын Каоабар шаа-

рында денеси кара түстөгү бир мусулман тургуну дүйнөдөгү эң жаш чоң эне болуп калаары бышык. Ал 8 жашар 4 айлыгында кыз төрөп, кызы да өз кезегинде, 8инде эне болуп калган.

x x x

Эң бийик шаркыратма Венесуэлада. Шаркыратма 976,6 метр бийиктиктен түшөт.

x x x

Дүйнөдөгү эң зор адам Пакистандык Алам Чанна (2 м. 47 см) жана эң кичине киши доминикандык Нельсон де ла Расса (71 см).

x x x

Эң бийик аял кытайлык Санг Чанг Линь. Боюунун узундугу 2 м. 40 см. Илимий болжолдоого караганда ал дагы өсүшү мүмкүн.

x x x

Эң чоң фонтан АКШда. Ал күнүгө 170,8 метрге чейинки бийиктикке 26,460 литр сууну аттырат,

x x x

Эң узак повести Адели Гарисон деген адам жазган экен. Ал американын жумасына бир чыгуучу журналына 41 жыл бою жарыяланыптыр.

x x x

Дүйнөдөгү эң чоң китеп «Супер дух» деп аталат. Ал 274x310 см. Салмагы 138 кг. Ал 1976-жылы Денвер шаарында (колоридо штаты) жарык көргөн.

x x x

Эң узак автомобиль жолу — Понамеринан жолу. Ал Аляскадан башталып Чилиден бүтөт. Узундугу 27387 км.

**Балта жутаар...**

Нью-Йорк шаарынын ооруканасына ашказаным ооруп жүрөт деп сыркоолу кайрылган. Врачтар текшер-

се, ашказандан 258 буюм табылган. Пиво банкасын ача турган чоң ачкыч, 26 үй ачкычы, үч комплект кичине стакан ж. б. буюмдарды жутуп ийген экен!

### Киши жегич ит

Иттин ит экендиги, анын адамдарга дос гана эмес, коркунучтуу жырткыч да экендиги жөнүндө жазып келатабыз. Бирок шаарыбызда иттер көбөйсө көбөйдү азайган жок. Ошондуктан Казакстанда болгон эки окуяны келтирүү менен окурмандарыбызды дагы бир жолу эскертип коймокчубуз.

Караганда облусунун борборунун чет жакасындагы бир чарбада ит алты айлык баланы чайнап салыптыр. Эми ал бечара наристе өмүр бою мунжу болуп өтмөкчү.

Ошол эле облустун Шахтинск шаарында овчарка эмчектеги баланы бүт бойдон жеп койгон. Буга баланын энеси сүтүнүн көптүгүнөн итине өз сүтүн бергени да кошумча болушу мүмкүн деп жатышат.

Иши кылып иттин ит экендигин эч качан унутпайлычы.

### Жаналгыч эне

Токионун 38 жаштагы тургуну айым Казуко Миямуто он бир бала төрөп, алардын сегизин өлтүргөн. Анын күйөөсү коммивояжер болуп иштегендиктен аялынын өз балдарын өлтүрөөрү оюна да келген эмес. Аялы андан аборт жасатууга акча ала турган. Бирок Казуко айым аборт жасатпай эле алган акчага көңүл ачып, кийинип-ичинип, анан төрөп, бирок үчүнчү баласынан кийин аларды багып убара болгусу келбей өлтүрүп турган. Ал эч убакта төрөтканада эмес, үйдө төрөп, баланын киндигин өзү эле кесип, өлтүргөн соң бактын ичине көөмп сала турган. Бала өлтүрүү ага акыркы убакта кадимкидей ырахат алып келе баштаган. Казуконун боюнда бар экенинен деле эч ким шек санachу эмес. Себеби ал дайыма улуттук кең көйнөк кийип жүрөр эле.

Эгер эки огороддун чегинде чети чыгып калган баштыкты кызыгуудан улам кошунасы казып албаганда, Казуконун дагы канча ирет боозуп, канча баласын өлтүрөрү белгисиз эле. Бул шумдуктуу кабар Япониянын тарыхында деле болуп көргөн эмес.

## Нострадамус айтыптыр

XVI кылымда жашаган Нострадамустун айткандарын тарыхтын коогалуу окуялары менен салыштырып келишүүдө. Көрсө: 1917-жылдагы төнкөрүш, экинчи дүйнөлүк согуш, кайра куруу, Чернобыль, Рим папасына кол салуу, Германиянын биригиши... дагы, дагы көп нерселер XVI кылымда эле айтылган экен.

Эмесе сөздү, Нострадамус 2000-жылга чейин кандай коогалуу окуялар күтүлөрү, болору жөнүндө айтыптыр, ушуга бурсак.

«Жүз жылдык» деген китебиндеги 65-төрт сап ыры мындай деп чечмеленет. Европаны бириккен Германия өзгөртөт, алар алтын жол СССРге багытталуусу керектигин түшүнүшөт. Түштүктө — тозок. Эл космостун жаңы кылымы башталды деп ойлой баштайт. Баарынын илимге кызыгуусу артат.

Албетте, Нострадамустун бу айткандары жалпылаштырылган мүнөзгө ээ. Бирок ал жакын арада боло турган окуяларды так да айткан.

Мисалы 1995-жылдын 1-июнунан 1996-жылдын 1 майына чейин Италияда жана Грецияда коогалуу окуялар болот (түштүктө — тозок). Турция менен Грециянын ортосунда Кипр үчүн согуш болуп кетиши күтүлөт деген.

1992-жылдын 11-декабрынан 1995-жылдын 2-февралына чейин космосту өздөштүрүү багытында жаңы теория иштелип чыгат. 1997-жылдын 1-майында орус космикалык корабли кыйроого учурашы мүмкүн. Ал бир нече адам өмүрүн өзү менен ала кетет.

1994-жылы Европалык жаңы Союз түзүлүп, анын курамына мурунку СССРдин мурунку республикалары да кирет...

«Сараң Швецарияны» (анын банкалык системасын) 1995-жылы өтө ашкере көз боёмочулугунун ачылышы менен жазалашат.

Маргарет Тетчер кайрадан концервативтик партиянын лидерлигине жетет. Бирок, бийликте эмес, оппозицияда иш жүргүзөт. Нострадамустун айткандарын божомолдогондор бул окуя 1995—1996-жылы болот дешүүдө.

Гибралтар Англия менен Испаниянын талашына себеп болот. 1993-жылы бул арал бириккен Европанын

юрисдисиясына өтүшү мүмкүн.

Жакында Чыгышта Саддам Хусеин башында турган Ирак өлкөсүнүн дүйнөлүк обрюю өсөт, а Израил 1996-жылы күчүн жогото баштайт да акыры түбү бул өлкөнү араб аскерлери басып алат.

Нострадамус айткандай, 1990-жылы Америка кыямат-кайыңды башынан кечирбеди. Калифорнияда зилзала болгон жок. Бирок, Американы дагы бир жүрөк түшүрөр коркунуч, чоң өрт (1996—1998-ж. ж) күтүп турат.

1994-жылдын июль айында Түштүк Африканын мамлекеттик бийлигине Нельсон Манделанын келиши күтүлөт.

2000-жылы жаңы күйүүчү майдын пайда болушу менен эл аралык космикалык экипаж Марска учат. 1993-жылы рак оорусун дарылоонун жолу ачылат. Ал 1995—1998-жылдары толук күчүнө кирет. Бирок, СПИД адамзат үчүн рактан да коркунучтуу дартка айланат.

Нострадамустун XX кылымдын соңундагы негизги сенсациясы бул: адамдар башка ааламдын жашоочулары менен биринчи байланышты түзүшөт.

Не дегенибиз менен тээ XVI кылымда жашап өткөн жөнөкөй дарыгердин «хоббиси» азыр баарыбыздын бүйрөбүздү кызытып туру. Анан ага ишенбей да коё албайсың да. Айтканы эле туура чыгып атса. Болоор окуялар жөнүндө көзү ачыктык кылып алдын ала айткан экен, алардын басымдуу көпчүлүгү туура чыкты. Айтор Нострадамустун айткандарынан жүрөк түшүп чочулабай койсок деле болот. Ал азыркы кээ бир «олуялардай» эртең, бүрсүгүнү жашоо токтойт деп айткан эмес. А калганын болсо тирүү турсак көрө жатарбыз.

X X X

Японияда жер титирөөлөрдү алдын ала биле турган эң кичинекей балыктарды өстүрүшөт. Жер титирөө болоорго жакын бир нече саат калганда ал тынымсыз сүзө баштайт.

X X X

Күндөрдүн биринде шотландиялык инженер С. Броунга чамынган Твит дайрасына асма көпүрө салууну буюрат. Ньютондун атактуу алмасын эстеп, бул табышмакка жаратылыш өзү жооп берип жүрбөсүн деген ойдо Броун жээкти бойлоп, көңүл ачат.

Эртең мененки күн нуруна жаркыраган эки бутактын ортосундагы жөргөмүштүн желесин көргөндө ал: «Азаматсың» деп өзүнчө кыйкырып жиберет.

Асманда көпүрө куруунун инженерлик ыкмасы өткөн кылымда ушинтип ачышкан.

x x x

..Дельфин грек тилинде «дельфос» — бизче «бир тууган» дегенди билдирет. Алардын 70ке жакын түрлөрү белгилүү. Дельфиндер аба менен дем алгандыктан минутасында бир-эки жолу суунун үстүнө чыгып турат. Бирок керек болуп калган учурда 6—7 минутка чейин дем албай тура алат. Аларда угуу сезими абдан өнүккөн.

x x x

Тамактануу жагынан акуланын алдына чыккан бир дагы жырткыч жок. Анын ашказанынан дельфиндин, киттин, деңиздеги уулуу жыландын, тюлендин, крокодилдин этин, сөөгүн табууга болот Ал гана турсун акула деңизге куйган дайраларга сүзүп келип, жээкте беймарал оттоп жүргөн койду, өгүздү ошондой эле пилди да сүйрөп кеткен күндөрү кездешет. Кайсы бир акуланын ичинен аттын куу башын табышкан. Акулалар кээде бөтөлкөнү, консерва банкаларын, жарыла элек снарядды, гранатаны да жутуп жиберишкен.

Акула дайыма ачка жүргөндүктөн, оозуна тийгенди, жадегенде өз балдарын, ал турмак, боору жарылганда өзүнүн ичинен чыккандарды да кайраа жута берет. Анын ашказаны абдан чыдамкай келет, ал сиңире албаган нерселер да ага анчалык зыян келтире бербейт.

Акуланын ашказанынан эң ар түркүн кызык нерселер табылганы белгилүү: почта посылкалары, какаонун, кофенин, балык жана эт консерваларынын банкалары, алтын тыйындар жана башка баалуу буюмдар, жыгач устанын аспаптары, көз айнектер, кастрюлдар, кыны менен бычак, кол жана чөнтөк сааттар, кийим-кечек, мыктар, кытай калпактар, суу астындагы кабльдин түрмөгү, аттын такасы, катырылган табыт, жадегенде портативдик жазма машинкалар бүкүлү бойдон табылган.

XIX кылымдын башталышында Англиялык согуш кемесинин экипажы кармаган акуланын ичинен документтери менен куту сандыкча чыккан. Ал Ямайкада-

гы бай көпөс Элма Мак-Кормикке тийиштүү экендиги, акула кармалган жердин жанында Англиялык желкендүү кемени кууп жетип, чөктүрүп жиберген белгилүү дециз каракчысы капитан Грэхем менен анын байланыштуу экендиги ачылган. Ошол документтин негизинде такыбалыгы үчүн Ямайкага кадыр-барктуу көпөс даргага асылган.

Дүйнөлүк экинчи согуштун мезгилинде акулалардын ашказанынан баш кийимдер, тапанчалар, ал турмак кол гранаталар көп табылган. Ошол эле мезгилде акуланын ичинен табылган жашыруун жазуунун жандырмагы тынч океандагы салгылашууда америкалыктарга чоң жардам берген.

x x x

Байыркы мүрзөлөрдү казган кезде андан адамдын скелети менен бирге чирип калбыр болуп калган буюмдарды табышты. Ал эми Алтайда түбөлүк тонгон жерге казылган бир мүрзө табылган. Бул мүрзөгө адамдын сөөгү коюлгандан бери 25 кылым өтсө да, анда коюлгандардын баарысы эч бузулбастан ошо бойдон сакталып калыптыр.

Ал мындан кырк жыл мурда табылган.

Кенен мүрзөнүн ичиндеги жумшак килемде жыгачтан оюп жасалган саркофаг турат. Анда эки өлүк — князь менен анын аялынын сөөгү коюлган. Жанында княздын аялдарынын буюмдары: күзгүсү, тарагы коюлуптур. Ал эми тегерек столдун үстүндөгү кууурулган кой эти менен быштак да ошо бойдон, эч бузулбаптыр. Экспедициянын жетекчилеринин жанында жүргөн ит ал тамактарды кадимкидей эле жеген.

Үй сымал казылган мүрзөнүн дубалында баркыттан жасалган кооз килем илиниптир. Мүрзөнүн экинчи бөлүмүндө ээр токумчан 14 жээрде ат жатат. Ээрлери, жүгөндөрү абдан кооздолуп жасалыптыр. Мурдагы бул мүрзө байыркы көчмөн элдердин турмушу жөнүндө толук түшүнүк берет.

x x x

Тутанхамон он жашар курагындагы Египеттин фараону болгондугу анык. Ал кыз 19 жашында каза тапкан. Бул биздин доорго чейинки 1352-жыл эле. Буга чейин аны кандайдыр бир катуу оорудан көз жумган деп эсептешкен. Жакында америкалык окумуштуулар Тутанхамондун мумиясын изилдеп отурушуп, бир өтө

катуу соккудан өлгөн дешкен жыйынтыкка келишти. Анткени, анын кара чечекейинде миздүү курал менен урганда кеткен жарака бар экен.

x x x

Миңдеген жылдар бою бир ордунда турган тоо капысынан жылып жөнөгөн. Жылганда да эгин аянттарды, бак дарактарды ал тургай, ошол жердеги койчу жашаган үйдү да алып жөнөгөн. Сегиз күндүн ичинде ал ал эки километрге жакын аралыкты «басып» өткөн. Анын жолуна Мачоха деген тоонун шар аккан суусу туш келет, тоо сууну тосуп калат да жасалма көл пайда болот.

x x x

Венгриянын Дебрецен шаарындагы «Арани Бика» ресторанынын өзгөчө тартиби бар. Столдордун үстүнө ар бир 10 минуталарды көрсөтүп туруучу атайын сааттар коюлган. Эгерде оокат ичкени кирген адам 10 минуттан ашык күтүп калса, ресторан акча албайт, ага тамагын бекер берет.

x x x

Ницага жакын жердеги Оливе үңкүрүндө кызык тажрыйба жүргүзүлгөн. Көрсө сааттан күн менен түндүн ырааттуу алмашып турушунан ажыраган адам башкача суткалык тартипке ылайыкташып калат экен, башкача айтканда 36 саат тынымсыз иштеп, 12 саат уктайт. Францијалык изилдөөчүлөр бул келечекте планета аралык учууларга өтө пайдалуу дешет.

x x x

Биздин эранын биринчи жылынын январынын алгачкы күнү — ишемби болгон.

x x x

62 жаштагы Януш Вечорек деген поляк 25 жылдан бери карай ар кандай төөнөгүчтөрдү чогултуп келе жатат. Анын үйүндө көп доорлорго таандык 100 миң төөнөгүч көргөзмөгө коюлган. Арасында алтындан, күмүштөн коосдолуп жасалган, 2500-жыл илгери Рим шаарындагы темирден куюлган жана Наполеон пайдаланган төөнөгүчтөр бар.

## АКШнын Президенттери кимдер болгон

«Падышалар келип-кете берет, эл болсо кала берет» дегендей, АКШнын тарыхында америка элин ушул кезге чейин 42 адам башкарыптыр.

1. Джордж Вашингтон (1789—1797).
2. Джон Адамс (1797—1801).
3. Томас Джефферсон (1801—1809).
4. Джеймис Мэдисон (1809—1817).
5. Джеймс Монро (1817—1825).
6. Джон Куинси Адамс (1825—1829)
7. Эндрю Джесон (1829—1837)
8. Мартин Ван-Бюрен (1837—1841)
9. Уильям-Генри Гаррисон (1841)
10. Джон Тайлер (1841—1845).
11. Джеймс Нокс Полк (1845—1849)
12. Закари Тейлор (1849—1850)
13. Маллард Филмор (1850—1853)
14. Франклин Пирс (1853—1857).
15. Джеймс Бьюкенен (1857—1861)
16. Авраам Линкольн (1861—1865)
17. Эндрю Джонсон (1865—1869)
18. Улисс С. Грант (1869—1877)
19. Резерфорд Б. Хейс (1877—1881)
20. Джеймс А. Гарфилд (1881)
21. Частер А. Артур (1881—1885).
22. Гровер Кливленд (1885—1889)
23. Бенджамин Гаррисон (1889—1893)
24. Гровер Кливленд (1893—1897)
25. Уильям Мак-Кинли (1897—1907)
26. Теодор Рузвельт (1907—1909).
27. Уильям Хоуард Тафт (1909—1913)
28. Вудро Вильсон (1913—1921)
29. Уоррен Г. Гардинг (1921—1923)
30. Кэлвин Кулидж (1923—1929)
31. Герберт К. Гувер (1929—1933)
32. Франклин Д. Рузвельт (1933—1945)
33. Гарри С. Трумэн (1945—1953)
34. Дуайт Д. Эйзенхауэр (1953—1961)
35. Джон Ф. Кеннеди (1961—1963)
36. Линдон Б. Джонсон (1963—1969)
37. Ричард М. Никсон (1969—1974)
38. Джеральд Р. Форд (1974—1977)

39. Джимми Картер (1977—1981)
40. Рональд У. Рейган (1981—1988)
41. Джордж Буш (1988—1992)
42. Билл Клинтон (1992)

### Өлүмгө тутулган, аялынан кутулган

Мындан бир нече жыл мурун Салман Рушди өзүнүн «Сатанинских стихов» деген чыгармасы үчүн Иранда өлүм жазасына тартылгандыгы баарыбызга маалим. Ал ошол мезгилден бери англияда ислам фанатиктеринен жашырынып жүргөн кербези. Жакында анын турмушунда дагы бир окуя болду.

Ал 1988-жылы америкалык Марианна Виггина деген аялга үйлөнгөн. Балдары жок эле. Жакында экөө ажырашып тынды. Үйлөнүү үлпөтү, анан ажырашуу процесси Лондондо болуп өттү. Кызык жери ажырашууга сотко эч кимиси келген жок. Себеби, Салман Рущди баягыдай эле качып жүрөт. Ал эми Марианна болсо эки жылдан бери Америкда жашайт. Ошентип Рушди аялынан биротоло кутулду, бирок азырынча өлүм жазасынан кутула элек.

### Канга боёлгон сандар

1949-жылы туулган Педро Алонсо аттуу канкор 1973-жылы эле Колумбия, Перу, Эквадор өлкөлөрүнөн 300дөн ашык секелек кыздарды өлтүргөн.

1982-жылы Ком-Санг-Намдо провинциясында 27 жаштагы полицей Ву Бом-Кон мас абалында эки күндүн ичинде автомат менен атып, 57 кишини өлтүрүп, 35 кишини жарадар кылган.

Россиянын канкору Андрей Чикатило жыныстык өңүттө 59 кишини өлтүргөн.

1978-жылы 18-ноябрда Гайнадан Джимс Джонс деген жигит 913 кишиге уу берип өлтүргөн.

### Он тоннаны көтөрдү

Австралиянын циркинин балбаны Пол Андерсон автомашинаны үстүнөн өткөрүи, эл толо вагонду тиштеп сүйрөгөн.

Жакында жерге чалкасынан жатып, он тонналык пилге тебелеткен! Ошондо да кабагым-кашым деп койбогон.

## МАЗМУНУ

Автор терметкен «Алтын бешик» . . . 3—5
Задибай мерген (даректүү
повесттен үзүндү) . . . . . . . . 7—35
Аңгемелер, новеллалар . . . . . . 36—53
Кадыралынын тамашалары . . . . 53—79
Ар кыл ырлар . . . . . . . . 80—120
Көңүлгө алып ырдап жүр . . . . 120—132
Ашыктык ырлары . . . . . . . . 132—145
Ыр шиңгилдери . . . . . . . . 145—151
Чыгыш ыргактары . . . . . . . . 151—152
Арноо . . . . . . . . . . . 153—182
Жоктоо . . . . . . . . . . . 183—198
Поэмалар . . . . . . . . 199—232
Азилдер . . . . . . . . 233—241
Интервью (Ч. Айтматов,
Г. Айтиев менен) . . . . . . . . 242—258
Кандайсыңар кыргыздар, кайдасыңар кыр
гыздар? (публицистика) . . . . . 259—305
Абдышариптин санжырасы . . . . 305—328
Анекдоттор . . . . . . . . 329—337
Дүйнөдө түркүн кызык көп . . . . 338—350

**Кочкор Борбугулов**

**АЛТЫН БЕШИК**

**Ар кыл чыгармалар жана публицистика**

Редактор **Конокбай Саякбаев**
Сүрөтчү **Аттокур Жакыпов**
Корректор **Арзыкан Малашева**
Тех. редактор **С. Б. Клоцман.**

43765
КОК-ЯНГАКСКАЯ
городская библиотека

Терүүгө берилди 4.04. 1994.
Басууга уруксат болду 26. 10. 95.
Форматы 84х108¹/₃₂.
Жогорку ыкма менен басылды.
Нускасы 5000 Буюртма № 819.
Баасы келишим менен

Жалал-Абад, типография, 1995 ж.
Токтогул көчөсү, 24.

30с.